
# Түбөлүктүүлүк Менен Жетектелгендер

10-юбилейлик, ондолгон жана кеңейтилген басылма.



*Бүгүнкү күндө жана бүткүл түбөлүктүүлүктө мааниге ээ болгон өмүр*

## Джон Бивер

Кымбаттуу досум!

Забур 89:12 де Муса Кудайга кайрылат: “Акылдуу болушубуз үчүн, өлө тургандыгыбыз жөнүндө ойлоно жүргөнду үйрөт”.  Жер үстүндөгү ар кандай күндөрдүн саны – түгөнбөгөн түбөлүктүүлүктүн чындыгы менен салыштырганда эч нерсеге турбай калат, ошого карабастан, биз ушул убакыт мейкиндигинен кеткен мезгилибизде кандай сыйлыктарды алаарыбыз бизге ушул жерде берилген убакытыбызды кантип пайдаланганыбызга жараша болот.

*“Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер*” китеби – мен качандыр бир мезгилде Кудайдын Рухунан алган, кайра жаралуудагы аян-ачылыштарымдын эң бир күчтүүсү болуп саналат. Ушул чындык ачылган жыйындар, лидерлер жана башка кээ бир адамдар жаңы максатты, Падышачылыкка кызмат кылууга болгон умтулууну жана көз караштты таап алышты. Бул материалды силер менен бөлүшүү – мен үчүн сыймык.

Мен бул китепти бүткүл дүйнөлүк лидерлерге жана силерге менин сүйүүмдүн жана колдоомдун белгиси катары жиберем. Суранам, силер бул сабакты окуп-үйрөнүп жана башка силерде болгон материалдарды бардык тааныштарыңар менен бөлүшкүлө. Качан силер ушул беттердеги чындыкка сүңгүп киргениңерде, ылайым силердин өмүрүңөргө жана тагдырыңарга Кудайдын улуу планы жана максаты ачылып берилсин.

Менин досторум, мен ушул катты алганда кандай кайра жаралууну башымдан өткөрсөм, силер да аны ошондой эле деңгээлде баштан кечиришиңерди каалайм. Силер түбөлүктүүлүк жөнүндөгү аян-ачылышка жетсем деп канчалык аракеттенгениңерге жараша, силердин жашооңор, үй-бүлөңөр, кызматыңар да мурдагыдай эле болуп кала бербешине мен ишенемин. Бул китеп силерге жана силердин камкордугуңарда жүргөн адамдарга кандай таасир эткендигин угуу менен, мен абдан кубанычта болгум келет.

Силердин Машайактагы бир тууганыңар:



Джон Бивер
JohnBevere@ymail.com

MESSENGER
INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

# Түбөлүктүүлүк Менен Жетектелгендер



*Бүгүнкү күндө жана бүткүл түбөлүктүүлүктө мааниге ээ болгон өмүр*

## Джон Бивер

“Азыркы мезгилдеги толгон-токой түйшүктөрдүн арасында жүрүп оңой эле стресске чалынуу жана эң негизги нерсе үчүн жашоону токтотуп коюу – бул, турган нерсе. Джон Бивердин “Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген күчтүү китеби силерди шыктандырып, көтөрмөлөп жана түбөлүктүүлүктө мааниге ээ боло турган, жердеги жашооңордо силерге кубат берет”.

— Крейг Гречел, «LifeChurch.tv» жыйынынын башкы кайтаруучусу жана китептердин автору.

“Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген китеп – бул, жашоонун толук маанисин издөөгө карата жооп, ал улуу жол жөнүндөгү маанилүү катты өз ичине камтыйт. Бул китепти сөзсүз түрдө окуп чыгуу керек.

— Джон Максвелл, бестселлерлердин автору жана спикер.

Менин досум Джон Бивер тарабынан жазылган юбилейлик “Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген китеп – жашоо деген бул жөн гана күндөрдүн саны эместиги тууралуу эң сонун эскертүү. Качан бул китепти окуп чыкканыңарда силер тынчтыкка жана үмүткө ээ болосуңар, анткени, жогорку максатка ылайык жашаш керектигин эстейсиңер”.

— Стивен Фертик, «Elevation Church» кайтаруучусу жана «Нью-Йорк Таймстын” пикири боюнча, бестселлерлердин автору.

Джон “Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген китепте бизге түбөлүктүүлүктүн категориясында ой жүгүртүү канчалык маанилүү экендигин түшүндүрүү үчүн Ыйык Жазууну алат. Мен анын окутуусу Машайакка ишенгендердин көбүрөөк акылмандуулукка ээ болуусуна жана түбөлүктүүлүктү ойлоо менен, бүгүнкү күндө кантип жашоо керектигин түшүнүүсүнө жардам берерине ишенем”.

— Джойс Майер, бестселлерлердин автору жана Библияны үйрөтүүчү.

“Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген китепте адамзаттын бар болуп турушундагы улуу бир “сыр”– түбөлүк-

түүлүктүн сыры тайманбастан козголгон. Джон Бивер адаттагыдай эле, бул маселеде да библиялык акылмандуулукту дыкаттык менен ачык изилдеп, өз чектерин мындан ары да кеңейтип, түбөлүктүүлүк жөнүндө ойлоп жашоого өз окурмандарын шыктандырат”.

— Брайан Хьюстон, «Хиллсонг» жыйынынын башкы кайтаруучусу.

“Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген китепти Кудайдын Падышачылыгын кеңейтүүнү жана түбөлүк мурасты курууну каалаган ар бир адам сөзсүз түрдө окуп чыгышы керек. Библияга таянуу менен, Джон өз окурмандарын алар түбөлүктүүлүктө улуу таасирлерге жетише алсын деп, жер бетиндеги эң бир кымбат ресурсту – убакытты максималдык түрдө пайдаланууга шыктандырат. Бул китеп – заманбап классика!”

— Крис Ходжес, «Church of the Highlands» жыйынынын ага кайтаруучусу, «Свежий воздух» жана «Четыре чашки» китептеринин автору.

“Джон Бивер түбөлүктүүлүктүн табышмагын “Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген китепте ачып берет жана биздин кабыл алган чечимибиз азыркы күндө биздин алган акыркы демибиздин ар жагына кантип чагылаары тууралуу такталган далилди берет. Бул китепти окубай коюуга макул болбош керек”.

— Марк Баттерсон, «Нью-Йорк Таймстын» пикири боюнча «The Circle Maker» бестселлеринин автору, «National Community Church» жыйынынын ага кайтаруучусу.

“Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген китепте Джон Бивер окурмандарга дайыма түбөлүктүүлүккө кароо керек деген чакырык таштаган. Джон – менин жакшы досум болот. Ошондуктан да, бул китепти сунуш кылуу – мен үчүн чоң сыймык.

— Джентезин Франклин, Гейнесвиллдеги, Джорджия штатындагы «Free Chapel» жыйынынын ага кайтаруучусу жана «Нью-Йорк Таймс» тын пикири боюнча бестселлерлердин автору.

# Түбөлүктүүлүк Менен Жетектелгендер

10-юбилейлик, ондолгон жана кеңейтилген басылма.



*Бүгүнкү күндө жана бүткүл түбөлүктүүлүктө мааниге ээ болгон өмүр*

Джон Бивер

Driven by Eternity by John Bevere, Kyrgyz
© 2018 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Originally published in English as Driven by Eternity
Additional resources in Kyrgyz by John Bevere are available for free download at: www.CloudLibrary.org
To contact the author: JohnBevere@ymail.com

“Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер”
Джон Бивер, кыргыз тилинде
© 2018 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Алгачкы жолу «Driven by Eternity»
деген ат менен англис тилинде жарык көргөн.
Джон Бивердин кыргыз тилиндеги кошумча каражаттарын:
www.CloudLibrary.org сайтынан бекер көчүрүп алууга болот.
Автордун байланышуучу электрондук дареги: JohnBevere@ymail.com

*Мен бул китепти...*
*Ким түбөлүктүүлүккө чарчабастан кам көрүү менен жашап келе жаткан болсо, ошолордун баарына арнайм.*
*Өз изденүүңөрдө сергек болгула. Анын келүүсү аныкталган жана Анын сыйлыктары да Аны менен.*
*“Ал түбөлүк өмүр-жалгыз чыныгы Кудай Сени жана Өзүн жиберген Ыйса Машайкты таануу”*
Жакан 17:3.

# МАЗМУНУ

Китеп тууралуу ........ 11

Алгы сөз ........ 13

Киришүү ........ 15

## 1-БӨЛҮК

1-бөлүм. Түбөлүктүү ........ 21

2-бөлүм. *Аффабель Падышачылыгы: Энделдеги жашоо* ........ 39

3-бөлүм. *Аффабель Падышачылыгы: биринчи сот күнү* ........ 61

## 2-БӨЛҮК

4-бөлүм. Өлгөндөр үчүн түбөлүк жай ........ 87

5-бөлүм. Алдамчылыктын үстүнөн сот ........ 107

## 3-БӨЛҮК

6-бөлүм. Улуу чегинүү ........ 139

7-бөлүм. Пайдубал ........ 167

## 4-БӨЛҮК.

8-бөлүм. *Аффабель Падышачылыгы: экинчи сот күнү* ........ 181

9-бөлүм. Асман ........ 209

10-бөлүм. Машайактын соту ........ 229

## 5-БӨЛҮК.

11-бөлүм. Кудайдын үйү ........................................................ 245

12-бөлүм. Кудай менен чакырылгандар ............................ 259

## 6-БӨЛҮК.

13-бөлүм. Көбөйүү ..................................................................... 285

14-бөлүм. Жеке таасир............................................................. 315

Тиркеме. Кантип куткарылуу алса болот ......................... 333

# КИТЕП ТУУРАЛУУ

“Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген китепти башка китептер сыяктуу эле майда-чүйдөсүнө чейин калтырбай окуп чыкса болот. Ким бул китепти жекече же топ-тайпа менен окуп чыккысы келсе, алар үчүн китеп алты бөлүккө бөлүнгөн, анан ар биринин аяк жагында талкуулоо үчүн суроолор берилген. Бул курс негизи алты жумага эсептелген, бирок, силер өзүңөргө ыңгайлаштырып алсаңар боло берет.

Бөлүктөр жана аларга ылайык бөлүмдөр:

| | |
|---|---|
| **1 – Бөлүк.** | 1, 2, 3 – Бөлүмдөр |
| **2 – Бөлүк.** | 4, 5 – Бөлүмдөр. |
| **3 – Бөлүк.** | 6, 7 – Бөлүмдөр. |
| **4 – Бөлүк.** | 8, 9, 10 – Бөлүмдөр. |
| **5 – Бөлүк.** | 11, 12 – Бөлүмдөр. |
| **6 – Бөлүк.** | 13, 14 – Бөлүмдөр. |

Эгерде силер бул китепти “Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деген курстун бир бөлүгү катары окуй турган болсоңор, анда биз силерге топ менен чогуу бир сабакты көрүп жана ошол бөлүктөгү талкуулоо үчүн берилген суроолорго жооп берүүңөрдү сунуш кылабыз. Андан кийин ар бир адам, кийинки жолугушууга чейин ал бөлүктү өз алдынча окуп чыксын. Ар бир жумага бирден окуу сабагы берилет.

Ырахаттангыла!

# АЛГЫ СӨЗ

Биздин ар бирибиз Кудайдын алдында тура турган күн келет. Биз ошого даяр болобузбу?

Жазуу бизди минтип эскертип атат: "Бир туугандар, өзүнөрдүн тандооңордо *ишенимдүү* болуш үчүн аракет кылгыла..." (2 Пет. 1:10, англ. тил. кот.). Бул жердеги негизги сөз – *ишенимдүү*.

Силерде кээде бир нерсеге абдан ишенимдүү болуп, анан гана барып ката кетиргениңерди сезип калган учурлар болду беле? Кадимки эркек киши катары менде өз багытыма, эрежеме, процедурама, формулама же ыкмама абдан ишенимдүү болгон кездерим көп эле болот, бирок, анан капысынан эле, башка жакка баратканымды баамдап калам, же болбосо, долбоор, чогулуш жана формуланы кайра башынан баштоо керектигин көрөм, бирок, бул жолу эрежени сактоо менен. Бул менин көңүлүмдү чөктүрөт. Мен бензинимди, убакытымды же акчамды короттум да, анан дагы кандайдыр башка нерселерди да сарптадым. Мен билем деп ишенимдүү болгон элем, бирок, чындыгында билбептирмин.

Мен ошол эле катачылыкты түбөлүктүүлүктө да кайталаганды каалабайм.

Бул китепти жазуу баарынан да мурда, менин өзүмдү байытты. Ал мындан он жыл мурда жарыяланган болчу, ошондон бери мен жана менин командам бул китеп адамдардын жашоо-турмушун кантип өзгөртүп жаткандыктары тууралуу көптөгөн ой-пикирлерди алуудабыз. Качан биз бул китепти кайра карап чыгуу жана жаңы басылышын даярдоо тууралуу талкуулаганыбызда, мен аны жасоонун зарылдыгын билдим. Мен бул беттердеги каттарды өтө кыска мөөнөттө кайра ка-

роо зарыл болуп тургандыгын көрдүм. Бизде, Жакшы Кабарды сактоочуларда башкаларды ырайым жана чындык болгон түбөлүктүүлүккө даярдоодон жогору турган максат жок. Мен силердин бүткүл түбөлүктүүлүккө *ишенимдүү* болушуңарды каалайм.

Качан биз Жаратуучубуздун алдында турганыбызда, бир нерсени өзгөртүү таптакыр эле кеч болуп калат. Силер бул китепти окуп же кайталап окуп жатып, Ал силерди түбөлүктүүлүк үчүн болгон улуу потенциалга Өзүнүн ырайымы жана кайрымдуулугу менен алып барсын деп,

Ыйык Рухтун аракеттерине ачык болушуңар үчүн сыйынам жана ошону каалайм.

Чын жүрөгүм, менен силердин
Джон Бивериңер.
Май. 2017.

# КИРИШҮҮ

Эмне үчүн түбөлүктүүлүк деген сөз биздин көңүлүбүздү буруп жатат, ал кантип бүтүндөй бир улутка таасир эте алат? Бул тууралуу өткөн жүз жылдыкта туулган, австралиялык Артур Стейстин, Биринчи дүйнөлүк согуш менен Улуу депрессиянын ортосундагы үмүтсүз жашоосунун таржымалын карасак болот. Анын жашоосу жалаң гана аракечтик менен кылмыштардан турган, бирок, 1930-жылы 6-августта Артур Ыйса менен жолуккандан баштап баары өзгөргөн. Жаңы кайрылган адам катары ал өзүнүн кайтаруучусунун Сиднейдин ар бир көчөсүнө *түбөлүктүүлүктү* жарыялагысы келип, ыйлап сыйынуусун уккан. Артурда бул сыйынууну чындыкка айландыруу сезими ойгонду.

Күн сайын эрте менен ал караңгыда эле туруп, бир сааттай сыйынган. Анан таңкы саат 5:00 менен 5:30дын ортосунда Кудай ага эмне кыл деп шыктандырса, ошону кылууга жөнөгөн. Көптөгөн сааттар бою ал Сиднейдин тратуарларына ар бир жүз кадамдан кийин бир гана сөздү – *түбөлүктүүлүк* деген сөздү жазып чыккан. Жыйырма жылдан ашыгыраак убакытка чейин анын иши бардыгы үчүн жашыруун бойдон калган. Миңдеген адамдардын токтоп жана ал сөздүн мааниси тууралуу ойлонушуна алып келген сөздү – "түбөлүктүүлүк" деген сөздү ким жазган? Ал адам бул сөздүн таасири жана өлчөмү тууралуу түшүндү бекен? 1956-жылы гана бул сыр ачыкка чыккан.

Артур өлгөндөн кийин эки жыл өткөндө гана Сиднейлик акын Дуглас Стюарт насаатчынын сөзүн жарыялаган төмөнкү сөздөрдү граффит стилиннде түбөлүккө калтырган:

Бул уялчаак жана сырдуу акын Артур Стейс,
Анын бүткүл жашоосундагы иши,
Убакыттын жана мейкиндиктин тереңинен чыккан,

Жалгыз гана кудуреттүү сөз болгон.
Ал мындайча айтылган жана аны ал уга алган:
ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮК, ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮК. Ал сөз коңгуроонун үнүндөй шыңгыраган,
Ал асмандан угулган жана ал тозоктон чыккан.

Бир гана сөздөн турган насаат, бүткүл улутка таасир эткен. Анын каты кийинки муундар үчүн архитектор Ридд Смит аркылуу сакталып калган, ал аны – "түбөлүктүүлүк" деген сөздү коло плитага гаравирлеп жазып, Сиднейдин борбордук аянтына койгон. Кийинчерээк бул плитаны Сиднейдеги Олимпиаданын ачылышын телевизордон карап отурган бүткүл дүйнө боюнча миллиарддаган адамдар көрө ала турган мүмкүнчүлүк болгон. Андан кийин ушул эле жазууну Сиднейлик порттогу көпүрөдө жаңы миң жылдыкты тосуп жаткандагы жаңы жылдык кечеде фейерверк түрүндө көрө алышкан.

*Түбөлүктүүлүк* бүткүл адамзаттын көңүлүн байлап турат. Анын улуулугуна каршы чыга ала турган бир дагы улут, эл, же адам болушу мүмкүн эмес. Биз өзүбүздүн жашообуздун белгисиз уланышын моюнга алып жана жүрөктөрдөгү түбөлүктүүлүк менен жаралганбыз. Ошондуктан, биздин Жаратуучубуздун түбөлүктүүлүк жөнүндөгү сөзүнө тереңдеп кирүү өтө маанилүү, Анын Сөзүндө минтип жазылып турат: "[Башынан] бери эле Мен Ошолмун... Мен кылам, аны ким өзгөртө алат?" (Ышайа 43:13) (Англисче котормосунда "түбөлүктүүлүктөн түбөлүктүүлүккө чейин"– *Котормочудан.).* Ушул себептен улам силер ушул китепти тандап алдыңар. Мен силердин акылдуу тандоо кылганыңарга ишенем.

Келгиле, алгач чогуу сыйынып алалы. Мен бул сыйынууда силер мени менен чогуу сыйынасыңар деген үмүттө, үнүмдү чыгарып сыйындым:

Кымбаттуу түбөлүктүүлүктүн Кудайы, Ааламдын Теңири, мен Сага Сенин Уулуң Ыйса Машайактын ысымынан келемин. Сенин кызматчың Джон Бивер менен макулдашууда мен азыр

> Сенден суранам, менин көздөрүмдү ач, көрөйүн, менин кулактарымды ач, угайын, мага ушул китеп аркылуу Сен айткандарыңды түшүнө ала турган жана кабыл ала турган жүрөк бере көр. Менин жашоомдогу Сенин эркиңди, Сенин жолдоруңду билүү үчүн Ыйык Рухтун жардамына муктаж экенимди мойнума алам. Мен сага ар бир күнүмдө, бул жерде жана түбөлүктүүлүктө жагынгым келет. Мен Сени менин Асмандагы Атам катары таанып-билишим үчүн жана түбөлүк жашоо бар экендигин билүүм үчүн, мага Сенин жолдоруңду эле эмес, Сенин жүрөгүңдү да ачып бер. Сенин таң каларлык ишенимдүүлүгүң үчүн, ырайымың жана кайрымдуулугуң үчүн ыраазычылык билдирем.

Келгиле, Ыйык Рух силерге эч качан өзүңөр жете албай турган, түшүнө албай турган нерсени таанууга түшүнүк берерин билүүдөн баштайбыз. Бул кандай керемет!

# 1-БӨЛҮК

1-БӨЛҮМ

# ТҮБӨЛҮКТҮҮ

*Өлө тургандыгыбыз жөнүндө ойлоно жүргөнүбүздү үйрөт... биздин иштерибизге ийгилик бер, биздин колдон чыккан иштерибизге ийгилик бер.*
— Забур 89:12, 17

Адамдардын көпчүлүгү өз жашоолорун бекер өткөргүлөрү келбейт. Бул Кудайдан болгон туура умтулуу. Бул тууралуу Муса сыйынууда сурагандыгы жогоруда келтирилди. Жашоодо жоготкон көп эле нерселерди калыбына келтирсе болот, бирок туура эмес корогон убакытты эч качан кайрый албайбыз. Күн батышка батаар менен, ошол күн – убакыт да түбөлүктүүлүккө кетет.

Муса Кудай биздин эмгектерибизди ийгиликке жеткирсин деп сыйынат. Бул сөз эки жолу кайталанат. Эмне үчүн? Муса эс тутумунун начардыгынан же сабатсыз сүйлөгөнүнөн жабыркаган эмес. Тескерисинче, ал бул жерде эврей тилинде кабыл алынган белгилүү бир стилди демонстрациялап жатат. Орус, англис тилдеринде бирдемени бөлүп көргөзө турган болсок, биз анда бир нече ыкмаларды колдонобуз, мисалы, жоон тамгаларды, кол жазма сыяктуу тамгаларды, кыйшайтып жазылган тамгаларды колдонуп, же болбосо илеп белгисин коёбуз. Мунун бардыгы окурмандын көңүлүн кандайдыр бир маанилүү нерсеге буруу үчүн жасалат. Эврей тилинде болсо, ага басым жасоо үчүн сөздү эки жолу кайталап жазышмак. Анан калса, бул эврей авторлорунун сөзгө жана анын айтылышына абдан кылдат, этиет карагандыктарына да байланышып кетет. Жазууда сөздүн

эки жолу кайталангандыгы Кудайдын эрки биздин ийгиликке жетишибизди каалагандан гана турбастыгын, ошол эле кезде, Ал биз үчүн аны ушунчалык каалагандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан да, Ал бул сөздөргө басым жасайт.

Биз ийгиликтүү болуш үчүн жаратылганбыз. Кудай биздин өмүрүбүздүн мааниге ээ болушун каалайт! Башынан эле бул биздин эмес, Кудайдын каалоосу болгон. Ал муну Жазуу аркылуу ачып берген. Мага ушундай эки үзүндүнү келтирүүгө уруксат бергиле: "Кудай-Теңириң иштериңе *ийгилик* берет, укумдатып-тукумдатып көбөйтөт, малыңдын төлүнө, жериңдин түшүмүнө батасын берет, Теңир сенин ата-бабаларыңа жакшылык кылып кубангандай, сага да жакшылык кылып, кайрадан кубанат" (Мыйзам Кайталоо 30:9). Байкасаңар, *ар кандай* колуңдун эмгектериңде деп турат, *кээ бирлеринде гана* деген жок! Биз кайрадан окуйбуз: "Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын баардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда *ийгиликке* жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың" (Жашыя. 1:8).

Ийгиликтен ырахат алыш үчүн, Кудайдын акылмандуулугу керек. Ыйык Жазуу минтип бекемдейт: "Акылга жеткен адам өз жанын сүйөт, акыл-эсти сактаган адам бакыт табат" (Накыл 19:8). Акылмандуулук бизге керектүү учурда туура чечим кабыл алышыбыз үчүн билим жана жөндөмдүүлүк берет. Акылмандык өзгөчө болуп жаралган адамдарга гана берилбейт, ал Теңирден корккондордун баарына берилет жана ал Машайакта ачылат. Түбөлүк мааниге ээ боло турган жашоону жашап өтүү үчүн, кудайлык акылмандуулук керек, бул китеп мына ушул тууралуу.

Акылмандуулуктан ырахат жана сыйлык алып келе турган ийгилик жаралат: "Акылдуу болсоң, өзүң үчүн акылдуусуң; шылдыңчыл болсоң, азабын өзүң тартасың" (Накыл. 9:12). Кудай сага ийгиликти гана каалап койбостон, Ал сени

сыйлагысы да келет. Биз кайрадан окуп көрөлү: “Теңир күнөөсүздөрдүн күндөрүн билет, алардын байлыгы түбөлүк турат” (Забур 36:18, англ. котор).

Акыркы жылдары көптөгөн жыйындар Кудай биздин ийгиликтүү болушубузду каалайт деген фактыга туура акцент жасап жүрүшөт. Анткен менен, ийгиликтин кээ бир бөлүктөрү көбүнчө аны Кудай кантип көрөөрүнө эмес, коомчулук кандай аныктагандыгына жараша каралып жүрөт. Ийгилик түбөлүктүү эмес, ал убактылуу категория менен өлчөнөт. Бул түшүнүктө даана – ачык эместикти жаратат да, өз кезегинде туура эмес максаттарга жана умтулууларга алып келет. Бир кезде биз баарыбыз Ааламдын Сотунун, Ыйса Машайактын алдында турабыз, эгерде биз Кудайдын акылмандыгына негизделген жашоону жашап өткөн болсок, анда түбөлүк сыйлык алабыз.

Эгерде, биз туура эмес умтулууларга умтулуп жүргөн болсок, анда жазаланабыз же түбөлүк жоготууга ээ болобуз. Ошондуктан, бир нече сааттарды сарптоо менен, Ал эмнени издеп аткандыгын талдап, билип алышыбыз керек.

Бул китептин максаты – маанилүү жашоого, азыр эле эмес, түбөлүктүүлүктө да мааниге ээ болгон өмүрдү жашап өтүүгө жардам берүү. Библияда муну кантип кылуу керектиги тууралуу ачык-айкын эле айтылган. Эгерде биз түбөлүктүүлүккө көңүл бура турган болсок, келгиле анда, ал эмне экендигин түшүнүп алалы.

## Түбөлүктүүлүк

Ыйык Жазуудагы төмөнкү эки үзүндүнү кунт коюп окуп чыккыла:

> “Түбөлүктүүлүктү эч ким түшүнө албайт” (Аюб 36:26, анг. тилинен котор).

> “Ал бардык нерсени өз убагында сонун кылып жасады, алардын жүрөгүнө түбөлүктүүлүктү салды” (Насаатчы 3:11).

Түбөлүктүүлүк. Бул эмне? Ага кандай аныктама берсе болот? Аны кантип түшүнсө болот? Бир сөздүктө ал – бүтпөгөн убакыт деп аныкталып жүрөт, ал эми, экинчисинде болсо – убакытта болбогон абал деп айтылып жүрөт. Эмне үчүн бир булак түбөлүктүүлүктү убакытта деп аныктайт, ал эми башкасы – анда эмес дегендей айтат? Анан эмне үчүн бул аныктамалар суроосуз калып калууда? Эгерде биздин дүйнөдө болгон кандайдыр бир нерсеге карата таптакыр карама-каршы болгон эки аныктаманы берген, эки илимий китеп шектенүүнү жаратпас беле? Мисалы, бир китепте балык деген сууну мекендеген нерсе катары берилсе, ал эми, экинчи китепте балык кургактыкта жашаган нерсе деп айтылган дейли. Биз токтоосуз түрдө китептердин бири туура эмес деген жыйынтыкка келип, аны дароо ыргытып жибермекпиз. Анан эмне үчүн түбөлүктүүлүк жөнүндөгү аныктамалардын бирөөсүн башыбыздан алып салбайбыз, шектенбейбиз?

Бул жерде чындыктын баары – түбөлүктүүлүктү акыл менен тааныса болбостугунда. Түбөлүктүү концепциялар менен принциптерди түшүнүүдө биздин акылыбыз чектелген.

Мындай салыштырууну келтиргенге уруксат эткиле. Ааламдын чегин элестетүүгө аракеттенип көргүлө. Анын тышкы чек арасын элестетип көргүлө. Эгер элестете алсаңар, анда ал чек араны кандайча элестетесиңер? Ал эмне? Дубалбы? Ал эмнеден турат? Анын калыңдыгы кандай? Ал дубалдын тышкы жагы ааламдын бүткөн чегинин чекити болуп эсептелеби? Эгерде, ооба дей турган болсок, анда дубалдын тышында эмне бар? Дагы мейкиндикпи? Анда ал ааламдын уландысы болуп эсептелбейби? Акыры кайда деги? Силердин аң-сезимиңер ааламдын чексиздигин камтый алабы? Ошонун үстүнөн ойлонуп көргүлө.

Түпкүрү жок чуңкур дейли? Силер чексиз кулоонун элестете аласыңарбы? Силер эч качан анын түпкүрүнө жетпейсиңер, ал тургай, түбүн көрбөйсүңөр дагы, кулагандан кулай эле бересиңер. Силердин сергек ой жүгүртүүңөргө бир эмес,

эки нерсе чабуул жасап жатат: биринчиден – түбү жоктук, экинчиден – аягы жок кулоо. Муну түшүнүүгө мүмкүн эмес. Анан да бул илимий ойлоп чыгаруу сыяктуу угулат, анткен менен, мындай жерлер Жазууда жети жолу кездешет.

Ал эми, адамзатты жараткан Кудайдын Өзү тууралуу эмне айта алабыз? Анын башталышы жөнүндө, же болбосо, Анын "башталышы жок" экендиги тууралуу бир мүнөт ой жүгүртүп көргүлөчү. Ыйык Жазуу болсо, Ал "түбөлүктүүлүктөн түбөлүктүүлүккө чейин" деп турат. Эгерде Ал туулбаган болсо, эгерде Аны эч ким жаратпаган болсо, анда Ал Ким болсо, кантип Ошол боло баштаган? Ал кантип өнүккөн?

Забурчу айткандай, чындык, Ал Кудай болуп калбагандыгында: "Тоолор жаралганга чейин эле, Өзүң жер менен ааламды жаратканга чейин эле, кылымдар мурун эле Сен Кудай болчусуң" (Забур 89:3). Ушунун үстүнөн ой жүгүртүп көргүлө. Ойлоно баштаганыңарда эле, силер бул түшүнүккө сыйбаган нерсе экендигин билесиңер, Аюб жазгандай: "Түбөлүктүүлүктү эч ким түшүнө албайт".

## Жүрөктөгү түбөлүктүүлүк

Биздин акылыбызга сыйбаган чындыкты, Жаратуучубуз биздин жүрөгүбүзгө жайгаштырып койгон. Түбөлүктүүлүк биздин жүрөгүбүзгө тааныш. Ал ар бир адамда туулат. Ошондуктан: "Акылсыз *өз жүрөгүндө:* "Кудай жок" деди" (Забур 14:1) деп айтылат. Байкасаңар, Ыйык Жазуу: "Акылсыз өз *акылында* айтты" деп жаткан жери *жок*. Кудайдын бар экендигин танышкан көптөгөн атеисттер да, жүрөктөрүндө Ал бар экендигин билишет, анткени бул билим жүрөктөргө салынган. Алардын жүрөктөрү али толук жок болуп кетүүгө чейин катууланып калган эмес.

Менин бир досум бар, ал көп жылдар мурда өзүн атеистмин деп эсептеген. Ал кимдир бирөөнүн аны менен Кудай тууралу сөз баштоосуна жол берчү эмес. Бир жолу ал өзүнүн коллегасынын

колунан Библияны жулуп алып, аны жерге ыргытып, анан аны тебелей баштаган, анан да Библияны да, коллегасын да каргап кирген. Ал ошол машайакчыны акылсыз, алсыз деп айыптаган.

Көптөгөн жылдар өткөн соң, атеист көкүрөгүндөгү жан кейиткен ооруну баштан кечире баштайт. Дарыгерлер анын эмне болуп аткан себебин аныктап билүү үчүн, көкүрөк клеткасын ачып көрүшөт да, ага жыйырма төрт сааттан ашпаган өмүрү калганын айтып, кайра эле жаап коюшат.

Түндө, бейтапкананын керебетинде жатып, ал түбөлүк жайга, ал анчалык деле каалабаган жакка баратканын түшүнөт. Ал эч качан, эч кимге Жазуудагы нерсени айтууга мүмкүнчүлүк бербесе, бул тууралуу кайдан билмек эле? Балким, анын жүрөгүндө түбөлүктүүлүк болгондур, анткени Жазуу бүткүл адамзат жөнүндө айтып жатат: “Себеби Кудай жөнүндө эмнени билүү мүмкүн болсо, ошол аларга белгилүү, анткени Кудай аларга билдирген” (Рим. 1:19).

Ошол түнү менин досумдун жүрөгү токтоп калат. Ал денесинен чыгып, терең караңгылыкка чөмүлөт. Караңгылык ушунчалык коюу болгондуктан, ал ага оронуп калгандай сезет; жарыктын бир дагы нуру көрүнбөйт. Узак убакытка чейин караңгыга кулап, ал жактан кыйналган жандардын кыйкырыктарын угат. Ушундай кудуреттүү күч аны тозокко карай тартып атты, ошондо ал өз денесине кайра келет. Ал жашоого кайтып келди.

Ал эртеси эле өзү билген жалгыз гана ишенимдеги адамга чалат. Анын досу келип куткарылуу Ыйса Машайак аркылуу гана болоору тууралуу насаат айтат. Ал Ыйса Машайакты өзүнүн Теңири жана Куткаруучусу катары кабыл алары менен, таанышы анын айыгышы үчүн сыйынат. Үч жумадан кийин ал ооруканадан чыгат жана мен азыр ушул китепти жазып жатканымда да ал тирүү жана саламаттыкта. Бул чыныгы керемет.

Атеист болуп, ал Кудай жок деп жүрчү, анткен менен анын жүрөгүндө түбөлүктүүлүк жашаган экен. Кудайды акылында

гана таанып калбастан, абийирдин деңгээлинде жүрөгүндө да Ага каршылык кылган адамды акылсыз деп айтса болот. Мындай адамга жеткириш кыйын. Акылдын деңгээлинде бир нерсеге ишенимдүү болуу – бул өзүнчө нерсе, анткени аны өзгөртүүгө болот, бирок адамдын жүрөгүнүн катуулангандыгы такыр башка нерсе. Юнгердин жаңы Библиялык сөздүгү мындай аныктама берет: “Сөздөгү акылсыз деген – эң биринчи кезекте, Кудайдын коркунучун танган адам, ал Кудайдын адилеттүүлүгүнүн түбөлүк принциптерин сактабоо менен жазаланбай эле кала берсе болот деп ойлогон адам”.

Чындыгында акылсыз оюнда Кудайды мойнуна алышы мүмкүн, бирок жүрөгүндө Анын бар экендигин четке какканы анын жашоо образынан байкалат. Биздин Кудайдан коркконубуз жүрөгүбүзгө Ыйык Рухтун жетишине өбөлгө түзөт, аны жоготконубузда бизге эч кандай үмүт калбайт. Пабыл: “Агайын-туугандар, Ыбрайымдын урпактары жана Кудайдан *корккондор*! Ошол куткарылуу жөнүндөгү Жакшы Кабар силерге жиберилген” (Элчилердин иштери 13:26) деп айткан. Кудайдын коркунучуна ээ болгондор гана Түбөлүк жашоонун Сөзүн угууга жөндөмдүү.

## Түбөлүктүүлүктүн аныктамасы

Түбөлүктүүлүктү акыл менен түшүнүп болбой тургандыгына карабай, ал биздин жүрөгүбүзгө жайгаштырылган. Түбөлүктүүлүккө аныктама берүү менен, мен силерди жүрөгүңөр менен уккула деп суранаар элем, бул китептен пайда алуу үчүн эң зарыл болгон нерсе. Муну кандайча кылса болот? Баарынан мурда өзүбүздүн кылган нерселерибизде жана кыла турган нерселерибизде Ыйык Рухтун жардамына муктаж экендигибизди моюнга алышыбыз керек. Ал силердин акылыңарга эмес, ички адамыңарга сүйлөйт. Экинчиден, качан жүрөгүңөргө чындык тийген кезде, ойлонуш үчүн токтогула. Бул китепти

окууда шашпагыла. Эгерде шашып-бушуп окусаңар, андан жакшы пайда болбойт. Кудайдын түбөлүктүү Сөзүнүнүн таасирин толук сезүү үчүн, бул эки эрежени кабыл алгыла, анан ошондо түбөлүккө өзгөрүлөсүңөр. Дөөт минтип айтат: "Сенин алдыңда күнөө кылбаш үчүн, мен Сенин сөзүңдү жүрөгүмө катып алдым" (Забур 118:11). Акылыңар менен гана окуп койбогула, анткени андай болгон кезде, окуган нерсеңер тез эле унутулуп калат же жок болуп кетет, бирок Анын Сөзү сыйынуу жана окуп-үйрөнүү аркылуу жүрөгүңөргө киришине уруксат эткиле.

Түбөлүктүүлүктүн чеги жок. Ошентсе да, бул жерде сөз убакыт тууралуу болуп жаткан жок, анткени убакыт ага баш ийбейт. Түбөлүктүүлүк убакыттан жогору турат. Түбөлүктүүлүк жөнүндө аягы жок узундук дегендей категориялар менен гана карап коюу – бул, анын толук маанисин жоготуп коюу болор эле. Түбөлүктүүлүктү жакшы түшүнүү үчүн, биз Кудайдын Өзүнө карашыбыз керек. Ал күч жагынан да, билим жагынан да, акылмандуулук жагынан да, түшүнүк жагынан да, даңк жагынан да чектелген эмес. Ал Бар болуп Туруучу, түбөлүк болгон жана түбөлүк Кудай болот. Анын аты "Түбөлүк Ата" (Ышайа 9:6). Юнганын сөздүгүнүн түз маанисинде биз: "Түбөлүктүүлүктүн Атасы" деп окуйбуз. Анын аты "Түбөлүктүүлүктүн Падышасы" (1 Тиметей 1:17). Бардык түбөлүктүү нерсе Анда. Анда болбогон бардык нерсе – убактылуу жана өзгөрүлө турган нерселер. Канчалык узакка чыдагандыгы, канчалык маанилүүлүгү, жакшы, күчтүү болгондугу манилүү эмес, акыр – аягында алардын баары өзгөрөт. Ал тургай, жер, аалам баары өзгөрөт, бирок, Ал өзгөрбөйт:

> "Сен, Теңир, адегенде жерди негиздегенсиң, асманды да Сенин колдоруң жараткан. Алар жок болушат, Сен болсо түбөлүк жашайсың. Алардын баары чапандай эскирет. Сен аларды жабуудай түрөсүң, кийимдей алмаштырасың, алар өзгөрөт. Бирок, Сен ошол бойдонсуң, Сенин жылдарыңдын аягы жок" (Эврейлерге 1:10-12).

Ал бар болуудан токтоп калбайт бирок, кылымдардан кылымдарга өзгөрбөйт дагы. Жазуу минтип жарыялайт:

> “Анткени ар бир адам чөп сыяктуу, анын даңкы да талаа гүлүндөй. Чөп куурайт гүл соолуйт. Ал эми Теңирдин сөзү түбөлүк калат. Бул сөз болсо-силерге жарыяланган сөз” (1 Петр. 1:24,25).

Ал түбөлүктүү, ошондуктан, Анын Сөзү да түбөлүктүү. Кудай калп айта албайт жана Анын Сөзү бузулбайт. Эгерде андай болбосо, бүт баары сырткы караңгылыктан талкаланып калмак, анткени, Ал баарын Өзүнүн Сөзү менен кармап турат. Ал тарабынан айтылгандар өзгөрүлбөйт, болбосо, Ал түбөлүктүү болбой калмак. Бул – биздин өз жашообузду кура турган бекем пайдубалыбыз.

## Түбөлүк соттор

Бүгүнкү күндө көпчүлүгү өз жашоолорун түбөлүк негизге – Кудайдын Сөзүнө орноткондун ордуна, өзүлөрүнүн эмоционалдык абалдарына же Кудай Ким болуп эсептелсе, ошого карата өзүлөрүнүн жеке түшүнүгүнүн бүтүмү менен, маданий каада-салттарга курушууда. Бул ишенбегендерге эле эмес, көптөгөн ишенген машайакчыларга да тиешелүү. Болбогон убактылуу нерселерди түбөлүктүү деп ишенип алуунун өзү коркунучтуу. Мындай адамдын негизи туруктуу эмес жана кулоого ылайыкташып калган. Адашып жүргөндүктөн, ал жалганга ишенип жүрө берет.

Мен түбөлүктүү эмес эле нерселерге ишенген көп адамдарга жолукканымда таң калам. Кээ бирөөлөр мага өзүлөрүнүн Кудайга жана Анын Уулуна ишенгендиктери тууралуу айтышат, бирок, алар айткандар бизге Жазуу ачып бергенден таптакыр башка. Бул адашуу жетишерлик эле тереңдеп кеткен. Адам канткенде өз акылынын элестетүүсүнө жараша, коомчулук аркылуу калыптанган боюнча жана Кудайдын табиятына карама-каршы келгендей ишенип калат? Ыйса айткан:

> “...сөздөрүмдү кабыл албаган адам үчүн сот бар: *Мен айткан сөздөр аны акыркы күнү соттойт.* Анткени Мен Өз атымдан сүйлөгөн жокмун, Мени жиберген Атамдын осуяты боюнча сүйлөп жатам. Эмнени айтып, эмнени сүйлөө керектигин Мага Мени жиберген Атам осуят кылган” (Жакан 12:48,49).

Дүйнөнүн негизделиши менен бирге эле Сот Күнү да дайындалган (Элч. Ишт. карагыла, 17:31). Бул күн чындыктын жаңы ачылышын алып келбейт, тескерисинче, бардыгы мурда айтылган сөздөр аркылуу ченелет. Ошол акыркы күнү бизди азыр биз ээ болуп турган Анын Сөзү соттойт. Түбөлүктүү. Акыркы. Эч кандай башка нерсе жок, өзгөрүлүү же башкача айтуу болбойт. Андыктан, Кудай эмне деди экен деп болжолдоп, адашууда жүргөндөн көрө, Анын Сөзүн билүүдөн пайда таап, Ал эмне деп айткан болсо, ошону менен жашаганыбыз жакшы эмеспи?

Ал күнү ишке ашырыла турган соттор *түбөлүктүү* деп аталат (Эвр. 6:2ни карагыла). Башкача айтканда, биз жашообузду Анын Сөзү боюнча куруууга чечим кабыл алдыкпы же жокпу, мына ошол биздин түбөлүктүүлүктү кантип өткөрөрүбүздү аныктайт! Бул чечимдер эч кандай өзгөрбөйт, анткени, алар *түбөлүк соттор* деп аталат.

Көптөгөн ишенген эле адамдар ишенбегендерге окшоп, белгиленген сот күнүнүн жакындап келе жатканына маани бербей эле жашап келишет. Алар библиялык концепциялардан алыс калптарга ишенип алышат. Кээ бирлери болсо, Кудай алардын жаман иштерине караганда жакшы иштери көп экендигин көргөндө, ырайым кылат деп ойлошот. Башка жогорудан төрөлгөн ишенгендер болсо, баарынан көбүрөөк таң калышат: анткени аларды алардын Куткаруучусу Ыйса болгон соң, Анын Сотунун алдына барбайсыңар деп окутушкан. Анан баары өзүнөн өзү эле ордуна келет деп ойлогондор да бар. Алар библиялык эмес ырайымдан үмүттөнүп жүрүшөт.

Жаңы Осуят бул концепциялардын бирөөсүн да окутпайт. Бул жана көптөгөн адамдардын акылында жаралган башка те-

ориялар убактылуу, алар түбөлүктүү болуп эсептелбейт жана сот күнүндө туруштук бере албайт. Көптөгөн эркек, аялдар – жеке менин ишенимим боюнча, алар ишенгендер, өзүлөрүн машайакчымын деп эсептеп жүргөндөр – Сот күнүндө шок абалды баштарынан кечиришет.

## Соттогу ишенимдүүлүк

Биз сотко коркунуч менен эмес, ишенимдүүлүк менен барсак болот.

> "Биз Кудайда жашаганыбызда биздин сүйүү жеткилеңирээк боло баштайт. Биз сот күнүнөн коркпойбуз, бирок аны ишенимдүүлүк менен күтө алабыз. Анткени, Машайак кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз" (1 Жакан 4:17, анг. тилинен кот).

"Качан биз Кудайда жашаганыбызда, биздин сүйүүбүз жеткилеңирээк болот" деген сөзгө көңүл бурсаңар. Сот күнүндөгү биздин ишенимдүүлүгүбүздүн ачкычы, биздеги жеткилеңдикке жеткен Кудайдын сүйүүсү болот. Так ушул жерде көпчүлүгү ката кетиришет. Алар Кудайдын сүйүүсүнө түбөлүктүү категория катары эмес, убактылуу катары карашат. Коомдогу жана кээде жыйындагы сүйүү менен жакшылыктын кээ бир жактары Кудайдын сүйүүсүнө карама-каршы келген, адамдык өлчөм менен чектелип калат. Мага тарап кеткен бир нече мисалдарды келтирүүгө уруксат эткиле.

"Биз бири бирибизди сүйөбүз, үйлөнгүбүз келет". Ушундай сөздү никесиз жашоодо чогуу жашаган адамдардан көп угабыз. Алар кийинчерээк никеге турушкандыктарына карабастан, бул күнөө болуп эсептелет. Ушундай билдирүүлөрдү кылгандар никеге жетпестиктерине бир нече жолу өзүм күбө болгом. Алар ачык-айкын буйрукту унутуп калышкан: "Никеңер адал болсун, нике төшөгүңөр булганбасын. Бузулгандар менен нике бузгандарды болсо Кудай соттойт" (Эврейлер-

ге 13:4). Эврейлерге жазган Каттын автору ойноштук кылган жана бузуктук кылган жыйында болбогондор тууралуу гана айтып жатпагандыгын байкагыла, сөз ушундай жашоону баштан кечирип жаткан бардыгы тууралуу болуп жатат.

“Мен бардык чындыкты айтпай атканымды билем, бирок, бул келишим түзүүгө жардам берет”. Бизнестин адамдары ушинтип айтышат, алардын ою боюнча жакшы товарды сатууда, кардарды кармап калуу үчүн, фактыны бир аз көркөмдөп коюу туура деп эсептелинет. Бул калптын күнөөсү гана эмес: негизи соодадагы келишим дайыма эле сунуштап жаткан тарап үчүн пайдалуу болоору белгилүү. Алар кантип эле бул эскертүүнү унутуп калышты экен? Анда минтип айтылып атпайбы: “Коркоктор жана ишенбегендер, кара ниеттер жана киши өлтүргүчтөр, бузулгандар жана сыйкырчылар, бутка табынуучулар жана бардык жалганчылар (билип туруп туура эмес сүйлөп же иш кылгандар) күйүп жаткан күкүрттүү көлгө ыргытылышат” (Аян 21:8, кеңири котормо).

“Бул адам тууралуу айтып жаткандарымдын баары – чындык”– деп айтышат кошунасынын, досторунун же кызматчылардын бирөөсүнүн кемчилдиктүү жактарын ачыкка чыгарып жаткан киши. Кептин баары, бардыгы жүз пайыз чындык болгон кезде деле, түбөлүктүүлүктүн стандартына келгенде туура эмес болуп калышы мүмкүн. Нухтун кичүү уулу Хамдын атасынын мас болуп, жылаңач жатканын көргөнү чындык болчу. Ошентсе да, анын кылган ишинин аягы каргыш болду да, натыйжада ал өзү жана бүткүл тукуму каргышка калды. Кантип ушакчылар менен арызчылар бардык ишенгендерге айтылган: “Бир туугандар, соттолбош үчүн, бири бириңердин үстүңөрдөн арызданбагыла. Соттоочу босогодо турат” (Жакып 5:9) деген жерди унутуп калыштыбы?

Сансыз мисалдарды келтирсе боло берет, бирок, алардын жалпы бир окшоштугу бар – алардын баары Кудайдын түбөлүк эркине карама-каршы келет. Биринчи караганда

күнөөсүздөй көрүнгөн ушул адамдардын жыйынга барып жүргөндөр экендиги кейитет. Алар сүйлөшкөнгө жагымдуу, айланадагылардын баасы боюнча үлгүлүү атуулдар болушу мүмкүн. Бирок, түбөлүктүүлүк аларды кантип баалайт болду экен? Жакан өз катында Кудайдын сүйүүсүн кантип өстүрүүнү минтип түшүндүрөт:

> "Ким: "мен Аны билдим" (сүңгүп, билип, Аны (Ыйса Машайакты) десе, бирок Анын осуяттарын (окутууларын) аткарбаса, ал жалганчы, анын ичинде чындык (Жакшы Кабар) жок; ал эми ким Анын сөздөрүн (Анын көрсөтмөлөрүн акыл-эсинде сактап, Анын кабарын түбөлүк кабар катары караган) аткарып жатса (баалуу казынадай сактаса), ал адамда Кудайдын жеткилең сүйүүсү бар. Машайактын ичинде экенибизди ушундан билебиз." (1 Жакан 2:4,5, кеңири котормо).

Эсиңерде болсун, Кудайдын жеткилең (жетилген) сүйүүсү гана бизге Сот алдына келүүгө жигердүүлүк берет. Жакан болсо, Кудайдын сүйүүсү коомдо үлгү болуп эсептелген жүрүм – турум менен эмес, Анын парыздарын аткарган кезде гана жеткилең болоорун ачык-айкын эле түшүндүрүп айтып жатат. Унутпагыла, Обону жакшылык менен жамандыкты билдирүүчү дарактын *жаман* жагы эмес, *жакшы* жагы өзүнө тарткан! "Аял дарактын жемишинин жегенге *жакшы* экенин, көзгө *сүйкүмдүү* экенин көрдү." (Башталыш 3:6). Адамдын акыл-эси Кудайдын түбөлүктүү эркине каршы көркөмдүк менен жакшылыкты жарата алат.

Кудайдын парыздарынын кээ бирлерин сактап коюп эле өзүбүздү Сот күнүндө Теңирдин алдында ишенимдүүлүк менен тура алчудай сезип жүргөнүбүз тууралуу айтат Жазуу. Анын Сөздөрүн кунт коюп, кылдааттык менен сактоо аркылуу гана Кудайдын сүйүүсү жеткилеңдикке жетет. Ошондуктан, Кудай Өзү каалагандай Анын Сөзүнө толугу менен тил алчаак болушубуз үчүн, өз кезегинде бизге ырайымын берет. "Ошондуктан солкулдабаган Падышачылыкты кабыл алган биз Кудайга ыра-

азычылыкты билдирели, коркуу жана урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы...” (Эврейлерге 12:28).

Адамдык түшүнүк боюнча жана коомдун көз алдында эмне жакшы көрүнгөндүгү маанилүү эмес. Падыша эмнени каалап жана эмнени издеп жаткандыгы маанилүү. Кудай бизге минтип айтат: “Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла, тескерисинче, Кудайдын жакшы, Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне экендигин таанып билүү үчүн, акыл-оюңарды жаңылантып туруу аркылуу толугу менен өзгөргүлө” (Римдиктерге 12:2). Биздин маданият үчүн жакшы болгон нерсе, Кудайдын каалоосуна – түбөлүктүн каалоосуна туура келбей калышы мүмкүн.

Мага мисал келтиргенге уруксат эткиле. Мен азыр Сингапурдагы мейманканада отурам. Дем алыш күндөрү бул керемет өлкөдөгү дээрлик жыйырма миң адамга насаат айтам. Мен бул жерде көп болгом. Мен ошондой эле, Нидерлендияда да бир нече жолу насаат айткам. Ал жакта өзү менен баңги зат алып жүргөнгө каршы эч кандай мыйзам жок. Жазадан коркпогон адамдар аны ачык эле тартып жүрө беришет. Эгерде Сингапурда адамдан ошол баңги затты (ал тургай аз гана бөлүгүн) таап алышса, ал катуу жазаланып, эркинен ажыратылат. Эгерде адамдын жанынан белгилүү бир баңги затты таап алышса, анда анын жазасы – асуу аркылуу өлүм болот! Чек арадан өтүп атканда ар бир адамга мындай деген жазуусу бар карточка берилет: “Сингапурдун мыйзамына ылайык, баңги заты менен иштегендерди өлүм жазасы күтөт”.

Эми өз үйүндө дайыма тартып жүргөн жаш жигит Сингапурга келгенде жергиликтүү тургундарды баңги заты менен сыйлайт. Ал чын жүрөктөн, өзүнүн жаңы досторуна:

– Эй балдар, бул эң сонун нерсе. Ал сооротот, ырахат берет жана бүт тынчсызданууну алып кетет. Тартып көрүүнү каалайсыңарбы? Мен чын жүрөктөн силерди сыйлагым келет,– дейт.

Аны токтоосуз түрдө камакка алышат. Ал таң калат.

– Мени эмнеге камакка алышты? – анын полиция офицерине эң алгачкы берген суроосу ушул болот.

Сот күнү келет. Соттун алдында голландиялык бүткүл жүрөгү менен, бул кандайдыр бир адашуу деген ишеним менен турат.

Бирок, сот аны күнөөлүү деп таап, жазаны жарыя кылат.

Таң калган киши минтип айтат:

– Урматтуум, мен жашап келген өлкөдө марихуаннаны эркин эле тартканга уруксат берилген.

Ошондо судья минтип жооп берет:

– Силер Голландияда эмес, Сингапурда жүрөсүңөр, бул өлкөдө мыйзам андай кылууга тыюу салат!

Голландиялыктын бекем ишеними жоголот, эми жогорку соттун алдында ал эч кандай актана албай калат, ал кармалды.

Бир нече жыл мурда мен Сингапурда болгонумда, автомобилди бузгандыгы үчүн америкалык жаш жигитти камакка алышат. Аны соттошуп жана бир нече жолу ротан менен сабаганга өкүм чыгарышат. Мындай жаза адамга физикалык жактан да зыян келтирет, анткени, ал сабачу нерсе химикаттарга сугарылган бамбуктан жасалат. Ошол америкалыктын жазасын жеңилдетүү үчүн ал тургай, президент Клинтон кийлигишет. Анткен менен, бардык аракеттер натыйжасыз болуп чыгат. Жаш жигит Сингапурдун мыйзамын бузду, ошондуктан жазалануута тийиш.

Биз баарыбыз эле учуру келгенде аалам сотунун алдында турабыз. Ал соттун чечими *түбөлүккө* болот. Көпчүлүгү таң калып калышы мүмкүн. Бирок, алдын ала эле андай болтурбай коюуга болот.

Силер Кудайдын Сөзүнө ылайык бүткүл ааламдын Сотунун алдында ишенимдүүлүк менен туруута даярсыңарбы? Бул китеп силердин ошого даярданууңарга жардам берүү үчүн жазылган. Эгерде тигил голландиялык убакыт сарптап, Сингапурга баруута даярданган болсо, анда жазадан оолак болмок. Биз үчүн өз сотубузга даярдануу ушунчалык маанилүү, анткени, Сот күнүндөгү чечим түбөлүктүү болот да.

## Сыйлыктар

Бир нече соттор болот: бирөө ишенбегендер үчүн, бирөө ишенгендер үчүн жана ал тургай периштелер үчүн дагы. Кабыл алынган чечимдер да ар түрдүү болот. Жоготуулар менен жазалар болот, сыйлыктар да болот. Бул тууралуу эмки бөлүмдө кеңири айтабыз, бирок мага муну дагы бир жолу кайталап айтууга уруксаат бергиле, кабыл алынган чечим биротоло, акыркы болот. Муну башкача баалоо мүмкүн эмес, чексиздикти кайрадан оюңар менен элестетип көргүлө. Кудайдын эрки – биздин муну алдын ала билип жана сыйлыкка умтулуп жашашыбыз. Пабыл минтип айтат:

> "Жарышта баары чуркаганы менен бирөө гана байге аларын билесиңер. Ошондуктан, байге алгыдай болуп чуркагыла. Жарышка катышуучулардын баары өздөрүн бардык жагынан тыйышат: бирөөлөр жок боло турган таажы алуу үчүн ошентишет, ал эми биз соолубас таажы алуу үчүн ошентебиз. Ошондуктан, мен максатсыз чуркап бара жаткан жокмун, муштумум менен абаны ургулап жаткан жокмун. Бирок, башкаларга нассат айтып жүрүп, өзүм жараксыз болуп калбашым үчүн, денемди зордоп кулга айландырып жатам" (1Кор. 9: 24-27, кеңири котормо).

Ал ачык эле айтып жатат: "Мен так максатым болмоюнча, чуркабайм". Башка котормодо: "Мен ар бир кадамымда максатка ээ болуу менен, түптүз эле сыйлыкка баратам" (англ. котормо. 26-аят). Ар бир адам так ушундай кылышы керек – жеңиш керек деген максат менен чуркоо керек. Биз бири-бирибиз менен эмес, өзүбүз менен гана жарышабыз.

## Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер

Сотто баары эле өз ордуна келип калат дегендик, түшүнбөгөндүк. Бизде кечирим болбойт, анткени Кудай өз эркин таанып-билүүнү бизге ачык эле, жете тургандай эле көрсөтүп жатат. Сот алдына көптөгөн адамдар келет, алар башка адамдар

менен жарышууда баарын туура кылдык деп ишенишет, бирок, алар өз жашоолорун туура багыттап, туура аныктай алышкан эмес. Ошондуктан да, бул китептин аты – “Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер” деп аталат.

*Жетектелгендер* деген, аларды бир нерсе кыймылга келтирет, багыттайт жана көзөмөлдөп турат дегендик. Бул сөз ошондой эле, бир нерсе шыктанууга күч берип турат дегенди да түшүндүрөт. Биздин жердеги жашообуз эмне менен шыктанып, эмнеге багытталган? Түбөлүктүүлүккөбү же убактылуугабы? Анын негизи кудайлык акылмандуулук болуп саналабы? Биз өзүбүздү башкалар менен салыштырабызбы, кулак кызыткан нерселерге көңүл бөлөбүзбү, кээ бир окутууларда угулуп калып жүргөн каада – салттарга, мифтерге көңүл бурабызбы? Биз өз жашообузда курган нерселер Анын алдында Сот күнүндө туруштук бере алабы? Стандарт менен сотто эмне болоорун биз билебиз: “Мен айткан сөздөр аны акыркы күнү соттойт” (Жакан 12:48).

Өзүн машайакчыларбыз деп жүргөндөрдүн көпчүлүгү Ыйсанын алдына сотко келгенде шок абалын баштан кечиришет. Чындыкты дыкаттык менен карап чыкпастан, Жаңы Осуят окуткандардын бир бөлүгүн гана окуп чыгып, өзүлөрүн коопсуз сезишкен адамдар дагы болот. Менде мындай суроо бар: өзүңөр соттоло турган стандартты азыр билип алгыңар келеби же *түбөлүктүү* чечим кабыл алынып – өтө кеч болуп калганда билгиңер келеби?

Эмки бөлүмдө бир нече бөлүмдү ээлеген аллегориялык таржымалдар башталат. Дыкаттык менен окуп, майда-баратына чейин эске тутуп алгыла, анткени, бүт китептин аягына чейин биз ага тез-тез кайрылып турабыз. Бул таржымалдын аягы сегизинчи бөлүмдө, калган бөлүмдөрдө биз анда ачылган чындыкты талкуулайбыз. Китеп бүт бойдон аллегория менен, ошондуктан, аны кунт коюп окугула. Балким, китепти окуп жатып, силерге кайра мурдагы жерлерине кайрылып, кээ бир

нерселерди тактоого туура келет.

Мен бул китепте айта тургандардын көпчүлүк бөлүгү – бул, Кудай олуттуулук менен талдаган менин жашоомдогу тажрыйбам. Мен Ыйык Рух Өзүнүн чындыгынын микроскобу менен иликтеп, анализдеп чыккан өзүмдүн көптөгөн каталыктарым тууралуу айтып берем. Бул Сот күнүндө бекем негизге ээ болуу үчүн, силерди Жазууну терең изилдеп окууга чакырат деген ишенимдемин. Мен көптөгөн эркек-аялдарды Кимди өзүлөрүнүн Куткаруучусу катары эсептегенден оолактоого мажбурлап жаткан биздин коомдун эң бир эбегейсиз адашуусу тууралуу айтып берем. Кээ бир жерде силер таң калат болушуңар керек, бирок, мунун баарынын артында бата, үмүт жана сооронуу бар.

Эгерде силер кайраттуу болсоңор, эгерде чындыкка суусап турсаңар, эгерде силердин жүрөгүңөр Кудайга тиешелүү болсо, келгиле анда, баштайлы. Силер өкүнбөйсүңөр! Төмөнкүнү жүрөгүңөр менен кабыл алгыла:

> “Кудайдын белеги биздин Аны менен болгон мамилебизди калыбына келтирди жана бизге өмүрдү кайрып берди. Дагы да улуу жашоо – түбөлүк жашоо бизди келечекте күтүп турат! Силер буга ишене берсеңер болот. Бул сөз чындык, ошондуктан Кудайга ишенгендер жакшы иштерди кылууга тырышчаактык менен аракеттенүүлөрү үчүн, мен сенин ушул жөнүндө ынандырышыңды каалайм. Анткени бул жакшы жана адамдарга пайдалуу” (Титке 3:7,8 The Message).

2-БӨЛҮМ

# АФФАБЕЛЬ ПАДЫШАЧЫЛЫГЫ: ЭНДЕЛДЕГИ ЖАШОО

*Ошондо Ыйса аларга үлгү-насаат аңгемелер (чындыкты түшүндүрүү үчүн иллюстрациялар жана салыштыруулар) менен көп нерселерди окутту...*
— Мрк 4:2 (Кеңири котормо)

Бир кезде биздикине окшогон дүйнө болгон экен, анткен менен көп жагынан айырмачылыктары да бар. Ошол дүйнөдө бири-биринен көз каранды болбогон улуттар, Аффабель деген бирдиктүү падышачылык болуптур. Ал бүт дүйнөдөгү белгилүү жерлерди ээлеп турган менен, бир гана борбору болуптур, ошол борбордон бүткүл мамлекетке жетекчилик кылынган экен. Борбору Аффабель деп аталган улуу шаар болуптур, мындан ары аны жөн гана Аффабель деп айтабыз.

Дүйнөнү таң калтырган бул падышачылыктын башында Джейлин падыша туруптур. Джейлин падышаны өз букаралары абдан сыйлап, урматташат экен. Ал күчтүү, акылдуу, кең пейил жана тамашакөй болгон. Канчалык көп атак-даңкына карабастан, Джейлин элге жакын жана жөнөкөй болгон. Анын жанында турган ар бир адам кең пейилдик менен мээримдүүлүккө чөмүлчү. Анын болушу жашоонун ар кандай жактарын жогорку деңгээлге көтөрүп салчу. Джейлин адамдардын кылгандарынан көп нерселерди көрө алган, ал алардын жүрөгүнүн ниетин да биле алган.

Джейлиндин атасы Аффабелди негиздеген падыша катары, Негиздөөчү-Ата катары белгилүү болгон. Тартипти орнотуп

туруп, Ал башкарууну өзүнүн уулуна берген. Улуу шаардын тургундары Джейлинге башка аймактардагы падышачылыкты башкарууга жардам беришкен. Борбордон туруп башкаруу иерархиялык бийлик системасы менен жүргүзүлгөн.

Шаар эбегейсиз чоң аймакты ээлеп турган (болжол менен эки жүз квадрат км) жана ушунчалык акылмандык менен курулган, калктын көптүгүнө карабай, башка жакка көчүрүлгөн эмес. Ал айыл-кыштактар менен курчалып турган. Ал айылдарда эмгекчилердин жупуну үйлөрү бар эле (ал жупуну үйлөр атайын биздин дүйнөдө өзгөчө салынган, укмуш үйлөр болуп эсептелмек). Бул айылдардын тургундары тынбастан иштешкенине карабай, падыша турган борбор шаардын жанында жашашканына кубанышаар эле. Түндүк жана түштүк жактарын болсо чыгармачыл адамдардын – музыканттардын, живописчилер, дизайнерлердин үйлөрү ээлеп турган. Алардын үйлөрү экстраваганттуу көрүнүп, жөнөкөй адамдардыкына караганда бир топ кымбат эле.

Шаардын эң бир керемет жагы чыгыш району болчу, ал жакта ушунчалык керемет үйлөр курулган болчу. Бул район Падышалык борбор деп аталар эле. Падыша жана анын жакын жардамчылары бул жерде көп убактыларын өткөрүшчү. Так ушул жерде админстрация жана социалдык мекемелер иштешкен. Шаардын борбору Улуу деңиздин жээктеги аскаларынын жасалгасы болуп саналчу. Океан мейкиндигинен ар дайым жеңил чачырандылар келип, шаарга сергектик берип турчу. Океандын жээгинде ушунчалык жакшынакай кумдуу жээктер бар эле, алардан ашкан кооздук падышанын багында гана болгон. Шаардын борбору бүт бойдон эбегейчиз бак болгон. Албетте ал жер жашоо үчүн абдан өзүнө тартып турган жана саматкан жер эле. Борбордо жайгашкан үйлөрдөн падышанын гана үйү ашып түшкөн.

Аффебелдин ортосунда өмүр дарагы бар эле. Анын таң каларлык, тамшанарлык мөмөсүнөн жегенди падышанын бе-

рилген адамдарына гана буюрган эле. Жемиштер укмуш жакшы болгон даамы жана көрүнүшү менен гана укмуш болуп калбастан, кереметтүү күчтү да өз ичине камтыган эле.

## Эндель шаарынын тургундары

Аффабелдин борборунун батыш жагынан Эдонго Улуу дарыясына чейин Тышкы чөл созулуп жаткан. Эдонгодон кийин падышачылыктын башка бөлүгү бар эле, аны Эндель деп аташчу. Аффабелде туулган бардык балдарды төрөлөрү менен эле Энделге алып келишчү. Алар туулгандан бир апта боло электен баштап эле, наристелерди падышанын аначы аялдары багышаар эле. Беш жашка чыккандан кийин падышачылыктын бул жаш атуулдарын же энделиттерди Энделдеги мектепке жөнөтүшчү, алар ал жерде он жыл окуп-тарбияланышчу. Ал жерде балдар Аффабелдин мыйзамдарын жана Джейлин падыша тууралуу окушаар эле.

Джейлин падыша менен көрүшүү мүмкүнчүлүгү падышалык тарбиячыларда жана мектеп мугалимдеринде гана болчу. Ар бир беш жылдан кийин ал жашыруун түрдө Энделге келип, мектеп жана балдар үчүн өз камкордугун бекемдеп кетер эле. Аны аз гана адамдар көргөндүгүнө карабастан, падышанын кең пейилдиги Энделдин жашоочуларынын бардык жагында көрүнүп турар эле.

Окуучулардын мектепте он жыл болушу аларды алдыдагы жашоого даярдаш керек болчу. Он беш жашка келгенде алар өзүлөрү үйрөнгөн нерселерди иш жүзүнө ашырганга бир аз мүмкүнчүлүктөрү болор эле. Ушул убакыттар аралыгында аларга бир нече баалуулуктарды ишенип берип жана аларды ошол нерселердин үстүнөн жоопкерчиликтүү кылып коюшчу. Өзүлөрүнүн жаш курагын жана аларга ишенип берилген каражаттарды кантип пайдалангандыктары, алардын калган жашоолорун, он беш жаштан жүз жашка чейинки жашоосу кантип

өтөрүн аныктамак. Сыноо убагы туптуура беш жылга созулаар эле. Бирок, студенттердин бирөөсү да ал учур канчага созулаарын билишчү эмес. Аларга сыноо убактысы он жылга жетпеген убакытты камтыйт деп гана коюшчу. Ошол мөөнөтү бүткөндөн кийин алардын ар бири барып падышанын алдында өз жашоолорунда кылган тандоолору тууралуу айтып беришчү.

Сыноо убактысы жаш балдардын эмнеге арналгандыгын көргөзүп жана аныктап коёр эле. Джейлиндин айткандарын ээрчигендер анын лидерлигин сөздөрү менен да, иштери менен да таанышкан. Мындайлар Аффабелдин атуулдары деп таанылган. Алардын тандоосу аларга ылайык сыйлыктар менен камсыз кылынган. Ал эми, сыноо мезгилинде козголоң чыгарып, өз каалоолору үчүн гана жашагандар болсо Лоун жерине жиберилген. Лоун деген, караңгылык каптагандай бош жер болчу, ал жакта жалгыздык менен үмүтсүздүк өкүм сүрүп турар эле. Бул жакта жашагандар эркинен ажыратылып жана өмүр бою кыйынчылыкты баштан кечирип жашашчу.

Биринчи жолу бул чөлгө Дагон жөнөтүлгөн, ал Лоун жергесинин төрөсү болуп калган. Дагон Джейлинге каршы бир нече жыл мурда козголоң чыгаргандыгына карабастан, анын таасири Эндель жеринде дагы эле сакталып калган. Джейлиндин башкаруусун тааныган Энделдин жашоочулары Дагондун кара күчтөрүнөн боштондук ала алышчу. Ошентсе да, Джейлинге кызмат кылуудан баш тарткандар Дагондун таасиринин астында кала беришчү.

Мындан ары өз падышачылыгына караңгылыктын кирип келишин токтотууну каалаган Улуу падыша Джейлин Аффабельдин бүтүндүгүн коргоо жана социалдык түзүлүшү тууралуу декретти бекиткен. Дагондун жолун жолдогон жана Джейлиндин падышачылык бийлигинен баш тарткан ар кандай адам өз өмүрүнүн аягына чейин Лоун жергесине жиберилип турган.

Мына ошетип, биздин тарых башталды. Биз Энделдин беш окуучусунун жашоосун карап көрөлү: Көз каранды эмес, Ал-

данган, Коркок, Өзүмчүл, Кайрымдуулук. Алардын ар бирин тааныштырып чыкканга мага уруксат эткиле.

## Көз каранды эмес

Көз каранды эмес дайыма эле Аффабелдин бар экендигинен шектене берет. Ал өзү эч качан көрбөгөн Джейлин деген бирөө анын өзүнө арналышын гана эмес, өз буйруктарынын аткарылышын катуу талап кылаарына ишене албайт. Бул окутуучулар ошонун жардамы менен өзүн жана башка окуучуларды көзөмөлдөгүсү келгендиктен, жөн гана жайылган тузак деген шектенүү пайда болот анда. Ошон үчүн сабакка барбай, ойлонуп чыгарылган падышачылыктын мыйзамдарын окуудан баш тарта берет.

Көз каранды эмес ушул акылсыз нерсеге ишенгендиктери үчүн айланасындагылардын үстүнөн күлө берет. Ал Джейлиндин мыйзамдарынан эркин болуп, өзү каалагандай жашагысы келет. Бир гана өз максаттарына карама-каршы келбеген жерлерине гана ал баш иет, бирок анда да өзү керек деп эсептесе гана. Ал элдин баарына өз жашоосун бөтөн бирөөнүн эркине баш ийдиргиси келбегендигин жарыялап, көргөзүүнүн чебери.

## Алданган

Алданган Аффебелдин бар экендигинен шектенбейт. Ал Джейлин падышага ишенет, ал тургай анын убадалары ага жагат. Оюнда жана сөзү менен ал окутууга да, принциптерге да макул, ошентсе да, анын жашоо стилинин көп жагы бул окутууга карама-каршы келет. Ал өзүнүн падышага жана анын окутуусуна берилгендигин демонстрациялап, мектептин өзүнө жаккан иштерине катышат, анткен менен, ал өз кызыкчылыгына ылайык келген эч нерсе таппаган кезде баары кескин түрдө эле өзгөрүлүп кетет. Анын жашоо стили Джейлиндин чыныгы жолун жолдоочуга окшобой кетет, би-

рок өзүнүн күчтүү мүнөзүнүн айынан ал көбүнчө адамдарды кызыктыра алат. Алданган өзүнүн сыноо мөөнөтү жана сот тууралуу эч качан чындап ойлонбойт.

Джейлиндин бар экендигине карата көз караштарынын ар кандай болгондугуна карабастан, алар Көз каранды эмес экөө жакшы тил табышат. Алданган – шайыр жигит, алардын жалпы кызыкчылыгы бар, ошондуктан Көз каранды эмес аны менен бирге болуудан ырахат алат.

## Коркок

Коркок – абдан ышкыбоз окуучу. Ал сабактарда көп жооп берет жана эң жакшы бааларды алат. Ал абдан активдүү жана сабактан тышкаркы көп иш-чараларды ойлоп чыгат жана башка окуучуларды да коомдук иштерге катышууга тарта алат. Студенттер менен тааныш болгон ар бир адам аны Джейлинге кызганыч менен берилген адам деп айта алат.

## Өзүмчүл

Өзүмчүл дагы Джейлинге жана анын окутуусуна ишенет.

Ал Аффабелдин бар экендигинен шектенбейт жана Джейлин эң мыкты, кең пейил падыша экендигинен жана ага берилген ар кандай адам үчүн кайрымдуу сот экендигинен шектенбейт. Өзүмчүл Джейлиндин мүнөзү жана окутуусу тууралуу өзүнүн чектелген түшүнүгүнө гана көңүл бурат. Ал Джейлиндин адилет, ыйык, ошондой эле сүйгөн, кайрымдуу лидер экендигин унутуп коёт. Ошентип, Өзүмчүл өзүнө Джейлиндин бар экендиги тууралуу алдамчы элестерди түзүп алган. Ал Алданган, Коркок, жана Кайрымдуулук эч кандай шексиз түрдө эле даңктуу падышачылыктын бөлүгү боло алышат деп ишенет, анткен менен, аны Көз каранды эместин каршылыгы бир аз тынчсыздандырат.

Өзүмчүл Джейлинди сөз жүзүндө тааныган жана анын негизги мыйзамдарын бузбаган ар бир адам эле Аффабелдин

жашоочусу болуу укугуна ээ болот деп ойлойт. Ошентсе да, өз атына ылайык, ал көбүнчө эле жеке иштери менен алек. Анын жакшы иштеринин ниети да негизинен жеке иштерине байланыштуу. Мезгил-мезгили менен аны жан тартуу, боор толгоо кыймылга келтирип турат, бирок кандайдыр бир басымды сезер менен, Өзүмчүл анын өзүнүн кызыкчылыгына дал келе турган гана нерсени издейт.

## Кайрымдуулук

Биздин акыркы каарманыбыз – Кайрымдуулук, падыша Джейлиндин бардык мыйзамдарын бүткүл жүрөгү менен кабыл алат жана аткарат. Көп убакыттар бою Джейлин падышанын эркин окуп үйрөнүү менен, ал анын принциптерине гана үйрөнүп калбастан, алардын ар биринде падышанын жүрөгүн түшүнүүгө аракеттенет. Ал окууга жана мектептин, Эндель коомунун кызыкчылыгы үчүн ыктыярдуу түрдө көптөгөн убактысын арнайт. Ал он бешке толор менен Энделде улуу падышанын каалоосун ишке ашыруу үчүн, кыскача гана мүмкүнчүлүк алдыда турарын билет. Анын максаты – толугу менен Джейлиндин даңкы үчүн жашоо, ошондуктан ал бул негизги максатка бараткан жолдон өзүн эч нерсенин азгырып кетүүсүнө жол бербейт.

Кайрымдуулук Джейлинди сүйөт жана алардын жолугушар күнү тууралуу кыялданат. Ага болгон тил алчаактык ага ырахат берет. Ал анын кең пейилдиги тууралуу башкалар менен көп сүйлөшөт, анын айынан шылдыңга көп кабылгандыктан, көбүнчө жалгыз калат. Джейлиндин мыйзамдарына карата өзүнүн солкулдагыс ишеними үчүн тарткан азаптарына карабастан, падышага ишенимдүү болууда ага эч ким жолтоо боло албайт.

## Бүтүрүүчүлөр

Беш энделиттин баары тең он бешке толушат. Белгиленген күнү башка эки миң студент менен бирге алар да бүтүрүүчүлөр

болушат. Ар бирине Джейлин берген өзгөчө тапшырма жана акчанын белгилүү бир алгачкы суммасы да берилет да, ал башкы башкарма тарабынан бүтүрүү күнү тапшырылат.

Биздин каармандардын арасында акчаны бөлүштүрүү төмөнкүчө жүргүзүлөт: Көз каранды эмес элүү беш миң талант, Алданган менен Коркоктун ар бири кырк миңден алышат, Өзүмчүл баарынан көп – жетимиш беш миң алат, анан акыр – аягында Кайрымдуулук жыйырма беш миң талант алат. Акыркы акыл-насаатты уккандан кийин, чөнтөгүндө акча бар балдар мектептен бошотулушат.

## Сатуучу

Көз каранды эмес мектепке кээде гана барганына карабастан, сабактар дагы эле анын жан дүйнөсүндө тургандай сезет. Кээде ага уккандарынын кээ бирлери чындыктай болуп сезилет. Эгерде бул ушундай боло турган болсо, анда анын жүрүм-туруму мектепти бүтүп атканда берилген акчанын суммасына анчалык деле таасир этпейт деп ишенет.

Ага ишенилип берилген таланттары менен конвертти колго алганда, Көз каранды эместин колдору калтырап кетти. Конвертти ачып көргөндө ал өзүнө берилген сумманы көрүп таң калуусун араң басып, жеңилденди. Ал Коркокко караганда он беш миң көп алгандыгын көргөндө ого бетер кубанды, ал эми Кайрымдуулукка караганда эки эсе көп алгандыгын көргөндө эки эсе кубанды. Ал: “Эмне деген убакыт коротуу! Кайрымдуулук менен Коркок ушул сабактарга канча убактыларын бекер эле коротушту, андан эч кандай пайда алышкан жок”. Натыйжада, мунун баары Джейлин такыр эле жок деген шектенүүсүн бекемдеди. Көп жылдар мурун жоголуп кеткен ата-энелери акчаны калтырып кетсе керек, деп ойлоп койду. Эми бардыгы жаштарды көзөмөлдөп туруу үчүн, мектептин жеткечилиги тарабынан ойлонуп чыгарылган нерсе экендигине анын көзү жетти.

Эки жумадай майрамдагандан кийин, Көз карандысыз эми өз ишин баштоого убакыт келгендигин мойнуна алды. Ал пландаштыргандан да бир топ көбүрөөк акча жоготуптур. Автомобиль сатуу менен алектенген Көз карандысыз, ал өзү тубаса сатуучу экендигин билди. Иш таң каларлык жакшы болуп баратты. Бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү өзүлөрүнүн баштапкы суммасынын бир бөлүгүн Көз карандысыздын салонундагы туруп калган же таптакыр эле жаңы машиналарды сатып алууга сарпташты. Акчаны көбөйтүү менен, ал акчаны дагы башка ишке сала баштады, ал жакта да аны ийгилик күтүп турду. Капиталдын өсүшү менен анын жашоосу бүтүндөй өзгөрүлө баштады. Ал акча – бул, таасир этүүнүн таң каларлык куралы экендигин тез түшүндү, ал тургай, анын бакытка ээ болтуруучу да күчкө ээ экендигин түшүндү. Жаңы мүмкүнчүлүктөр, байлык, жыргал жашоо аялдарды да тартты жана анын жашоосун дагы да кызыктуураак кыла баштады.

Көз карандысыз мектептеги жума сайын болгон чогулушка эч качан барчу эмес, бирок көптөгөн адамдар аны урматтуу атуул деп эсептешкен, анткени анын шаардык долбоорлорду каржы жагынан колдогондугун билишчү. Энделдик бул эмгекчи үчүн, жашоо мындан да бактылуу болушу мүмкүн эместей эле.

## Куруучу жана жер сатуучу

Алданган дагы чексиз бактылуу эле жана ал өзүнүн бүтүрүүчүлүгүн Көз карандысыз менен бир нече жума бою бирге майрамдады. Ал башкаларга караганда акчасы анчалык көп эмес экендигине карабай, Кайрымдуулукка караганда өзүнүн акчасы көбүрөөк экендиги аны кубандырып жатты. Мындай бөлүштүрүү падыша Джейлиндин укмуштай кайрымдуу экендиги тууралуу анын жекече оюн бекемдеди – мындай кайрымдуулук эмнелергедир көз жумуп койсо да болот.

Мектепте болсо ал мындай жүрүм-турум мектептин мыйзамына карама-каршы келерин билип туруп, эки кыз менен сек-

суалдык мамиледе болгон. Ал мындан эч кандай көйгөйдү көргөн эмес, анткени ал Джейлинге жана анын падышачылыгына бекем ишенген. Жашоого карата анын өзүнүн жекече мындай деген көз карашы пайда болгон: “Джейлинге өзүмдү арнап жана эч кимге олуттуу зыян келтирбей жүргөн кезимде, мен падыша жайгашкан жерге ээмин”. Ал ар кимдин кандайдыр бир муктаждыгы бар, анткени жеткилең адамдар болбойт экендигин Джейлин да түшүнөт деп эсептеген. Ал Джейлин сотто анын бардык каталыктары менен кемчилдиктерин жаап коёт деп ишенген, анткени Алданган ага бүт жүрөгү менен ишенип атпайбы.

Эки жума өткөндөн кийин ал өз ишин баштады. Ал куруучу болуп калды. Алгач кардарларды табуу оңойго турган эмес. Анын үйлөрүнүн долбоору абдан эле мыкты болгон, бирок ал сатып алуучуларды таба алган эмес. Кимдир бирөө анын баасы өтө жогору деп баалаcа, кимдир бирөөлөр өзүнө ошондой мыкты үйдү сатып алууга мүмкүнчүлүгү жок деп эсептеген.

Айласы куруп, ал бааны түшүрдү, бирок кардарларга өзүнүн мыкты долбоорлорун сунуштоону уланта берди. Ал мурдагыдай эле убадаларды берип жатты, бирок чын-чынына келгенде мурдагыга караганда бир топ сапаты начар материалдарды колдонуп жатты. Кээ бир материалдар таптакыр эле стандартка жооп берген эмес. Алданган ушул стандарттарды бекиткен адамдар жөн гана коопсуздукка көбүрөөк басым жасап жатышат деген жыйынтыкка келди. Ал өзү тандап сатып алган материалдар кандай аба-ырайындагы шарттар жана оорчулуктар болсо деле чыдайт дегенге ишенимдүү болгон. Эми соодалашуу жагымдуураак болуп, ага кызыккан Энделдин жашоочулары ушунчалык көп контракттарды түзүп жатышкандыктан, ал үйлөрдү куруп жетишпей калып атты. Акыры иш жүрүшүп, акча айлана баштады.

Эки жыл өткөндөн кийин Алданган жер тилкелерин сата баштады. Үй сатып алган адамдардан аягы жок арыздарды уга бергенден чарчаган ал, жер сатуу менен иштеп жана мындан

ары үй сатуу менен алектенгиси келбеди. Эми кепилдик берген тейлөө жана оңдоп-түздөө менен алек болуп кереги жок.

Алданган сотигин миң таланттан жер тапты. Бул чындыкты карманууу үчүн өтө жакшы нерсе болчу. Анан тереңирээк изилдөөлөрдөн кийин бул жер сел каптай турган болсо, чөгүп кеткенге ыңгайлуу экендиги аныкталды. Мындай маалыматка болгону бир нече гана адам ээ болгон, анын үстүнө баары эле анын достору болчу. Ал шаардык башкармалыктагы Көз каранды эмес досун тапты да, геологиялык сыноодон өтпөгөн эле жер тилкелерин сатууга көндүрдү. Акыры бир да жолу суу каптоолор болгону анын эсинде жок, ошондуктан көйгөй деле жок да. Кыйынчылыксыз эле бул каалоосу да ишке ашып калды. Ушундан кийин жаш ишкер үчүн жашоо жакшырып кетпестей болуп сезилген.

## Мугалимдин жардамчысы

Бүтүрүү кечеси болуп өткөндөн кийин Коркок да өз курбусу менен биргеликте дүкөндөрдү кыдырып жүрдү. Анын эки максаты бар эле: биринчиден, мектепти бүткөндү белгилеп, жакын курбусу менен убакыт өткөргүсү келген, экинчиден болсо, ал жаңы жашоо үчүн керектүү болгон бардык нерселерди, жаңы кийимдерди да сатып алгысы келген. Анын ушунчалык берилип каалаган тилеги Энделдеги Мугалимдин Жардамчысы болуу эле. Ал башка нерсени мынчалык күчтүү каалаган эмес. Бул орунга иштөө үчүн сынак-маек эмки жумада болушу керек болчу.

Эртеси күнү дүкөндөрдү кыдырып жүрүп, Коркоктун Ушакчы деген курбусу алардын жалпы курбусу болгон Чагымчы мектептин директоруна Коркок студенттердин бири менен өтө ынак мамиледе дегендей сөздү айтканын ага айтып келди. Бул болсо Коркоктун өзү каалаган адистик боюнча жумушка туруусуна өтө олуттуу тоскоолдук кылмак. Бирок, бул таптакыр туура эмес да! Ал мектепти окуп бүткөнгө чейин өзүн эң эле таза сактаган, адептүү жан болгон. Муну Чагымчы ага ич күйдүүлүк кылгандыктан же балким, жек көргөндүктөн жасады.

Коркок аябай ачууланды. Ал өзүн ушунчалык кордолгондой сезип, дем алыш күндүн калганын курбу болуп аталып жүргөн адам кантип ушуга барды деген ойго чөмүлүү менен өткөрдү. Ал Чагымчыны, ушул калпы үчүн жооп берүүгө мажбурлайм деп өзүнө убада берди.

Маектешүүнүн – сынактын да маалы жетти. Коркокту таң калтырып, аны бул адистикте иштөөгө жумушка алышты. Директор чын эле ар кандай сөздөрдү уккандыгын, бирок изилдеп көргөндө, алар негизсиз болуп чыккандыгын айтты.

Коркок милдет эле алып калбастан, өзүнүн сүйүктүү мугалимдеринин бири болгон Экибеттүү Жашоо деген мугалимдин ассистенти болуп бекитилди. Ал эң бир кыйын мугалимдердин бири болчу. Ал жыйырма беш жашта эле жана көптөн бери жаш энделтиттер менен иштеп жүргөн. (Мугалимдер сотко жыйырма жашында эмес, отуз жашында келишчү). Коркок ага ушундай бир динамикалуу лидер менен иштөөгө ишеним артышканы үчүн таң калып атты.

Сабак башталды. Баары жакшы баратты. Бирок, ал баягыдай эле таарынычты кармап жүрдү. Канчалык баары сонун болуп атканы менен, ал мурдагы курбусунун чыккынчылыгын унутууга күчү жетпей атты.

Мунун баарына карабастан, сыртынан баары сонун көрүнүп атты, бирок ичинде жагымсыздык жашынып жатты. Экибеттүү Жашоо деген мугалимдин аты анын табиятын толугу менен чагылдырып турду. Ал жумушунда башкача адам, ал эми жашоосунда такыр башкача адам эле. Анын соту эң бир катуу болчу, анткени ал мугалим болгондуктан, Джейлин менен жолугушуп туруу артыкчылыгына ээ эле.

Бир жолу кечинде Коркок менен Экибеттүү Жашоо жалгыз калышканда ал ага асыла баштады. Таң калган жана кордук көргөн ал, токтоосуз түрдө аны калтырып кетти. Ал багынып калбастан, бир нече жумага чейин өзүнүкүн бербей жүрдү. Коркок уят болуп калган мугалимдин жүрүм-турумуна өзүнүн таасирле-

нишин кайра карап көрдү да, анан анын сөздөрүнө тил алчаак боло баштады: анткени ал ушунчалык мыкты, керемет адам эле. Ага ал тараптан көңүл буруулар жагып баратты. Ал абдан кылдат, назик мамиле кылган, көрүнүктүү жана коомчулукта эң бир көңүл бурдурарлык эркек болчу. Акыр-аягында ал багынып берди жана экөөнүн ортолорунда кумардуу романдар башталды.

Коркок өмүрүндө бир да жолу кумардуу сүйүү сезиминин мынчалык баш айланткандай болоорун башынан өткөргөн эмес эле. Ар дайым ошол кишини көргөндө, анын деми буулуп калчу. Аны менен жолугушууну белгилеген күндү ойлоо аны ушунчалык ээлеп алгандыктан, ал Чагымчыга кармап жүргөн тереңдеги, жашыруун таарынычтан да убактылуу алаксый түшчү эле.

Кандай болгондугуна карабастан, арадан төрт ай өткөндөн кийин Экибеттүү Жашоо капысынан андан муздай баштады. Таптакыр айласы түгөнгөн кыз анын себебин билгиси келди. Ал экөөнүн ар бир жолгушуусун эскерип, андан жооп талап кылды. Акыр аягында ал анын мурдагы романдарын Чагымчыдан уккандыгын айтты. Бул албетте чыныгы себеби болгон эмес, жөн гана ал Коркокко карата кызыкчылыгын жоготуп койгон. Экибеттүү Жашоо шаардагы башка бир кызга карата кызыгууга батып бараткан. Кыздар бул белгилүү жана кумардантып турган кишинин чечкиндүү тийишүүлөрүнүн алдында туруштук бере алышчу эмес.

Коркок сынып калды. Ага ал кишини күн сайын мектепте көрүп туруу оор болду. Дароо эле иштен кетүү тууралуу арыз жазып, бир нече жума кайгырып жүрүп, калган кырк миңге ал сулуулук салонун ачты. Жума сайын чогулушту калтырбоо керек деген Джейлиндин мыйзамына кол койгон менен, Коркок жума сайын мектепте өтүп турган жыйналышка да келбей калды. Ал эки жүздүүлөр менен жалпы эч нерсеге ээ болгусу келбей атты. Ал эми, жыйналышка барган көптөгөн адамдар ушундай болушчу.

Улам күн өткөн сайын, улам көбүрөөк катууланып, Джейлин жана мектеп тууралуу азыраак ойлонуп калды. Мурда

ушунчалык ачык көрүнүп турган кумарданую кайдыгерлик менен каршы чыгууларга айланып баратты. Эгерде андан сурап калыша турган болсо, өзүн Джейлинге арнагандыгын айтчу, бирок жүрөгүнүн тереңинде ушундай ыплас жашоодо жашаган адамды кантип мектептин мугалими кылып койду деген нараазычылык жаткан эле.

Сыноо мезгилинин аяктаар кезинде Коркок таарынган, кекээрленген аялга айланып калды. Бирок, ал муну көшөкөрлүк менен моюнга алган жок. Сыноо мезгилинин калган күндөрүн ал ага адамдар аркылуу келген таарынычтардан арылууга аракеттенүү менен өткөрдү.

## Энделдин мэри

Эми биз, алган суммасына аябай таң калган Өзүмчүлгө кайрылалы. Джейлиндин окутуусун билген ал мектепти бүткөндүгүн ичимдик ичип сайраңдоодон кармануу менен майрамдады. Анткени, андайга тыюу салынган эле. Бир нече күн эс алып алган соң, ал өзүнүн акчасын инвестициялоодон баштады. Соода пайдалуу болуп, ал өзүнүн алгачкы капиталын бир топ көбөйтүп алды. Каржы тарабынан ийгиликке жетип, ал өз теңтуштарынын арасында белгилүү боло баштады.

Өзүмчүл шаардын эң бир жакшы жеринен үй сатып алып, ага күчтүү жана таасирлүү адамдарды конокко чакырды. Өкмөт мүчөлөрү, чебер спортсмендер, ишкерлер жана башка белгилүү адамдар анын жоомарттыгынан ырахаттанып жатышты. Ушинтип атып ал тез эле коомдогу маанилүү адамдардын бирине айланып кетти.

Үч жылдан кийин өзүнүн каржылык абалына тааныш-билиштерине байланыштуу Энделдин мэрлигине кандидатурасын коюп, анан ал оңой эле жеңишке жетише алды. Жаңы ролго кирип жатып, ал өзү бир топ олуттуу чечимдерди кабыл алышы керектигин түшүндү, алардын бирөөсү мектепке тиешелүү эле. Окуучулардын саны өскөндүгүнө байланыштуу дагы

кошумча окуй турган жер зарыл болуп жатты. Бул үчүн жер сатып алып, жумушчуларды издеп, курулушка кетчү чыгымдарды таап, анан мектепке керектүүлөрдүн баарын камсыздоо керек. Көйгөйдү чечүүдөгү биринчи кадам шаардыктардан акча чогултуу эле. Жума сайын болгон шаардыктардын чогулушунда акча чогултууну аяктап жатканда мектепти кеңейтүүгө кеткен акча жетишерлик эмес экендигин көргөн Өзүмчүл, ага ишенип берилген таланттардынын миңин өз жанынан кошту.

Андан кийин оңой эмес чечим кабыл ала турган мезгил келип жетти. Акыры мектепте жер тилкесин алууга жетишерлик акча каражаты пайда болду. Сунуш кылынган баа таң каларлык түрдө бюджетке туура келип турду. Ошентсе да, ошол эле тилкеге ири супермаркеттин ээлери да ээ болууну каалашыптыр. Шаардык кеңеш ой-пикирлерди бөлүшүп көрүштү. Мектеп коммерциялык эмес уюм болгондуктан, эч кандай салык кирешесин алып келген эмес. Башка жагынан алып караганда, дүкөн чоң киреше алып келип, шаарды кошумча жумуш орундары менен камсыз кылмак. Ошентип, шаардык кеңештегилердин ойлору бир жерден чыккан жок. Чечүүчү добушту мэр бериш керек болчу. Өзүмчүлдү карама-каршы келген ойлор кыйнап жиберди. Соода тармагынын ээлери анын шайлоо алдындагы компаниясына ири өлчөмдөгү акчаны сарпташкан жана өз кадырларын анын пайдасына пайдаланышкан. Алар анын үйүнө тез-тез конок баолуп каттап турушчу.

Өзүмчүл соода тармагы үчүн добуш берди. Коомчулуктун алдында ал өзүнүн тандоосун бул бүткүл Энделдин тургундары үчүн жыргалчылык алып келет деп билдирди. Ал бул чечим шаардык бюджетти толтурууга жана көп жумушчу орундарын берүүгө мүмкүнчүлүк берет деп ишендирди. Бул мүмкүн эмес экендигин билип турса да, ал мектепке азыркы имаратты кеңейтүү үчүн ички мүмкүнчүлүктөрдү издеп көрүүгө кеңеш берди. Коомчулуктун көп бөлүгү тамшанып тургандыгына карабастан, анын чечими Джейлиндин жолун чын жүрөктөн жолдоочулардын баарын олуттуу түрдө кейитти.

Мэрдин ордунда туруучу эки жылдык мөөнөт аяктаганга жакын калды. Жаңы шайлоо мезгили келди. Кандайдыр бир абийир ашкересинен кийин, ал Энделдеги мектепке ага ишенип берилген беш миң талантты курмандыкка берди. Акчаны тапшырып атып, ал курулушка көбүрөөк ылайыктуу келген башка тилкени табууга убада берди. Бул аракети ага Джейлиндин жолун жолдоочулардын көпчүлүгүнүн ишенимине кирүүгө жардам берди. Бул жаш жетекчи экинчи жолу да шайлоодо оңой эле утa алчудай болуп калды.

## Ресторандын ээси

Кайрымдуулук мектепти бүтүп аткандагы ага берилген жыйырма беш миң таланттын үч миңин мектептин жаңы имаратынын курулушуна курмандыкка берди. Анын жүрөгү аны мугалимдер эмнеге үйрөтүшкөн болсо, баарына ыраазы болууга толгон эле. Ал өз ыраазычылыгын ушинтип билдиргиси келген. Калган жыйырма эки миңине Кайрымдуулук ресторан ачты.

Ал кулинардык искусствого байланышкан нерселер менен алектенүүнү абдан жактырчу. Ал акылдуу бизнес-леди болуп чыга келди. Өз талантын көргөзүү жана коомго кызмат кылуу үчүн ресторан эң сонун курал болот экен. Ага өз чөлкөмүнөн эң мыкты ашпозчуларды чакырып, алардын жөндөмдүүлүктөрүн көргөзүп, мыкты менюларды түздү. Ресторан дароо эле ийгиликке жетишти.

Өз ресторанына жогорку баа жана сыйлыктарды алуу менен, кайрымдуулук ар дайым Джейлиндин акылмандуулугуна таянчу. Өз интервьюларында ал дайыма мектеп мугалимдерин жана мыкты жумушчуларды мактачу. Ал ийгиликти өзүмдүкү гана деп айтчу эмес, өз жетишкендиктери менен мактанчу да эмес. Кайрымдуулук мунун баары Джейлинге байланыштуу болуп атканын билчү.

Ресторандын ушунчалык гүлдөп өскөнүнө карабай, Кайрымдуулук бир да жолу Өзүмчүлдүн үйүндө конокто болгон

жок. Ага бир да жолу коомдогу жетекчилик кызматты сунушташкан жок. Ал Джейлиндин жолун радикалдуу жолдоочулардын бири болгондугу менен кадыр-баркы бар эле, анын үстүнө ал аял болчу. Ал шаардагы таасирдүү адамдардын катарына кирбегендиги Кайрымдуулукту эч бир кейитчү да, коркутчу да эмес. Ал ийгиликке азыраак жетишкендерге көңүл бөлчү. Ал жума сайын мектептеги чогулушка барып, ал жакта адамдарга кээде акча жагынан, кээде башка жактардан жардам берип турчу. Кайрымдуулук жаш, бактылуу аял эле.

## Белгиленген Сот күнү

Сыноонун акыркы күнү келип жетти. Сотко келе турган адамдар, бул эмки беш жылдыктын кайсы күнү болсо да боло тургандыгын моюнга алышкан, анткени биринчи беш жылдык акырына чыгып калган. Бирок, эч ким мунун ушунча тез болорун элестетишкен эмес. Күн адаттагыдай эле башталып, бирок таптакыр күтүүсүз бүттү. Коюу түн ичинде Аффабелдин күзөтчүлөрү бүтүрүүчүлөрдү алып кетишти. Алардын жашыруун кетиши Энделдин бардык тургундары уктап жаткан мезгилде болду.

Күзөтчүлөр коштогон эки миң жаштар шаардын жашыруун жолдору менен чыгарылып кетишти. Бул Эдонг дарыясынын астында жайгашкан терең туннель болчу. Туннелден өткөн соң алар дагы эки күн бою жашоо жок чөлдөн жөө басып өтүштү. Алардын саякаты бүткөнчө күзөтчүлөрдүн жетекчиси аларга кам көрүп, өз запасындагы тамактардан, суудан жана башка зарыл нерселерден бөлүшүп барды.

Күзөтчүлөр абдан кылдат, токтоо мамиле кылышты. Алар алдыларына койгон тапшырманы так аткарууга жигердүү болуп жатышты. Алар кээ бир суроолорго гана жооп берип жатышты, энделиттер болсо, демек аларга башка суроолорго жооп берүүгө уруксат эместигин түшүнүштү. Тыюу салынган суроолорго стандарттуу түрдө жооп берүүлөр мындайча угулган: “Си-

лер баарын өз убагында билип аласыңар”. Бул жооп жолоочуларды ого бетер кызыктырды. Көптөн күтүп келе жаткан улуу шаарга бара жатып алар чөлдөгү ыңгайсыздыкты жана ысыкты сезишкен да жок. Үчүнчү күндүн таңында алар бир дөбөгө көтөрүлүштү, ал жактан эртең мененки күн нуруна оролгон улуу шаар көрүнүп турду. Аффабель алардын ар кимисинин элестетүүсүнөн да бир топ улуулуктагы жай болуп чыкты.

Шаарга жакындашкан сайын анын улуулугу уламдан-улам көбүрөөк ачыла берди. Алар өзүлөрү турган алыс жерден карашканда да шаарга теңдештер жок экендиги билинип турду. Аффабелдин борбордук районуна киргенден кийин Энделден келген эркек-аялдар ал жерде баары өмүргө толуп тургандыгын байкашты. Бул таң каларлык жерде чымчыктар да жөн эле сайрашпай, сүйлөп жатышты. Алардын керемет обондуу ырлары улуу шаардын даңкы жана сулуулугу тууралуу айтып жатты.

Энделиттер үчүн бул абдан күтүүсүздүк болуп калган жок, анткени алар күзөтчүлөрдүн минген аттары кантип сүйлөп жатышканын угушкан эле. Бул жакшынакай жаныбарлар өз ара эле сүйлөшүп калышпастан, өзүлөрүн минип жүргөндөргө да сөз менен кайрылып жатышты. Адамдар менен алардын аттарынын ортосундагы мамиле да адамды толкундатаарлык. Аффебель шаарындагы бардык жаныбарлар сүйлөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болуп, сүйүп жана кубана алышаарлыгы ачык эле көрүнүп турду.

Жаш Энделиттер кайсы жакка карашпасын, кандайдыр бир өзүнө тартып турган нерселерди байкашты. Алар Аффабелдин жакшылыктарына баш-оту менен чумкуп жатышты. Ал жердеги аба дагы алардын чарчаган денесине күч жана акыл берип, сергектик тартуулап турду. Бүт шаарды аралап аккан суу келгиндерди кызыктырып турду. Суунун агымы өмүрдүн учкунун сездирип турду. Керемет музыканын ыргактары бүткүл атмосферага жайылып, алардын тамшанган жандарын тынчтык менен толтуруп турду. Айланадагылардын бүт баары, кичинекей

өсүмдүктөн баштап, дем алган абага чейин тирүүдөй болуп – ар бири өзүнө жашоо берүүчү жөндөмдү камтып турду. Бул керемет жердин ар бир бөлүкчөсү өмүргө толуп турду.

Өзүлөрүн кармай албаган жаштар улуу шаарда өзүлөрү көрүп турган бул нерселерди кармалап жибергилери келип турду. Алар чуркап кетип, баарын өзүлөрү карап көргүлөрү келди, бирок азырынча аларга эч ким уруксат бербестигин билип турушту. Аларды кабыл ала турган чооң бир жайга алып келишти. Ал жакта эркектер менен аялдарды бөлүштү.

Аларды алып келген имарат чексиз эле, канча киши болсо да батчудай. Анын мрамор дубалдарынын ичине миндеген адамдар батчудай.

Кире бериш жерден энделиттерге жыпар жыттуу душ же ванна кабыл алуу үчүн атайын кийимдерди беришти, алар падыша менен көрүшүүгө даярданыштары керек болчу. Жолоочулар өзүлөрүнүн алыс жолдо чаңдаган, бул жерде өтө эле көзгө комсоо көрүнүп турган кийимдеринен арылганына эле кубанып жатышты.

Ар бир энделитти ушул шаарда жашоого болгон эбегейсиз каалоо ээлеп турду. Алар үйлөрүнө кайтып келгендей таң калыштуу сезимге ээ болуп турушту. Алар сууга чайканып, кийинишкен соң эрте мененки тамакты жеш үчүн кайрадан чогулушту. Имараттын кеңири короосунда аларга бир аз баарлашууга уруксат берилген жерде, аларды укмуштуудай жасалган дасторкон күтүп турду. Тамактан кийин топту дагы бөлүштү, бул жолу аттарын атап чакырып жатышты. Кайрымдуулукту, Өзүмчүлдү жана башка беш жүз кишини оң жактагы коңшу залга алып барышты. Коркокту, Алданганды жана Көзкарандысызды башка бир жарым миң киши менен чогуу сол жактагы аудиторияга алып кетишти. Залга кирип жатып, алар босогодо жазылып турган өзүлөрүнүн аттарын байкашты. Аттары энделиттерге тааныш болбогон тилде жазылыптыр. Бир зал “Өмүр залы” деп, башкасы – “Адилеттүүлүк залы” деп аталат экен.

## Өмүр залы жана Адилеттүүлүк залы

Залдын босогосун аттаганда эле Көзкарандысызды коркунуч сыяктуу укмуш таң калыштуу тынчсыздануу ээлеп алды. Ал өз оюнда мектептеги сабактарга кайра барып, Джейлин тууралуу уккан бирдеменидир эстегиси келип жатты. Башында жалаң эле түйшүктөр болуп атты. Ал өтө көп сабактарды калтырып койгондугуна абдан өкүндү. Ал кандай гана туура эмес кылган, шаар да, падыша да бар турбайбы! Өсүп бараткан коркунучту токтотууга аракеттенип, ал Джейлиндин сүйгөн жана боорукер мүнөздөрүн эстеди. Ушул учурда ал акылына келип жаткан падышанын адилеттүүлүгү жана ыйыктыгы тууралуу такыр ойлонгусу келбей турду. Ал коомдук иштерге катышып, жакшы адам болгонун эстөө менен өзүн сооротуп жатты.

Терең дем алып жана эки жагын карап, Көзкарандысыз бул жерде Энделдин эң бир начар атуулдарынын да жүргөндүгүн көрдү. Алардын арасында бейбаштар, алдамчылар, аракечтер да бар эле. Алардын ичинде өтө көп иштегендер да, жалкоолор да бар эле. Коркунучтун жаңы толкуну аны каптап кетти. Дүрбөлөңгө түшүп жаткан кезде ал Коркокту көрдү. Көздөрүн жумуп, ал жеңилденгендей дем алды. Ал класста абдан көрүнүктүү жана Джейлиндин берилген жолдоочусу эле. Ал тургай, ал мектепте иштегенин ал уккан жок беле? Эгерде ал да ушул залда жүргөн болсо, анда баары жакшы эле болуп бүтөт болуш керек.

Ага карай бара жатып ал Алданганга урунуп алды. Бул дагы бир жакшы белги! Эгерде Коркок менен ал анча баарлашпаганы менен, Алданган күчтүү ишенүүчү эмес беле. Ал тургай, Джейлин тууралуу бир аз талашып да калышчу. Ал өзүнүн эски досун кучактаганда, маанайы таптакыр өзгөрүп кетти.

Алдангандын таасири катуу жана жакшы болчу. Коркунучтун баары кеткен кезде, достор сүйлөшө башташты. Джейлиндин кайрымдуулугу алардын бардык күтүүлөрүн басып кетти окшойт. Карачы, Көзкарандысыз кечирүүгө мүмкүн

эмес дегендердин баарын ал оңой эле кечирип койгонун. Же андай эмеспи? Улуу окутуучу Экибеттүү Жашоо аларга өз талаптарын ашырып жиберген беле? Эми ал баары жакшы болооруна дээрлик ишенип калды.

Бирок, Кайрымдуулук менен Өзүмчүлдүн жок экендиги бир аз тынчсыздандырып турду. Дагы бир нерсени – адамдар бурч-бурчта ыйлап тургандыгын түшүнө албай турду. Балким аларды Джейлиндин кең пейилдиги толтуруп жаткандыр?

Берки залда да эмоциялар ушинтип толкуп-ташып атты. Мектепти бүткөндөн кийин бири-бирин жоготуп коюшкан достор жолугушуудан таң калып жатышты. Көп өтпөй ар бир сүйлөшүүлөрдө бир гана тема баарынан жогору чыгып жатты: жакында алар Джейлинди көрүшөт!

Өзүлөрүнүн чыныгы максаттарын жана тагдыр убадалаган максаттарын сынап көрө турган убакыт да келип жетти. Алар баары керемет шаар тууралуу сүйлөп атышты. Алар бул жер Энделге караганда бир топ жакшы экендигин дайыма билишкен, ал тургай биринчи көргөндөгү таасирлер эле алардын бардык фантазияларынан ашып түштү. Баардыгы алардын түшүнүктөрүнө сыйгандан да бир топ көбүрөөк болчу. Алар өзүлөрүнүн калган жашоолорунун баарын ушул жерде өткөрөөрү чындыкпы? Ушундай нерсе үчүн алардын кимиси болбосун, ал тургай пол жууганга да макул болмок! Бул залда тургандардын баарысы Джейлин менен жолугушаарын билишчү, бирок анын адилеттүү сотунун алдында кантип тураарын түшүнүшчү эмес. Бир нече убакыттан кийин залда салтанаттуу атмосфера өкүм сүрдү. Толкундоолор коркунуч менен аралашып, өз падышасы менен жолуга турган момун малайларды толтуруп турду.

Алгач Өмүр залында тургандарды соттоо керек болчу. Бирок, биз аларга кийинчерээк кайрылабыз. Азырынча биздин таржымал бизди адилеттүү сот Залына алып баратат.

## Сот Залына чакыруу

Түш маал болчу. Адилеттүүлүк Залында тургандар ишенимдүүлүккө кайтышып, аларга эч кандай коркунуч жолобостугуна карата ишеним келди. Аларды тынчсыздандырган же аларга түшүнүксүз болгон нерсе Джейлиндин кайрымдуулугу же анын жолдорунун табышмактуулугу деп шылтап коюшту. Ушинтип ойлоо аларды тынчтандырып жатты.

Бир жарым миң жаш энделиттердин ичинен залга биринчи болуп Көзкарандысыз чакырылды. Падышанын төрт күзөтчүлөрү аны Адилеттүүлүктүн Улуу Залына коштоп барышты. Чыңалган абалды бошотуу үчүн ал жылмайды жана алардын бирөөсү менен көздөрү чагылыша түшкөндө ага көз кысып койду. Аны таң калтырып, эч кандай жооп болгон жок.

Анын артынан эшик жабылаары менен мурда аны кыйнап аткан суроолордун баары кайрылып келди. Жүрөгү барабандай болуп кагылып атты. Ага бул добуш күзөтчүлөргө да угулуп жаткандай болуп туюлду. Алданга анын жанында болгонун ушунчалык каалап жатты! Ал азыр Соттун алдына барат, ал болсо аны менен жалгыз калгысы келген жок эле. Көзкарандысыздын ишенимдүүлүгү жоголуп баратты.

Улуу Залга кирер алдында күзөтчүлөрдүн бирөөсү кыскача гана токтомду окуду. Көзкарандысыз окулгандардын бирөөсүн эстебей калбайын деп, дайыма башын ийкеп жатты. Кулагы ушунчалык кагып жаткандыктан, ал угуу жөндөмдүлүгүнөн ажырап каламбы деп коркуп жатты. Жооп катары күзөтчү баш ийкеп, Көзкарандысыз болуп жаткан жол-жобону түшүнүп жаткандыгына ишенимдүү болгондо, залдын эшиги кенен ачылып кетти.

Эбегейсиз залдын ичине карай бир нече кадам таштаган Көзкарандысыз бүткүл денеси титиреп турганын сезди. Чекесинен муздак тер акты. Аны аягына чейин оозун ачырган нерсени көрүп, ал таптакыр өзүн жоготуп койгонун сезди!

3-БӨЛҮМ

# АФФАБЕЛЬ ПАДЫШАЧЫЛЫГЫ: БИРИНЧИ СОТ КҮНҮ

*Ыйса булардын баарын элге үлгү-насаат аңгемелер менен айтты. Ал үлгү-насаат аңгемесиз сүйлөчү эмес. Пайгамбар аркылуу айтылган сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду: Менин оозумдан накыл сөздөр чыгат. Дүйнө жаратылгандан бери жашыруун болуп келе жаткан сырларды айтып берем.*

— Матай 13:34,35

Өз аллегориямды улантуудан мурда, мен Ыйсанын боло турган сот тууралуу аларга айткандыгын белгилеп кетким келет. Жакандын Жакшы Кабарынан (12:48) биз муну окуйбуз: "Мен айткан сөздөр аны акыркы күнү соттойт". Биз Анын тагынын алдында соттолорубуз жөнүндөгү стандартты Ыйык Жазуудан улам билебиз.

Ошондуктан, Джейлиндин айтылган көптөгөн сөздөрүнүн алдында сандар жазылат. Бул сандар ар кандай котормолордогу Ыйык Жазууга тиешелүү, алардын бардыгы китептин арт жагында келтирилген. Биздин таржымалдын каармандарына байланыштуу түзүлгөн Джейлиндин сөздөрүнүн көпчүлүгү Ыйык Жазуунун аяттарынан турат.

Эми болсо, Аффабелге кайрылып келебиз.

## Көзкарандысыздын үстүнөн болгон сот

Улуу зал Көзкарандысыз элестеткенден да көбүрөөк тартып тургандай болуп сезилди. Эгерде ага бул тууралуу калган бир

жарым миң адамга айтып берүүгө мүмкүнчүлүк беришкенде, анда бул улуулукту жана кудуреттүүлүктү айтып берүүгө анын сөзү жетмек эмес. Бул залдын архитектурасы менен салыштырып келгенде Энделдин ар кандай имараты абдан эскирген болуп калмак. Аудитория болжол менен жүз миң адамга ылайыкташылган. Ал эч качан ушунча көп кишини бир залда көргөн эмес.

Жакыныраак келген Көзкарандысыз трибунадагы Аффабелдин атуулун айырмалап турду. Биринчи эле анын байкаганы, анын жаркырап турушу эле. Ал анын сөз жеткис сулуулугуна таң калып турду: алар башка дүйнөнүн тургундарындай көрүнүп турду. Мындай көрүнүш аларга өмүр дарагын жегенге уруксат берилгендей болуп көрүнүп турду.

Көзкарандысыз өзүнчө: “Кантип эле алар Энделдин мурдагы атуулдары болсун?” деп ойлонуп турду. Анан ал тааныш кызды көрдү. Аны Жакшылык Кылуучу деп атап коюшчу. Ал кыз андан болгону бир нече жашка гана улуу болчу, анын жупуну жүргөндүгү үчүн аны көп шылдыңдашчу. Азыр ал укмуш көрүнүп турду. Кебетеси баягыдай бойдон эле калыптыр, ошондуктан аны оңой эле тааныса болот, бирок кандайдыр бир түрдө бир топ сулуу болуп калыптыр да, ал Энделдин эң бир сулуу кызынан жогору турат эле. Чынында эле, бул жерде тургандардын кимиси болсо да, ал билгендерден бир топ көбүрөөк өзүнө тартып тургандай эле.

Биринчи жолку эстен тануудан өзүнө келген ал бардык көз караштар күзөтчүлөр аны алып бараткан тарапка багытталганын баамдады. Ал мындайды эч качан көргөн эмес. Бул такты болчу. Бул даңктуу тактыга эч нерсени салыштырып айтууга мүмкүн эмес болчу. Ал тактыда отурганга караганда эле, бүткүл шаардын улуулугунун булагы ким экендигин баамдады. Баары падышадан чыгып турду. “Мына ушул Джейлин болсо керек” деп ойлоду Көзкарандысыз. Капысынан эле, ал өзү абдан таныып жүргөнгө терең ишенип калды.

Джейлиндин бет түзүлүшү сулуу болчу, бирок олуттуу эле, жок эле дегенде азыркы учурда ошондой эле. Сулуу бирок сүрдүү деген сүрөттөө тагыраак болсо керек. Анын бүткүл көрүнүшү өзүнө тарткандай жакшынакай эле, ошентсе да, ар бир кадам сайын Көзкарандысызда коркунуч көбөйүп жатты. Ишенимдүүлүктүн калдыктары да жоголуп кетти. Аны менен эмне болот? Өзүн кармоого аракеттенип жатып, Көзкарандысыз ырайымдуу падышага жакындап баратканына өзүн ишендирди. Анын оюн бул нерсенин акыры жакшы болуп бүтпөй калышы мүмкүн деген шек саноо тынчсыздандырып жатты.

Ал алдыга карай бара жатты. Анан капысынан эле ага кууш секичеде токтоону буюрушту. Алардын баарынан Джейлин жогору көтөрүлүп, чогулуп тургандарга кайрылды:

–...Бардыгы билишет... Мен жүрөктү жана ичин да (ойлор, сезимдер жана максаттар) сынап Туруучумун; баарыңарга ишиңерге жараша берем.

Көзкарандысыз калган бардыгы менен кошо укту. Анан капысынан эле Джейлин анын көздөрүнө тике карады да, минтип талап кылды:

– Өз башкарууң тууралуу отчёт бер.

Көзкарандысыз сөзүн камдаганга чейин эле голограмма пайда болду да, анан анын мектепке келгендеги биринчи күнүнөн баштап, кечээкиге чейинки жашоосу андан көрүнүп жатты. Ар бир иши, сөзү, ар бир ниети чогулуп турган күбөлөрдүн көзүнчө ачык көрүнүп жатты. Джейлин тууралуу чындыктын ачылышы аны титиретти: “Андан жашынып калган бир да жан жок. Бирок, баары айкын, Анын көз алдында баары ачык, Ага отчёт беребиз”.

Көзкарандысыз өзүнүн туура эмес, ачуулуу, өзүмчүл кебетесинен жыйрылып турду. Ушунча адамдын көзүнчө ачыкка чыккан факт ушунчалык эстен тандыргандай, шермендечилик, күтүлбөстүк болду. Энделде маанисиздей же анчалык деле таарынычсыздай болуп сезилген нерселер Аффабелдин сыйлуу

адамдарынын жана даңктуу соттун алдында көңүл айландыраарлык болуп көрүнүп турду. Ал өзүнүн жүрүм-турумунан өзү коркуп кетип жатты. Кантип ал ушундай сезимсиз, макоо, адашкан адам болду экен? Ал бир гана үмүткө байланып жатты, жаман иштерине караганда, жакшы иштери көбүрөөк болушу керек.

Ушунчалык катуу жаза күтүп тургандыгына карабастан, фильм бүткөндө женилденгендей болуп калды. Ал ушул коомдо эң эле бир кичинекей гана киши болсо дагы бактылуу болмок жана дагы эле жакшы иштери жаманына караганда көп экендигине ишенип турду.

Анан Джейлин башкы катчыга кайрылды:

– Анын аты Өмүр Китебинде бар бекен?

Тигил күттүрбөстөн гана жооп берди:

– Жок, менин Төрөм.

Ошондо Джейлин минтип айтты:

– Көзкарандысыз, сен жаман табиятты тандап алганың үчүн күнөөлүүсүң жана өзүңдүн калган жашооңду караңгылыкта кыйналып, үмүтсүздүктө, жалгыздыкта өткөрүү үчүн Лоун жерине кууласың.

Эси оогон Көзкарандысыз кыйкырып жиберди:

– Эмне үчүн Кожоюн?

– Сен мага ишенген эмессиң,– деп жооп берди Джейлин. Сенин устаттарың: “Эгерде силер бул Мен экениме ишенбей турган болсоңор, анда өз күнөөлөрүңөр менен өлөсүңөр, анан да: “Анткени асман астында бизди – адамдарды куткара ала турган башка ысым жок” деп окуткан.

– Бирок, Джейлин мырза, менин жакшы иштеримчи? Кантип эле алар жаман иштеримден ашып түшөт экен?

Падыша Джейлин минтип жооп берди:

– Кептин баары сен мыйзамды аз же көп бузгандыгыңда эмес, анткени “Ким мыйзамдын баарын аткарып жүрүп, алардын бирин эле бузса, бүт мыйзамды бузган болот”.

Көзкарандысыз өзүн колго алып туруп, минтип айтты:

– Адамга кантип куткарылууга болот?

Бул суроого Джейлин өзү жооп бербеди. Ал Аффабелдин урматтууу тургунуна карады, ал жардамчысы окшойт, анткени ал падышаныкындай болгон тактыда отурган, бирок көлөмү кичирээк болчу. Аял минтип айтты:

– Сага мугалим: Джейлин сени өзүнүн өзгөчө ырайымы менен куткарып алды деп айтпады беле, ошого ишениш керек болчу да. Куткарылууну жакшы иштериң менен таба алабайсың, бул-Джейлиндин белеги. Эч ким мактанбашы үчүн, куткарылуу жакшы иштер үчүн берилчү сыйлык эмес.

Джейлин кошумчалады:

– Мен эчак эле жарандардын өткөндөгү жана келечектеги мыйзам бузуулары үчүн төлөп койгом. Бир дагы адам менин алдымда күнөөсүз болуп калганга же мыйзамды толук сактоого жөндөмдүү эмес, бирок адамдарды сүйгөндүктөн алар үчүн жазаны мен тарткам. Ошондуктан, менин куткаруум – бул белек, ага иштер менен татыктуу боло албайт. Сен Аффабелдин атуулу болуш үчүн жетишээрлик жакшы иштерди кыла алмак эмессиң. Ал мага ишенүү менен чогуу берилет. А сен болсо, мен сенин куткарылууң үчүн кылган нерсени четке кактың.

Бир нече секунд толук айласы кетүүдө унчукпай турган Көзкарандысыз мындай деди:

– Түшүнүктүү. Ал үмүтсүздүктүн деңизинде чөгүп баратканын сезди. Бир нерсеге илинчек тапкысы келип, ал минтип сурады: – Демек, менин кылгандарымдын баары бекер беле?

Джейлин минтип айтты:

– Жазылып турат: "...ал эми өлгөндөр эч нерсе билишпейт, алар эми иштерине жараша тиешесин ала алышпайт, анткени алар унутулушат; алардын сүйүүсү да, жек көрүүсү да, кызганчаактыгы да жок болду, мындан ары, түбөлүккө аларга күн астында жасалып жаткан нерселердин эч биринен үлүш жок" жана дагы: "Анткени жамандык кылгандардын келечеги жок, мыйзамсыздардын чырагы өчөт".

Джейлиндин сөзү Көзкарандысызды айран-таң калтырды, ал үндөбөй калды. Ал калтырган сабактары үчүн өкүндү. Балким, ал чындыкты уккан болсо, мындай өкүнөрлүк каталыктарды кетирбесе керектир эле өз жашоосунда.

Кийинки көз ирмемедерде ага башка ой келди. Бул күнү кечке ойлогон жана ага жаңы үмүт берген ой эле.

– Ооба, сенин айткандарыңдын баары – чындык. Бирок, Джейлин, сен ырайымдуу падышасың да! Эгер ошондой боло турган болсо, сен кантип мени кубалайсың?

Джейлин жооп берди:

– Мен ырайымдуу падышамын. Ошондуктан да, мен сени жиберип атам. Энделде жашагандай жашоону чечүү менен, сен өзүңө биротоло Дагондун караңгы төрөсүнүн табиятын тандап алдың. Сенин ушундай ыплас, бузулган чөөттөрүңдү улуу шаарга калтырып коё турган болсом, кантип мен анан кайрымдуу, чынчыл, сүйгөн падыша бойдон калмак элем? Мен анда Аффабелдин тазалыгына зыян келтирген болбоймбу. Сен тандап алган табият көрүнө баштаганда, миңдеген таза жашоолорду талкалап кетпейби. Сен өз жолуңду өзүң тандагансың. Бул үчүн сен өзүң ээрчиген Дагон сыяктуу эле жазаны аласың. Эгерде мен сени андан азыраак жаза менен жазалап коё турган болсом, анда мен адилеттүү башкаруучу болбой калмакмын. А мен болсо, адилеттүүмүн!

Анан Джейлин бардык чогулуп тургандардын астында өз атасынын мурда айткандарын айтып берди: “Сөздү этибар албаган адам өзүнө зыян келтирет, ал эми осуяттан корккон адам тиешесин алат”.

Ошондо падыша кулдарына минтип айтты: “Колу-бутун байлап, муну сырттагы караңгылыкка ыргытып жибергиле. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот”.

Күзөтчүлөрдүн башчысы аны байлап, капталдагы эшиктен алып жөнөгөндө Көзкарандысыз үрөйү уча кыйкырды, тири-укмуш коркунуч аны каптап алды. Чогулуп турган миң-

дегендердин арасында кичине да үн угулган жок. Алар өз жашоосун ушунчалык акылсыздык менен короткон жана калган жашоосунда ал үчүн жазага кириптер болгон адамга кейүү менен карап турушту.

Көзкарандысызды күтүү залынын башкасына алып келишти. Бул жерде айыпталгандар үчүн миңдеген кичинекей камералар бар эле. Бул залган кире бериш жерде мындай жазуу бар эле:

> "Өмүр дарагынын жемишинен жегенге жана шаарга дарбаза аркылуу кирүүгө укук алуу үчүн кийимдерин жуугандар бактылуу. Шаардын сыртында болсо – иттер жана сыйкырчылар, бузулгандар жана киши өлтүргүчтөр, бутка табынуучулар, жалганды сүйүүчүлөр жана адилетсиз иштерди кылуучулар".

Көзкарандысыз ушул жазууну окуп, ичинде каар кайнап кетти. Эми ал толугу менен өзүнүн жаман табиятынын кучагында калды. Ал өз мүнөзүндөгү жакшы нерсенин баарын жутуп койду.

Анын жүрүм-туруму кутурган итке окшоп баратты. Падышанын таасирисиз ал өзүнүн бузулган акылынын кулу болуп калды.

## Джейлиндин алдында Алданган

Дагы бир нече сааттар өттү. Көптөрдү адилеттүү сот залына чакырышты. Бирок Алданган, Коркок, Экибеттүү Жашоо дагы эле өз кезектерин күтүп атышты. Алдангандын маанайы көтөрүңкү эле, калгандарында дагы үмүт бар эле.

Залдын эшиги ачылып, падышалык күзөтчүлөрдөн төртөө келишти да, бул жолу Алданганды алып кетишти. Аны каптап алган чыңалуудан улам ал калтырап кетти: анын убактысы да келди. Өзүнүн тынчсыздануусун көргөзбөгөнгө аракеттенди, бул жагынан ал чебер болчу: "Мейли эмесе балдар, менин номерим утуштуу болот!" деп кетти.

Алданган токтом менен таанышып, эшиктери кенен ачылган Залга кирди. Ал дагы Көзкарандысыз өткөргөндөй сезимдерди баштан өткөрдү. Ал дагы залдын улуулугу менен сулуулугуна, чогулган эл ичиндеги бейпилдикке таң калып турду. Залдан өтүп баратып ал көптөгөн тааныштарын көрдү, ал тургай Көзкарандысыздан чоңураак, Энделдеги мектепти эки жыл мурда бүткөндөрдү да көрдү. Анткени ал мектептеги жолугушууну такыр калтырчу эмес.

Ал тааныган адамдардын бирөөсү мектепке барбаган, Аёсуз деген адам эле. Ал атагы чыккан шумпай катары белгилүү болчу. Таң калган Алданган анын алдында токтоп калды:

– А бул эмне кылып жүрөт бул жакта?

Күзөтчүлөрдүн башчысы Алдаганга аны менен сүйлөшүүгө болот дегендей баш ийкеди.

Ал жакыныраак келип сурады:

– Бул сенсиңби, Аёсуз?

Ал киши жооп берди:

– Мен бир кезде Аёсуз болчумун, бирок Джейлин мырза менин атымды Моюнсунган деп өзгөртүп койгон.

Алданган таң калды:

– Сага кантип ушул жакка келүүгө мүмкүн болду? Сени биздин коомдо эң бир ачуулуу адам дешчү. Сен мектепке да барбай, мен билген Джейлинге каршы чыккандардын арасынан да, сен көбүрөөк каршылык кылчу элең.

– Ооба, баары туура. Бирок, мен өзүмдүн кылгандарым үчүн өзүмдү жек көрчүмүн,– деп жооп берди Моюнсунган. – Мен мектепке барбагандыктан, эч качан Джейлиндин жашоону өзгөртүүгө мүмкүн экендиги тууралуу уккан эмесмин. Сотко келерге бир жума калганда мен Кайрымдуулуктун ресторанында болдум. Ал менин жашоом кандай экендигин билчү, анан кандайдыр бир жол менен ал мендеги жабыркоону сезе алды. Ал түшкү тамактан кийин аны менен калып сүйлөшүүм керектиги жөнүндө менин убадамды алган соң, менин тама-

гым үчүн төлөп койду. Ал мага Джейлинди, анын кең пейилдиги, куткаруусу, Аффабелдеги керемет жайы тууралуу айтып берүү үчүн эки саатын коротту.

Ал мага өз өмүрүңдү улуу падышага арноого кеч эмес деп түшүндүрдү. Менде шартсыз кечиримди кабыл алып жана анын падышачылыгында кабыл алынууга мүмкүнчүлүгүм бар болчу. Джейлиндин сүйүүсү мени толтурду жана мен өз жашоомду аягына чейин анын жетектешине арнадым. Менде Энделде ага кызмат кылууга бир эле жума убакыт калганына карабастан, мен баарын чын жүрөгүмөн кылдым. Мен өзүм таарынткандарга, кимден бирдеме уурдап алган болсом, аларга бардым да, кечирим сурадым. Алардан алганымдан көбүрөөк кылып кайтарып бердим.

Алданган унчукпай калды. Ал айланасын карап, сүйлөп жатканды күзөтчү кантип колдоп, баш ийкеп турганын байкады. Анан Моюнсунган өз ордуна жөнөдү, Алданган да тактыны карай жолун улантты.

Ал азыр эле уккан таржымалы тууралуу ойлонбой коё алмак эмес. Ага Джейлиндин ырайымы улуу экендигин айтышкан эле, азыр болсо ал абдан таңыркап турду. Бул адам ал билген адамдардын ичинен эң жаманы болчу, а азыр болсо ал башкалар сыяктуу эле жоомарт болуп калыптыр. Алданган Джейлиндин көз алдында ырайым табам деген болуп көрбөгөндөй ишенимге ээ эле, анткени ал дайыма ага ишенген.

Тактынын алдында турган Алданган Көзкарандысызга берилгендей эле буйрукту укту:

– Өз башкарууң тууралуу отчёт бер.

Көзкарандысыз сыяктуу эле ал дагы мектептеги биринчи күнүнөн баштап, кечээки күнүнө чейин көрдү. Бардык сабактарда катышып аткандарын жана Джейлиндин бардык чогулгандардын алдындагы колдоосу абдан жеңилденүү берди.

Анткен менен, көп өтпөй ал түшүндү. Анын жашоо образы аны айыптай баштады. Ал дайыма өз иштерин актай берчү,

бирок эми улуу соттун алдында баарына ачык көрүнгөндө, ал уялып жана дүрбөлөңгө түшө баштады. Анын сексуалдык байланыштары бардык коомчулуккка белгилүү болгондо ал каяккадыр жашынып калгысы келди.

Анын иштери эле эмес, ойлору менен ниеттери да ачыкка чыкты. Джейлин мунун баарын кайдан алган? Эч ким, эч качан билбеген нерсе үчүн кантип аны Джейлин соттой алат? Анын терең сырлары эми жашыруун болбой калды. Эми анын үйлөрдү, жер тилкелерин сатуудагы чаңкаган аракеттерин баары көрүп жатты. Ал каалаганына жетиш үчүн кантип адат катары эле ушактап, чагымчылык кылып жатканын баары көрүп турду. Анын кылгандарынын баары көп пайда табуу ниетинде гана болгон. Ал баарын өзү үчүн жана өзү каалагандай кылууга аракеттенген. Фактылардын алдында талашууга мүмкүн эмес эле. Анан ал мунун баары эч кандай мааниге ээ эмес, анткени ал дайыма Джейлинге ишенген жана ишенимин баарына ачык айткан деп, өзүн сооротту.

Анын бүткүл жашоосу каралып чыккандан кийин Джейлин падышанын катчысына карап, минтип сурады:

– Алдангандын аты Өмүр Китебинде бар бекен?

– Жок, менин кожоюнум,– деген жооп болду.

Джейлин мындай деди:

– Алданган, сен менден баш тартканың үчүн күнөөлүүсүң, ошондуктан, калган өмүрүңдү караңгылыкта, үмүтсүздүктө жана жалгыздыкта өткөрүү үчүн Лоун жергесине айдаласың.

Алданган эси ооп эле калды. Анын оюнда мындай ойлор айланып жатты: “Жок, бул каталык. Мындай болушу мүмкүн эмес! Мен Джейлинге ишенем. Ал “Менден баш тарткансың” дегенде эмнени айтты болду экен?

Ал катуу кыйкырды:

– Качан мен сенден баш тарттым эле?!

– Сен мугалимдердин Джейлинди билебиз деп ырасташат, бирок кара ниет, баш ийбес, жакшы иштерди кылууга жөн-

дөмсүз болушкандыктан, кылган иштери менен Аны танышат деген эскертүүлөрүн укkансың да?

Алданган кайрадан каршылык кылууга аракеттенди:

– Бирок, улуу падыша, мен сенин мектебиңе барып тургандын да. Мен сабактарды калтырчу эмесмин жана мектептин көп иштерине катышчумун. Мен ал тургай, сени кожоюн деп атачумун!

Джейлин ошол замат жооп берди:

– Эмнеге силер Мени: Теңир! Теңир! – дейсиңер дагы, Мен айткандарды аткарбайсыңар? Мен силерди эскерткем, сыртынан динчилдей болуп көрүнгөндөрдүн баары эле такыбаа боло бербейт. Мен айткам: Мага: “Теңир! Теңир!” дегендер эле Аффабелдин падышачылыгына кире бербейт” деп, кептин баары Менин Асмандагы Атамдын эркин аткаргандыкта. Мага ал күнү көпчүлүгү: Теңир! Теңир! – деп айтышат. Биз көптөргө Сенин атыңдан сүйлөбөдүк беле... Ошондо Мен аларга: “Мен силерди эч качан билген эмесмин. Менден алыс кеткиле, мыйзамсыздык кылуучулар” дейм.

Алданган кайрадан сүйлөй баштады:

– Мен сага ишенгем... Мен сага сенин сөзүңө ылайык ишенгем, мен куткарылышым керек!

Джейлин чыдамдуу бирок солкулдагыс эле. Ал чогулуп турган адамдарга, кичирээк тактыда отурган мурдагы мектептеги мугалимди карады:

– Алданганга сабакта эмнелерди үйрөткөнүңөрдү окуп берчи.

Бул адам Ыйык Китептен окуп берди: “Бир туугандарым, ким ишенем десе, бирок ишенимине ылайык иштерди кылбаса, андан эмне пайда? Ошондой ишеним аны куткара алабы? Ошол сыяктуу эле ишсиз ишеним – өлүк ишеним. Бирок кимдир бирөө минтип айтышы мүмкүн: Сенин ишенимиң бар, ал эми менин иштерим бар. Мага ишсиз ишенимиңди көрсөт, мен болсо сага иштерим аркылуу ишенимимди көрсөтөйүн. Сен *Джейлиндин* бар экендигине ишенесиң, мунуң жакшы;

жиндер да ишенип, титиреп турушат. Бирок, ишсиз ишеним өлүк экендигин билгиң келеби, негизсиз адам?”

Джейлин кайрадан кайталады:

– Сен ишенгенмин деп атасың, бирок ишеним аны коштогон тил алчаактык аракеттер болбосо, айтып койгон эле жетишсиз болот. Ишенем деп айтып коюу эле жетишсиз, ал тургай куткарылбай турган жиндер деле ишенишет. Чындап ишенем деп айткан адамдар өзүнүн табиятынын өзгөргөнүн иш жүзүндө көргөзүшөт жана жаман табиятынын жемиштерин көргөзүшпөйт. Сен дайыма каардуу Дагон мырзанын жемиштерин алып келчүсүң, бул болсо сен эч качан чынын-чынына келгенде мага ишенбегениңди далилдеп турат.

Алданган уккандарын араңдан зоргодон түшүндү:

– Ал эми, тигил Аёсуз деген шумпайчы? Мен ага караганда жакшы болчумун! Кантип сен аны кабыл алып, мени кубалай аласың? Сен адилет эмессиң!

Джейлин жооп берди:

–...Силер: “Теңирдин жолу туура эмес!” деп айтасыңар. Уккулачы... Менин жолум туура эмеспи? Силердин жолуңар туура эмес болуп жүрбөсүн? Эгерде мыйсамсыз адам өзүнүн мыйзамсыздыгынан баш тартып, акыйкаттык жана адилеттик боюнча иш кыла баштаса, ал өз жанын жашоого кайрып алат. Анткени ал өзүнүн кылган бардык кылмыштарын көрүп жана алардан баш тартпадыбы; ал жашайт жана өлбөйт.

Көңүлү калып, ачууланган Алданган кыйкырганын улантып жатты:

– Бирок мен сен тууралуу башка адамдарга айткам, сенин сөздөрүң менен бөлүшкөм. Мен ал тургай, сенин мектебиңдеги сабактарды өз ыктыярым менен алмаштыргам.

Эми Джейлин так кесе жооп берди:

– Эмне үчүн сен Менин мыйзамдарымды жар саласың, осуятымды оозуңа аласың? Сен Менин мыйзамдарымды жек көрөсүң, Менин сөздөрүмдү таштап салдың. Ууруну көргөндө,

ага кошулуп кетесиң, ойноштук кылгандарга кошулуп, ойноштук кыласың. Оозуңдан жаман сөздөр чыгат, тилиң болсо жалган сөздөрдү куюлуштуруп сүйлөйт. Отуруп алып бир тууганыңа каршы сүйлөйсүң, өз энеңдин уулун жамандайсың. Сен ушундай кылдың, бирок Мен унчуккан жокмун. Өзүң кандай болсоң, Мени да ошондой ойлодуң. Айыбыңды ачып, күнөөңдү өз көзүңө көрсөтөм.

Алданган унчукпай турду. Ойлору куюндай айланып атты. Бирок, эми ал өзүн актап эч нерсе дей албай калды.

Бир нече секунд өттү. "Ошондо падыша кызматчыларына: анын колу-бутун байлап, караңгылыкка таштап салгыла; ал жакта ый жана тиш кычыратуулар болот" деди.

Күзөтчүлөрдүн башчысы ага жакындап келе жатканда ал Джейлинге, күзөтчүлөргө, ал тургай Аффабелдин атуулдарына кордогон сөздөрдү жаадырып жатты. Ал кутургандай кебетеде болуп жатты. Анда болгон бардык жакшы нерселер эми анын чыныгы табиятына оп тартылып кетти.

Колу-бутун байлаган бойдон ал залдан чыгарылып жатты, ал болсо баарына жаман сөздөрдү айтууну улантып жатты. Көзкарандысыз сыяктуу эле, аны да сот бүткөнгө чейин өзүнчө камерага камап коюшту.

Алданганды залдан алып чыгып кетер менен, Джейлин чогулуп тургандарга кайрылды:

– Өзүнүн ыпыластыгынан жуулбай туруп, өзүн тазамын деп эсептеген адамдар бар.

## Коркок Джейлиндин алдында

Адилеттүүлүктүн залында жүздөн ашпаган киши калды. Алардын арасында Коркок менен Экибеттүү Жашоо да бар эле. Коркок дагы эле ачуу ыза менен таарынычтан арыла албагандыктан, андан мүмкүн болушунча алысыраак турду. Ал дагы андан качып турду.

Төрт күзөтчү Коркокту алып кетүү үчүн келишти. Анын тынчы кетип жатты, аны кай жакка алып кетип аткандыгын билген да жок, бирок Экибеттүү Жашоо артта калгандыгынан жеңилденип калды. Башкаларга окулган сыяктуу эле, ага да Улуу залдын босогосунан токтом окулуп берилди да, анан аны ичкери киргизишти.

Аффабелдин атуулдарынын алдынан өтүп бара жатып, ал мурда мектепте окугандардын көпчүлүгүн көрдү. Алардын көпчүлүгү мектепте ага салыштырмалу мыкты же болбосо өзүнүн ишенимдерине бекем болгон эмес. Коркок бул жерде болушу мүмкүн эмес деген бир нече адамдарды көрүп таң калды.

Тактыга жакындап калганда ал анын айланасында бир нече кичирээк тактылар бар экендигин көрдү. Ал бир нече мугалимдерди көрдү. Аларды бул падышачылыктын лидерлери болушу керек эле деп ойлочу. Көптөгөн тактыларда отургандар аны таң калтырып да коюшту. Алар Энделдин таптакыр мааниге ээ эмес тургундары болчу. Тактыларда отурган бир нече адамдар чындыгында эле байлар да болчу. “Байлар ушул кадырлуу жерге кантип жетти экен?”– деп ойлонду ал өз ичинде.

Ал өз суроосуна жооп бергенге чейин эле, Джейлиндин үнүн угуп калды:

– Өз иштериң тууралуу отчёт бер.

Чоң экранда анын бардык жашоосу көрүнө баштады. Коркок өзүнүн мектептеги жылдарын ырахаттануу менен көрдү. Анын досторуна ыктыярдуу түрдө жардам бергени жана сабактарга кошумча убакыт сарптаганы, класстагы лидерлиги жакшы нерсеге үмүттөнттү. Ал өзүнүн кайраттуулугу жана мээнеткечтиги менен сыймыктанчу. Анткен менен, Чагымчынын айткан калптарына карата таасирленүүсү башталганда анын маанайы өзгөрө баштады. Ал өзүнүн таарынычын таштабаганы ачык эле көрүнүп турду. Ушунчалык жагымсыз болуп көрүнгөн жүрөктүн ниеттери ачыла баштады.

Андан кийин Экибеттүү Жашоо менен мамилеси башталды. Ал аны менен болгон мамилелери тууралуу бир дагы жолу

тобо кылган эмес. Өзүн курмандык катары сезген ал, дайыма бардык күнөөнү Чагымчы менен Экибеттүү Жашоого оодарчу. Анда убакыттын өтүшү менен ачуу ыза, каар, өч алсам деген чаңкоо күчөп баратты. Ал өз сезимдерин басып көнгөнү менен, көйгөйдүн тамыры кала берген. Бул Чагымчы менен Экибеттүү Жашоого чексиз таарынычта болуп, анан өзүнүн кыйынчылыктарынын баары үчүн Джейлинди айыптаган. Ал кантип өз мектебинде Экибеттүү Жашоого мугалим болуп иштөөгө жол берип койду? Анын кечирүүгө карата жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу жана катуу таарынычы жана ачык эле көрүнүп турду.

Көрүү аяктагандан кийин ал ачуу ызага толгон, башка адамдарга карата кең пейилдик менен мамиле кылуудан ажыраган адам болуп чыкты. Ушунун баары бүт улуу чогулуштун алдында ачык көрүнүп турганына карабай, ал падышанын жакшы жакка буйрук берүүсүнө ишенип турду. Аны кутулгус жеме коркутуп турду, бирок ал алдыда эмне күтүп турганын билген жок.

Джейлин падышанын катчысына бурулду.

– Коркоктун каты Өмүр Китебинде барбы?

– Жок, менин кожоюнум.

Джейлин өз өкүмүн угузду:

– Коркок, сен адилеттүлүгүңдү жоготуп койгонуң үчүн жана бузуктук аркылуу менден баш тартканың үчүн, күнөөлүсүң. Ошондуктан, сен калган жашооңду караңгылыкта, үмүтсүздүктө, жалгыздыкта жана кыйынчылыкта өткөрүү үчүн Лоун жергесине кууласың.

Коркокту сүрөттөп бере алгыстай коркунуч каптады. Ал ага чейин бул жерде тургандардан да катуураак өзүн жоготууга учурады. Мындай болушу мүмкүн эмес! Бул жаман түш, тири укмуштай түш, ал жөн гана ойгонуш керек! Балким, ал бирдемени түшүнбөй калгандыр.

Уккандарына ишене албай, ал сурады:

– Джейлин, сен мени коркунучтуу Лоун жергесине жөнөтүп жатасыңбы?

– Ооба, Коркок, сен баарын туура түшүндүң,– деп жооп берди падыша.

– Бул кандайча, Джейлин падыша? Мен сага ишенем. Ал азыр эле экрандагы менин жашоомдон так жана даана көрүндү. Менин жашоом менин ишенимимдин жакшы далили болуп турат. Мен билем, жүрөгүм катууланып жана андагы сүйүү өлүп калган, бирок ал менин айыман эмес да. Чагымчы менен Экибеттүү Жашоо күнөөлүү. Алар үчүн мен ушундай болдум.

– Сен мугалимдер аркылуу айтылган эскертүүлөрүмдү унутуп калдыңбы? – деп сурады Джейлин. “Тартипсиздиктин көбөйүү себебинен көбүндө сүйүүнүн ысыгы кайтат; акырына чейин чыдаган адам куткарылат”. Сен аягына чейин чыдаган жоксуң.

Коркок каршы чыкты:

– Бирок, Джейлин мырза, мен сага ишенгеним үчүн адилеттүүмүн да. Балким, мен күбөлүк кылуу отумду жоготуп койгондурмун, бирок мен куткарылуу алган адам эч качан аны жоготуп койбойт дегенге ишенгем. Ал тургай, мугалимдердин кээ бирлери аны бекемдешти. Алардын айтымына караганда, мени сенин колуңдан эч ким тартып кете албайт.

Джейлин ага минтип жооп берди:

– Ооба, бул чындык. Сени менин колумдан эч ким тартып кете албайт. Бирок, мен сага эч качан сен өзүң кетип кала албайсың деп айткан эмесмин да. Бул күч сенде гана бар. Сен эмне Жазуудагы: “Себеби алар Теңир жана Куткаруучу *Джейлинди* таанып билүү аркылуу бул дүйнөнүн ыпыластыктарынан качып кутулгандан кийин, кайрадан аларга тутулуп, жеңилип калышса, анда алардын кийинки абалы мурунку абалынан да жаман болот. Аларга тапшырылган ыйык осуяттан артка кайткандан көрө, алар чындыктын жолдорун билбегени жакшы”– дегенди окуган эмес белең? Эгерде мен чындыктын жолун билбей эле калышса жакшы болмок, эми алар куткары-

ла элек мезгилиндегиден да жаманыраак дегенимди билип туруп, кантип анан куткарылууну жоготуу мүмкүн эмес деп ойлодуң? Эгерде мындай болушу мүмкүн эмес болсо, кантип адам куткарыла электегисинен да жаманыраак болуп калат?

Эмне үчүн сен менин сөзүмө карама-каршы айткан мугалимдерди уктуң? Мен баарын кенен жазгам, баары адилеттүүлүктү таанып – билиш үчүн. Эмне үчүн сен өзүңдү алдаганга жол бердиң? Эгерде сен менин айткандарыма ишенсең, анда жүрөгүңдөгү ачуу ызаны жеңишиң керек болчу. А сен болсо, шартсыз коопсуздугуң жөнүндө туура эмес элестетип алып, аны чектен ашыра өстүрүп алдың жана кутулса боло турган нерсе үчүн жаза өкүмүнө кабылдың.

– Менин жакшы иштеримчи? – деп жалбарды Коркок.

Джейлин мырза минтип жооп берди:

– Кайра эле сурайын, сен пайгамбарлар аркылуу айтылган менин сөзүмдү окудуң беле: “Эгерде адилеттүү өз адилеттигинен танып, туура эмес кылса, мыйзамсыздар кылган жийиркеничтүү иштерди кылса, ал жашайбы? Ал кылган эч бир жакшылык эске алынбайт; өз мыйзамсыздыгы үчүн, кандай күнөө менен күнөөлүү болсо, ошол үчүн өлөт. Бирок силер: “Теңирдин жолдору туура эмес!” дейсиңер. Уксаңар... Менин жолум туура эмеспи? Силердин жолуңар туура эмес болуп жүрбөсүн? Эгерде адилеттүү өз адилеттигинен четтесе жана мыйзамсыз иштерди кылса, ошол үчүн өлсө, анда ал өзү кылган мыйзамсыздыгы үчүн өлөт”. Баары жазылып тургандай; сенин жакшы иштериң унутулат, эсептелбейт.

Акыркы мүмкүнчүлүккө жармашкан Коркок минтип айтты:

– Бирок, кожоюн, эгерде мен сени өз Куткаруучум деп оозум менен ачык айтсам, менин атым Өмүр Китебине жазылат деп өзүң айтпадың беле. Эмне үчүн ал жакта атым жок? Эмнеге сенин кызматчың аны таба албай атат? Ал кантип жоголуп кетти?

Джейлин чыдамдуулук менен бирок, катуу эле минтип айтты:

– Сен мурда айтылганды уккан жок белең? “Аягына чейин чыдагандар куткарылышат”. Сот күнү болгонго чейин чыдагандар, жеңишке ээ болушту. Мен ачык эле айткам: “Жеңгендер ак кийим кийишет; аны өмүр китебинен өчүрбөйм”. Эгерде мен Өмүр Китебинен атыңды өчүрбөйм десем, демек, ал өчүп калышы мүмкүн. Болбосо, мен: “Эгерде силер мени Кожоюн десеңер, анда силердин атыңар кылымдарга Өмүр Китебине жазылат”– деп айтмакмын.

– Сен кантип мени тирүү өлүктөр куулган жайга, Лоунга кууйсуң? – деп жалбарды Коркок.

– Энделдин жашоочуларына мурда айтылган жазууну окуп көр,– деди Джейлин кичирээк такта отургандардын бирине кайрылып.

Башкаруучу окуду:

– Түз жолдон чыккан адам өлгөндөргө кошулат

Коркок унчукпай туруп калды. Ошондо падыша кулдарына мындай деди:

– Колу-бутун байлап, муну сырттагы караңгылыкка ыргытып жибергиле. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот, анткени чакырылгандар көп, бирок тандалгандар аз.

Башкы күзөтчү ага жакындаганда ал Джейлинди каргай баштады. Аны жапайы ызалык каптады жана эки жолу кулагандын табияты толугу менен көрүндү (Жүйүт 12).

Ал күзгү шамал тамыры менен жулуп кеткен даракка окшошуп калды.

Аны колу-буту байланган бойдон капталдагы эшиктен алып чыгышты. Башкалар сыяктуу эле аны да өзүнчө камерага отургузушту. Ал залды калтыраары менен башкы катчы минтип жарыялады:

> “Эгерде биз чындык тууралуу билимди алсак, ыктыярдуу күнөө кылсак, анда күнөө үчүн башка курмандык калбайт, *Джейлиндин* коркунучтуу сотун жана жолукканын жалмап кетүүгө даяр турган отту күтүүдөн башка эч нерсе калбайт... Биз минтип ким

айтканын билебиз: өч Меники, Мен берем, деп айтат Теңир. Анан дагы: Теңир Өз элин соттойт. Тирүү *Джейлиндин* колуна түшүү коркунучтуу".

## Экибеттүү Жашоонун үстүнөн болгон сот

Экибеттүү Жашоону акыркы кылып чакырышты. Ал Джейлиндин мыйзамдарын билчү жана өкүм жеңил эмес болорун түшүнчү. Ал жакында кылмыштары эмнеге тураарын жөн гана билет.

Аны сот залына күзөтчүлөр коштоп бараткanda эле муң басты. Анын жашоосу экрандан көрүндү, анан анын аты Өмүр Китебинде жок деген ачуу сөздү укту.

Джейлин катуу айтты:

– Экибеттүү Жашоо, сен бузуктук үчүн, адилеттигиңди жоготконуң үчүн, чалынткан таш болгонуң үчүн, Лоун жергесине кууласың, ал жакта сени катуу жаза жана азап күтүп турат.

Экибеттүү Жашоо абдан коркуу менен өкүмдү угуп жана жалбара суранды:

– Кожоюн, бирок мен сенин мектебиңде мугалим болбодум беле. Мен сенин иштериң үчүн өмүрүмдү бергем.

Джейлин жооп берди:

– Сен мугалим болуп туруп, өзүң окутуп жаткан китепти өзүң окуган эмессиң: "Бир туугандарым, бизге, окутуучуларга, *Джейлиндин* сурагы катуураак болорун билесиңер, ошондуктан баарыңар эле окутуучу боло бербегиле"!

– Мен кантип чалындырган таш болдум? – деп сурады Экибеттүү Жашоо.

Джейлиндин үнү катуураак чыкты:

– Сен менин көптөгөн кичинекейлеримди чалындырдың алар түбөлүккө турбай калышты. Анын бирөөсү Коркок. Ал сенин камкордугуңа ишенди. Мен аны сен өз кызыкчылыгыңа пайдалансын деп эмес, аны коргоого сага бийлик бергем. Өз

таасириңди пайдаланып, сен аны жана башкаларды кыйнап, өз кумарыңды кандырдың. Ага курбусу аркылуу жараат келген болчу, ага айыгуу алып келе турган сен, аны пайдаландың. Сен анын ишенимин талкаладың. Ал Лоунга сүргүнгө кетүү менен жазаланды. Сен албетте менин: “Мага ишенген бул кичинелердин бирин күнөөгө түрткөн адамды мойнуна тегирмен ташын илип, деңиздин түбүнө чөктүрүп жиберсе, ал үчүн жакшы болмок”– деген эскертүүмдү билесиң.

– Бирок Джейлин, мен Лоунга куулушум керектигин билемин,– деп жалбарды Экибеттүү Жашоо – бирок, эмне үчүн мен ушунчалык катуу жаза тартышым керек? Эмне үчүн сен мага мынчалык катаалсың? Мен кандайдыр бир ишенбеген эмес, сенин кызматчың болбодум беле. Мен сени менен эч бир жалпылыкты каалабаган Көзкарандысыздай болгон жокмун да. Эмне үчүн?

Джейлин катуу жана солкулдагыс эле.

– Сен ыйык жазууну билчүсүң. Эмне үчүн бул суроолорду мага берип жатасың? Эгерде сен унутуп койгон болсоң, жазылгандарды эскертип коёюн. Ыйык Жазуу айкын эле айткан: “Эгерде ошол кул жүрөгүндө: менин кожоюнум жакында келип кулдар менен күңдөрүн сабай баштабайт десе... Анда кулдун кожоюну ал күтпөгөн күндө, саатта келет да, аны менен ишенбегендердин бири катары эсептешет. Кожоюнунун каалоосун билип туруп, даяр болбогон жана анын каалоосу боюнча иштебеген кул көп таяк жейт”.

Көзкарандысыз өз кылмыштарын моюнга алуудан алыс болчу. А сен болсо билимге да, түшүнүккө да ээ болчусуң. Анын катуу жазасы да сеникинен жеңилирээк болот. Сен үчүн болсо, мен коюу караңгылыкты даярдап койдум.

Андан кийин Джейлин башкы күзөтчүгө буйрук берди:

– Мунун колу-бутун байлап, тышкы караңгылыкка таштагыла: ал жакта ый жана тиш кычыратуулар болот; анткени чакырылгандар көп, тандалгандар аз.

Күзөтчүлөрдүн келе жатканын күтүп турган Экибеттүү Жашоо Джейлинди, күзөтчүлөрдү, Аффабелдин жашоочуларын каргап жатты. Ал каршылык көрсөтүү менен бошонуп жана Джейлинге кол салгысы келди. Анын чыныгы табияты өзүн толук көргөздү. Андагы ушул кезге чейин болгон бардык жакшы жагын эки жүздүүлүк жутуп салды.

Залдан чыгып бараткан жол аяктаганга чейин ал каргыш айтып жатты. Анын колу-буту байланып, капталдагы эшиктен чыгарылып, дагы башка соттолгон бир жарым миң жаза алгандар ошол эле замат Лоун жергесине жөнөтүлдү.

Экибеттүү Жашоону залдан алып кетишер замат башкы катчы чогулушка кулактандырды:

– Сенин сотторуң адилет; алар өзүлөрү эмнеге татыктуу болсо, ошону алышат.

Анан курмандык чалынуучу жайдан да үн угулду:

–...Сенин сотуң адилет жана чындык.

## Четке кагылгаган Лоун жергеси

Падышанын күзөтчүлөрүнүн коштоосунда жазага буйрулган жана темир торчолорго камалган бир жарым миң айыптуулар эки жумага караңгы Лоун жергесине саякатка кетишти. Алардын жолу жан чыдагыс ысык болгон Улуу чөл аркылуу улантылды. Капысынан эле эң бир ысыктын жүрөгү болгон, чөлдүн ортосунда чооң бир курулушутун түшүнүксүз чиймелери көрүнгөнсүдү. Жакындап келгенде алар мындай жазууну окуй алышты: “Четке кагылган Лоун жергеси”.

Алар дагы да жакындашканда, ал жерде терезе жок эле чооң эшик бар экенин көрүштү. Ага кирген ар айыпкер миңдеген адамдардын тири укмуштай кыйкырыктарын угуп жатышты. Алар дароо ошол жерден күзөтчүнүн башчысынан жалынып сурана башташты: “Биз жетишээрлик эле алыска кирип келген жокпузбу? Биз үчүн мээримдүүлүк сураңызчы, биздин жаза өтө эле катуу го!”

– Бул жерде адамдар канчага чейин болушат? – деп сурады Көзкарандысыз күзөтчүдөн.

– Бир жылдан жүз жыйырма тогуз жылга чейин.

Алдангандын эси ооду: анткени ал ушул эки жуманын ичинде болуп өткөндөр жөн гана коркунучтуу түш же коркутуп коюунун тактикасы деп ойлогон. Кийинки суроону да ал ошол эле күзөтчүгө берди:

– Калган өмүрүмдүн баары ушул жерде өтөт деген чынбы?

– Ооба, так ушул тууралуу сага Энделде кайра-кайра эскертишкен.

Катуураак жазага татыктуу болгондор темир имараттын жогорку кабатында жайгашышкан, ал жакта ысык күчтүүрөөк. Бул эбегейсиз чоң имараттын астыңкы кабатында болсо жазага ылайыктуу иштерди кылган, бирок чындыкты билбегендер жайгашыптыр. Кантсе да, ал жакта жүздөгөн жылды кой, бир күн чыдоого мүмкүн эмес эле!

Экибеттүү Жашоонун азабы жогорку кабаттагылардын тагдырынан да катуураак болчу. Аны буурул тамдын жанында жайгашкан караңгы жертөлөгө алып барышты. Ал жердеги жыт эле жан чыдагыс болчу, ал эми ысыкка сөз да жетпейт. Жертөлө имараттын астында да эмес, жердин терең түпкүрүндө болчу. Албетте ал жер өтө катуу азап тарта турган жер болчу. Бул жерде Экибеттүү Жашоо толук жалгыздыкта азап чегиши керек болчу. Ал жер ушундай жазага кириптер болгондорду сыйдыруу үчүн жетишерлик эле чоң болчу. Бири-биринен башка туруп, алар өздөрүнүн гана үнүн уга алышат болчу.

Соттолгондор ишенимдүү жабылгандан кийин, падышанын күзөтчүлөрү чыгууга карай жөнөштү. Алардын артынан эбегейсиз чоң темир эшик шарактап жабылып калды, анан анын ичине жарыктын бир кичине нуру да кире албайт болчу. Бул байкуш жандар ушул жерде жүз жыйырма бештен көбүрөөк жылды таптакыр караңгылыкта жана жалгыздыкта өткөрүштөрү керек болчу. Жылына бир гана жолу, жазалан-

гандардын жаңы тобун алып келгенде гана жарыкты көрүүгө мүмкүндүк болоор эле. Бирок аны ошол чоң эшикке жакын жайгашкандар гана көрө алышмак. Экибеттүү Жашоого окшогондор эч качан күндүн жарыгын көрө алышпайт. Алардын жазасы түбөлүк караңгылык эле.

## Ой жүгүртүүлөр

Энделдин бул төрт жараны өзүлөрүнүн калган убактысынын баарында качандыр бир кезде чындыкты укпай коюуну чечкендиктерине өкүнүп жатышты. Алар дайыма Энделде аларга жеткен Джейлиндин сөзүнө көңүл бөлбөй койгон түркөйлүктөрү тууралуу ой жүгүртүп жатышты. Алар мурдагы жашоолоруна барып, өз тагдырларын өзгөртүү үчүн дагы бир мүмкүнчүлүк берилиши үчүн, эмнени болсо да жасоого даяр турушту. Алар досторунун арасындагы белгилүү болгон сөздөрдү эми укпоону, өзүлөрүнүн жеке көз караштарын таштоону жана эч качан бузулбаган жана өзгөрбөгөн Жазууга жармашууну кандай гана каалап турушту.

Аларды керемет падышачылык тууралуу эскерүү кандай гана кыйнап жатты. Алар болгону бир канча көз ирмемдерге гана көрүшсө да, керемет шаардын сулуулугун дайыма эңсешти. Азап болсо улам күчөп жатты: оттун ысыгы, каңылжаарды жарган сасык жыт жана караңгылык чындыкты белгилеп турду. Керемет жашоо аларга белгиленген болчу, бирок алар өзүлөрүнүн акылсыз тандоолору менен аны четке кагышты.

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

## 1-БӨЛҮК: 1-3 ЧЕЙИНКИ БӨЛҮМДӨР

1. Силер бул китепти окуганга чейин ийгиликти кантип аныктачу элеңер? Ошол аныктамада силердин максатыңар, артыкчылыгыңар жана адаттарыңар кандайча чагылдырылган? Окуп чыккан беттериңер көз карашыңарга канчалык таасир этти жана аларды канчалык өзгөрттү?

2. Түбөлүктүүлүк сыяктуу түшүнүктүн маанисинин үстүнөн ой жүгүртүп атып, адамдын түбөлүк тагдыры аныкталып кала турган сотко бараары акылга сыйгыстай сезилет. Бирок, Жакандын биринчи катында ушул тууралуу жазылган (Жакан 4:17). Китептин калган бөлүгүндө биз ушул убадалардын маанисин ачып беребиз. Бирок, силер билимиңерге таянып, бул ишенимдүүлүк кайдан келип жаткандыгын түшүндүрүүгө аракеттенип көргүлө.

3. Бул бөлүктө силер биздин жердеги жашообуз менен түбөлүк аныкталган жашообуздун ортосундагы мамилебиздин иллюстрациясы катары кызмат кылган Аффабель падышачылыгы тууралуу билдиңер. Бул падышачылыкта жана аны башкарууда эмне силерди өзгөчө таң калтырды? Ал падышачылыктагы жана андагы башкаруудагы кайсы нерсе силерди өзгөчө таң калтырды? Андагы эмне силерди кубандырып же таң калтыра алды? Жазуу тарыхтын бул элементтерин кантип чагылдырган?

4. Келгиле, Энделдин жашоочулары тууралуу сүйлөшөлү. Биринчи төрт сотко карата силердин таасирленүүңөр кандай болду? Силер алар башкача өтөт деп күттүңөр беле? Эгерде ооба болсо, анда эмнени күттүңөр эле?

5. Ушул курсту окуп жатып силерди баарынан да көбүрөөк кайсы маселелер же коркунучтар толкундатты?

# 2-БӨЛҮК

## 4-БӨЛҮМ

# ӨЛГӨНДӨР ҮЧҮН ТҮБӨЛҮК ЖАЙ

*Шакирттери Андан: “Бул үлгү-насаат аңгеменин мааниси кандай?”– деп сурашты. Ыйса аларга мындай деп жооп берди: “Силерге Кудайдын Падышачылыгынын жашыруун сырларын таанып билүү мүмкүнчүлүгү берилди, ал эми башкаларга үлгү-насаат аңгемелер менен айтылат, алар карап турса да көрүшпөйт, угуп турса да угушпайт.*
— Лука 8:9,10 (Кеңейтилген котормо)

Биз аңгемебизди токтотуп жана кийинки төрт бөлүмдө Көзкарандысыздын, Алдангандын, Коркоктун жана Экибеттүү Жашоонун үстүнөн болгон сот тарыхынын жүрүшүндө ачылган чындыкка карап көрөбүз жана андан кийин тарыхтын корутундусуна келебиз. Биз Өзүмчүл менен Кайрымдуулук эмне болгонун талкуулайбыз, анан калган бөлүмдөрдө алардын жашоо таржымалында ачылган чындыкты карап көрөбүз. Бул китептин эң жакшы бөлүктөрүндө Ыйса Машайактын жолун жолдоочулар үчүн даярдалган түбөлүк сыйлык тууралуу айтат.

### Негиздүү чындык

Биздин накыл сөздөрүбүздөгү Джейлин Ыйса Машайактын образы, ал эми падыша болсо – бул, Кудуреттүү Кудай Ата. Дагон шайтанды түшүндүрөт, Энделдеги жашоо – жердеги адамзаттын жашоосу, Аффабель Кудайдын асмандагы шаарын мисалдайт. Четке кагылган Лоун жергеси – от күйгөн көлдү элестетет, ал жакта Ыйса Машайактын куткаруучу ырайымына ээ болбогон ар бир инсан түбөлүк жашоону башынан өткөрөт.

Мурдагы бөлүмдөрдө сөз болгон каармандар түбөлүккө соттолгондордун ар кандай жашоосунун көрүнүштөрү. Кудай бул тууралуу бизге кыйшаюусуз эскертип келет.

Ооба, силер туура окудуңар, үубөлүккө соттолгондор. Бул китепти жазууга даярданып жатып, мен Ыйык Жазуудагы "түбөлүк сот" тууралуу окурманга жеткирип берсем деп күрөштүм. Муну көңүл коюп окугула:

> "Ошондуктан Машайак жөнүндөгү окуунун алгачкы (элементардык) негиздерине токтоло бербей, өлүк иштер үчүн тообо кылуу, Кудайга ишенүү, чөмүлдүрүүлөр, кол коюу, өлгөндөрдүн тирилиши жана түбөлүк сот (жаза) жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөргө кайра-кайра кайрыла бербей, жеткилең болууга умтулалы" (Эврейлерге 6:1, 2, кеңейтилген котормо).

Өзүңөр көрүп тургандай мен өлүк иштерден баш тартуу, Кудайга ишенүү деген сыяктуу негиздүү беш доктриналарды коё бердим, ошону менен түбөлүк сот жана жаза деген Машайактын элементардык окутуусу экендигине басым жасадым.

Сөздүктөрдүн биринде элементардык деген сөзгө мындайча аныктама берилет: "негизди түзүүчү, өзөк же негизги бөлүгү". Биз башынан баштап эле ушул өзөктүү негизге ээ болушубуз керек, бул пайдубал. Жакшы түшүнүшүбүз үчүн биздин билим берүү системасын карап көрөлү. Башталгыч мектепте биз окуу, жазуу, эсептөө деген сыяктуу негизги билимдерди алабыз, аларды колдонуу менен анан андан ары билимибизди улантабыз. Негиз болмоюнча, биз эч качан туура билим ала албайбыз. Ишенгендерде да ошондой эле. Түбөлүк сот тууралуу бекем түшүнүккө ээ болбой туруп, Машайактагы туура жашоону жашоого жөндөмсүзбүз. Мунун бардыгын окуганды билбей туруп эле, билимин жогорулаткысы келгенге аракеттенгенге салыштырса болот.

Канткен менен, жыйырма жыл кызмат кылып жана ар кайсы жерлерге саякаттап жүрүп, мен көптөгөн адамдардын

бул тууралуу эч нерсе билбестигин көрдүм, алардын ичинде Ыйса Машайакка өзүн арнап койгон жолдоочулары да бар. Байкасаңар, автор минтип жазат: “Бул тууралуу силер эчак эле билишиңер керек болчу”. Ал *жөн гана* “тааныш” болуу керек эмес, бирок *жеткилеңдикте жана толуктукта* билүү керек деп айткан. “Эчак эле” деген сөз билим алуу үчүн окуганды жазганды билиш керек дегендей эле, бул биздин ишенимибиздин негизи экендигин баса белгилеп турат.

Толук кандуу машайакчылык жашоону баштоо үчүн, эмнеге түбөлүк сот бизге баштапкы доктрина болуп эсептелерин биз кыскача карап көрөлү. Мындан ары китепти окуу менен, бул түшүнүк болмоюнча, талкуулап жаткан теманы кабыл алуу кыйын болоорун баамдайсыңар. Балким, силерде: *деги эле эмне тууралуу сөз болуп атат?* деген суроо пайда болушу мүмкүн.

## Тозок – метафорабы же чындыкпы?

Китепти жазаардан мурда мен бир ой менен күрөштүм: “Жакын арада биздин тагдырларга тиешеси бар, ааламдын Сотунун кабыл алуусунда боло турган, түбөлүктүү чечимдин чындыгын “бүгүн жашап кал” деген урааны бар азыркы муунга кантип жеткирем?” Бир нече күн күрөшүп сыйынуудан кийин мага мындай ой келди: Ыйса адамдарга руханий чындыкты түшүнүктүү кылып жеткирүү үчүн, таржымалдарды колдонгон. Ушундан улам Аффабель тууралуу аллегория идеясы жаралган.

Жазуу процессинде сот жана Лоун жергесиндеги каармандарды түбөлүк жазалоону сүрөттөөгө келгенде, менин ички дүйнөм тыбырчылап кетти. Өткөн бөлүктүн жыйынтыктоочу бөлүмүн бир жекшембиде кечинде командировкадан келе жатып жаздым. Ошол күнү мен үч жыйында насаат айткам. Менин жардамчыларым мемиреп уктап атышкан, мен болсо токтоно алган жокмун. Үйгө келгенден кийин да түн ортосунда

оттуу көл деп аталган андан да жаман жерде болуп кала тургандар үчүн үрөйүм учуп, түн жарымына чейин уктай албай койдум. Ыйсанын сөзү боюнча мындай адамдар көп болот:

> "Тар дарбаза аркылуу киргиле. Анткени кең дарбаза менен кенен жол өлүмгө алып барат, ал жолдо бара жаткандар көп. Ал эми тар дарбаза менен тар жол өмүргө алып барат, ал жолду тапкандар аз" (Матай 7:13,14).

Төшөктө жатып алып мен эки жыл мурда мени Түштүк Африкадагы катуу режимдеги эркектердин колониясына насаат айтканга чакырышканын эстедим. Мен ошол тири-укмуш жерге: сасык, көңүл айланткандай жашоо-шарт, бири-биринен 20-30см.дей аралыкта жыйырмадан отузга чейин эркектер отурган камералар, дубалдарда илинип турган презервативдер турган жерге киргенимди эстедим. Булар мен күбө болгон нерселердин бир аз гана бөлүгү. Мурда мен Американын бир нече түрмөлөрүндө кызмат кылгам, бирок мындай айласыз шартты мен биринчи гана жолу көрдүм. Ага салыштырмалуу биздин түрмөлөр айылдагы клубдай көрүнүп калат экен.

Мен мындай жийиркеничтүү шартта кырк, элүү жылдап эмес, бир жума кантип жашоо мүмкүн экендигин элестете да албайм. Жаза өтөп жаткандардын көпчүлүгү өмүр бою эркинен ажыратылгандар. Ыйса Машайакка ишенбегендердин жүзүндө терең үмүтсүздүк турду. Мен дээрлик алардын оюн угуп тургандай элем: "Мен өлө турган күн да келет, ошондо мен бул жактан чыгам" дегендей. Башка жагынан алып караганда, аларды белгисиз өлүм чындыгы коркутуп тургандай. Бул чынында эле коркунучтуу эле. Алар толук үмүтсүздүк абалда эле. Эгерде адам башкалар сыяктуу эле толук эркиндикте жашап келген болсо, анан өмүрүнүн аягына чейин түрмөгө түшүп калса, бул толук азап болмок.

Ал жакта болгондо мен, көптөгөн тири-укмуштай шарттарга карабастан, бул түрмө кантсе да тозоктон бир топ эле

жакшы деп ойлодум. Канткен менен, бул жердеги туткундарда кошуналары бар. Адамдар кичинекей кууш терезелерден түшкөн жарыкты көрө алышат. Тозокто өчпөгөн оттон башка, кошуна да, жарык да, эч нерсе жок. Оттуу көлдөн өмүр бою кутулуу жок, жан болсо, дайыма кыйналууда болот! Тозоктогу адам: "Мен бир кезде бул жактан чыгам" деп ойлой албайт. Алар *түбөлүк* жаза алышат! Тозок тууралуу окутуу Ыйсанын негиздүү окутууларынын бири болгондуктан, ал бул тууралуу абдан көп айткан. Бүгүн болсо, жыйындын кафедраларынан анчалык айтылбайт. Азабы түгөнбөгөн тозокту сүрөттөп берүү аркылуу Кудайда адамдарга карата боор оруу жок дегенди айтайын деген эмес. Тескерисинче, бул аркылуу Кең пейил Кайтаруучу бизди акылга келтирүүнү зарыл деп эсептейт. Ал эмне кылса да, эмнеге окутса да, ал жүрөктөн чыккан, боор ооругандан улам ошенткен, демек, тозок тууралуу окутуу да сүйүүгө толгон. Мен мындай суроо берем: кантип эле бүгүн сахнадан ал теманы айтпай коюу менен, биз адамдарга кам көрмөк элек? Кантип эле ушул чыныгы сүйүү болсун?

Жазууда тозоктун бир нече аттары бар: *Шеол* (бир гана Байыркы Келишимде), тозок, мүрзө – деген караңгылыктын бир нече аттары бар. Түбөлүк тозокко берилген – ат Геенна жана *оттуу көл*. Биз ортодогу нерсе менен түбөлүктүү нерсенин айырмасын кыскача талкуулап көрөлү.

Тозок деген, бул – биздин коомчулук ишендирип келгендей, каймана түрдөгү нерсе эмес, чындык нерсе деп айтат Жазуу. Сандар Китебинде (16-бөлүм) жер жарылып, толтура күбөлөрдүн көзүнчө үч үй-бүлөнү жутуп кеткендиги айтылат. Жаңы Осуятта болсо, антихрист жана анын жалган пайгамбарлары тууралуу айтылат: "Ал экөө тең күйүп жаткан күкүрттүү көлгө тирүүлөй ыргытылды" деп айтылган (Аян 19:20). Өлгөндөн кийин алардын жаны гана бул жакка жиберилбестен, физикалык денеси да күкүрттүү көлгө ыргытылды.

## Лазарь жана бай

Лукадан Жакшы Кабарда Ыйса өзү үчүн гана жашаган бай адам менен анын үйүнүн алдында күн сайын тизелеп кайыр сураган, ал жактырбаган адам жөнүндө болгон окуяны айтып берет. Биз бул насаат аңгеме эмес экендигин билебиз, анткени Ыйса мындай сөздөр менен баштайт: “Бир бай адам болгон” деп. Экинчиден ал Ыбрайымдын атын атап жатат жана кедей адамдын да атын ачык эле айтып жата Лазарь деп. Ыйса өз аңгемелеринде адамдардын атын атачу эмес.

Өлгөндөн кийин Лазарды периштелер Ыбрайымдын алаканына алып келишкен. Ал Ыйса аларга асманда Кудайдын жанына бара турган жолду ачып бергенге чейинки сооронуучу, тынчтануучу жер болгон. Бай өлгөндөн кийин тозокто болуп калган. Бул тууралуу биз буларды окуйбуз:

> “Өлгөндөр жаткан жайда кыйналып жаткан ошол бай адам башын көтөрүп, алыстан Ыбрайымды жана анын кучагындагы Лазарды көрөт. Ошондо ал болгон күчү менен: “Ыбрайым ата, мага ырайым кылып, Лазарды жиберчи, ал бармагынын учун сууга малып, тилимди сууласын, анкени мен бул жалындаган отто азап тартып жатам,– деп кыйкырат” (Лука 16:23, 24).

Байкасаңар, бай чыдагыс ооруну баштан өткөргөн. Башка котормолордо анын чыдагыс кыйналганын сүрөттөө үчүн *агония, азап* деген сөздөр колдонулган. Тозок – дайыма кыйналып турган жер. Анан дагы ал Ыбрайым менен Лазарды тааныган, алар да аны таанышкан. Тозокто да адамдар жер үстүндө кандай болушса, ошол бойдон эле калышат: эмоциялары, көз караштары, каалоолору, ар кандай кыял-жоруктары менен. Бул адам көрүп, угуп жана ооруну сезе алган. Ал денеде болгон, бул анын бирөө оозун суулап койсо деген каалоосунан билинип турат. Ыйса жан жана дене тозокто түбөлүккө жабыркаары тууралуу айткан (Мат.10:28). Башкача айтканда, адамдын денеси тозоктун оту менен курттарынан ар дайым азап тартат.

Бай адам биздин таржымалдагы Лоунда болуп калган адамдар кандай жалбарып суранышса, ошолор сыяктуу эле ырайым сураган. Тозоктон кайра артка кайтуу жок! Алардын жеңилдик алууну ушунчалык күткөндүктөрүнө карабай, эч ким келип ал жактагыларды сооротпойт. Бул чындыкты аягына чейин түшүнүү да, таанып-билүү да мүмкүн эместей болуп сезилет. Ыбрайым байга эскертет: "Анын үстүнө, силер менен биздин ортобузда түпсүздүк бар. Бул жактан силерге (*силерди сооротуу үчүн*), силер жактан бизге өтө алышпайт"-дейт. (Лука 16:26). Мен өз башынан тозоктун чындыгын өткөргөн аял менен таанышмын. Ал кийинчерээк ал жакта көргөндөрүнүн баары чыдай алгыстай азаптардан толгонуп атышканын айткан. Ошол эле сөздү жогорудагы аятта бай адам айтып атпайбы. Окууну улантабыз:

> "Бирок Ыбрайым ага: "Балам, сен өзүңдүн жакшы үлүшүңдү жашооңдо алганыңды, ал эми Лазар албаганын эстечи! Азыр болсо ал бул жерде сооронууда, ал эми сен азап чегүүдөсүң..." Ошондо ал бай: "Ата, андай болсо, сенден суранам, Лазарды атамдын үйүнө жиберчи. Анткени менин беш бир тууганым бар. Алар да бул азаптуу жайга келбеши үчүн, Лазар барып күбөлөндүрсүн",– деп өтүнөт." (Лука 16:25,27,28).

Силер "азап компанияны жактырат" деген байыркы бир сөздү уктуңар беле: Анткен менен, эмне үчүн бул кырдаалда ал ылайыксыздай болуп турат? Эмне үчүн бул адам ага башкалардын кошулуусун каалаган эмес? Анткени, тозокто жолдошчулук же баарлашуу жок. Кээ бирөөлөр тозокто чоң отуруштар болот деп ойлошот, башкалары болсо ал жакта досторум менен болом деп өзүлөрүн сооротушат. Эгерде ал жакта адамдар ойлогондой болсо, анда бул киши бүт жакындарынын жанында болушун, аларды көрүүнү каалайт эле да, бирок ал алардын эч качан бул азап тарта турган жакка келбешин зарланып каалап жатты. Тозок – бул таптакыр эле жалгыздык жана үмүтсүздүк. Анан да бул жер эң бир укмуш азап чегүүнүн түбөлүк эстелиги.

Анын бир туугандары үчүн зарлап сурануусуна Ыбрайым кантип жооп бергенин карап көрсөңөр:

> “Ыбрайым ага: “Аларда Мусанын жана пайгамбарлардын китептери бар, ошолорду угушсун!”– десе, ал: “Жок, Ыбрайым ата! Эгерде өлгөндөрдөн бирөө барса, алар тобо кылышат”,– дейт. Ошондо Ыбрайым ага: “Эгер Муса менен пайгамбарлардын айтканын угушпаса, анда алар өлгөндөрдөн бирөө тирилип барса да ишенишпейт”,– деп жооп берет” (Лука 16:29-31).

Бул сөздөрдө улуу чындык камтылган. Жакшы Кабарга ишенүү үчүн көпчүлүгү кандайдыр бир кереметтүү нерсени баштан өткөрүүнү каалашкан. Ыйса биз Кудайдын артынан аягына чейин ээрчип кете тургандай ишенимди бизге берген. Кудайдын Сөзүнөн өткөн улуу нерсе жок. Мени туура түшүнбөй койбогула – кереметтерди баштан өткөрүү адамга коркуп кетүүнү алып келет да, ал кыска убакытка гана өзгөртөт, бирок жүрөктөгү туруктуулукка жеткирбейт.

Мен түгөнбөгөн отуруштарда тентип жүргөн дүйнөдөгү өспүрүм кезимде атам бир жолу Чарлтон Хестон менен “Он парыз” деген тасмага мени алып барды. Мен жер кантип жарылып, адамдарды тозок жутуп кетип жаткандыгын чоң экрандан көзүмдү албай көргөм. Бул көрүнүш менин жан дүйнөмдүн тереңине чейин калчылдатты. Мен кинотеатрдан башка адам болуп чыктым. Бир жума бою мен башкача жашаганга аракеттенип жаттым, анан кайра эле баягы өз калыбыма түштүм. Эмнеге? Анткени, мен Кудайдын Сөзүн уккан жокмун, туура эмес жолдорум үчүн тобо кылган жокмун, Анын ырайымы мени өзгөртсүн үчүн, мен өз жашоомду Ыйсага аранаган жокмун.

Менин жана досторумдун башка укмуштуу баштан өткөргөн нерселерибиз бар болчу. Бирок, мен бул керемет нерселердин болушу менен куткарылган жокмун. Менин жашоом, бөлмөмө бир курсташым кирип келип, мени Кудайдын Сөзү менен, Ыйса Машайактын Жакшы Кабары менен тааныштырмайынча өзгөргөн жок. Бизге: “Демек, ишеним уккан сөз аркылуу

пайда болот, ал эми уга турган сөз – Кудайдын сөзү” (Римдиктерге 10:17) деп айтылган; жана “Себеби силер чирий турган уруктан эмес, чирибей турган, Кудайдын түбөлүк кала турган тирүү Сөзү аркылуу кайрадан төрөлдүңөр” (1 Петр 1:23). Ушул себептен улам, биз өзүбүздүн баштан өткөргөндөрдү эмес, Кудайдын Сөзүн насааттаганга үйрөнөбүз.

Башка жагынан алып караганда, жогоруда айтылгандарды тактоо менен, мага мына бул нерсеге басым жасоого уруксаат эткиле*: эгерде баштан өткөрүп жаткан нерсе Кудайдын Сөзүн күчөтүп же ага кошумча болуп жаткан болсо, анда эң сонун, ал тургай, зарыл нерсе.* Күбөлүктөр Жакшы Кабарды таратууда чоң роль ойнойт. Бирок, ишеним жана Кудайдын Сөзүн кабыл алуу гана бизге түбөлүк жашоого мүмкүнчүлүк берет.

## “Мен эмне үчүн ушул жакка жөнөп жатам?”

Эми мен биз Жазуудан окуганды толуктай турган күбөлүк менен бөлүшкүм келет. Бир жолу кечинде биз аялым экөөбүз досубуздун үйүндө болгондо, анын Кариб аралдарында өткөн жаштыгындагы болгон окуяны айтып берип калды. Бир жолу жаандуу учурда ал жаан сууларын чогулткан чуңкурга кулап кетиптир. Биздин досубуз сүзгөндү билбегендиктен, анын агасы дароо артынан секирип түшүп аны куткармакчы болот. Жардам бере албастыгына көзү жеткен соң, агасы суудан секирип чыгып жардамга чакырып чуркайт. Жардам келген учурда баланын өлүп калганына жарым сааттай болуп калган эле.

Ал бизге айтып бергени боюнча, денесин калтырганы менен бир дагы сезимин жоготпоптур. Ал тездик менен ылдыйга, караңгы жакка учуп баратканын сезет. Караңгылык ушунчалык коюу болгондуктан, ал бет алдына тоскон өз колун да көрө албайт. Аны караңгылык физикалык жактан да курчап алгандай болду.

“Коркунуч болуп көрбөгөндөй курчап, улам тереңдеп түшкөн сайын, ошончолук күчтөнө берди. Жерде жүргөндө

бир да жолу мындай коркунучка дуушар болбогом, аны сөз менен айтып берүү мүмкүн эмес болчу. Анан мен жарыктын учкундарын көргөндө тозокко жакындап баратам го деп түшүндүм. Анан ошондо: “Мен эмнеге бул жакка баратам? Мен машайакчымын!” деп кыйкырдым. Анын ата-энеси арналган машайакчылар болчу, ал да жыйынга барчу, анткени алар ага тандоо укугун беришкен эмес да.

Анан ал коркунуч менен азаптын кыйкырыктарын уккандыгын айтып берди. Мен кайра эле анын сөзүн эстеп атам: “Джон, Лиза, адаттагы эле кыйкырыктар болот эмеспи. Бирок, мен каның катып кала турган кыйкырыктарды уктум. Анан мен бир укмуштуу жандык менен бетме-бет кездешип калдым, ал улам-улам минтип кайталап атты: “Кел мага, сен меникисиң”. Мен аны менен күрөштүм. Алгач мен коркунучтун айынан эч нерсе дей албай калгам, анан бир гана сөздү кайталап кыйкыра баштадым: “Мени коё бер, мени коё бер!”

Анан эле өз денемде кыйкырып, доктур менин тамагыма өз колун салып жатканда доктурдун колунан жулунуп атканымдан ойгонуп кеткенимди өз башымдан өткөргөндөрдү айтып бергенимден кийин мага апам айтып берген. Ушул убакта менин апам операциялык бөлмөнүн сыртында туруп, Кудайга: “Кудай Ата, эгерде Сен уулумду мага кайтарып берсең, анда мен аны кылымдарга Сага берем!” деп сыйынып отуруптур. Кийинчерээк биздин досубуз Кариб аралдарындагы жыйындарды баштоочуларынын эң баштапкыларынын бири болуп калды.

Силер анын баштан кечирген нерсесинен шектенишиңер да мүмкүн. Ошентсе да, мындайды башынан кечирген көптөгөн эркек, аялдар, балдар бар. Врачтар көпчүлүк мезгилде клиникалык өлүмгө дуушар болгондордун күбөсү болуп жүрүшөт, алардын көпчүлүгү мындай көрүнүштөрдү изилдөөгө баш байлашкан.

Алардын бирөөсү – Мелвин Морс деген киши. Ал – клиникалык өлүмдү баштан өткөргөн балдарды изилдейт. Ал балдардын

эки группасын изилдеген. Биринчи группа 121 бейтаптан турган, өтө кыйын абалда болуп, бирок клиникалык өлүмдү баштан кечиришкен эмес. Үч жаштан он алты жашка чейинки балдардын жашоосу реанимацияда дем алдыра турган аппараттын же күчтүү дарылардын жардамы менен кармалып турган. Алардын бирөөсү да денесин таштагандыгы тууралуу билдирген эмес.

Экинчи топтогу жүрөгү токтоп калгандыкты башынан өткөргөн 12 бала да ошол эле куракташылар (алар чөгүп кетишкен, аварияга дуушар болушкандар, ж.б.). Мына ушул аз сандагы балдардын баары денелеринен чыккандыктарын айтышкан. Кээ бирлери сырттан өз денелерин көрүшкөн, анан ошол убакта эмне болгондуктарын докторлорго айтып беришкен.

Кимдир бирөөлөр биздин досубуздун баштан өткөргөнүн – жөн гана галлюцинация дештери мүмкүн, бирок, балдардын экинчи тобу менен жүргүзүлгөн изилдөөлөр башкача айтып атат. Анын үстүнө, жарым сааттан ашык клиникалык өлүм абалында жатса, ал кантип галлюцинацияны көрмөк эле?

## Тозок күкүрттүү көлгө салыштырмалуу

Биздин досубуз дагы клиникалык өлүмдү баштан кечирген башка адамдар сыяктуу эле кыйналуулар болуп жаткан, тозок деп аталган жерди көргөн. Ал куткарылууга ээ болбогондордун түбөлүк жайы эмес. Бирок, улуу ак тактыдан Сотту күтө турган жер. Соттон кийин адамдар, жиндер, кулаган периштелер такай боло турган жер, *күкүрттүү көл*. Муну Жазуудан ачык-айкын эле көрүүгө болот:

> "Анан мен чоң ак тактыны жана анда Отурганды көрдүм...Ошондо деңиз өзүндөгү өлгөн адамдарды кайрып берди, өлүм жана өлгөндөр жаткан жай да өздөрүндөгү өлгөн адамдарды кайрып беришти. Ар бир адам өз иштерине жараша соттолду. Анан өлүм жана өлгөндөр жаткан жай күйүп турган көлгө ыргытылды. Күйүп турган көл-экинчи өлүм. Ал эми ким өмүр китебине жазылбаган болсо, ал күйүп турган көлгө ыргытылды" (Аян 20:11,13-15).

Алгач мен тактап койгум келет, кыйналып аткан аралыкта (тозокто) тургандардын баарысы сотко алынып келинет. Сottон кийин бүткүл мыйзамсыз жашагандар баары, кулаган периштелер жана тозок өзү да күкүрттүү көлгө ыргытылат.

## Күкүрттүү көл аяны

Биздин бир грек улутундагы досторубуз – жубайлар бар. Аялынын аты Джой. Ал үчүнчү муундун кызматчысы болуп саналат. Грецияда туулуп, өскөн анын чоң апасы кичинекейинен эле Кудайды издеген. Анын адамдарга берген суроолору же аларды күлдүрүп, же көңүл кош калтырган. Ал жыйынга баргысы келген, бирок ага: "Кудай жок", "Мындайыңды коюп жүргүн" деп айтышкан.

Бир жолу грек фестивалы болуп жатканда элдик бийди бийлеп жатып, ал мындай: "Ефросиния, түбөлүк бий тууралуу ойлон" деген үндү угат.

Ал ушунчалык коркуп кетет! "Муну ким айтты?"– деп таң калвт. Ал бий аянтынан шашылыш кетип калды, чындыкты билейин деди. Жолдо баратып ал оор жүктү сезди, далысынан оор жүк басып тургандай болду.

Өз бөлмөсүнө чуркап кирген ал, тизелей отуруп, ыйлай баштайт. Ал ошол үн Кимге тиешелүү болсо, Ошол менен сүйлөшкүсү келди. Аны менен Ким сүйлөштү? Бул эмне деген сөз? Ал эмне дегиси келди? Бул суроолор аны көпкө кыйнаган жок. Ал тизелеп жетише электе эле, отко окшогон нерсе бөлмөгө кирип аны, каптап калды. Ал жыгылы да жана арт жагынан аян көрдү.

Ага аппак кийинген периштедей болгон нерсе көрүндү. Ал аны көтөрүп, тумандуу жарыкка алып барып койду. Ал денесин калтырды. Жакындан карап, ал Голгафанын жанында турганын көрдү. Теңир айкаш жыгачта кадалып туруптур, Анын колдорунан кан агып туруптур. Анын жүзүндө ушунчалык кыйналган көрүнүш турду.

Ушул учурда Ефросиния алыстан кыйкырык укту. Бурулуп карап, ал айкаш жыгач менен соймоңдогон оттун ортосундагы терең жараканы көрдү. Бул тим эле оттун океаны болчу. Ал угуп жаткан кыйкырыктар, көптөгөн адамдардын Кудайды каргаган кыйкырыктары эле. Кандайдыр бир мезгилде ал бир күч аны ошол жарга түртүп жаткандай сезди жана аны менен мурда сүйлөшкөн үн: “Сен ушул жерге тиешелүүсүң” деп жаткандай болду.

Үрөйү учкан ал ыйлап, ырайым сурай баштады! Оор жүктү көтөргөндөй абалда ал айкашкан жыгачтын алдына кулады да, ал жакта көпкө чейин отурду. Анан кайра сүйүү менен боорукердикке толгон үн угулду: “Ал муну сен үчүн кылган! Ал сен үчүн өлгөн! Эгерде кечирим сурап, Анын курмандыгын кабыл ала турган болсоң, сени ал жакка (оттуу көлгө) жиберишпейт!”

Ушул сөздөрдөн кийин Ефросиния дагы катуураак ыйлады. Уккан сөзүнө дароо жооп берди. Ал кечирим сурады, анан дароо жеңилдей түштү, анткени аны басып турган жүк, ошол замат айкашкан жыгачтын алдына түштү.

Жогоруну карап, анын алдында кереметтүү кийим кийип турган Теңир Ыйса Машайакты көрдү. Ал аны көтөрүп алып, эң бир кооз жашыл өзөнгө алып барды. Эми ал Аны менен оюнда сүйлөшө алат эле. Ал суроолорду берип жатты, Ал жооп берип жатты. Бул ушунчалык таң калыштуу эле! Ал Андан: алар кайда баратышкандыгын сурады эле, Ал: “Асмандагы Ата менен жолукканга!” деп айтты.

Өзөндүн жогору жагына чыгып, ал шаардын дарбазасынан чыгып турган жарыкты көрдү. Периштелердин кереметтүү үндөрү жана музыкалары бар тараптан угулуп турду, дарактар менен гүлдөр аны жеткирип келип жатты. Алар дарбазадан чогуу кириште. Шаардын кооздугун сөз менен сүрөттөп берүү кыйын эле!

Алар түз эле тактынын алдына өтүштү. Ефросиния Кудайдын жүзүн көрө алган жок. Анткени, жүзү жабык эле, Аны

жаап турган жаркырактын ичинен ал чыгып турган чоң китепти жана колду көрө алат эле. Кол жаза баштады. Жазылган сөздү жакшылап көрүү үчүн ал алдыга жүткүнүп, ал Өмүр Китебинде жазылып турган өз атын окуду! (Ал мезгилде анын ал жөнүндө түшүнүгү деле жок болчу).

Асмандагы Ата Өмүр Китебине анын атын жазаар менен, Ал: "Үй-бүлөгө кош келгин!" деп айтты. Ошол учурда Ал анын маңдайынан өөп койгондо айланада курчап турган периштелер улуу кубаныч менен ырдап, бийлеп жатышты! Ал периштелер ырдап жаткан ырдын ичинен өз атын так укту. Ефросиния алардын бийине кошулду. Ошол учурда ал ага Теңирдин: "Түбөлүк бийди изде!" дегенин эстеди. Периштелер анын куткарылышынын урматына ушундай майрамдоону уюштурушканын кыз дароо эле түшүнгөн жок.

Бир нече убакыт өткөндөн кийин Теңир ага жерге кайтууга убакыт келгендигин, анткени Ал ага чоң иштерди пландаштырып жаткандыгын айтты. Ал Анын ысымы үчүн оттуу сыноолордон өтүшү керек, бирок Ал дайыма жанында болот, эми баары аткарылгандан кийин ал Ага кылымдарга кайрылып келет.

Кийинки учурда ал өз бөлмөсүндө ойгонду. Ушундай асманга болгон кереметтүү саякаттан кийин жерге кайрылып келгенде ал ушунчалык капаланды, бирок башка тандоо жок эле.

Айылда Ефросиниянын таң каларлык баштан кечиргендери угулганда, куугунтук башталды. Баары атасынан башталды, ал анын ишенген нерсесинен баш тартпаса балта менен чаап өлтүрөм деп коркутту. Ал атасына баштан өткөргөн нерсесинен эч качан баш тарта албастыгын айтты.

Куугунтук күчөй берди. Бир жолу түн ичинде ага бир тууган эже келди да, адамдар аны таңга маал келип айылдын аянтына, православ чиркөөсү жайгашкан жерге алып кетишээри тууралуу эскертип кетти. Алар чиркөөдөн Эне кудайдын иконасын алып чыгышып, анын алдында тизе бүгүп, иконаны өөп жана ага табынбаса, ага бензинди жаба куюшуп, өрттөп жиберишмек.

Ефросиния ишенген жок, адамдар мынчалыкка барбайт деп ойлоду. Алар чын эле өз коркутууларын ишке ашыргылары келишти. Анткени ушул түнү Теңирдин периштеси кызга келип, аны акырын желкесине таптап ойготту. Анын ойгонгонуна көзү жеткенде ал кийинип, эшиктин алдына келишин айтты. Ал тил алчаак эле. Босогодон чыкканда аны кимдир бирөө жерден көтөрүп кеткенин сезди. Ал физикалык түрдө коопсуз жайга, үйүнөн бир нече чакырым алыстыктагы кыштакка алып барылды.

## Акылга сыйбаган азап

Джойдун чоң апасы тозокту эмес, "экинчи өлүм" деп аталган оттуу көлдү көрдү. Анын тагдыры өзгөрүлдү, анткени ал бүткүл жүрөгү менен Ыйсанын артынан ээрчүүнү тандады. Жазуу минтип айтат:

> "Коркоктор жана ишенбегендер, кара ниеттер жана киши өлтүргүчтөр, бузулгандар жана сыйкырчылар, бутка табынуучулар жана бардык жалганчылар күйүп жаткан күкүрттүү көлгө ыргытылышат: Бул экинчи өлүм" (Аян 21:8).

Байкагыла, бул от менен күкүрт күйүп турат. Күкүрт – бул, металлдык эмес субстанция, күйгөндө эң жогорку жылуулук бөлүп чыгарып, анан да өтө жагымсыз жытка ээ болгон металл. Тозокту сүрөттөгөн көпчүлүк адамдар аны "чыдагыс", тири укмуш жыт деп айтышкан. Ал эң бир кеңи субстанциейри таралган сөз. Чынында эле, ошол жайда болгон адамдар ал жерде өкүм сүргөн тири укмуш кыйынчылыктарды адамдык тил менен сүрөттөп берүү мүмкүн эмес дешкен.

Анан да *экинчи өлүм* деген сөзгө маани бергиле. Ыйса минтип айткан: "Кимдин (укканга) кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга (башкача айтканда Ал ишенимсиздерге эмес, жыйындарга айткысы келген нерсени) эмне деп айтып жатканын уксун: жеңген адам *экинчи өлүмдөн* зыян тартпайт" (Аян 2:11).

Ал муну жыйындарга айтып жаткандыгы таң калардык эмеспи силер үчүн? Байкоо салсаңар, оттуу көлдө адамдардын негизги үч категориясы болот: биринчиси – Анын артынан ээрчүүнү токтоткондор; экинчи – Ага ишенимдүү болбогондор; үчүнчүлөр – эч качан Аны менен болбогон күнөөкөрлөр. Ал эми биринчи эки топко жыйындын мүчөлөрү болгондор кирет.

Биздин таржымалдагы биринчи үч каарманды эстеп көргүлө: Коркок, Алданган, Көзкарандысыз. Алардын экөөсү жыйындын образы болуп эсептелген Энделдеги мектептин активдүү ишмерлери болушкан. Жакында биз аны дагы да майдалап талкуулайбыз.

*Экинчи өлүм деген* – бул, оттуу көлдөгү жан чыдагыс кыйналуу. Эстеп көрсөңөр, биз биринчи бөлүмдө айткандай, түбөлүктүүлүк – бул кылымдардан кылымдарга, аягы жок, эч кандай чыгуу, эч кандай бошонуу деген болбойт! Кээ бирөөлөр баары бир бардыгы бир кездерде бүтүшү керек деп ойлошот, бирок мындай ишеним Кудайдын: “Алар күнү-түнү түбөлүк кыйналышат” (Аян 20:10) деген сөзүнө түздөн түз карама-каршы келет.

Азаптын аягы болбостугун көргөзүү үчүн, Ыйса Анын Сөзүнө тил албагандарга минтип айткан: “Булар *түбөлүккө азап чегишет*, адил адамдар болсо түбөлүк өмүргө ээ болушат” (Матай 25:46).

*Түбөлүккө азап чегишет* деген сөзгө маани бергиле. Башкача айтканда, жазанын аягы болбойт, ал түбөлүккө улана берет! Ыйса бизге минтип айтат:

> “Эгерде көзүң сени күнөөгө түртсө, аны оюп сал. Эки көзүң менен оттуу көлгө түшкөндөн көрө, бир көзүң менен Кудайдын Падышачылыгына киргениң жакшы” (Марк 9:47).

Бул үзүндүдөн көрүнүп тургандай, ал оттуу көл, тозок тууралуу айтып атат. Эми башка котормодо бул кандай айтылары тууралуу карап көрөлү:

> «Эгерде сенин көзүң ишенимди жоготушуңа себеп болуп жаткан болсо, аны оюп алып сал! Эки көзүңдү тең сактоо менен тозокко

> ыргытылгандан көрө, бир гана көзүң менен сага Кудай Падышачылыгына киргениң жакшы эмеспи. Ал жакта “аларды жеген курттар өлбөйт жана жалмаган от өчпөйт» (Марк 9:47,48).

Көңүл бөлсөңөр, жеген курттар өлбөйт деген эмнени түшүндүрөт, демек ар дайым алар жегендей бирдеме бар да. Келгиле, аны жаратылыш менен салыштырып көрөлү. Адам өлгөндө анын денесин курттар жейт, анан сөөгү гана калганда алар өлүшөт. Тозокто жеп жаткан курттар эч качан өлүшпөйт, анткени алар жеп тура турган нерсе эч качан жок болуп кетпейт. Тозокту көрүп келген бир аял оттун жалынынан булкунуп адамдарды жеп жаткан чоң-чоң курттарды көргөндүгүн айткан. Алар тозокто канча болуштары мааниге ээ эмес, алар жей турган дене бар болгондугунда.

Ооба, ооба, чын эле ал жер элестете алгыс! Бирок, биз оттуу көлдү эң башында Кудай адамдар үчүн жаратпагандыгын эске алышыбыз керек. Уксаңар, ошол тири-укмуш жерге барчулар тууралуу Ыйса эмне деп жатат:

> “Анан сол жагындагыларга мындай дейт: “Каргышка калгандар, Менин жанымдан кеткиле! Шайтан менен анын жиндери үчүн даярдалган түбөлүк отко түшкүлө” (Матай 25:41).

Ал жер адамдар үчүн эмес, шайтан менен анын кулаган периштелери үчүн жасалган болчу. Анткен менен, шайтан алдамчылык жолу менен көптөрдү өзү менен кошо түбөлүк жазага алып кетет. Биздин аллегорияда да ошону эле көрүп жатабыз. Дагондун таасири көптөрү үчүн азгырык болот, анан Дагонго карата болгон Джейлиндин каары анын таасири астындагыларга да тиет. Андай болбосо, Джейлин адилеттүү болбой калмак.

## Түбөлүккө бактылуу болуу

Өткөн бөлүмдө биз Джейлиндин каары кандай болгондугун ачык эле көрдүк. Жазуу минтип айтып жатат: “Ал Кудайдын каарынын шарабын ичет... ал ыйык периштелердин жана Козунун

алдында отко жана күкүрткө күйүп кыйналат. Алардын кыйналуусунан чыккан түтүн түбөлүккө көтөрүлүп турат. Жырткычка жана анын айкелине табынгандар, анын ысымынын белгисин койдургандар күн да, түн да тынч ала алышпайт” (Аян 14:10,11).

Кылымдардан кылымдарга деген эмне? Биздин биринчи бөлүмдөгү түбөлүктүүлүк тууралуу чечмелөөбүз эсиңердеби?Аягы жок дегенге түшүнүүгө болгон аракет? Чеги жок дегенди акылыбыз менен түшүнө албайбыз, жүрөк менен түшүнүүгө болот. Ошондуктан, Кудай Аны уккусу келбеген бүткүл муун үчүн ыйлаган:

> “Бирок алардын жүрөгү ушундай болсо кана! Менден коркуп, өмүрлөрү өткөнчө Менин осуяттарымды аткарышса, аларга да, алардын балдарына да *түбөлүккө* жакшы болор эле” (Мыйзамды кайталоо 5:29).

*“Түбөлүккө”* деген сөзгө маани берип көргүлө. Эгерде алар түбөлүктүүлүккө мотивацияланып жана түбөлүктүүлүккө жетектелгендер эле болушкандачы! Ал: “Менин бардык парыздарымды дайыма аткаргыла” деген, “кандайдыр бир убакта эле” деген эмес. Ал ошондой эле: “Ар дайым Менин кээ бир парыздарымды аткаргыла” деп да айткан эмес. Жок, *дайыма, бардыгын* сактоо керек! Бизге ар дайым Анын бүткүл эркин аткаруу парыздалган.

Балким, силер: “Мен Анын бардык парыздарын аткарып жаткан жокмун. Демек мен жазаланам!”– деп ойлойттурсуңар. Ооба, бул нагыз чындык. Кудайдын мыйзамы бир дагы адам Кудайдын адилеттүүлүгүнүн стандартына жете албайт, ошондуктан ар бир адам Анын сотунун алдында күнөөлүү болот деп аныктап жана далилдеп жатат. Кудайдын бет алдында туруп эч ким: “Мен Сенин Падышачылыгыңа ылайык татыктуу жашадым жана түбөлүк жазага ылайыктуу эмесмин” деп айта албайт.

Биздин жеткилең эместигибиз эң башындагы: бакта адам бакта билип туруп эле Кудайды укпай койгондугунда, анан ошол аркылуу күнөөнүн табиятын алгандыгында камтылган.

Кудайды алмаштыруу менен адам өзүн куткарууга жана бошонууга эч кандай мүмкүнчүлүгү жок шайтандын кулу болуп калган, анын үстөмдүгүнө баш ийип калган. Кулаган табият Адамдын ар бир тукумуна өткөрүлүп берилген, анткени биз өзүбүздүн ата-энелерибиздин табияты менен төрөлөбүз.

Өз күнөөсү үчүн адамзат толугу менен өзү жоопкерчиликтүү болсо да, адамга болгон таза сүйүүсүнөн улам, Кудай бизге Куткаруучу жиберери тууралуу убада кылган. Ал Куткаруучу – Ыйса Машайак. Ал туулганга чейинки жүз жылдарда эле Ал кыз Мариямдан туулары тууралуу айтылган (Ышайа 7:14). Анын Атасы – Кудай, ал эми апасы болсо – Дөөттүн тукумунан чыккан Мария деген кыз. Бул так ушундай болуш керек болчу, болбосо, ата-энесинин экөө тең адам болгондо, Ыйса Адамдын табиятына, күнөөнүн кулчулугуна баш ийип калмак. Ал анда жеткилең жашоодо жашай алмак эмес, анан ушул себептен бизди куткара албай калмак. Ошентсе да, ал аялдан туулушу керек болгон, себеби кулоо жана алмаштыруу күнөөсү үчүн адам кун төлөш керек болчу. Ыйса жүз пайыз Кудай, жүз пайыз адам болгон.

Айкашкан жыгачка кадалуу менен Ыйса биздин бардык күнөөлөрүбүздү Өзүнө алган, Өз канын төккөн жана өлгөн, күнөөнүн кунун төлөгөн. Кантсе да, Ал ушунчалык адилеттүү жашагандыктан, Ата аны өлгөндөн тирилтип, Өзүнүн жанына оң кол жагына отургузду. Ыйсанын түпкү атасы болгон пайгамбар, падыша Дөөт ушундай болоорун миң жылдар мурда эле алдын ала көргөн жана Ыйса айкашка кадалгандан кийин эмне болорун жазып койгон. Петир Анын Сөзүн элүүнчүлөр күнүндө айткан:

> “Ал пайгамбар болгондуктан жана Кудайдын “Сенин тукумуңдан Машайак чыгат, Аны сенин тагыңа отургузам” деген убадасын билгендиктен, Машайактын кайра тирилери жөнүндө: “Анын жаны өлгөндөр жаткан жайда калтырылган жок, Анын денеси чириген жок”,– деп, алдын ала айткан. Ошол Ыйсаны Кудай тирилтти, ага биз баарыбыз күбөбүз” (Элчилердин иштери 2:30-32).

Ыйса бизди боштондукка чыгаруу үчүн өлгөндөн кийин кайра тирилген. Ал тозокто калтырылбагандыгын байкагыла. Бул сөздөр бизге Ал ошол жакта болгондугунан ачык түшүнүк берет. Ал качан ал жакта болгон? Кандайдыр бир учурда гана айкаш жыгач менен тирилүүнүн аралыгында. Биз түбөлүк жазага кириптер болбошубуз үчүн Ыйса ар бирибиз үчүн өлүм менен тозоктун даамын таткан. Эми өзүбүз үчүн болгон жашоодон толугу менен баш тартып, өзүбүздү Анын бийлигине толугу менен берсек жана Анын биз үчүн кылгандарына, Өз канын төккөнүнө, өлүмдүн даамын татканына ишенсек, анда биз куткарылууну жана Кудай алдындагы актоону алабыз. Эми биз Анын адилеттигине ылайык келебиз жана тагынын алдында ишенимдүү тура алабыз. Кудайга кылымдардан кылымдарга алкыш!

Ошондуктан, бизге минтип айтылган: “Силер ырайымдын негизинде ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул – Кудайдын белеги. Эч ким мактанбашы үчүн, бул кылган иштерден да эмес” (Эфестиктерге 2:8,9).

Эгерде силер мурда эч качан Кудайдан көз каранды болбой жашаганыңар үчүн өкүнбөгөн болсоңор, күнөөңөрдөн баш тартпаган болсоңор жана өз жашооңорду Ыйсага толугу менен бербеген болсоңор, анда эми ушул китептин артындагы Тиркемени ачкыла да, силердин куткарылышыңар үчүн Кудайдын планын жана сыйынууну ачып окуп туруп, Ыйса Машайакты өзүңөрдүн Теңириңер жана Куткаруучуңар катары кабыл алсаңар болот.

Акыркы бир нече беттерде эмне тууралуу сөз болгондугу менен ишенгендер жакшы тааныш. Антсе да, алардын көпчүлүгү кийинки бөлүмдөрдө айта тургандарымды аягына чейин түшүнүшпөйт. Чынында, өзүн машайакчыларбыз деп атагандардын көпчүлүгү Жазуудан ачылган жөнөкөй гана чындыкка таң калышат. Кийинки бөлүмдөрдөн биз ар бир машайакчынын толук кандуу өсүшү үчүн негиздүү билим канчалык зарыл экендигин көрө алабыз.

5-БӨЛҮМ

# АЛДАМЧЫЛЫКТЫН ҮСТҮНӨН БОЛГОН СОТ

*Ал эми биз Кудайдын соту адилеттүүлүккө ылайык экенин билебиз.*
— Римдиктерге 2:2 (Кеңири котормо)

Ыйса бизди күнөөбүз үчүн шайтан жана аны ээрчигендер тарта турган жазадан куткарыш үчүн келген. Биз үчүн берилген Ыйсанын өмүрү Кудайдын бизге карата болгон таң каларлык сүйүүсүн ачып берет.

Ойлоп көрсөңөр: Кудай адамды, жаныбарларды, куштарды, сойлоп жүрүүчүлөрдү, деңиз жаныбарларын, жерди анын жеткилең аба ырайы менен кошо жаратты. Биз окуп көрөлү: "Кудай эмнени жаратса, ошонун баардыгы абдан жакшы экенин көрдү" (Башталыш 1:31). Андан кийин Ал жеткилең жаратылышты сактасын жана коргосун деп адамдын колуна салып берди. Забурчу айткандай: "Асман – асман Теңир үчүн, ал эми жерди Ал адам баласына берди" (Забур 113:24). Адам Кудайдын негизги душманы Люциферден өзүн гана эмес, бардык жаратылышты коргоо керек болчу.

Кудай бакта сүйүү эркиндигине ээ болбогон, Ага тил алчаак болгон роботторду гана көрүүнү каалаган эмес, ошондуктан миңдеген дарактардын ичинен бакта бир гана дарак болгон, ал тууралуу: "Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот, бирок жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактын жемишинен жебе, анткени андан даам таткан күнү өлүп каласың" (Башталыш 2:16, 17) деп айтылган.

Ал айткан өлүм, физикалык өлүм эмес болчу, Адам дароо эле өзүнүн тил албастыгынын жазасын тарткан эмес, андан кийин да бир нече жыл жашаган. Тескерисинче, Теңир адамга ал Кудайдын жашоосунан ажырап жана Люцифердин табиятын кабыл алаары, анын арты болсо өлүм болоорун көргөзгөн.

Кандайдыр бир убакыт өткөндөн кийин Люцифер Обону алдап, анын алдында Кудайдын мүнөзүн алмаштырып көргөзгөн. Ал анын көңүлүн бардык жетсе боло турган дарактардан азгырып, тыюу салынган жалгыз гана даракка буруп койгон. Дарак жакшы жана жагымдуу экендигин баалап, андан даам татты жана ал, эми Теңирди "берүүчү" эмес, "тартып алуучу" катары эсептеди. Анткен менен, бул этапта адамзат али кулаган эмес болчу. Ал эми, ага күйөөсү кошулганда Кудайдын жаратканы өлүмдүн табиятын кабыл алган. Ошондуктан, анын күнөөсү дагы да оорураак эле: Обо алданып калган, ал эми Адам билип туруп эле табынбай койгон (1 Тиметей 2:14тү карагыла).

Мунун натыйжасында адам гана эмес, бүткүл жаратылгандар өлүм табиятын алышты. Адам күнөөгө чалынганга чейин жаныбарлар жырткычтар эмес болчу, эт менен тамактанышчу эмес, өлчү да эмес. Эч кандай жер титирөө, добул, атылуулар, ачарчылык, оору дегендер болчу эмес. Мунун бардыгынын пайда болуу себеби, адам ага Кудай тапшырган нерселерди сактабагандыгында. Ошол мезгилден баштап жалгыз гана адамзат эмес, бардык жаратылган нерселер өлө турган болуп калды. Биз окуп көрөлү:

> "Себеби жаратылгандын бардыгы курулай убаракерчиликке өз калоолору менен эмес, өздөрүн баш ийдиргендин каалоосу боюнча баш ийишкен. Анткени жаратылгандын бардыгынын жок болуу кулдугунан чыгып, Кудайдын балдарынын даңктуу эркиндигине ээ болобуз деген үмүтү бар. Анкени жаратылгандын бардыгы ушул убака чейин чогуу онтоп, толгоо тарткан сыяктуу азап тартып жатканын билебиз" (Римдиктерге 8:20-22).

Жаратылыш өлүм каргышын өзүнүн эмес, адамзаттын Кудайга карата болгон козголоңунан улам кабыл алды. Ал ага

камкордук кылуу үчүн тапшырылган нерсени сактай албай койду. Адам Кудайдан бөлүнүп калды жана башында бир гана Люцифер үчүн каргыш болгон өлүмдү эми жаратылышка эле эмес, бирок өзүнө, аялына жана өзүнүн бүткүл тукумуна алды. Кандай гана чыккынчылык, кандай гана алмаштыруу! Кудай минтип айтса болмок: “Мен сүйгөн, баталаган жана жеткилең кылып жараткан адам Мени Люциферге алмашты, ошондуктан алар оттуу көлгө жөнөтүлсүн, а Биз болсо (Ата, Уул жана Ыйык Рух) баарын башынан баштайбыз – Биз аларды кандай сүйсөк, бизди да ошондой сүйгөн, ишенимдүү жандыктар жайгашкан башка дүйнө жаратабыз”.

Эгерде Теңир ушундай кылса деле Ал Өз чечиминде өтө туура болмок. Бирок, Өзүнүн адамзатка болгон таң каларлык сүйүүсү менен, аны ал түшүп калган кулчулуктан бошотууга жөндөмдүү болгон Ал, Куткаруучуну жиберүүнү убада кылган. Ал Аны менен бирге аалам-жерди жараткан Анын Уулу болот. Башкача айтканда, жазага татыктууларга эч нерсе кылбастан, Ал бизди чексиз сүйгөндүктөн, өлүмдүн табияты жана күнөөлөрүбүз үчүн укмуш баа төлөгөн. Бул таң каларлык сүйүү.

Бул Голгофанын максаты болуп калган. Ишенбегендердин: “Ушунчалык сүйгөн Кудай Жакшы Кабар укпаган адамдарды кантип тозокко жөнөтөт?” деген суроосу машайакчыларды туңгуюкка камап койгону мени таң калтырат. Менде эң жөнөкөй жооп бар: “Бул Анын күнөөсү эмес, биздин күнөө”. Ыйса адамзаттын эркиндиги үчүн укмуштуудай кун төлөп туруп, сүйүнчү кабарды уккандарга – бизге, дүйнө жүзү боюнча каргыштан куткаруу тууралуу ким уга элек болсо, ошолорго барып айткыла деген. Биз баарыбыз өз муунубуз үчүн отчёт беребиз, Кудай болсо Өзү тараптан талап кылынгандын баарын аткарып койду!

## Биз Кудайдын табиятын кабыл алабыз

Биздин күнөөлөрүбүз үчүн Ыйса тарабынан төлөнгөн кун бизди соттон куткарып гана койбостон, бизге Кудайдыкына

окшогон, күнөөгө көп тартылбаган жаңы табият дагы берет. Качан адам Ыйсага өзүн толугу менен арнаганда, ал таптакыр жаңы адам болуп калат.

> "Ошентип, ким Машайактын ичинде болсо, ал-жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду" (2 Кор. 5:17, англ. тилинен которулду).

Ыйса Машайакты Теңирим деп кабыл алуу менен, биз түз манисинде өлөбүз. Биздин эски табиятыбыз Кудайдын көз алдында Машайак менен чогуу кадалат. Анан Кудайдын табияты менен таптакыр жаңы адам жаралат. Биз кайрадан төрөлөбүз. Эми биз бир кезде биздин жашообузга өз эркин буйрук берип айткан табияттан эркинбиз. Ыйык Жазууда түшүнүктүү эле жазылып турат: "Машайак Атасынын даңкы менен өлгөндөрдүн арасынан кандай тирилсе, биз да жаңыча жашашыбыз үчүн, өлүмгө чөмүлдүрүлүүбүз аркылуу Аны менен бирге көмүлгөнбүз... Анткени күнөөкөр табиятыбыз жок болушу үчүн, мындан ары күнөөнүн кулдары болбошубуз үчүн, эски табиятыбыз Машайак менен бирге айкаш жыгачка керилгенин билебиз. Анткени өлгөн адам күнөөнүн бийлигинен бошотулган. Эгерде биз Машайак менен бирге өлсөк, анда Аны менен бирге жашарыбызга ишенебиз" (Римдиктерге 6:4, 6-8). Эми биз Адамдын чыккынчылыгы менен баш ийип калган табиятыбыз менен эмес, Машайактын жаратылышына ылайык жаратылышыбыз менен жашайбыз.

Ыйсаны өзүнүн Теңири катары таанубаган адамдарды жаман көрүү машайакчылар тарабынан таптакыр туура эмес нерсе болмок. Анткени, аларда жекече күнөөнүн руханий ДНКсы бар. Бирок "ишенген" адамдын билип туруп, дайыма күнөөдө жашап жүргөнү абдан акылсыздык жана табигый эмес нерсе болмок. *Ишенген* деп тырмакчада айтылган сөз аркылуу мен Ыйсаны өзүнүн Куткаруучусу жана Теңири деп атаган, бирок чындыгында, Ал ага антип сезилбегендер тууралуу айтып жатам. Эгерде чындап эле ал адамдын Теңири Ыйса

болгондо, анда андай адамдын жашоосунан кудайлык табият көрүнмөк. Ыйса бул тууралуу көп жолу айткан:

> “Ар бир жакшы дарак жакшы жемиш берет, жаман дарак болсо жаман жемиш берет. Жакшы дарак жаман жемиш бербейт, ал эми жаман дарак жакшы жемиш бербейт. Жакшы жемиш бербеген ар бир дарак кыйылып, отко ыргытылат. Демек, аларды жемиштеринен билип аласыңар” (Матай 7:17-20).

Ыйсанын айткандарын түшүнгөнгө оор эмес жана алар өзгөрүлгүс. Дарак жемишинен көрүнгөндүгүнө карабай, бул жерде кептин баары жемиште эмес, даракта. Мисалы, бадалдардын арасынан жакшынакай жемишти таап алганыбызда биз бул жемишти тамак – аш үчүн колдонсо болорун билебиз. Башка жагынан алып караганда болсо, биз уулу жемишти тапканда, бул жакшы эмес экендигин билебиз. Дарактан пайда болгон жемиш, ал жакшы жемишпи же жегенге ылайыксыз жемишпи, ошону көргөзөт. Мына ушундай жол менен Ыйса бизди анын сөзү боюнча эмес, ишенгендердин жыйынында көп болгондугу, кудайлаган кебетеси менен эмес, анын иш-аракети менен ал киши чыныгы машайакчыбы же жокпу дегенди аныктоого үйрөтөт! Анын жемиши кандай, ал Падышачылыкка көңүл коюп жатабы же бул дүйнөдөгү өз кызыкчылыктарына көңүл коюп жатабы? Муну өз катында элчи Жакан мындайча сүрөттөйт:

> “Бул дүйнөнү жана бул дүйнөдөгүнү сүйбөгүлө. Ким бул дүйнөнү сүйсө, ал адамда Атага болгон сүйүү жок. Анткени бул дүйнөдө болгон нерсенин баары: дене кумары, көз кумары жана турмуш-тиричиликтеги текебердик. Булар Атадан эмес, бул дүйнөнүкү. Бул дүйнө өзүнүн кумарлары менен кошо жок болот. Ал эми Кудайдын эркин аткарган адам түбөлүк жашайт.” (1 Жакан 2:15-17, The Message).

Ушуга өз балдарыбызды ишендиргенге чейин Лиза экөөбүзгө көп убакыт талап кылынды. Алар машайакчылык мектепке барышат, анан өзүлөрүнүн классташтары өзүлөрүн машайакчыларбыз деп атаган ата-энелери менен туруктуу-

лукта жыйынга барышат, ал эми иш жүзүндө Машайакка окшошууга аракеттенүүнүн ордуна, жогорудагыдай кылышканын көрүшөт. Класстагы ал балдар Кудайдын эркин аткаруудан ырахат табуунун ордуна, көбүнчө өзүлөрүнүкүн издейт.

Биздин балдарыбыздын мектебиндеги кырдаал – мен келтирип бере ала турган сансыз мисалдардын бирөөсү гана. Бул көйгөй үй-бүлөлөрдө, ишкер чөйрөдө, ал тургай жыйындар менен кызматтарда да кездешет. Өзүлөрүн машайакчыларбыз деп атаган көпчүлүгү, тилекке каршы тескерисинче көрүнгөн жемиштерди беришет.

## Адаттагы “кайрылуу”

Биз айткан Жакшы Кабар күнөөкөрдүн сыйынууда Аны бир жолу “Теңирим” деп атап, анан түбөлүккө куткарылганбыз деп Ыйсаны кабыл алышы менен бузулган. Бирок, Ыйса буга үйрөтүп жаткан жок. Ал айтып атат: “Мени “Теңир! Теңир!” деп атаган ар ким эле Асман Падышачылыгына кире бербейт, бирок Менин Асмандагы Атамдын эркин аткаргандар гана Асман Падышачылыгына киришет” (Матай 7:21).

Эгерде биз Анын Сөзүн айтылган насаат, китептер, Кудайдын ырайымы тууралуу ыр деген бир тараптуу фильтрден өткөрбөй угуп көрө турган болсок, анда алар биздин азыркы Жакшы Кабарга карама-каршы келерин байкамакпыз. Анын Сөзү күнөөкөрдүн Ыйсаны өзүнүн Теңири деп сыйынуу менен, анан асманга барат дегенинен көбүрөөк түшүнүктүүрөөк болуп турат. Эгерде алар асманга барбай кала турган болушса, биз мурдагы бөлүмдөрдө айткандай, анда бир гана мүмкүнчүлүк калат.

Келгиле, Жакшы Кабарчынын кадимки эле кызматын карап көрөлү: Насаатчы: “Ыйсага кел да, батага ээ бол” деген темага насаат айтып атат. Ал Ыйса бизге кубаныч, тынчтык, ийгиликте гүлдөө, бакыт, ден соолук, асман ж.б. берери тууралуу айтып атат. Мени туура түшүнгүлө. Кудай бизге чын эле батасын бер-

гиси келет. Бирок, Ыйса эч качан батаны Анын артынан ээрчүүдө азгырык (же жем ыргытуу) катары колдонгон эмес.

Кырк беш мүнөттүк жарнамалык акция бүткөндөн кийин жакшы кабарчы аны угуп турган адамга суроо узатат. Эгерде бүгүн кечинде алар өлүп кала турган болушса, анда алар асманга барышабы? Ал ар бир адамга оңго, солго карап, жаңы кайрылып аткан адамга жардам берүүдө аларды жандандырат. “Эгерде сенин кошунаң “ооба” дей албай жаткан болсо, аны колдон жетелеп алдыга алып чык” дейт анан.

Анан жаңы келген адамдар алдыга чыкканчакты “Кандай болсо, ошондой” деген ыр жаңырат. Башкача учурда алар залдагылардын кол чабуусунун жана музыкалык аспаптардын салтанаттуу маршынын коштоосу астында чыгышат.

Насаатчы алдыга чыкандардан баштарын ийип адаттагы сыйынуу менен сыйынууларын сурайт: “Ата, мен күнөөкөр экенимди билем, менин күнөөлөрүмдү кечир. Бүгүн мен Ыйсаны жашоомо Теңирим жана Куткаруучум катары кел деп чакырам. Мени өз балаң кылып жатканың үчүн ырахмат. Ыйсанын атынан, оомийин”.

Зал кол чабат, музыка ойнойт, анан жаңы келгендер, эми алардын алданып калгандарын эске албаган болсок, “кандай болсо, ошондой” бойдон ордуларына кайтышат. Жашоодо болгон тил албастык үчүн тобо кылуу, Машайак үчүн өз жашоосун берүү жана Кудайдын эркин аткаруу үчүн, өз кызыкчылыктарынан баш тартуу тууралуу бир да сөз айтылбайт. Алар Ыйсаны өзүлөрүнүн Теңири жана Куткаруучусу деп айтты, бирок жүрөктөрүндө эч кандай өзгөрүү болгон жок. Ыйса жөн гана алардын жашоосунун бир бөлүгү болуп калды.

Бирок, падышалардын Палышасы жана теңирлердин Теңири кимдир бирөөнүн жашоосуна көптөгөн конкуренттердин (атаандаштардын) ичинен экинчиси же биринчиси болуп келбейт. Ал биздин жүрөгүбүздөгү Өз ордуна бир да адам менен, буюм менен, ишкердүүлүк менен жарышпастан жалгыз

гана Падыша катары келет. Ал Теңир болушу керек: Жогорку Кожоюн жана Төрө болушу керек, демек, эми мындан ары биз өз жашообуга ээ эмеспиз.

Силер элестетип көрө аласыңарбы, мисалы башка сүйгөндөрүн таштабай, бирок силерди тизмеде биринчи коюп жашайм деген адам менен никеге туруп атканыңарды? Ааламдын Падышасы андан канча эсе чоң? “Сен менин сүйгөндөрүмдүн арасынан биринчисисиң” деген колуктуну алабы? Мындай учурда парыздын мамилеси жок, бир нерсеге биригүү жок. Кандай гана адашуу!

Бул “жаңы кайрылгандар” ичинде Ыйсанын жаңы табиятын калыптандыруу үчүн айкашкан жыгачты өзүмчүл жашоосуна киргизген жок. Алар жакшы жашоону ушул жер үстүндө алууга жана асманга барууга убада алышты. Кызыктуу мындай факт бар, машайакчылар куугунтукка туш болгон көптөгөн өлкөлөрдө адамдар өз жашоосун жоготуп атышканын билип туруп, Ыйсага келишет. Биз болсо, Ага жакшы жашоо алуу жана асманга баруу үчүн келебиз. Биз дагы так эле ошондой болуп, өз жашообузду жоготушубуз керек.

Бүгүнкү күндө биздин коомдо евангелиялык кыймылдын катардагы өкүлдөрү биз айткан Евангелиянын натыйжасында адашууда жашап жатышат. Жаңы гана ээ болгон “ишеним” менен таасирленген жаңы келгендер, машайакчылык ишкердүүлүккө аралашышат, жыйынга келишет, ал тургай Жакшы Кабар таратууга катышышат, анткени мунун баары алар үчүн жаңы, таң каларлык. Бул өзүн спорттун жаңы түрүндө сынап көрүү үчүн жаңы клубга келгендей, жаңы мектепке келгендей, же жаңы жумушка кирип жаткандай. Мында жаңы нерсе бардай, бирок, алар Ыйса Өзүнүн чыныгы жолун жолдоочуларына Аны ээрчигендиги үчүн, Ага кызмат кылгандыгы үчүн, өз жашоолору менен баасын төлөп кала тургандай акыркы чечимди кабыл алуу тууралуу буйругун аткарышкан жок (Лука 14: 27-33).

## Ээ болуу үчүн жоготуу

Бул алмашуу, Анын жашоосун (табиятын) алуу үчүн, өз жашообузду толугу менен Ага берүү. Ыйса төмөнкүнү бизге жеткирүүгө бир нече жолу аракеттенген:

> "Ким менин артыман ээрчигиси келсе, ал өзүнөн баш тартсын (өзүнө болгон көз караштьы жана кызыкчылыктарды өзгөртүү, аларга көңүл бурбоо, аларды унутуу) жана күн сайын өз айкаш жыгачын алып (менин артыман жүргөн шакиртимдей болуп мага кошул), Менин артыман ээрчисин (дайым мени бекем кармап)" (Марк 8:34, кеңейтилген котормо).

Биз ар дайым ага жармашуубуз керек. Куткарылуу деген – жөн гана бир жолу сыйынып коюп, анан мурдагыдай эле жашай берүү эмес, бул эми сен асманга баруу үчүн "жогорудан төрөлгөндөрдүн" клубуна кирдиң дегендик эмес. Ыйса минтип улантат: "Ким өз жанын сактагысы келсе, ал аны жоготот, ал эми ким Мен үчүн жанын жоготсо, ал аны сактап калат" (Марк 8:35). Кеңейтилген котормодо бул жер мындайча айтылат: "Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн өз жашоосун (жерде гана жашап өткөн жашоосун) бергендердин бардыгы, өмүрүн (Кудайдын түбөлүк Падышачылыгындагы жогорку руханий жашоосун) сактап калат".

Бул шартсыз алмашуу, биз өз жашообузду Анын каалоолорун ээрчүү үчүн беребиз, анын ордуна Анын түбөлүк жашоосун алабыз. Бүгүнкү күндө айтылып жаткан Жакшы Кабар Ыйсанын артынан ээрчүүдөгү ушул негизги аспектиге басым жасабай жатат, биз бир гана пайда тууралуу эле угабыз. Чынында биз *тирилүүдөгү убадалар* тууралуу гана айтып жатабыз, *айкаштын таасири* тууралуу айтпай атабыз.

Муну жаш жигит сыналгыдан контракттык негизде аскерде кызмат өтөө тууралуу жарнаманы көрүп жаткан кырдаал менен салыштырса болот. Ал сонун флоттук форманы кийип алган, керемет суднанын бортунда турган, ушунчалык таптаза булутсуз асмандын астында, тынч деңизде сүзүп бараткан

өзүнө курбалдаш жаштагы, жылмайып турган жигитти көрөт. Жарнамада дүйнөнүн бардык шаарларындагы портторду көрсөтө кетет, анан ошол керемет көрүнүштөрдүн баары кол жете турган эле нерседей көрүнөт.

Жаш жигит ошол эле жерден барат да, контракттык кызматка кол коёт. Ал шарттары менен таанышып да койгон жок, анткени ала турган пайдага ушунчалык көңүлү бурулуп калган болчу. Ал ушунчалык бактылуу болуп атат, анткени эми анда дүйнөнү кыдырууга, даңктуу армиянын бир бөлүгү болууга, жана көптөгөн досторду арттырууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Анан көп өтпөй ал көнүп калган адатындай тогузга чейин уктай албастыгын байкайт. Ал өзүнүн өстүрүп алган узун чачын алдырышы керек. Ал коомдук жайларга чыга албайт, анткени айына эки гана күн болбосо, башка мезгилде базада болушу керек. Баарынан да жаманы, эч кандай бош убакыт жок түзүлгөн расписание. Убакыттын баары туалет жууганга, казарманы жыйноого, отжимания жана башка кыйын көнүгүүлөрдү жасаганга кетет. Бир кезде толтура болгон бош убактыларынан ажырап калган ал, ар күнү чарчап келип керебетке жатып калат.

Жаш жигит дале үмүткө бай, анткени ал жакындаораблде болорун билет да. Негизги нерселерди үйрөнүп, ал корабльге жөнөйт, бирок иш баягыдай эле улана берет, бирок болгону эми ал ачык деңизде иштеп калат. Согуш башталат, анан ал өзү кол койбогон согуш аракеттеринин катышуучусу болуп калат.

Ал эч качан өзү өзүнө бере албаган жашоо үчүн гана кол койгон, андан дагы ал бекер сунушталган болчу. Ооба, анын баары бекер, бирок контракттын бардык майда-чүйдөсү менен жакшылап таанышкан эмес эле, ал мунун баары эркиндикке тураарын күтпөптүр. Өзүн алдангандай сезип, эми ал көп нерсеге таарынып да калат. Аны мунун баары жеке ал үчүн эмнеге тураарын эскертпей, жалаң пайда жактарын гана көргөзүп азгырып коюшуптур.

Биз бекер куткарылуу жөнүндө Жакшы Кабар айтканыбыз эң туура, бирок аны кабыл алгандардын баарысы үчүн, ал

өз билгенин кылуудан ажыроо экендигин айтууну каалаган эмеспиз. Эркиндик тууралуу айтып жатып, мен чыныгы эркиндикти айткан жокмун, бирок бул тууралуу Машайакта болбогон адамдар эмнени түшүнүшсө, ошону айтып атам. Алар өзүнүн боштондугуна толугу менен ишенип, бирок чынында кулчулукта экендигин билишпейт. Мындай абалды “Матрица” фильминдеги сюжет менен салыштырууга болот. Бир жолу кечинде менин улуу уулум фильмдерди прокатка алып келиптир, анан биз аны бүткүл үй-бүлөбүз менен чогуу көрдүк. Мен фильмде укмуштуудай таң каларлык параллелди көрдүм.

“Матрицада” кызыктуу суроо коюлган: “Эгерде сен уйкудан ойгоно элек болсоң, уйкудагы дүйнө менен чыныгы дүйнөнү кантип айырмаласа болот?”

Бул фильмде жыйырманчы жүз жылдык жакшы эле өтүп аткандай. Таржымал жыйырма биринчи кылымдын аягында башталат. Адам жөн гана Машина деп аталган жасалма акылэс түзөт. Бул машиналар адам кайра алгысы келген жер үстүндөгү бийликти ээлеп алышат. Натыйжада, дүйнө жок кылынып, Машиналар жеңүүчү болуп калышат. Алар адамдын денеси иштеп чыккан энергиядан алып, жашаса боло тургандыгын билишет да, анан адамзатты өз максаттарына пайдалануу үчүн улуу иллюзия түзүшөт. Дүйнө дагы эле (жыйырманчы жүз жылдыктагыдай) жакшы эле көрүнөт, бирок чынында адамдын денеси эбегейсиз чоң “фермада” камерада камалып турат, алардын акылы болсо Матрица деген бүткүл дүйнөлүк виртуалдык компьютерге туташтырылган. Мааниси, адамдардын эркиндиги чыныгы эркиндик эмес, алар кулчулук экендигинде.

Ушул учурда фильмде Матрицадан кутулуп чыгып кеткен, өзүлөрүнүн ким экендигин билген, эркек, аялдардан турган тандалган топ пайда болот. Жансыз реалдуу дүйнөдө алар Сион деп аталган колонияны түзүшкөн болчу. Алардын кээ бирлери адамдарды куткарып алуу үчүн, Машиналар менен салгылашалы деп, кайрадан Матрицага келишет. Салгылаш

катуу, жашоо да оңой эмес, бирок аларды жалган боштондукка караганда, чыныгы эркиндик көбүрөөк кызыктырды. Алар кулчулуктагы жалган жайлуулукка караганда, кыйынчылыктагы чыныгы боштондукту каалашты.

Бул жерде белгилүү бир параллель көрүнүүдө. Көптөгөн ишенбеген адамдар машайакчыларды боштондугун жоготуп койгон кулдар катары карашат, ошол эле учурда алар өзүлөрү эркин адамдар сыяктуу болушат. Анткен менен, ошол Машайакта болбогондор Машиналардын жалганынын кулу болуп жашап жаткандарга окшош. Алар күнөөнүн кулдары.

## Машайакчы болуу кыйын

Жакшы Кабарды укпаган же ага ишенүүдөн баш тарткандар эле кулчулукта эмес, бирок ушул муундун "кайрылгандарынын" көбү да кулчулукта. Бул диллеманы Ыйсанын артынан ээрчүү эмне экендиги менен толук тааныштыруу милдетин жакшы аткарбай, биз өзүбүз түзүп алдык. Көпчүлүгү эркинбиз деп айтышат, бирок чындыгында эркин эмес, алардын жашоосу ушунун далили болуп турат. Ыйса минтип айткан:

> "Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, күнөө кылган адам-күнөөнүн кулу. Бирок кул үйдө түбөлүккө калбайт, уул калат. Эгерде силерди Уул эркин кылса, анда чындап эркин болосуңар" (Жакан 8: 34-36).

Бул сөздөр дарактын жемиши жөнүндөгү чындыктын манисин кайталайт. Эгерде кимдир бирөө дайыма эле күнөө кыла берсе, анда ал күнөөнүн кулу. Ал бала боло албайт, анткени анын табияты өзгөргөн жок. Ал күнөөкөрдүн сыйынуусу менен сыйынгандыгы үчүн эле, өзүн эркин деп эсептейт, анткен менен ал толугу менен өз укугун Ыйсага берген жок. Ал өзүнүн жасалма эркиндигин сактап калып жана куткарылуу пайдасын алгысы келет. Бир эле кезде ага да, буга да ээ болуу мүмкүн эмес!

Айтылып кеткендей, адамдар мурда өзүлөрүнүн “жогорудан төрөлгөндүктөрүн” кубаныч, таң калуу, жыргоо менен кабыл алчу. Анткени, бул кандайдыр бир жаңы нерсе эле. Анткен менен, эртеби-кечпи, алардын евангелиялык терминдердин, жашоо стилинин артында жашынып жаткан өзгөрүлгүс табияттары чыгат. Ал эми өзүн машайакчылык чөйрөдө көрсөтө баштайт. Ошондуктан, бул адашууну айырмалап билүү өтө кыйын. Айрыкча Жаңы Келишим ушул жалган тууралуу бизди эскертет.

Пабыл минтип жазат: “Билип жүргүн, акыркы мезгилде машайакчы болуу өтө кыйын” (2 Тиметей 3:1, англ. котормо). Биз акыркы күндөрдө жашап жатабыз. Буга эч кандай шек жок. Жазуудагы бардык пайгамбарчылыктар, Ыйсанын жакында кайтып келери тууралуу айтат. Пабыл “машайакчы болууда” биздин күндөр эң бир кыйын болорун алдын ала айткан.

Башка котормолордо биздин күндөрдү сүрөттөө үчүн *опурталдуу* жана *коркунучтуу* деген сөздөр колдонулат. Эмне үчүн? Пабылдын жашаган убактысын окуп көрүү менен биз анын улуу каршылыктын учурунда жашагандыгын көрөбүз. Беш жолу камчы менен, отуз тогуз жолу таяк менен сабалган, үч жолу аны чыбык менен сабашкан, бир жолу таш менен урушкан, узак жылдар бою түрмөдө да отурган. Ал кайсы жакка барбасын, куугунтукка дуушар болгон. Ошентсе да, Пабыл биздин күндөрүбүз машайакчылар үчүн кыйын күндөр болоору тууралуу айткан! Эмнеге? Ал өзү жооп берет буга:

> “Анткени адамдар өзүн өзү сүйүүчү, акчаны сүйүүчү, бой көтөргөн, менменсинген, заар тилдүү, ата-энесине баш ийбес, жакшылыкты билбеген, кудайсыз, таш боор, элдешпес, ушакчы, өзүн өзү кармай албаган, кара мүртөз, жакшы нерсени жек көргөн, чыккынчы, кара өзгөй, көөдөнүн көтөргөн, Кудайга караганда ыркатты сүйүшөт” (2 Тиметейге 3:2-4).

Эгерде анын сөздөрүн кунт коюп окуй турган болсок, анда ал эмнени айткысы келип атат деген суроо туулушу мүмкүн. Кан-

тип эле ушул тизмедеги адамдардын көрүнүшү Пабылдын учурундагыдан ушунчалык айырмаланат? Анын замандаштары да ушул мүнөздөрдүн баарына ээ эле. Алар өзүмчүл, акчага сараң, ыплас, таш боор ж. б. болушкан. Ал тургай, Петр Элүүнчүлөр күнүндө: "Бул бузулган муундан сактангыла,– деп насаат айты" (Элчилер. 2:40). Ошондо Пабыл эмнеликтен машайакчылар үчүн өтө кыйын мезгилде ушул мүнөздөмөлөр себепчи болот деп, биздин муунду өзгөчө бөлүп айткан? Улантууда ал минтип түшүндүрөт: "Такыбаа болуп көрүнгөн, бирок такыбаалыктын күчүнөн баш тарткан адамдар болушат" (2 Тиметей 3:5, кеңири котормо).

Ошентип, биздин учурда машайакчы болуу кандай кыйын экенин көрүп атасыңар. Көпчүлүгү (Жаңы Келишимдин башка үзүндүлөрүнө ылайык) өзүлөрүн машайакчымын, жогорудан төрөлгөн, куткарылганмын деп аташат, бирок айкаш жыгач алардын өзүмчүлдүгүн өлтүрүшүнө жол беришпейт. Алар Ыйсанын артынан ээрчүү үчүн өзүлөрүнүн бардык укуктарын калтырууга чечим кабыл ала алышпайт. Мындай адамдар Ыйса Машайакты чын эле Куткаруучум деп ишенишет, бирок Аны менен бириргүүдө Ал Өзүнүн Ким экендигине жараша бир нерсе кыла алаары үчүн гана ишенишкендей. Бул аял киши адамдын акчасына карап күйөөгө чыгып жаткандай эле кеп. Балким, ал сүйүп эле чыгып жаткандыр, бирок туура эмес ниеттин жетегинде болот. Анан ушул эле ниет менен, кукарылуу үчүн, кудайлык коомдо болуу үчүн, бул дүйнөдө ийгиликке жетүү жана өлгөндөн кийин асмандагы жашоого ээ болууну каалап Ыйсаны издешет. Машайак алардын Куткаруучусу экендигине чын жүрөктөн ишенишип, бирок өз жашоолорунда контролдук кылууну эч качан Ага беришпейт.

## Жуулуп кеткен чектер

Дагы бир кыйынчылык чектердин жуулуп калгандыгы менен мүнөздөлөт. Мисалы, өзүн жогорудан төрөлгөнмүн деп атап, чыныгы ишенгендин тилинде сүйлөп, такыбаалар менен

дос болуп, машайакчылык чогулуштардан ырахат алып, бирок табияты өзгөрбөгөн бойдон калган адам тууралуу сүйлөшүп көрөлү. Чындыгында мындай киши – өзү билбеген алдамчы, андан дагы анын өзүн алдаганы оору катары жайылып кеткендиги кыйынчылык туудурат. Эгерде адам өзүнүн жашоосун машайакчылык “нормаларга” негиздеп алган болсо, ал асмандын нормалары менен дал келбесе, анда чыныгы машайакчы болуу өтө кыйын. Пабылдын учурунда эгерде киши ишенген болсо, анда анын ар бир сааты коркунучта турар эле. Адам өзүн Ыйсага арнадыбы деген суроо да болчу эмес, анткени, адам өз жашоосунун чегин так билген. Пабыл минтип улантат:

> “Сен болсо менин окутуумдан, жашоомдон, максатымдан, ишенимимден, чыдамкайлыгымдан, сүйүүмдөн, көтөрүмдүүлүгүмдөн, Антийохеяда, Иконияда жана Листрада башымдан өткөргөн куугунтуктарымдан жана кыйынчылыктарымдан үлгү алдың. Мен кандай гана куугунтуктарды башымдан өткөрбөдүм! Бирок алардын баардыгынан мени Теңир куткарды. Деги эле, Машайак Ыйса жолунда такыбаа жашагысы келгендердин баардыгы кугунттукка алынат. Кара ниет жана алдамчы адамдар болсо башкаларды азгырып, өздөрү да азгырылып, мурункудан да көбүрөөк жамандыкка барышат” (2 Тиметей 3:10-13).

Пабыл баарын тактап түшүндүрүп берди. Ал окутуп гана тим болбостон, бир гана максат менен, Тиметей ага ишенгендей болуп (түбөлүктүүлүккө жетектелип жашаган, мындан ары бул китеп ошол темада улантылат) жашаган. Себеби, сыйынууларга алган жооптор, керемет-ажайыптарды жараткан өзгөчө жөндөмдүүлүктөр, Кудайдын Сөзүн окутуудагы артыкчылыктар болгон эмес. Жок, ал муну көргөзгөн эмес. Ал жашоо стили тууралуу айткан. Бул чечүүчү фактор болуп калышы керек болчу.

Ал *“жаман жана алдамчы”* адамдар ийгиликтерге жетишет деген сөздөр менен улантып атат. Биз баарыбыз эле ачуулу адамдан алыс жүрүү керектигин билебиз, бирок сыртынан ички табияты билинбеген адамдар абдан коркунучтуу. Ал

адамдар өзүлөрүн машайакчыларбыз деп аташат, бирок алардын жашоосунда адамды өзгөртүүчү ырайымдын күчү бар экендиги тууралуу эч кандай далил жок. Пабыл алар башкаларды эле алдагандар эмес, өзүлөрү да алдангандар деп айткан.

Бул биздин аллегориядагы Алдангандын таржымалында чагылдырылган. Ал жигит Энделдеги мектептин активдүү окуучусу эле, өзүн падышанын ырайымына татыктуу деп чын жүрөктөн ишенген. Ал өзүнүн Кудайга арналганын бекитиш үчүн, өз жашоосунда көп аракеттерди жасачу. Ал жалгыз гана эмес, анын жанындагылар да алданууда болгон. Ал жашаган стандарт көптөрдүн, аны менен жаткан кыздардан баштап, өзүнүн *насааттарында* таасир эткен адамдарына чейин кулашына себепкер болду.

*Насааттарбы* деп сурайсыңарбы? *Ал мугалим болгон эмес да.* Ооба, *насаат* деп, мен биздин жашообузду айтып жатам, ал биз айткан сөздөн дагы катуураак угулуп турбайбы. Джейлинге арналган Энделдин студенттери үчүн, Алдангандын жашоо образына жана анын күчтүү мүнөзүнүн таасиринде болбой калуу абдан кыйын болгон. Бекемделбеген адамдар анын таасири астында калышчу.

Мындай салгылаштар тууралуу бизди Пабыл гана эмес Жаңы Осуяттын башка авторлору да эскертип кеткен. Жүйүт бизге минтип айткан:

> “Сүйүктүү бир туугандар, силерге жалпы куткарылуу жөнүндө жазууга дилгир элем, бирок мен силерди ыйыктарга бир ирет берилген ишеним үчүн күрөшүүгө чакырууну зарыл деп таптым” (Жүйүт 3).

Анын сөздөрүндөгү кежирдикке көңүл буруп койгула. Биз куткарылуу аркылуу ала турган сонун нерсе жөнүндө айтууну каалап жатып, Жүйүт кантсе да дагы бирөө тууралуу айтып кетиши керек болчу. Ага ишеним үчүн күрөштө бизди жандандырууга туура келген. Бул эмне деген күрөш? Андан ары ал минтип түшүндүрөт:

“Анкени силердин араңарга жашыруун кирип алган адамдар бар. Алар-Кудайыбыздын ырайымын бузуктукка алмаштырган, жалгыз Эгедерибиз жана Теңирибиз Ыйса Машайактан баш тарткан, кудайсыз адамдар. Алар үчүн байыртадан эле сот белгиленген” (Жүйүт 4).

Салгылашуу Кудайдын ырайымын өзүнүн ыплас жашоосуна болгон кечиримге айланткан адамдардын таасирине каршы күрөштө камтылган. Мындай чабуулдар жыйынга сырттан болгон куугунтуктарга караганда бир топ оор болот. Алар библиялык принциптерге каршы келген мыйзамдарга караганда бир топ коркунучтуу, мисалы абортко уруксат берүү, мектепте эволюциянын теориясын окутуу дегендер. Кандайдыр бир культка же жалган диндерге караганда, алардын таасири бир топ күчтүүрөөк. Алар кылымдарга кыйраткыч!

Силер балким, бул кантип жыйындагы адамдарга тиешелүү деп сурарсыңар, анткени Жүйүттүн сөзү Ыйса Машайактан баш тартып кеткендерге тиешелүү да. Бүгүнкү күндө биздин жыйындарда ушундай кылган бир да адам машайакчы катары кабыл алынбаса керектир эле. А эмне үчүн силер ошол мезгилде алар алсызыраак болгон деп ойлойсуңар? Дагы бир жолу Жазуудан келтирилген үзүндүнү жакшылап окуп чыккыла. Бул адамдар *билинбестен гана* биздин арабызга кошулуп калгандар. Биздин жыйындарда бүгүнкү күндө же Жүйүттүн маалында өзүнүн Машайактан баш тартканын ачык билдирген бир да адам байкалбай калмак эмес. Алар кантип Аны четке кагып жатышат? Буга жоопту биз Жаңы Келишимдин башка китебинен табабыз. *“Алар Кудайды билебиз деп айтышат, иш жүзүндө баш тартышат...”* (Титке 1:16). Алар Андан сөздөрү менен эмес, жашоо-турмушу менен баш тартышат. Алар Кудайды билебиз деп, Ыйсаны өзүлөрүнүн Теңири аташат, чын-чынына келгенде иш жүзүндө таптакыр башка нерсени көргөзүшөт. Алар башкаларды гана эмес, өзүлөрүн өзүлөрү алдап жаткандыктары эсиңерде болсун. Башкача айтканда, алар чындап эле машайакчы экендиктерине ишенишет.

## Кудайдын чыныгы ырайымы

Ушундай адамдар Кудайдын ырайымынын келишин бузушат деп айтат Жүйүт. Биздин күндөрдө бул абдан эле жайылып кеткен, анткени мындай көрүнүшкө биздин окутууларыбыз эшик ачып койгон. Биз Кудайдын ырайымы биздин тоң моюндугубузга коргоочу жабуу катары кызмат кылат деп окутабыз. Жыйында көптөрүнөн мындай сөздөрдү угууга болот: “Мен билем туура эмес жашап жатканымды, бирок Кудайга шүгүр Анын ырайымы үчүн” деген. Бул олуттуу адашуу. Жазуу бизге ырайым – бул, *чындык бизден талап кылганды аткарышыбыз үчүн ичибизге жайгашкан Кудайдын күчү* деп окутат.

Ырайым тууралуу жөн гана Кудайдан берилген кайрымдуулук катары гана окутушкан. Бул чынында эле сатып алууга да, иштеп табууга да болбогон Анын жакшылыгы. Ошентсе да, ал бизге тил алчаак болууга күч берет. Биз чын эле ырайымда экенибиздин далили катары, биздин такыбаа жашообуз эсептелет. Анын Сөзүнө тил алчаак болуу биздин жашообузда ырайымдын бар экендигин аныктайт. Ушул себептен Жакып минтип айтат:

> “Ошол сыяктуу эле ишсиз ишеним (аракет жана тил алчаактыкты ырастоочу иштер) – өлүк ишеним. Бирок кимдир бирөө минтип айтышы мүмкүн: “Сенин ишенимиң бар (деп айтып жатасың), ал эми менин (жакшы) иштерим бар. Мага ишсиз (шектүү) ишенимиңди көрсөт (көрсөтө алсаң), мен болсо сага (жакшы) иштерим аркылуу ишенимимди (тил алчактыгымды) көрсөтөйүн. Сен Кудайдын бирөө экендигине ишенесиң, мунуң жакшы. Бирок, жиндер да ишенип, титиреп турушат” (Жакып 2:17-19, кеңейтилген котормо).

Жакып азыркы учурдагы биздин окутуубуздагы эбегейсиз кемчиликтерди көргөзөт. Биз Жазуудан “Теңир Ыйса Машайакка ишен, куткарыласың...” (Элчилердин иштери 16:31) деген үзүндүлөрдү жулуп алабыз. Куткарылуу үчүн Кудайдын бар экенине жана Ыйса – Анын Уулу экендигине ишенүү жетиштүү болсо, анда жиндер да куткарылат экен да Жакыптыкы боюн-

ча алганда, анткени алар да ишенишет. Бул туура эмес да! Өз оюн дагы да тагыраак жеткириш үчүн, Жакып жиндер да титиреп турушаарын эскертет. Б.а. ишенимдебиз деп айтып, бирок өзүнүн тил алчаактыгын иш жүзүндө далилдебегендерге караганда, жиндер Кудайдан көбүрөөк коркушат.

Ыйса Машайактын ырайымы менен чындап эле куткарылганыбыздын көрүнүктүү фактысы болуп, ошону далилдеген биздин жашообуз саналат. Мына ошондуктан да, апостол Жакан минтип бекемдейт:

> "Осуяттарын аткарганыбыздан улам, Аны таанып билгенибизди билебиз. Ким: "Мен Кудайды таанып билдим"-десе, бирок Анын осуяттарын аткарбаса, ал жалганчы, анын ичинде чындык жок. Ал эми, ким анын сөздөрүн аткарып жатса, ал адамда Кудайдын жеткилең сүйүүсү бар. Машайактын ичинде экенибизди ушундан билебиз. "Машайактын ичиндемин" деген адам Машайак кандай жашаса, ошондой жашашы керек" (1 Жакан 2:3-6).

Жакан айткандай, Ыйса Машайакты чындап билүүнүн далили, Анын парыздарын сактоо болуп саналат. Ыйсаны билем деп, бирок Анын Сөзүн аткарбаган киши – Кудайдын Сөзүн билгени тууралуу айтканы менен, калпычы, алдамчы, чындыктан алыс адам болуп саналат. Ошондуктан, Жакан минтип айтып жатат: "Балдарым, мен муну силерге *күнөө кылбасын* деп жазып жатам. *Эгерде* ким күнөө кылса, Атанын алдында адил Арачыбыз Ыйса Машайак бар. Ал-биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөлөрү үчүн чалынган ырайым курмандыгы" (1 Жакан 2:1,2).

Байкасаңар, ал: "Муну күнөө кылып туруп... Коргоочуга ээ болгула деп силерге жазып жатам", деген жок да. Жок, максатыбыз күнөө кетирбөөдө турат. Кудайдын ырайым күчүн алуу менен, биз Машайакка окшошконго умтулуп жатабыз ("Ал жүргөндөй жүрүп"), анткени биз тил албас табиятыбыздан арылганбыз. Бирок, биз күнөөгө жол берсек, анда Коргоочуга ээбиз.

Машайакчылардын кубанычы, эми биз өз Кудайыбызга Ага жаккандай кызмат кыла алгандыгыбызда.

> “Ошондуктан солкулдабаган Падышачылыкты кабыл алган биз Кудайга *ыразычылыкты* билдирели, коркуу жана урмат көрсөтүү менен, *Ага жаккандай кызмат* кылалы” (Эврейлерге 12:28).

Мына, мааниси ушунда. Ырайым бизге Кудайга жаккандай кызмат кылууга күч берет.

Эмне үчүн биз Жакшы Кабарды толук айтпай, жарым-жартылай гана айтабыз? Ооба, куткарылуу деген – бул белек, аны иштеп табууга же сатып алууга болбойт. Бул чын эле ушундай. Анткен менен, биз куткарылууну алуудагы жалгыз гана муктаждык – баарынан баш тартып, Аны өзүнүн Мырзасы катары таанып жана ушундай кылуу менен гана Анын табиятына ылайык келгендей жашаганга күч алуу мүмкүнчүлүгү берилери тууралуу адамдарга айтууну унутуп коёбуз. Бул тууралуу Петир жазган:

> “Кудайды жана Теңирибиз Ыйсаны таанып билүү аркылуу Кудай силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин! Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын *Кудайлык күчү* бизге жашоо, такыбаа жашоо зарыл болгон нерселердин баарын берген. Буга биз Аны таанып билүү аркылуу ээ болдук. Силер бул дүйнөдө үстөмдүк кылган жаман кумарлардан алыстап, *Кудайдыкындай табиятка ээ болушуңар үчүн*, Анын даңкы жана жеткилеңдиги аркылуу бизге кымбат баалуу жана улуу убадалар берилген” (2 Петир 1:2-4).

Байкасаңар, *ырайым* бизге Ыйса Машайакты таанып-билүү аркылуу берилди. Анан ошол ырайым *Кудайдын күчү* катары, Анын *Кудайдын табиятына* ылайык, такыбаа жашоодо жашашыбыз үчүн бизге бардык зарыл болгон нерселерди берет. Мына ушундай жол менен бизге Адам аркылуу кирген, адамдык кумардын айынан көбөйгөн, Кудайга каршы келген бузулуудан кун төлөнүп куткарылганбыз. Силердин ичиңерде жайгашкан Кудайдын табиятына ылайык жашашыңарга сөз менен дагы, иш жүзүндө дагы барктабай мамиле кылууга эч кимге жол бербегиле. Пабыл түшүнүктүү эле билдирет:

> “Анткени Кудайдын бардык адамдарды куткара турган ырайымы айкын болду. Бул ырайым бизди кудайсыздык менен бул дүйнөнүн кумарларын четке кагууга, азыркы мезгилде адеп-ахлактуулук менен, адилетүү жана такыбаа жашоого үйрөтүп жатат. Биз ыйык үмүттү, улуу Кудайыбыз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайактын даңкынын көрүнүшүн күтүп жашашыбыз керек. Бизди бардык мыйзамсыздыктан куткарып, тазалап, бизден Өзүнө таандык, жакшы иштерди кылууга тырышкан эл жаратуу үчүн, Машайак биз үчүн Өзүн берген. Ушуну бийлик менен айт, акыл-насаат айт, ашкереле. Эч ким сени тоготпой койбосун.” (Титке 2:11-15).

Кудайдын ырайымы бизге дүйнөлүк бардык кумарларды, ыпластыктарды четтетип, кайра жаралгандай жана адилеттүү жашаганга үйрөтөт. Кудайдын ырайымы биздин жашообуздагы көрсөтмө берип жана анын артынан ээрчүүгө үйрөткөн мугалимге окшош.

Көңүл бургула, биз буга башкаларды үйрөтүшүбүз керек. Пабыл андан ары минтип улантат: “Бул сөз чындык, ошондуктан Кудайга ишенгендер жакшы иштерди кылууга тырышчаактык менен аракеттенүүлөрү үчүн, мен сенин ушул жөнүндө (*дайым*) ынандырышыңды каалайм. Анткени бул жакшы жана адамдарга пайдалуу.” (Титке 3:8).

Биз жашообузда Кудайдын ырайымынын күчү менен жакшы иштерди кылуубуз керек. Байыркы Келишимдеги ыйыктардай эле, куткарылганыбызга чейин бизде ал жок болчу, ырайым бул – Ыйса Машайак аркылуу келген Кудайдын белеги. Ошондуктан, Ыйса бизге Байыркы Келишим учурунда бирөөнү өлтүрүп койгон адам, киши өлтүргүч аталып, ал тозокко татыктуу болчу дейт. Анткен менен, эгерде бир тууганыңды келесоо десең, бирөөнү айыптасаң, кечиргиң келбей жатса же жек көрүүнүн кайсыл түрү менен жүрсөң да, сага ырайымдын алдында тозок оту коркунуч келтирип турат (Матай. 5:21,22ни карагыла). Эмне үчүн? Анткени, эми бизде ырайымдын күчү менен ичибизден да, сыртыбыздан да Кудайдын табиятына ылайык жашоого жөндөмдүүлүк бар.

## Дайыма бекемдөө

Мурдагы Жазуудан алынган Титке жазылган Каттагы үзүндүдө (3:8), бул тууралуу *туруктуулук* менен үйрөткүлө же окуткула деп осуятталган бизге. Силер уктуңарбы? Бул нерсе азыр ишенгендердин баарлашуусунда да, кафедрадан да, туруктуу түрдө тургай, өтө эле *сейрек* угулат. Ошол себептен улам Кудайдын ырайымы аркылуу ишке ашкан жакшы иштер канчалык гана маанилүү экенин түшүнүүдөн биз четтеп кеттик. Чынында эле, ишенимдин жана билимдин жетишсиздигинен бизде болгон күчтүн алсыз болушуна жол берип койдук. Биз эмнеге ишенерибизди ачык айтуу аркылуу, ырайымга жол берген ишеним активдүү бойдон калыш керек. Пабыл минтип айтат: "Машайак Ыйсадагы байлыгыбызды таанып билишиң үчүн, сенин ишеним жолундагы жашооң таасирлүү болсун деп сыйынам" (Филимонго 6).

Эгерде биз аны дайыма бекемдеп турбасак, анда акырындык менен чындыктан алыстап калабыз. Эврейлерге жазылган Каттын ээси бул тууралуу абдан түшүнүктүү эле кылып жазган:

> "Ошондуктан ишенимден тайбаш үчүн, уккан сөзүбүгө өзгөчө маани беришибиз керек. Эгерде периштелер аркылуу жарыяланган сөз милдеттендирүүчү сөз болгон болсо, ар бир күнөө, тил албастык тиешелүү жазасын алган болсо, ушундай улуу куткарылууну барк албай койсок, анда биз жазадан кантип качып кутулабыз?" (Эврейлерге 2:1-3).

Муну бекемдеп жана бул тууралуу окутуп жатып, биз көз алдыбызда дайыма түбөлүктүүлүктүн аспектилеринин маанилүүлүгүн көрөбүз, ал болсо бизди четтеп кетүүдөн кармап калат.

Эсимде, мен бала кезимде балык улаганды жакшы көрчүмүн. Балыктын кызыгына батып, биз көбүнчө кайык суунун агымы менен айдалып кеткендигин сезчү эмеспиз. Кырк беш мүнөттөн кийин гана биз эки-жагыбызды карап, кайда турга-

ныбызды билбей калаар элек. Мунун бардыгы биздин оюбуз башка нерсе менен, мисалы ошол учурда балык менен алек болгондугунун айынан эле.

Дарыяларда балык улагандардын кээ бирлерин коркунучтуу шаркыратмаларга айдап кеткен учурлардын өтө кайгылуу аяктагандары да болгон. Кайыктары алар балык улап баштаган жерден кыйла алыс алып кеткендигинин айынан, сансыз адамдар шаркыратмаларда каза табышкан.

Бул түбөлүктүүлүктүн маанилүү аспектилерине карата чындык. Эгерде Кудай бул тууралуу дайыма окуткула деп жатса, анда биз буга карата абдан кунт коюуда болушубуз керек. Эмне үчүн ырайымдын биздин такыбаа жашоо образында жашоого жөндөмдүүлүк берген күчүн белгилеп айтпайбыз?

Алгачкы жыйын муну кылганын көрүп турам мен. Алгачкы Жыйындардын аталарынын бир нече эмгектерин иликтеп чыгуу менен мен алар ошол кезде бизге азыркы күндө такыр бейтааныш болгон нерселерге, бирок Жазууга каршы келбеген нерселерге окуткандыгын баамдадым. Алгачкы бир нече жүз жылдыктардагы Жыйындардын аталары адамдын иштери куткарылуу далили катары өтө маанилүү роль ойногонуна ишенишкен. Келгиле, бир нече мисалдарды келтирип көрөлү.

Эң биринчилерден мен Поликарпты (69-156), Смирнадагы жыйындын апостолун жана Жакандын досунун айтканын айтып көрөйүн. Улгайып калган учурда ал эркиндиктен ажыратылган жана отко өрттөлгөн. Ал минтип жазган: “Көптөрү эле биз иштерибиз менен эмес, ырайым менен куткарылганыбызды билип туруп, ушул кубанычка (куткарылуу) кирүүнү каалашат. Азыркы евангелиялык чөйрөдө бул сөз кадимкидей эле угулмак, анткени биз жакшы иштерибиз менен куткарыла албастыгыбызга абдан басым жасайбыз. Поликарп ишенгендерге дагы мындай деген: “Эгерде, өзүбүздү ар кандай адилетсиздиктен сактап, Ал сүйгөндү сүйүп, Анын парыздарын сактап, Анын эркин аткара турган болсок, Аны өлгөндөн ти-

рилткен бизди да тирилтет". Бүгүнкү күндө мындай сөздөрдү кафедрадан көп укпайсың.

"Эгерде" деген сөзгө маани бергиле. Биз тирилүүгө ээ болушубуз үчүн, Анын эркин жана парыздарын аткарышыбыз керек. Бул тууралуу Ыйса да айткан.

Мен кийинки айта турган киши Римдик Климент (30-100), ал апостолдор Пабыл жана Петрдин кызматташы болгон, Римдеги жыйынды жетектеген. Ал минтип жазган: "Биз өзүбүздөн өзүбүз, өз иштерибиз жана такыбаалыгыбыз менен акталып калган жокпуз. Бирок, Кудуреттүү бардык адамдарды актайт" деген ишеним менен акталдык". Ушул билдирүү бүгүнкү күндө да машайакчылык чөйрөдө кеңири кабыл алынмак. Бирок, Климент ишенгендерге дагы мындай деп жазган: "Биз жакшы иштерди жасоого шашуубуз зарыл. Ал бизге баарынын иштерине жараша берүүчү Кудай экендигин эскертип жатат" (Римдиктерге 2:6-10)".

Балким, ушул себептен да сыноолордон өтүп жаткан Пабыл минтип айтып жаткандыр: "Ошон үчүн Агрипа падыша, мен асмандан болгон ошол көрүнүшкө каршы чыккан жокмун. Тескерисинче, адегенде Дамасктын жана Иерусалимдин тургундарына, андан кийин бүтүндөй Жүйүт аймагына жана бутпарастарга: Тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла, *тобо кылганыңарга ылайык иштерди кылгыла*",– деп насааттап жүрдүм" (Элчилердин иштери 26:19,20). Эгерде Пабыл иштердин маанилүү экендигине маани берип жаткан болсо, анда анын сөзү жана кызматташы Клименттин сөзү бизди таң калтырбаш керек.

Ошондой эле, Александриялык (150-200) Климент деп аталган адамдын айткандарын карап көрөлү. Ал Египеттеги, Александриядагы жыйындарды башкарып, жаңы кайрылгандар үчүн мектепти алып барган. Ишенбегендер тууралуу ал минтип жазган: "Алар жакшы иштерди кылгандыктарына карабастан, эгерде алар ишенимге ээ болушпаса, ал иштер өлгөндөн кийин аларга эч кандай пайда алып келбейт".

Бул билдирүү да евангелиялык чөйрөдө кубаныч менен кабыл алынмак. Биз өткөн бөлүмдөрдө айтып кеткендей, ишенбе-

ген адам канчалык жакшы иштерди кылганы маанисиз, алар ага Асман Падышачылыгына кирүүнү камдап бере албайт, биз болсо Кудайдын ырайымы менен куткарылганбыз. Ошентсе да, Климент ишенгендерге эмне деп жазганын окуп көрөлү:

> "Ар кандай чындыкка жеткендер, жакшы иш кылып жаткандар түбөлүк жашоону белекке алышат... Кээ бирөөлөрү Кудай (куткарылууга) күч берет, деп туура түшүнүшөт, бирок куткарылууга алып бара турган иштерге анча маани беришпейт, ошондуктан, өз үмүттөрүнө жетүүдө уттуруп коюшат".

Кээ бирлериңер минтип ойлоп жаткандырсыңар: "Бул балдар такыр эле Жаңы Осуятты окушпагандай" деп. Окушкан. "Моюнга алууну талап кылган далил" деген өзүнүн китебинде Джош Макдауэлл Климент Александрийский 2400 жолу өзүнүн айткандарынын баарын (үчөөнөн башкасын) Жаңы Келишимден алган. Бул башка авторлорго да тиешелүү. Айтып коё турган нерсе, бүгүнкү күндө машайакчылык дүкөндөрдө сатылып жаткан көптөгөн китептерде Жазуу өтө аз камтылган. Биз чынында эле маанилүү болгон нерселерге окутпай жаткан себептен улам четтеп бараткан жокпузбу?

## Биздин толук эмес Жакшы Кабарыбыз

Тилекке каршы, биз жалаң гана ушундай аяттарды келтиребиз: "Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың" (Римдиктерге 10:9). Биз адамдарга болгону сыйкырдуу сыйынуу менен сыйынып коюшса эле, алар куткарылып калат деп айтабыз.

Ошентсе да, эмне үчүн биз Ыйсанын сөзүн келтирбейбиз: "Эмне силер Мени: Теңир! Теңир! – дейсиңер, анан Мен айтканды кылбайсыңар?" (Лука 6:46). Биз "Теңир" деген сөз Жогорку Төрө, Эгедер дегенди билидирет экенин көрдүк. Ошентип, Ыйса айтып жатат: "Эгерде өзүңөргө кожоюн болууну уланта бере турган бол-

соңор, Мени Кожоюн деп атабагыла. Жакшысы Мени "Улуу Пайгамбар" же "Устат" деп атагыла өзүңөрдү алдабаш үчүн".

Келгиле, эми кайрадан биз бул талкууну баштаган Ыйсанын сөзүн карап көрөлү: "Мага: "Теңир! Теңир!" деп айткандардын баары эле Асман Падышачылыгына кирбейт..." (Матай 7:21).

Ыйсаны *Теңир* деп айта бергендердин баары эле асманга барбастыгы тууралуу айттык. Бул аныктама бизге күнөөкөрдүн жөн гана сыйынып коюусу ага асманга жол ачып бербегенин түшүндүрөт. Анда менде суроо пайда болот: "Асман Падышачылыгына анда ким кирет?" Ыйса мындай сөздөр менен жооп берет: "...менин Асмандагы Атамдын эркин аткарган" (Матай 7:21).

Кызык. Сөзмө сөз Поликарптын сөзү менен дал келет. Ыйсаны Теңир катары гана кабыл алуу эмес, бирок кабыл алуу менен бирге, Кудайдын эркин аткаруу бизди асманга алып барат. Бир гана жол, качан биз өзүбүздү баш ийдирип, Аны өзүбүздүн Теңирибиз катары кабыл алып, өз жашообуздан баш тартканыбызда Ал берген ырайым аркылуу гана – Анын эркин аткарганыбызда. Айтып коюу оңой, бирок кыйын бөлүгү Ыйсанын жетекчилигине өзүңдү толугу менен баш ийдирүүдө турат.

Мен эмне үчүн ушунчалык көшөкөрлөнө ал тууралуу айтып жатканымдын себебин угуп көргүлө:

> "Ошол күнү көп адамдар Мага: «Теңир! Теңир! Биз Сенин атыңдан пайгамбарчылык кылчу эмес белек? Сенин ысымың менен жиндерди куучу эмес белек? Сенин ысымың менен кереметтерди көрсөтчү эмес белек?»– дешет. Ошондо Мен аларга: «Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар»,– деп айтамын" (Матай 7:22,23).

Сексенинчи жылдардын аягында Кудай мага аян берген. Мен чеги көрүнбөгөн көп адамдардын тобун көрдүм. Бул өтө көп адамдар болчу. Алардын арасында атеисттер, күнөөкөрлөр же болбосо, башка диндин өкүлдөрү жок экендигин билип турдум. Тескерисинче, алардын баары машайакчылыкты тутунушкандар эле. Булардын баары Ыйса аларга: "Өз Теңириңер-

дин кубанычына, Асман Падышачылыгына киргиле" деп айтат деп толук ишенип келишкен эле. Анын ордуна алар: "Мен силерди эч качан билген эмесмин; Менден алыс кеткиле мыйзамсыз иштерди кылуучулар" (Матай 7:23) деген сөздү угушту.

Мен алардын жүзүнөн үрөй учууну көрдүм. Силер өзүңөр ээ болбогон куткарылууга ишенип жүргөн кырдаалды элестетип көрө аласыңарбы? Асман биздики деп жүргөн кезде кылымдарга оттун жалынына ыргытылып калганыңарды элестеткилечи. Силер жана силерге насаат айткандар түбөлүктүлүккө жеңил ойлуулук менен мамиле кылганыңарды ойлоп, кылымдарга кыйналып жүрбөгүлө?

Кызматчы адамдарга Ыйсанын эскертүүсү жөнүндө айтпаса, кызмат акталабы?

Эмне үчүн биз позитивдүү, пайдалуу жактарын гана айтып койбостон, Кудайдын кабарын толугу менен айтышыбыз керектигин түшүнүп жатасыңарбы? Ооба, бизге баталар жагат, биз аларды айтып, алардан ырахаттанышыбыз керек, бирок Ыйык Жазуудагы парыздарды жана эскертүүлөрдү айтпай коюунун эсебинен эмес да!

Эсимде, бир жолку конференцияда мен эмне үчүн бул чындыкты айтып жатканым тууралуу айткам: "Бул адамдардын каны менин колумдан агып турган маалда, мен Сот күнүндө булардын арасынан кимдир бирөөлөр мага догурунушун, нараазыланышын каалабайм".

Насаат бүтөөр замат мага капаланган, ал тургай ачууланган кайтаруучу келди. "Сен бизге, кызматчыларга Байыркы Келишимдин теологиясын таңуулоого кандай акың бар? Мен Жакшы Кабарды толук насааттабаганым үчүн менин колдорумда адамдардын каны болбойт". Ага позитивдүү гана жактары жаккандыктан, Кудайдын Сөзүнүн калган бөлүктөрүн насааттоодон карманат окшойт.

Ошондо мен минтип айттым: "Урматтуу пастор, Эфестеги жыйындын кызматчыларына Пабыл эмне деп айтты эле?

“Мен колумдагы Библияны ачып, ага окуусун сурандым: “Ошондуктан бүгүн силерге айтып коёюн: мен эч кимиңердин каныңар үчүн жооп бербейм. Анткени мен силерге Кудайдын эркин *толугу* менен айткам” (Элчилердин иштери 20:26,27).

Ал өзүн жоготкондой болуп мага карап калды, анын көзү да, оозу да чоң ачылып калды. Ал: “Мен Жаңы Келишимди канча окуп чыктым, бул жерди такыр көрбөптүрмүн” деди. Андан кийин бизде достук баарлашуу уланды. Мен ага биз адамдарды окутуп эле тим калбастан, алардын жеткилең машайакчы болушу үчүн эскертип да турушубуз керек деп айттым (Колоструктарга 1:28). Эмне тууралуу эскертүү керек? Чындыктан алыстабоо, каттарга олку-солку мамиле кылбоо, пропогандаланган калпычылардан болбоо, өзүн эле эмес, такыбаа жолдон сансыз адамдарды адаштыргандардан болбоо жөнүндө.

Элчилердин иштериндеги жыйырманчы бөлүмдө жазылып тургандай, Пабыл эфестиктер менен узак убакытка чейин болгон. Ал аларды чындап сүйгөн жана эми аларды жерден көрбөстүгүн Кудайдын Рухунан билген. Ойлонуп көргүлөчү, силер өз балдарыңардай силерге кымбат болгон адамдарга акыркы сөзүңөрдү кантип гана тандаар элеңер. Анын коштошкондогу сөзү:

> “Ошондуктан өзүңөргө жана Ыйык Рух тарабынан тапшырылган бүтүндөй үйүргө сак болгула. Теңирдин жана Кудайдын Өз канын төгүп сатып алган Жыйынын кайтаргыла. Анткени мен кеткенден кийин, *араңарга* аябаган жырткыч карышкырлар кирерин билем. Шакирттерди ээрчитип кетүү үчүн, *өзүңөрдүн эле араңардан* чындыкты бурмалап сүйлөгөн адамдар чыгат. Ошондуктан сергек болгула, көз жашымды төгүп, ар бириңерди үч жыл бою күн-түн дебей, тынымсыз окутканымды эсиңерден чыгарбагыла” (Элчилердин иштери 20:28-31. Курсив автордон).

Алар кантип чындыкты бурмалашат? Балким сөздөрү менен, бирок жүрүм-туруму менен, иштери менен көбүрөөк болсо керек. Байкасаңар, Пабыл муну канчалык сезген, айтып жаткандай, үч жыл бою, күнү-түнү аларды эскертүүдөн талба-

ган. Кайрадан эле биз аны туруктуулук менен бекемдеп жана булар тууралуу айтып жүрүшүбүз керектигин көрүп жатабыз.

## Сүйүүнүн жана адилеттүүлүктүн Кудайы

Таржымалды окуу менен, силер Алдангандын канчалык эси оой, агония болгонун көрдүңөр. Лоундун караңгы жайынын чындык экендигин сездиңер. Силер 130 жыл бою караңгы, жан чыдагыс ысыкта, ууланган сасык жыт толгон кутучада күн өткөрөөрүңөрдү ойлогонуңарда шүмүрөйүп бүрүшүп жатып калдыңар. Бирок анткен менен, эгерде биз Кудайдын бардык кеңештерин толук айтпасак, сансыз эркек, аялдар дуушар боло турган нерсени эч нерсеге салыштырып болбойт.

Силер Джейлиндин сүйүүсүн жана адилеттигин билсеңер керек. Анын сотундагы сүйүү Аффабелге Дагондун мүнөзүндөгүдөй бир да бирөөнүн киришине жол бербегендигинен көрүнгөн. Эгерде ал уруксат берип коё турган болсо, анда шаарга жана ал жерде жашагандарга зыян келтирип коймок. Сүйүү күнөөсүздөрдү коргоп турат.

Ошол эле мезгилде анын адилеттүүлүгү тил албагандары үчүн Дагондун табияты бар адамдардын Дагондун өзүнөн азыраак жаза алып калышына жол берген эмес. Ушул себептен улам, ким Джейлинди ээрчигиси келбеген болсо, алар ошол эле Лоундун караңгы жерине ыргытылышы керек болчу.

Ушул сыяктуу эле Кудайдын сүйүүсү Анын түбөлүктүү шаарына шайтандын табиятын алып жүргөн адамдар киришине жол бере албайт. Ал шайтанды жана анын талапташтарын оттуу көл менен жазалап, анан анын бийлиги астында жүргөндөрдү жазалабай койсо, адилет болбой калмак. Шайтандын табиятын алып жүргөндөр аны менен кошо кылымдарга жазаланат. Кудай бар, Ал бир эле мезгилде адилет жана сүйүүчү боло алат жана Анын даңкы бүткүл жер жүзү боюнча белгилүү болот.

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

## 2-БӨЛҮК: 4,5 ЧЕЙИНКИ БӨЛҮМДӨР

1. Бул бөлүктү окууга киришип жатып, машайакчы үчүн түбөлүк сот негизги окуу экендигин билдиңерби?

2. Көптөгөн машайакчылар тозоктун чын эле барлыгы тууралуу башкаларга айтышпайт. Анткени, алар тууралуу эмне деп ойлоп калышат деп коркушат, алар айыптоо менен негативге толгондой сезишет. Бирок, чындап эле бул тууралуу айтуу – демек, аларга жан тартуу. Кантип ишенгендер (өзүнчө же жыйында) ушул маселени сүйүүдө көтөрө алышмак?

3. Иш менен түшүмдүн (ишенимдин) байланышын силер кантип түшүндүрүп бере алат элеңер? Куткарылуу бул – белек боло турган болсо, анда эмне үчүн биздин ишибиз ишенимибизге жараша болушу керек?

4. Бешинчи бөлүмдө биз Ыйсаны ээрчүүдөгү адамдын чечими анын жашоосуна кандай таасир тийгизерин айтпай туруп, Жакшы Кабардын баталарын гана насааттоого ыңгайлашып алганыбыз тууралуу талкууладык. Эмне үчүн биздин жөн гана рухани жардам алып жана бизден эч кандай жашоо образыбыздын өзгөрүлүшүн талап кылбагандыкка караганда, Машайакка баш ийген жашообуз байыраак?

5. Биз куткарылуу жөнүндө билгенибиз, сот жана анын биздин түбөлүктүүлүктөгү жашообузга тийгизген таасири, бүт баары тууралуу ойлоп көргүлө. Бешинчи бөлүмдү окуп чыккандан кийин ырайымдын табияты жөнүндө түшүнүгүңөр кантип өзгөрдү?

# 3-БӨЛҮК

# 6-БӨЛҮМ

# УЛУУ ЧЕГИНҮҮ

*Аягына чейин чыдагандар куткарылат.*
— Матай 24:13

Эми биз Коркок менен Экибеттүү Жашоонун тарыхында ачылган чындыкка жеттик. Кандайдыр бир убакта алар чындап эле Джейлиндин артынан ээрчишкен, бирок Коркок ишенимдүү ниетин жоготуп алган. Экибеттүү жашоо болсо, акыры аны жолдон чыгарган. Алардын аягы кайгылуу болуп бүткөн.

## "Биз эмнеге ишенсек, ошону окушубуз керек" же "Эмнени окусак, ошого ишенишибиз керек"

Менин оюмча, биз бул бөлүмдө талкуулай турган чындык евангелиялык чөйрөдө талаштуу маселе болуп саналат. Анткен менен, Жазууну тыкыр изилдегенден кийин талаштар жоголуп кетет. Ошентип, биз Библия Коркок жана Экибеттүү Жашоо сыяктуу адамдар тууралуу эмне дегенин изилдөөдөн мурда, ачык жүрөк жана акыл менен окусаңар деп суранып кетем.

Кудайдын улуу эркин таанып-билүүдө тоскоолдук болгон нерсе, бул Библияны окуу: ал мындан көрүнөт: адамдар *окуган нерсеге ишенүүнүн* ордуна, *эмнеге ишенишсе, ошону окушат*. Биз качан чындыкты киргилт айнек менен карагыбыз келсе, ишенген нерсебизди гана окуйбуз. Мындай чаташтыруу так эмес билимден, башкалардан алган нерседен, биздин деноминациялардын окутуусунан, же Кудай Ким жана Анын жолдору кандай экендигин жеке элестетүүбүздөн келип чы-

гат. Бул абдан коркунучтуу, анткени бизди адашууга алып барышы мүмкүн. Буга мисалды биз Аюбдун китебинен табабыз.

Жакында эле мен Библияны окуюн деп атып, Ыйык Рух мага минтип айтканын уктум: "Аюбдун китебин ал да, отуз экинчи бөлүмдөн баштап оку". Мен дароо ал жерди ачтым да, Элийунун сөзү менен башталганын көрдүм.

Бир аз айта кетейин. Жамандыктарды баштан өткөрүү жана жоготуудан кийин Аюбдун Кудайдын жолун түшүнүүсү начарлайт. Анын акылмандуулугун издебестен, Кудайга эми ал өз башынан өткөргөндөрү аркылуу карап калды (Жакып 1:2-8ди карагыла). Акырындык менен анын түшүнүгү актанууга айланып баратты. Мурдагы бөлүмдөрдө сүйлөп жатышкан Аюбдун үч досу Кудайдын сөзүн башкача түшүнүшкөн, өздөрү билгендей, адашкандыктан улам алар Аюбдун кайгысын талкуулоого аракеттенишкен. Бул кырдаалды курчутуп гана жиберген. Аюбдун өзгөрүлүп турган ой толгоосун жокко чыгара алышпагандыктан, алар аны айыптап киришет.

Эң жаш Элийу Аюбду жана анын үч досун алар Кудайдын акылмандуулугун айтып бүткөнчө угуп турат да, анан минтип айтат: "Мен силер сүйлөп бүткөнчө күтүп турдум, силердин пикириңерди көңүл коюп угуп турдум, силер айтар сөзүңөрдү ойлоп тапкыча күтүп турдум. Мен силерди кадала карап турдум, бирок Аюбду эч кимиңер ашкерелеген жоксуңар, анын сөздөрүнө эч кимиңер жооп берген жоксуңар.Ошондуктан силер: "Биз акылмандыкка жеттик, аны адам эмес, Кудай ашкерелейт",– деп айтпагыла" (Аюб 32:11-13).

Элийу үчөөнү тең ашкерелегенге өтөт: "Ал сага сенин каалооң боюнча бериш керекпи? Кабыл албай жаткандан кийин, мен эмес, өзүң тандап алышың керек. Эмне билсең, ошону айт" (Аюб 34:33). Ал бүгүнкү күндө көпчүлүк кетирип аткан катачылыктарды өтө так айтат. Бул жыйындагы туура эмес теологиянын эң бир негизги тамыры, биз жыйында Кудайдын Сөзү чындыкты орнотушуна жол бербей, *Кудайдын Сөзүн өз башыбыздан өткөрүп жаткан нерселерге жана тажрыйбабызга карата талкуулаганга жол берип коёбуз!*

Элийу Кудайдын Ким экендиги жөнүндө окуялардын, кырдаалдардын жана көз караштардын негизинде калыптанган теология же адамдык түшүнүк менен айткан эмес. Ал чындыкты бурмалабастан, таптаза Кудайдын Сөзүн айткан. Анын сөзүнүн аягында биз муну окуйбуз:

> «Теңир бороондун ичинен Аюбка мындай деп жооп берди: "Мааниси жок сөздөрү менен Кудайдын чечимин караңгылаткан бул ким? Эркектей болуп белиңди буу, Мен сенден сурайын, сен Мага түшүндүрүп бер!"» (Аюб 38:1-3).

Библиянын кеңири котормосунда бул жер мындай угулат: "Акылмандыкты билимсиз сөздөр менен караңгылаткан ким бул?" Биз дагы өз тажрыйбабыз, башкалардын ойлору жана түшүнүктөрү аркылуу Кудайдын Сөзүн караганда так ушундай болот. Биз таасир эткен адамдарга кол жеткистей кылып, Анын акылмандуулугун ороп салабыз. Чынында эле биз ага жеткиси келген адамдардан анын акылмандуулугун жашырып коёбуз. Мына, Кудай эмне үчүн Аюбга жана анын досторуна ачууланган, бүгүн да Аны бурмалагысы келгендерге ошентүүдө. Биз адамдарга чындыкты жеткирбей атабыз! Андан кийин төрт бөлүмдүн ичинде Кудай Аюбга Өзүн ачып берет. Ал айтып бүткөндө Аюб өкүнүү менен минтип айтат:

> "Сенин баарын жасай аларыңды, Сенин ниетиңди эч ким токтото албастыгын билем. Сен: "Эч нерсени түшүнбөй туруп Кудайдын чечимин караңгылаткан бул ким?"-деп айттың. Ошондуктан мен өзүм түшүнбөгөн нерселер жөнүндө, өзүм билбеген кереметтүү иштер жөнүндө айткам. "Ук, мен сүйлөйүн. Мен сенден сурайын, Сен болсо мага түшүндүрүп бер",– дегем. *Мен Сен жөнүндө ушуга чейин кулагым менен уккам,* азыр болсо Сени өз көзүм менен көрүп турам. Ошондуктан мен мурунку айткан сөздөрүмдөн баш тартам, топурак менен күлгө отуруп алып өкүнөм" (Аюб 42: 2-6).

Байкасаңар, Аюбдун айтып жатканын: "Мурда мен мага башкалар эмне айтса, ошону гана билчүмүн, эми болсо мен Сени өз

көзүм менен көрдүм". Бул сөздө улуу чындык камтылып жатат. Эгерде биз Ага *карай турган болсок,* улам даңктан даңкка карай өзгөрүлө берерибизди айтып жатат Жазуу (2 Корунттуктарга 3:18ди карагыла), Ал тууралуу укканыбызда эмес. Ыйса Кудайдын тирүү Сөзү, Аны көрүү – демек, Анын жолдорун түшүнүү.

Адамга ачылган чындык мына ушуларды көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Биз Кудайдын Сөзүн угушубуз мүмкүн, бирок биз аны *түшүнүп-билмейинче,* өзгөрүү болбойт. Качан биздин жүрөгүбүзгө Кудайдын Сөзүн түшүнүү киргенде, биз ушунчалык кубанабыз: "Мен көрүп турам. Көрүп турам" дейбиз. Ушундай мезгилдерде биз түшүнүп – билебиз жана өзгөрөбүз, Ага окшошо баштайбыз.

Бул руханий факт Пабылды сыйынууга шыктандырат: "Сыйынган сайын силерди эстеп, силер үчүн дайыма Кудайга ыраазычылык билдирип жатам. Теңирибиз Машайактын Кудайы, даңктуу Ата Аны таанып билишиңер үчүн силерге акылмандык берүүчү жана түшүндүрүүчү Рухун берсин деп,... *жүрөгүңөрдүн көздөрүн ачсын* деп сыйынып жатам" (Эфестиктерге 1:16-19). Эми Аюб мурда трагедияларды баштан өткөргөнгө чейин да такыбаа жашаганына карабастан, көзү ачылып, түшүнүп-билип калды. Эми ал Кудайды бир топ жогорураак деңгээлде түшүнүп-билип калды.

Аюб менен сүйлөшүп бүткөндөн кийин Кудай анын досторунун бири Элифазга кайрылат: "Силер Мен жөнүндө Менин кулум Аюб сыяктуу айта албаганыңар үчүн, сага жана сенин эки досуңа Менин каарым кайнап турат" (Аюб 42:7).

Биз Аны жана Анын жолдорун туура эмес элестеткенибизге карата Теңир олуттуу мамиле кылат. Бул акылмандуулукту жаап жана Анын адилеттигин бузуп салат. Ошол себептен адамдардын Жазуудагы бардык акылмандуулукту бекемдебей туруп, доктриналарды насааттаганы мени абдан таң калтырат. О, кандай гана коркунучтуу! Эгерде биз чындыкка үйрөнбөсөк жана аны менен оңдолбосок, чындыкты кайдан билмек элек?

Аюб китебин окуп чыккандан кийин Теңир мага дагы көп нерселерге жооп берди. Ал: “Уулум, сен байкадыңбы, Аюб жана анын достору Мен тууралуу туура эмес айтып жатышканда унчукпай турганымды байкадыңбы? Кимдир бирөө чындыкты айтмайынча, Мен Өзүмдүн ошол жерде турганымды билдирген жокмун!”

Кудайдын менин жүрөгүмө айткан сөзүнө таң калуу менен, алардын үстүнөн ой жүгүртө баштадым. Анан кайрадан аны уктум: “Ушул себептен улам көптөгөн адамдар, жыйындар жана деноминациялар алардын жашоосун өзгөртүүчү Менин алар менен болгонумду жана күчүмдү билишпейт. Алар Менин таза сөзүмдү эмес, Аюб жана анын достору сыяктуу өзүлөрү чыпкалап алган сөздөрдү сүйлөшөт. Алар өзүлөрүнүн маанисиз сөздөрү менен Менин акылмандуулугумду жаап салышат”.

Эгерде биз Кудайдын биз менен болушун жана Анын күчүн чындап эле билгибиз келсе, анда чындыкты бузбастан издешибиз керек. Ошондуктан, Кудайдын сотуна тиешелүү Жазууну окууну улантып жатып, Ал эчак эле ачык-айкын кылып койгон нерсени адашкан теологияга, Кудай тууралуу башкача ойлоого, жеке тажрыйбаңарга же кырдаалдарга жол бербегиле. Мындай кылуунун ордуна Анын жолдорунда билимдүү болуш үчүн, Аны ачык турган Кудайдын Сөзүнөн издегиле.

## Батанын артынан кууп

Келгиле, Экибеттүү Жашоонун тагдырына кайрылып келели да, өткөн бөлүмдө келтирилген Ыйсанын сөзүнөн баштайлы:

> “Ошол күнү көп адамдар Мага: «Теңир! Теңир! Биз Сенин атыңдан пайгамбарчылык кылчу эмес белек? Сенин ысымың менен жиндерди куучу эмес белек? Сенин ысымың менен кереметтерди көрсөтчү эмес белек?»– дешет. Ошондо Мен аларга: «Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар»,– деп айтамын” (Матай 7:22,23).

Грек тилиндеги “мыйзамсыздык” (аномиа) деген сөз демек, *Кудайдын мыйзамына (же эркине) каршы чыгуу* дегенди түшүндүрөт.

Ыйса *мыйзамсыздык* деген сөздүн алдында *кылуучулар* (жашоо стили сыяктуу) деген сөздү колдонуп жатат, сөз күнөөдөн куткарылуу үчүн күрөшүп, өз кылгандарын жек көрүп калган жаңы кайрылгандар тууралуу, мезгил-мезгили менен кулап калып жаткандар тууралуу болуп жаткан жок. Тескерисинче, бул жерде Кудайдын каалоосуна каршы чыккан, кенебеген жана ушундай жашоо образын жактаган адамдар тууралуу айтылып жатат. Ыйсанын бул сөздөрү Алдангандай болуп адашып жүргөн адамдарга, же Экибеттүү Жашоодой болгон ишенбегендерге тиешелүү. Ушуга окшогон көп адамдарга кайрылуу менен, Ыйса түбөлүккө алардын жанында болчу каргыш сотун жарыялайт. Теңирдин эскертүүсүнө женил ойлуу карабоо жана кенебей коюуга жол бербөө баарынан маанилүү.

Келгиле, Жазуунун бул үзүндүсүндө Ыйса кимдерге кайрылып жатканын карап көрөлү. Асман Падышачылыгына кабыл алынбай тургандардын бир бөлүгү, *Ыйсанын ысымынан жиндерди куугандар.* Алар кимдер? Булар жиндерди кууганда, Ыйсанын ысымын колдонушкан, бирок, Ыйса Теңир менен такыр мамилеси болбогондор болуп жүрбөсүн? Бул суроого жооп берүү үчүн биз Элчилердин иштерине карайлы:

> “Эл аралап сыйкырчылык кылган кээ бир жүйүттөр да жин оорулуу адамдарга: «Пабыл жарыялап жүргөн Ыйсанын атынан силерге буйрук кылабыз»,– деп, Теңир Ыйсанын ысымын колдоно башташты.Ушундай кылгандардын арасында жүйүттөрдүн Скеба деген башкы ыйык кызмат кылуучусунун жети уулу бар эле. Бирок, жин аларга: «Ыйсаны билем, Пабылды да тааныйм, а силер кимсиңер?»– деп жооп берди. Ошондо жин оорулуу адам атырылып келип, аларды басып жыгылып, сабап салды. Алар ал үйдөн жылаңачталып, жаракат алып качып чыгышты” (Элчилер. 19: 13-16).

Булар үчүн Ыйсанын ысымынан жиндерди кууш мүмкүн эмес эле. Бул жерде мындай чындык катылып жатат: жиндерди кууш үчүн, бир гана ысымды колдонуп коюу эле жетишсиз. Адам ошол атты алып Жүрүүчү менен мамиледе болуш керек. Адам Ыйсанын кызматчысы жана жолун жолдоочусу болушу керек.

Эми силер балким, минтип ойлогондурсуңар: "Бирок аларды Ыйса эч качан билген эмесмин деп атпайбы, анан кантип Анын ысымынан жиндерди кууп кереметтерди жасашты эле? Бул кандайча болушу мүмкүн?"

Ыйсага куткарылуу үчүн гана, ар кандай жеке пайдасы үчүн гана бириги͏п алгандар дагы бар. Алар чын эле Кудайдын жүрөгүн эч качан билишкен эмес, Анын күчүн жана батасын гана каалашкан. Пабыл мындай адамдардан сактануу тууралуу айткан – "Мындай талаш-тартыштар акылынан айныган, чындыктан алыстап кеткен, такыбаалыкты байлыкка жетүүнүн жолу деп ойлогон адамдардын ортосунда болот. Ошондойлордон алыс бол" (1 Тиметей. 6:5).

Алар Ыйсаны өз пайдалары үчүн гана издешкен, ошон үчүн алардын кызматтары сүйүү менен кыймылга келүүнүн ордуна, пайданы көздөгөн. Биз окуп аткандай эле аларды Ыйса билбейт: "Бирок ким Кудайды *сүйсө,* ошону Ал *билет*" (1 Корунттуктарга 8:3).

Ошону Кудай билет. *Билет* деген сөз жөн гана кимдир бирөөнү билүү эмес, анткени Кудай баары жөнүндө билет, Ал баарын билүүчү! Бул сөз жакындыктын маанисин камтып турат. Библиянын кеңейтилген котормосунда минтип айтылат: "Эгерде кимдир бирөө Кудайды чындап сүйсө (назик мамиле менен, дароо угуу менен жана анын баталары үчүн ыраазычылык билдире билүү менен), аны Кудай билет (татыктуу жакындыгын моюндайт жана аны менен сүйүүдө болот, ал дагы Агы тиешелүү болот)".

Ыйса сот күнүндө көптөгөн элдерге минтип айтат: "Мен *силерди* эч качан *билген* эмесмин". Ошентип, Кудайды сүйбө-

гөндөр (көрүнүп тургандай, аны дароо уга албагандар, назик мамиледе болуп жана ыраазычылык билдире албагандар) Андан куткарылуу күткөндөрүнө карабастан, Ата тарабынан же Ыйса тараптан жакын мамиледегилер катары таанылбайт. Ыйсаны сүйүү деген, демек – жашоосун Ага берүү деген. Эми сен өзүң үчүн жашабайсың, бирок Ал үчүн.

Жүйүт ошондой мисал болуп саналат. Ал өз жашоосун Ыйса менен байланыштырган. Ыйсанын артынан ээрчүү улуу курмандык болуп далилденгендей, баары ал Кудайды сүйгөн сыяктуу болуп эле көрүнчү. Жүйүт жалгыз гана кымбат Кожоюн үчүн кызмат кылуу командасына биригүү үчүн, баарын калтырган. Жүйүт ал тургай куугунтук болгон кездерде да, команданын башка мүчөлөрү Аны таштап кетишкенде да, кетпестен Аны менен калган (Жакан 6:66ны карагыла). Ал жиндерди кууган, ооруларды айыктырган жана Жакшы Кабарды тараткан (Лука 9:1ди карагыла).

Бирок, эң башынан эле Жүйүттүн ниети туура эмес болгон. Ал өзүн кыймылга келитирип жаткан өзүмчүлдүгү үчүн эч качан өкүнгөн эмес. “Эгерде... силер мага эмне бересиңер” (Матай 26:15) деген сөз менен анын маңызы ачылган. Ал өзүнүн жеке пайдасы үчүн калп айтып, алдаган (Матай 26:25), Ыйсанын казынасынан жеке чыгымдары үчүн акча уурдаган (Жакан 12:4-6 ны карагыла). Бул тизмени дагы да узарта берсек болмок. Ыйса менен үч жарым жылды бирге өткөргөнүнө карабастан, Жүйүт эч качан Аны билген эмес. Ошондуктан Ыйса ал тууралуу: “Мен он экиңерди тандап албадым беле? Бирок, араңардан бирөө шайтан” деген”. Минтип ал Жүйүт Искариотту тууралуу айткан” (Жакан 6:70,71).

Жүйүткө окшоп кызмат үчүн улуу курмандыктарды алып келген адамдар бар, адамдарды кара күчтөрдүн таасиринен куткарат, ооруларды айыктырат, Жакшы Кабарды насааттайт, Ыйсанын куткаруусуна ишенишет, бирок Ыйсаны билишпейт, анткени алардын бардык иштери Кудайга болгон сүйүү менен эмес, жеке пайдалардын артынан түшүү. Бул

сүрөттөө биздин таржымалдагы Экибеттүү Жашоогө абдан дал келет. Ал да Джейлиндин артынан ээрчиген, анткени ага берилген анын таасирин жана күчүн сүйгөн.

Мындай адамдарды айыптоо жана жазалоо күтүп турат. Жүйүт жөнүндө Ыйса: "Бул адам туулбай эле койсо жакшы болмок" (Матай 26:24) деп айткан. Ал диний лидерлерге, Кудайдын кызматчыларына жеке пайдасы үчүн жана адамдарга Кудайдын ысымы менен таасир этүү үчүн кайрылат: "Мыйзам окуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Жесирлердин үй-жайын тонойсуңар, эки жүздүүлөнүп узакка сыйынасыңар. Ошого жараша алчу жазаңар да оор болот" (Матай 23:14). Бул эркектер менен аялдар Экибеттүү Жашоого окшош, алар тозоктун эң бир азаптуу жана караңгы жеринде болушат.

## Куткарылууну жоготуу

Жогоруда айтылгандардын баары Экибеттүү Жашоо образына ылайык келет. Бирок, Коркокко эмне болду? Анын чынында эле Джейлин менен мамилеси бар эле го, бирок эмне үчүн ал аягына чыга алган жок? Бул тууралуу Жазууда айтылабы? Келгиле, аны Жезекил пайгамбар аркылуу изилдеп көрөлү:

> "Эгерде *адил адам* өз адилдигинен баш тартып, адилетсиздик кыла баштаса, мыйзамсыз адам кылган жийиркеничтүү иштердин баарын кылса, ал тирүү калабы? Анын кылган бардык жакшы иштери *эске алынбайт*. Ал өзүнүн кылган мыйзамсыздыгы үчүн, өзүнүн кетирген күнөөлөрү үчүн *өлөт*" (Жезекил 18:24).

Биринчиси жана негизгиси, Кудай өзүн адилеттүүмүн деп *ойлогон*, бирок иш жүзүндө андай болбогон адам тууралуу эмес, *адилеттүү* адам тууралуу айтып жатат. Мындай адам дагы мурда айтылган адашкан же алдаган адамдардай эле эмес экендиги шексиз.

Кудай адилеттүүлүк жөнүндө *эстебейм* деп жатат. Ал эч качан ал болбогондой унутат. Биз Кудай күнөөлөрүбүздү унутат

деп айтканыбызда, анда Ал аларды батыш менен чыгыштай алыстатып, деңиздин түпкүрүнө ыргытат. Ал Өзү айтып жатат: “Анткени Мен аларга ырайым кылып, адилетсиздиктерин кечирем, мындан ары алардын күнөөлөрү менен мыйзамсыздыктарын эстебейм” (Эврейлерге 8:12). Качан биз Ыйсаны өзүбүздүн Теңирибиз деп кабыл алганыбызда, Ал биздин күнөөлөрүбүздү кечирет, башка эстебейт. Шайтан бизди айыптоого аракеттенет, бирок Кудай алар тууралуу кайрадан эстебейт.

Ал биз мурда эч качан күнөө кылбагандай ойлойт. Не дейбиз, тескериси да чындык. Эгерде Кудай адамдын адилеттиги тууралуу эстебейм деп атса, анда Ал качандыр бир кезде аны билген экен да, бирок ортодогу мамиле күнөөнүн айынан үзүлүп кеткен.

Келгиле, дайыма эле куткарылуусунан оолактап кете берген адам тууралуу Жазуу эмне дегендигин кунт коюп карап көрөлү. Апостол Жакып минтип жазат:

> “Бир туугандарым, ким чындык жолунан *четтеген* адамды кайра туура жолго салса, ал билип койсун: күнөөкөрдү туура жолго салуу менен ал анын жанын *өлүмдөн* алып калат жана көп күнөөлөрүн жаап коёт” (Жакып 5:19,20).

Эң биринчи көңүл бура турган нерсебиз, бул: *“Бир туугандар!* Эгерде араңардан кимдир *бирөөңөр*...” деген сөз. Жакып жөн гана өзүн машайакчы атагандар тууралуу айтып жаткан жок. Ал чындыктан оолактап кеткен *ишенүүчүлөр* тууралуу айтып жатат. Жазуунун бул үзүндүсүндөгү бир тууган *күнөөкөр* деп аталып жатат. Бул мындан ары ал куткарылууга ээ эмес дегендик эмес, ал дайыма эле күнөөдө жашап жатат жана тил алчаактыкка кайтуу керек дегендик. Жакып ачык эле эскертип жатат: эгерде ал туура эмес жол менен баруунү уланта бере турган болсо жана Кудайга кайырылбаса (тобого), анда жан үчүн толук өлүм (жандын жоголушу) келет. Накыл сөздөрдө буга карата бекемдөө бар: “Түз жолдон *чыккан* адам өлгөндөргө кошулат” (Накыл сөздөр. 21:6).

Накыл сөздөр Жакыптын сөзүн бекемдеп, Кудайдын жолунан четтеп жана адилеттүүлүккө кайрылгысы келбеген адамдын жашоосунун аягын – өлгөндөрдүн жыйынынын арасынан орун аларын, демек тозокто, оттуу көлдө болорун ачып берип жатат.

## Өмүр Китеби

Жаңы Келишимде Өмүр Китеби тууралуу сегиз жолу айтылат. Пабыл жана Жакан ким Ыйса менен түбөлүктүүлүктү өткөрсө, ушул китепке жазылаары тууралуу айтышкан. Биздин аттарыбыз ага биз жогорудан төрөлгөн күнү жазылат экен.

Төртүнчү бөлүмдөгү Ефросиниянын күбөлүгүн эстеп көрсөңөр. Жаш кыз өз жашоосун Ыйсага арнаган кезинде, Кудай Ата анын атын Өмүр Китебине жазган жана ага мындай деген: "Үй-бүлөгө кош кел!" Пабыл бир туугандардын бирөөсүнө минтип айтат: "Жан досум, сенден да өтүнөм, бул аялдарга жардам бер. Анткени алар мени менен, Килемес менен жана ысымдары өмүр китебине жазылган башка кызматташтарым менен бирге Жакшы Кабар таратуу ишине катышышты" (Филиппиликтерге 4:3).

Тескери жагы да чындык: ким Өмүр Китебинде жазылбаган болсо, ал жок болгону. Аян китебинде эмне деп жазылганын уксаңар: "Ал эми ким өмүр китебине жазылбаган болсо, ал күйүп турган көлгө ыргытылды" (Аян 20:15).

Жакан бизге Кудайдын түбөлүк шаарына "Козунун өмүр китебинде жазылгандар гана" киргизилери тууралуу айткан (Аян 21:27); калгандары өлгөндөрдүн чогулушунда болот деген.

Аян китебинде (3-бөлүм) Ыйса шаарга, жоголгон адамдардын тобуна же бутпарастарга айтып жаткан жок. Жок, Ал чындап Ага тиешелүү болгондорго айтып жатат: "Жеңген адам ак кийим киет. Мен анын ысымын өмүр китебинен *өчүрбөйм*, анын ысымын Атамдын алдында жана Анын периштелеринин алдында ачык тааныйм" (Аян 3:5). Кеңейтилген ко-

тормодо Анын сөзү минтип жазылган: “Мен анын атын Өмүр Китебинен өчүрбөйм жана чийип салбайм”.

Силер *өчүрүлөт* деген сөздү байкадыңарбы? Өмүр Китебинен аты өчүрүлүшү үчүн, алгач ал жакка ал жазылуу болушу керек да. Бир гана жогорудан чындап төрөлгөн адамдар Ыйса Машайакка ишенүү аркылуу гана ал жакка жазылышат. Ишенбегендердин аттары жана Ыйсаны Теңирим деп чындап кабыл албагандар жазылган эмес, ошондуктан аларды өчүрүүгө болбойт. Сөз “үй-бүлө мүчөлөрү” тууралуу болуп жатат.

## Сергиленткен аян-ачылыш

Жыйырманчы кылымда Кудайга ишенимдүү кызмат кылган кызматчы жашаптыр. Анын Машайактын Денесине тийгизген таасири эбегейсиз, анын китептери 65 миллион санда басылып чыккан, анын библиялык мектеби 20 000 студентти өстүрүп чыгарган.

Ал бул тууралуу өзүнүн бир китебинде жазган. 1952-жылы ага Жазууну ачып Ыйса көрүнгөн. Аянда ага Теңир бир тааныш пастордун аялын көргөзгөн. Ал анын сулуулугу менен жөндөмдүүлүктөрү кызматка бекер кеткен деген калпка ишенип алган. Убакыттын өтүшү менен ал дүйнөдө ээ боло турган даңк, белгилүүлүк жана байлыкка берилип кеткен. Акыр аягында ал күйөөсүн калтырып, өзү кыялданган бакытты издөө үчүн кеткен.

Теңир ал кызматчыга анык эле айткан: “Бул аял Менин кызым болчу” деп, анан ага мындан ары ал үчүн *сыйынба* деген көрсөтмө берген. Кийинки бөлүкчө түз эле анын китебинен алынган:

> “Теңир, аны менен эмне болот?”– деп сурадым мен.
>
> “Ал түбөлүктүүлүктү тиш кычыратуу жана ый болгон жерде өткөрөт”,– деп жооп берди Ал. Мен көрүнүштө ал тозоктун түбүнө кантип түшүп баратканын көрдүм. Мен анын үрөй учкан кыйкырыгын уктум.

“Бул аял Сенин балаң эмес беле, Теңир. Ал Сенин Рухуңа толуп, кызматтарга катышып жүрчү эле го. Ошого карабастан, Сен ага сыйынба дедиң. Мен муну түшүнбөй жатам!”

Теңир мага Жазуунун бул жерин эскертти: “Ким бир тууганынын өлүмгө дуушар кылбай турган күнөө жасап жатканын көрсө, ал үчүн сыйынсын, Кудай ага өмүр берет. Өлүмгө дуушар кылбай турган күнөө кетиргендер жөнүндө айтып жатам. Өлүмгө дуушар кыла турган күнөө бар, ал жөнүндө сыйынгыла дебейм” (1 Жакан 5:16).

Мен: “Теңир мен дайыма бул жерде физикалык өлүм жөнүндө сөз болуп жатат деп ойлогом, адам күнөө кылгандыгына карабай, куткарылуусун жоготпойт деп ойлогом” дедим.

“Бул жерде физикалык өлүм тууралуу айтылып жаткан жок,– деп тактады Теңир. – Сен муну өзүң кошуп койгонсуң. Эгерде бешинчи бөлүмдү толук окуп чыга турган болсоң, анда ал жерде өмүр жана өлүм жөнүндө – руханий өмүр жана өлүм жөнүндө айтылып жатат. Бул жерде ишенген адамдын өлүмгө алып барган күнөөсү жөнүндө, руханий өлүмү тууралуу сөз болуп жатат, ошол себептен Мен сага ал үчүн сыйынба дедим. Мен ал аял үчүн сыйынба деп сага айткандагы себебим, анткени ал өлүмгө алып бара тургандай күнөө кетирди”.

“Бул менин бүткүл теологиямды таптакыр талкалайт, Теңир. Сен дагы түшүндүрүп бере аласыңбы?”– деп сурадым мен. (Эгерде ал Кудайдын Сөзү менен дал келбесе, анда кээде өз жеке теологиябызды талкалоого туура келет). Ыйса мага Жазуудагы төмөнкү жерди эстетти, Эврейлерге 6:4-6:

“Бир кезде чындыкты билген, асман белегинен даам таткан, Ыйык Рухка үлүштөш болгон, Кудайдын жакшы Сөзүнүн жана келечектеги замандын кудуретинин даамын таткан адамдар ишенимден четтеп кетишсе, аларды кайрадан тобо кылдыруу аркылуу баштапкы абалына келтирүү мүмкүн эмес. Анткени алар ушинтүү менен Кудай Уулун кайрадан айкаш жыгачка керип, жаманатты кылышууда”.

Келтирилген үзүндүдө кээ бир мүнөздөмөлөр саналып өтүлөт, аларга көңүл буруу зарыл. Биринчиден, адам асман белектерин даамдап көрдү. Бул Ыйсаны кабыл алгандарга тиешелүү, анткени Ал Асман белеги болуп саналат. Экинчиден,

Ыйык Рухка толгон. Үчүнчүдөн, ал Кудай Сөзүнүн жакшы экендигин даамдаган, Бул өз ичине Рух жөндөмдүүлүктөрүн, Кудайдын майлоосун ж.б. камтыйт. Бул үзүндүдөн биз көрүп тургандай, бул жерде жогорудан төрөлгөн машайакчы тууралуу эле эмес, жеткилең куракташы машайакчылар тууралуу да сөз болуп жатат.

Өткөндө мага бир нече адамдар көздөрүн жаштап келишип, бир кезде Теңирге Ага кызмат кылгыбыз келбейт дешкенин айтып келишти. Кийинчерээк, алар өз сөздөрүнө өкүнгөндүктөрүн билгизишти. Ушул жана Жазуунун дагы башка жерлерине карап туруп, алар абдан коркуп калышты. Анткени кээде ишенимде жаш адамдар билбестиктен туура эмес нерселерди кылышат, бул тууралуу Теңир билет. Эврейлерге жазылган каттын автору Машайактагы жаштар тууралуу эмес, бирок жетилген ишенүүчүлөр тууралуу айтып жатат.

Тынчсызданган жандарга сооротуу менен кызмат кылып жатып, мен аларга өлүмгө алып барчу күнөө кетиришкен болсо (Жазуудан көрүнүп тургандай), анда аларда Ыйса менен мамилени жаңылантууга каалоо калбай калмак. Алардын чын жүрөктөн өкүнгөндүктөрү, Ага суусагандыктары, жакшы түшүмдөрдү алып келгендиктеринин өзү эле Ыйык Рух аларды мамилелешүүгө тартып жаткандыгынан кабар берет. Эгерде алар Хейгин бир тууган көргөн көрүнүштөгү аялдай болуп, биротоло кеткен болсо, анда аларда ыйык жашоого жана Ыйса менен жакын болууга каалоо калмак эмес.

Ыйса көрүнүштө ал аял Кудайдын чыныгы кызы болгондугу тууралуу айтып жатат. Бул күбөлүктү жазып жаткан кызматчынын бала чагы түбөлүктүүлүктүн шартсыз кепилдик экендигине, куткарылууну жоготуп алуу мүмкүн эместигине ишенген деноминацияда өткөн. Так ушул себептен ал Ыйсанын сөзүнө ошентип жооп берген: “Бул менин бүткүл теологиямды таптакыр бузуп салат” деп. Кудайдын кызы болгондо ал Өмүр Китебинде жазылуу болгон. Бирок, аягына чейин бара

албай, биротоло дүйнөгө кеткендиктен, анын аты өчүрүлүп салынган. Ал ыктыярдуу түрдө кетти. Ошондуктан, Эврейлерге жазылган каттын автору, мындай адамдын кайра калыбына келиши мүмкүн эмес деп айтып жатат. Ал эки жолу өлдү. Бир кезде бул аял күнөө менен өлгөн болчу, андан кийин түбөлүк өмүрдү мурастаган эле, анан биротоло кетүү менен, кайрадан күнөө менен өлдү (Жүйүт 12ни карагыла).

Адамдар ушундай абалга жеткен кезде, алар эч качан жогорудан кайра төрөлө алышпайт. Ошондуктан, Эврейге жазылган каттын автору "кайрадан тобону жаңыртуу... мүмкүн эмес" деп жатат. Кээде кайра-кайра жогорудан төрөлө берсе болот деп ойлогон бул адашуу.

Мен кайталагым келет, эгерде адамдар ушундай күнөөлөрдү кылышса, анда аларда тобо кылууга жана кайрадан өзүлөрүн Ыйсага арноого каалоолору жок. Ыйык Рухтан башка эч ким бизди Ыйсага кызыктыра албайт. Алардын кызматчы айткан аялдай болуп, баш тартып кетишинин натыйжасында, Ал аларды таштайт, кайрылбайт. Ошол себептен улам, Ыйык Рух көпкө чыдайт, Ал оңой менен багынбайт.

## Караңгылыктын жабуусу

> "Себеби алар Теңир жана Куткаруучу Ыйса Машайакты таанып билүү аркылуу бул дүйнөнүн ыпыластыктарынан качып кутулгандан кийин..." Апостол Пабыл көбүрөөк жарык төгөт (2 Петр 2:20).

Келгиле, биринчиден – Петир ким тууралуу айтып жатканын карап алалы. Эгерде кимдир бирөө дүйнөнүн ыпластыгынан Теңирди жана Куткаруучу Ыйса Машайакты таанып-билүү аркылуу качса, анда ал машайакчы катары эсептелет. Сүрөттөөгө биз мурда айткан адашкандар, алдагандардын категориясы (Кудайды билем деп айтышып, бирок иш жүзүндө андай эместер) кирбейт. Тескерисинче, Ыйса Теңирдин куткаруучу ырайымы менен бул дүйнөнүн жемкорлугунан бо-

шонгондор тууралуу сөз болуп жатат. Ал чын эле жогорудан төрөлгөн адамдар тууралуу айтып жаткандыгында шек жок.

Андан ары окууну улантабыз:

> “...кайрадан аларга тутулуп, *жеңилип калышса*, анда алардын кийинки абалы мурунку абалынан да жаман болот.Чындык жолун таанып билип туруп, өздөрүнө берилген ыйык осуяттан баш тарткандан көрө, алар үчүн бул *чындык жолун* таанып билбей эле койгон *жакшы* болмок. «Ит өзүнүн кусундусун кайра жей берет. Чочкону канча тазалаба, ал кайра эле балчыкка оонайт» деген макал аларга туура келет” (2 Петр 2:20-22).

Петир күнөөнүн кулчулугуна кайткан машайакчылар тууралуу, алар Ыйса Машайак аркылуу болгон куткарылуунун чындыгын билишпей эле койсо жакшы болмок деп кошумчалоо менен айтып жатат. Алар ыйыктыкка тил алчаак болуп жашоонун ордуна, дайыма ырахатты, кумарды жана турмуш-тиричиликтеги текебердикти тандап алышат.

Эмне үчүн адилеттиктин жолдорун эч качан билбесе жакшы болмок? Бул суроого Жүйүт жооп берет. Петир сыяктуу эле ал дагы, ким куткарылуусун жоготуп койсо, ошолор тууралуу айтып жатат: “Аларга кайгы! Анткени алар Кабылдын жолу менен жүрүшөт; Биламга окшоп арам акчанын артынан түшүп, адашып жүрүшөт; Корак сыяктуу каршы чыгып, өздөрүн өлүмгө дуушар кылып жатышат” (Жүйүт 11).

Кабыл, Билам, Корей – алардын ар бири бир кезде Кудай менен мамиледе болушкан, алардын экөөсү ал тургай, кызматчылар болушкан. Кабылдын катасы Кудайга тил албастыгында болгон, Биламдын катасы акча сүйүүчүлүгүндө болгон; Корей болсо, коюлган бийликке каршы козголоңдо болгон.

Жүйүт минтип улантат:

> “Мындайлар силердин сүйүү кечеңерде азгырык болушат. Силер менен тойлоп, *өздөрүн коркпостон семиртишет*. Алар – шамал айдаган суусуз булуттар. Алар – тамыры менен жулунган, *эки жолу өлгөн*, жемишсиз күзгү дарактар. Алар – өзүнүн

ыпылас нерселерин көбүктөнткөн деңиздин долу толкундары, адашкан жылдыздар. Алар үчүн караңгылыктын караңгылыгы түбөлүккө сакталып турат” (Жүйүт 12,13).

Сүйүү кечелери кечки тамакты түшүндүргөн, ал учурда алгачкы жыйындын мүчөлөрү биргеликте Кудайга жана бири-бирине өзүлөрүнүн сүйүүсүн билдиришкен. Сүйүү кечеси адатта ыйык сырдуу жалпылык менен аяктаган. Эми эске келтире турган бир чындык: куткарылуудан кеткендердин баары эле тиги кызматчы көргөн аяндагыдай болуп, жергиликтүү жыйындан кетишпейт. Бул факт ушундай адамдарды жаңы ишенгендер, алсыздар жана өлтүрө турган жараатка ачык адамдар үчүн бир топ опурталдуу болот.

Корей ушундай адамдарга мисал боло алат. Ал Арындын кызматындагы жардамчысы болгон, бирок ал Муса менен Арынга мындай дейт: “...силердики жетишет, бүт жамаат ыйык, бардыгы ыйык, *Теңир алардын арасында*! Эмне үчүн силер өзүңөрдү Теңирдин элинен жогору коёсуңар?” (Сандар 16:3). Анын таасири астында Ысрайыл коомунан 14 700 жана лидерлердин 250сү өлүм менен жазаланышкан!

Мындай ишенимден четтегендер, *азгырык* деп аталгандар, биздин коомдо ырайымга калп эле ишенип жүрүшөт. Алар эч качан ага ээ болушкан эмес. Аны өзгөртүп алышкан, Кудайдын коркунучун жоготуп өзүлөрүнө жаккандай эле жашап калышкан. Корей минтип айткан: “Кудай биздин баарыбыз менен”. Ал дагы калп коопсуздук сезимине ээ болгон, бирок эртеси күнү эле жер жарылып, аны тирүүлөй жутуп, тозокко бүркүп салган. Андай адамдар ишенгендер менен бир тилде сүйлөшөт, алар менен убакыт өткөрүшөт, бирок артынан Ыйса кайрылып келе турган жеңүүчүлөр арасынан аларды табууга болбойт. Ал *кирсиз-таксыз* жыйынга келет (Эфестиктер 5:27ни карагыла).

Жүйүт андайларды эки жолу *өлгөндөр* деп айткан. Кантип эки жолу өлөт? Күнөө менен өлгөн адам жаңы төрөлүү аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болсо болобу, анан кайра тобо кылбаган күнөө аркылуу кайрадан кайгылуу өлүмгө дуушар болобу?

Жакыптын чындыктан оолактап, ушундай абалга кабылган машайакчынын жаны *өлө тургандыгын* айтканын эстеп көргүлө. Жакан ишенгендер үчүн да күнөө өлүмү бар экендигин айткан. Тигиниси да, мунусу да *эки жолу өлө тургандарга* тиешелүү.

Жүйүттүн: "...*караңгылыктын жабуусу кылымдарга кала берет*" деп айтканын байкасаңар. *Караңгылык жабуусу* эң жаман түбөлүк жаза дегенди түшүндүрөт. Бул Ыйсанын Өзүнүн келээри жана сот жөнүндө айткан сөзүнөн ачык эле көрүнүп турат:

> "Кожоюну келгенде, уктабай отурган кулдар бактылуу... Эгерде жанагы кул өз ичинен: "Менин кожоюнум жакында келбейт",– деп, кулдар менен күңдөрдү уруп, өзү ичип-жеп, мас боло баштаса, анда ал күтпөгөн күнү, ойлобогон убакта кожоюну келет да, аны бөлө чаап, ишенимсиздерге тиешелүү жаза менен жазалайт. Кожоюнунун каалоосун билип туруп, даяр болбогон жана анын каалоосу боюнча иштебеген кул көп таяк жейт. Ал эми билбей туруп, жазага татыктуу иш кылган кул аз таяк жейт. Кимге көп берилсе, андан көп талап кылынат; кимге көп ишенип тапшырылса, андан көп суралат" (Лука 12:37, 45-48).

Бул аяттарда өтө көп нерсе айтылган. Бир нече учурун көрсөтүп бергенге уруксат эткиле. Баарынан мурда байкагыла, бул бутпарас же күнөөкөр эмес, *кул* болгон. Ал *кожоюндун эркин* билген, ошого карабастан, ага каршы иш кылган. Муну Көзкарандысызга байланыштуу айта албайбыз, ал билбеген жана *азыраак сабалгандардын* категориясына кирет. Бул Алданганга да тиешелүү эмес, анткени, ал өзүн кызматчымын деп эсептеген менен, бирок Джейлиндин түшүнүгү боюнча эч качан чыныгы кызматчы болгон эмес. Ыйса өз кожоюнунун эркин толугу менен билген адамды, Өзү *кул* деп атайт, Бул адам өз куткарылуусунан өзү кетип калган.

Бул кул башка кулдарды жана күңдөрдү сабаганына көңүл бурсаңар. Бул жерде адам өзү үчүн башка бирөөлөрдүн эсебинен бирдеме алган жашоо стили тууралуу айтылып жатат. Ал бир гана күн менен жашайт. Ал жеп, мас болгончо ичип, өзүнө жагынып жашап жатат. Жүйүттүн башкалар менен

кошулуп кечки тамакты кабыл алган, Кудайдын коркунучуна ээ болбостон, өзүлөрүнө гана жакканды жасаган, четтеп кеткендер тууралуу айтканын эстегиле. Такыбаадай түр көрсөтүшкөнү менен, алар өзүлөрүнө жакканды гана жасашат.

Мындай кул үчүн берилген жазаны карап көргүлөчү. Аны ишенимсиздер (куткарылуу албагандар) жана *бир нече камчы* жеген жакка жөнөтүп жиберишти. Ал кожоюндун эркин билген соң, башкалардан *көбүрөөк таяк* жеген. Бул оттуу көлдө жана караңгылыктын жабуусунда улуу жазага кылымдар бою ээ болору тууралуу айтылып жатат.

## Кайгылуу кечирбестик

Бул аныктама Коркокко ылайык келет (Экибеттүү Жашоо сыяктуу эле). Коркок, кечирүү – бул, Джейлиндин эрки экендигин билет болчу, ошентсе да, аны аткаруудан баш тарткан. Ал Чагымчыга таарынычын сактап жүрө берүүнү туура көргөн. Анын ызасы булганууга жол ачып койгон. Биз окуп көрөлү: "Эч ким Кудайдын ырайымынан ажырап калбашы үчүн, кандайдыр бир ачуу тамыр өсүп чыгып, зыян келтирбеши үчүн жана ал аркылуу көптөр булганбашы үчүн сак болгула" (Эврейлерге 12:15).

Жаңы Келишимди окуп-үйрөнүүнүн жана көптөгөн жылдардагы кызматтагы жеке тажрыйбамдын натыйжасында, мен буларды көрдүм: адамдар Кудай менен жакын мамиледе болбой калган учурда алар улуу капканга – кечирбестикке түшүп калышат экен. Коркоктун кырдаалында кечирбестик ар кандай туура эмес ишенимдерге жана жүрүм-турумдарга алып келет экен.

Матайдан Жакшы Кабарда (18-бөлүм) Ыйса өз кулдарына берген тапшырма боюнча отчёт алган улуу падыша тууралуу айтылат. Алардын бирөө падышага он миң талант бериш керек болчу. Талант деген акча бирдиги эмес, таразалык өлчөм. Бул ченем менен алтынды (2 Шемуэл 12:30), күмүштү (1 Падышалар 20:39) башка металлдарды же товарларды өлчөгөндө колдонушчу. Накыл сөздөрдө талант карызды билдирет,

ошондуктан бул жерде алтын жана күмүш тууралуу сөз болуп жатат. Бул алтын болгон дейли.

Бир талант алтын 75 фунт салмакка барабар болгон. Бул адам алып кете ала турган алтындын баарысынын салмагы (2Падышачылык 5:23). Он миң талант бул, болжол менен 750 000миң фунт же 375 тонна. Ошентип, кызматчы падышага 375 тонна алтын карыз болчу. Бул китепти жазып жаткан кезимде бир алтындын (28,3 гр.) баасы болжол менен 1200 доллар болгон. Келгиле, санап көрөбүз. Бүгүнкү күндөгү базардын баасы менен он миң талант алтын он төрт миллиард долларга тең келет экен! Ал адам падышага так ошондой карыз болчу! Ыйса бул накыл сөздө карыз ушунчалык көп болгондуктан, аны төлөө адамдын колунан келбейт болчу дегенге басым жасап жатат.

Падыша карызды төлөө үчүн аны да, анын бүткүл үй-бүлөсүн да кулчулука сатууну буйруган. Кызматчы падышанын бутуна жыгылып, ырайым кылууну суранат. Падыша ырайым кылат. Ал ага бүт бардык карызын кечирет.

Бул накылда падыша Кудай атаны символдоштурат. Карыз болуп, кечирилген адам Ыйса Машайак аркылуу кечирим алган адам. Кимдир бирөөгө жагымсыздык кылган адамда карыз пайда болот. Силер: “Ал бул үчүн төлөйт” дегенди уктуңар беле? Кечирим бул – карыздын жоюлушу. Эми адам бошонду. Бул аңгемеде силер падыша Кудай Атаны көрсөтүп атканын көрдүңөр, ал эми кызматчы болсо, Анын кечиримин Ыйса Машайак аркылуу алган адам.

Биз андан ары окуйбуз: “Ал кул болсо тышка чыгып, өзүнө жүз динарий карыз болгон башка кулду кармап алып: «Карызыңды бер»,– деп муунтту” (Матай 18:28).

Динарий – деген, адаттагы эле төлөм. Ал 100 долларга тең деп коёлу. Жалпы суммасы болжол менен 10 000 доллар дейли. Бул анча аз эмес сумма экендигин көрүп турасыңар.

Окууну улантабыз: “Ал кул болсо бутуна жыгылып: «Күтө тур, баарын төлөп берем»,– деп жалынды. Бирок ал күткүсү келген жок. Барды да, карызын бергенче, аны түрмөгө кама-

тып салды" (Матай 18:29,30). Он төрт миллиард карызын кечип койсо, ал 10 миң карыз болгон досун кечире албай, төлөтүүгө мажбурлады. Бул жерде көңүл бура турган нерсе, биз бири-бирибизге сактап жүргөн кечирбестик, ачуу ыза биздин Кудайга болгон он төрт миллиард карыздын алдында эмне! Силерге канча жаман мамиле кылган кезде да, биздин Кудайга каршы кылган кылмыштарыбызга караганда мааниге ээ болбой калат. Балким, силерге силердикинен өткөн жаман абал жоктой сезилет. Бирок, Ыйсага кандай гана жаман мамиле кылынганын билбейсиңер. Күнөөсүз жана кирсиз-таксыз Козу биздин он төрт миллиард карызды төлөө үчүн курмандыкка берилди!

Кечире албаган адам өзүнө кандай гана улуу кечирим берилгенин унутуп калды! Качан Ыйсанын силерди улуу өлүмдөн жана түбөлүк кыйналуудан бошотконун түшүнгөнүңөрдө, башкаларды кечиришиңер оңой болуп калат.

Түбөлүккө оттуу көлдө калгандан өткөн жаман нерсе жок. Ал жактан кутулууга болбойт, курттар дайыма болуп, ал жакта эч качан от өчпөйт. Кудай бизди Өз Уулу Ыйса Машайактын өлүмү менен кечиргенге чейин ошол жакка барчубуз! Эгерде адам кечире албаса, анда ал тозоктун чындыгын, Анын сүйүүсүн жана кечиримин түшүнбөйт.

Келгиле накыл сөздү окууну уланталы:

> "Муну көргөн кулдар аябай капа болушту да, падышага келип, болгон окуяны айтып беришти.Ошондо падыша кулун чакыртты да: Эй, жаман кул! Жалынып-жалбарганыңдан улам, бүт карызыңды кечирдим эле. Мен сага ырайым кылгандай, сен да тиги кулга ырайым кылсаң болбойт беле?!"– деди (Матай 18:31-33).

Силердин көңүлүңөрдү дагы да көбүрөөк бургум келип турат, Ыйса бул жерде ишенбегендер тууралуу айтып жаткан жок. Ал падышанын кызматчылары тууралуу же жогорудан төрөлгөн ишенгендер тууралуу айтып жатат. Бул адам өзүнүн карыздарына кечирим (куткарылуу) алып, падышанын кызматчысы болуп калган болчу. Ал кечире албай аткан,

анын досу болчу. Ошондуктан аны кечиргенден баш тарткан “ишенгендин” жазмышы күтүп турат..

Мен таң каларлык чындыкты көрүп турам. Евангелиядагы башка бардык аңгемелерди талдап – чечмелеп берүүнү суранышкан. Ал эми бул аңгемени болсо Ыйса эч кандай сурандырбай эле чечмелеп берген. Анын себеби Ыйса угармандарга жеткирип бергиси келген аңгеменин мааниси болгон болушу керек. Бул үлгү насаат аңгеме өзгөчө маанилүү болгон, анткени Ал баарынын түшүнгөнүнө ишенимдүү болгусу келген. Мына чечмелөө:

> “Падыша каарданып, бүт карызын бергенче, аны жазалоочулардын колуна тапшырды.Эгерде ар бириңер өз бир тууганыңардын күнөөсүн чын жүрөктөн кечирбесеңер, асмандагы Атам да силерге так ушундай мамиле кылат” (Матай 18:34,35).

Мен ушул эки аяттын үч маанилүү пунктун көргөзгүм келип турат. Биринчиден, кечире албаган кызматчыны кыйноого өкүм кылынат. Экинчиден, эми ал кайрадан баштапкы карызды, 375 тонна алтынды төлөшү керек. Үчүнчүдөн, Кудай өз бир тууганын кечирбеген ар бир “ишенген” менен ушундай кылат.

Келгиле, ар бир пунктту өзүнчө, кыскача карап чыгалы. Биринчи: *кыйноо* деген, демек жан чыдагыс оору алып келген, дененин жана акыл-эстин агониясы. Кыйноочу – бул жараат алып келүүчү, оорутуучу.

Кечиргенден баш тарткан ишенүүчүлөр караңгы күчтөр тарабынан кыйноого дуушар болот. Кыйноочуга оору-жараат алып келүүгө, денеге жана аң-сезимге агония алып келүүгө укук берилген. Кызматта мага өз жүрөгүнөн адамдарды коё бере албагандыктарынан улам айыгуу, сооронуу жана бошонуу ала албаган адамдарга сыйынуу көп учураган. Бул ачуу-ыза өз кезегинде Кудайга карата да каар менен таарынычка алып келет. Бул адамдардын ишеничи булганып калат, эгерде тобо кылуу жана кечирүү болбосо, алардын аягы кайгылуу бүтөт.

Экинчи пункт: бул кызматчы да өзүнүн алгачкы карызын төлөшү керек. Эми ал мүмкүн болбогон нерсени кылууга милдет-

түү! Бул карызды Ыйса Голгофада төлөп койгон. Силер мындан кутула аласыңар, бирок Ыйсанын андай учурда эмне дегенине карагыла: “Кимдир бирөөгө каршы бир нерсеңер бар болсо, *сыйынып* жатканыңарда, аны кечирип койгула. Ошондо *Асмандагы Атаңар* да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирип коёт” (Марк 11:25).

Ыйса ким тууралуу айтып жатат? “Силердин Асмандагы Атаңар” деген сөзгө көңүл бөлсөңөр. Кудай күнөөкөрлөрдүн Атасы болуп саналбайт. Ал күнөөкөрлөрдүн *Кудайы*, ал эми ишенгендердин *Атасы*. Ишенбегендер сыйынышпайт. Ошентип, Ал Кудайдын балдары тууралуу айтып жатканы ачык-айкын көрүнүп турат.

Келгиле уланталы. “Эгерде кечирбесеңер, Асмандагы Атаңар да силердин күнөөңөрдү кечирбейт” (Марк 11:26). Мындан да түшүнүктүүрөөк айта албайсың. Бул бизди үчүнчү пунктка алып барат. Эгерде адам кечиргенди каалабаса, анда ал колунан эч качан келбеген, төлөй албай турган карызды төлөөгө туура келет. Бул такыр мүмкүн эмес. Эч ким Кудайга өз жаны же бир тууганынын жаны үчүн кун төлөй албайт (Забур 48:8ди карагыла). Ыйса айтып жатат Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирбейт дагы, силерди түбөлүк кыйноого берет. Керекпи ушул?

Биз азыр бул жерде таарыныч менен күрөшүп жаткандар, таарынбайын деп сыйынып жаткандар тууралуу айтып жаткан жокпуз, Коркокко окшоп кежирлик менен кечирүүдөн баш тартып жаткандар тууралуу айтып жатабыз. Эстесеңер, анын кечирбестиги шайтандын башка бардык аракеттерине эшик ачып койгон, анан ал акырындык менен өзүн Джейлинге арнап коюудан четтей берген. Ушунун баары түбөлүк өмүргө татыйт беле? Ушул себептен Эврейлерге жазылган Каттын автору бизге ачуу-ызанын ар кандай формасынан бошонуу үчүн өзүбүздү текшерүүнү сунуш кылат, анткени, *көпчүлүгү* ошону менен булганып калышкан.

Ыйсанын акыркы күндөрдөгү Жыйындар тууралуу айткандары эми бизге түшүнүктүү болууда. Ал минтип айткан: “Ошондо көптөр *азгырылышат*, бири-бирине чыккынчы-

лык кылышат, бири-бирин жек көрүшөт... *Тартипсиздиктин көбөйүү* себебинен көбүндө *сүйүүнүн* ысыгы кайтат. Акырына чейин чыдаган адам куткарылат" (Матай 24:10,12,13).

Байкасаңар, *"кээ бирлери"* же *"бир нечеси"* эмес, бирок *көпчүлүгү* биздин күндөрдө таарынышат. *Көпчүлүгү* деген сөз, демек көп сандагы деген. Таарыныч же кечирбестик мыйзамсыздыкка алып келет, көптөгөн адамдардын сүйүүсү муздайт.

Гректин *сүйүү* деген – "агапе" деген сөзү, куткарылуу учурунда машайакчынын жүрөгүнө төгүлгөн Кудайдын сүйүүсүн түшүндүрөт. Ыйса адашып жүргөндөр тууралуу айтып жаткан жок, анткени алар эч качан Кудайдын сүйүүсүн чындап кабыл алышкан эмес. Жок, Ал чыныгы ишенүүчүлөр тууралуу айтып жатат: "Аягына чейин чыдагандар куткарылышат". Алдамчы же күнөөкөргө минтип айтууга болбойт: "Аягына чейин чыдап кой, анан куткарыласың". Алар аракетти башташкан да жок да!

## Ишенимден четтеп кетүү

Биздин учурдагы ишенгендердин арасынан ишенимден четтеп кеткендер да болорлугу тууралуу Жазуу эскертип атат. Пабыл айтат: "Силерди эч ким эч бир жол менен адаштырбасын, [анткени ошол күнгө] [чейин], *адегенде* Кудайдан *четтей турган* учур келет..." (2Тесоланикалыктарга 2:3). Анан кайрадан ал минтип айтып жатат: "Рух болсо мындай деп *ачык айтып жатат*: акыркы убактарда... *кээ бирөөлөр ишенимден четтешет*" (1 Тиметейге 4:1).

Эмне үчүн? "Анткени адамдар туура окутууну кабыл албай, кошомат кылып сүйлөй турган окутуучуларды өз каалоолору боюнча тандап кала турган убак келет. *Чындыкты уккулары келбей...*" (2 Тиметейге 4:3,4). Жазуунун мурдагы бөлүгүндө Пабыл айтканын байкасаңар, "алар ишенимден четтеп кетишет" деп атат. Ал айтып жаткан ишеним, бул Ыйса Машайакка чындап ишенүү. Эгерде адам бир кезде чындап эле ишенген болсо, ошол учурда гана четтеп кетүүгө болот.

Ишенгендер да ишенимден четтеп кетиши мүмкүн деген чындык Жаңы Келишимдеги авторлордун дээрлик баарында кездешет. Эми мага Жыйындардын аталарынын айткандарынан мисал келтирүүгө уруксат бергиле, алардын кээ бирлери Жаңы Осуятты жазган апостолдордун кызматчылары болушкан. Алардын кол жазмалары биз Ыйык Жазуудан окуган сөздөр менен түздөн-түз дал келгенин көрдүм.

> "Аягында куткарылууга ээ болуубуз үчүн, адилеттүүлүктү иш жүзүндө жасайлы."
>
> — Климент Римский

> "Ал тургай, эң улуу жакшы иштер дагы аягында жамандыкка ыктап кеткен болсо, мурдагы эмгектеринин эч кандай пайдасы болбойт, анткени чокуга жеткенде ал өзүнүн бөлүгүн жоготуп койду".
>
> — Климент Александрийский

> "Кээ бирлер Кудай (берем деп) убада кылганын, татыктуу болбогон кезде деле бериши керек деп эсептешет. Мындай мамилелери аркылуу, алар Анын жоомарттыгын кулга айлантып коюшат... Көпчүлүгү ушундан кийин ырайымдан оолактап кетишпейби? Бул белек көпчүлүгүнөн алынып калынбайбы?"
>
> — Тертуллиан

> «Адам андан кулап кала тургандай адилеттүүлүккө ээ болушу мүмкүн».
>
> — Ориген

> "Ага тил алчаак болбогондор, Анын уулу болуудан жана мурастан кур калышат".
>
> — Ириней Лионский

Менин Жазуудан алынган чындык сөзүмдү угушуп, кээ бирлер мага анча деле жакшы эмес сөздөрдү айтышты: "Джон, сен арминианинсиң" дешип. Сөздүктө бул терминге төмөндөгүдөй аныктама берилет экен: "Кальвинисттердин алдын ала тандалгандар жана тагдыр тууралуу доктринасын четке как-

кан Яков Арминийдин жана анын жолун жолдоочулардын теологиясы боюнча, адамдын эрки Кудайдын көз карандысыздыгы менен шайкеш”.

Мындай билдирүүлөргө мен жөн гана жооп берем: “Жок, мен калвинист да эмесмин, арминианин да эмесмин, мен Библия – бул күнөөсүз, Кудайдын Сөзү экендигине ишенген машайакчымын”.

Яков Арминий Жаңы Осуяттын авторлорунан көптөгөн жылдар кийин жашаган, ал тургай мен сөздөрүн мисалга келтирген лидерлерден да кийинирээк. Анан ошол авторлорду арминианин деп атоого болобу? Албетте жок, анткени алар Арминийден көп жылдар мурда жашашкан. Мен жазып аткандар болсо бирөөнүн, концепциялардын же кандайдыр бир ишенимдин жеке ою эмес, бирок чындык. Ишенгендердин баарына Кудай жетишерлик эле эскертүү берген. Биз ой жүгүртүүчүлөрдүн окутууларына байланып алгандан этиет болушубуз керек, бирок Ыйык Рухтун демине толгон Жазуунун мазмунуна ачык болушубуз керек, анткени:

> “Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу. Ал аркылуу Кудайдын адамы жеткилең жана бардык жакшы ишке даяр болот” (2 Тиметейге 3:16,17).

Ыйсадан олуттуу ашкере алышкан жалган лидерлер адатта белгиленген бир мектептин айланасына чогулуп алышып жана ошол мектептин манерасы менен окутушкан. Ошентсе да, Жакан Чөмүлдүрүүчү, Ыйса жана башка чындыкты алып жүрүүчүлөр тууралуу айтылгандарга карасак, бир жалпылыкты көрүүгө болот: “Анткени Ал аларды фарисейлер, мыйзам окутуучулардай эмес, бийлиги бардай окуткан” (Матай 7:29). Ушул себептен Пабыл Титти шыктандырып жатат: “Ушуну бийлик менен айт, акыл-насаат айт, ашкереле...” (Титке 2:15). Тиметейге да ал минтип жазат: “Македонияга кетип жатка-

нымда, мен сенден муну өтүнгөм: Эфесте калып, кээ бирөөлөргө эскерт, алар башка окутууларды таратышпасын" (1 Тиметей 1:3). Анан да Пабыл Тиметейди окуткан:

> "Кудайдын сөзүн айт, аны ыңгайы келсе да, ыңгайы келбесе да айтууга даяр бол, (ал ыңгайлуубу же ыңгайсызбы, кабыл алышабы же жокпу, сен Сөздү насааттоочу катары адамдарга алардын жашоосу эмнеси менен туура эмес болуп жаткандыгын көрсөтүшүң керек) ашкереле, тыюу сал, акыл-насаат айт, чыдамдуулук менен үйрөт" (2 Тиметей 4:2, кеңейтилген котормо).

Пабыл өзү тууралуу минтип жазат: "...Ошондуктан Жакшы Кабарды кайраттуулук менен, кандай таратышым керек болсо, ошондой таратам" (Эфестиктерге 6:20). Бул Кудайдын чыныгы жолдоочуларынын баарынын мүнөздүү белгиси. Алардын бийлиги Кудайдын Сөзүнө негизделген. Аларды жеке туюмдары же кандайдыр бир белгилүү мектепке же көпчүлүккө тиешелүүлүгү бириктирип турган жок. Көпчүлүк дагы кээде адашып кетиши мүмкүн. Биз Кудай эмне деп жатканын жана ал аркылуу эмнени билдиргиси келгенин жана эмнени билдиргиси келсе, ошону айтып жатканын билишибиз керек!

## Сени чалынуудан сактайт

Адамдар Жазууда ачык-айкын көрсөтүлүп турган ырайымды жоготуп коюу жөнүндө окушканда таң калышат. Көпчүлүгү мага үрөйлөрү уча минтип айтып келишкен: "Мен бизде түбөлүк кепилдик бар экен деп ойлогом!"

Ага мен минтип жооп берем: "Абдан туура! Бизде түбөлүк кепилдик бар! Ыйса Ага Атадан берилген бир да адамды жоготуп койбоосу тууралуу айткан (Жакан 18:9), анткени Ал бизди эч качан таштабайт да калтырбайт. Бирок, Ал биз Аны таштап коюп, жоголушубуз тууралуу айткан жок. Ушул сөздөрдү айтканда мен дайыма таңыркаган кебетелерди көрөм, ошондуктан минтип айтам: "Эгерде силер чындап эле Ыйсаны сүй-

сөңөр, кетип эмне кыласыңар? Эгерде Аны чындап сүйсөңөр, андан баш тартпайсыңар да!”

Эгерде силер Кудайды чындап сүйсөңөр, Анын парыздарын аткаруудан кыйналбайсыңар! Эгерде силер Кудайга кызмат кылууну милдет катары эсептей турган болсоңор, анда силер мыйзамдуулук мамиленин жолуна түшүп алгансыңар, мындай учурда Кудайдын парызын аткаруу абдан татаал. Биз Кудайдын алкоосуна ээ болуу үчүн эле Ага кызмат кылбашыбыз керек, Ага болгон сүйүүбүз менен кызмат кылышыбыз керек!

Жүйүт ушул сүйүүнү биз фарисейлердин ачыткысы болгон кезде деле кантип таза, жаңы бойдон сактай аларыбыз тууралуу айтууну улантып жатат: “Түбөлүк өмүргө ээ болушуңар үчүн, Теңирибиз Ыйса Машайактан ырайым *күтүп*, өзүңөргө болгон Кудайдын сүйүүсүн сактап жашагыла” (Жүйүт 21, курсив автордон). Биз ар кандай учурда Теңирди күтүшүбүз керек (Күнөө кылган кызматчы өз кожоюнунун келишин күтпөй койгондугун эстегиле!) Ал Өзүн дагы да көбүрөөк ачып берсин деп дайыма суусап жана Аны издеп турушубуз керек, анткени “Машайактан ушундай үмүт кылган адам (Ыйса өзүн ачат деген үмүт менен) Машайактай таза болуу үчүн, өзүн *тазалайт*” (1 Жакан 3:3).

Силер издеген кезиңерде Анын Руху менен баарлашасыңар, ошондо кеткиңер да келбей калат. Ошентип, тынчсызданууга себеп деле жок. Жүйүттүн катынын аягында эң бир мен сүйгөн убадалардын бири бар. Ыйсанын аянын күтүп, өзүн Кудайдын сүйүүсүндө сактаган адамдарга Ал минтип айтып атат:

> “Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин” (Жүйүт 24,25).

Бул менин силер үчүн болгон чыныгы сыйынуум жана калоом!

7-БӨЛҮМ

# ПАЙДУБАЛ

*Адилет адам түбөлүктүү пайдубалда турат.*
— Накыл 10:25

Биздин Аффабель тууралуу аллегориябыздын уландысына келип жана Өзүмчүл менен Кайрымдуулук үчүн сот кантип аяктаганын билерден мурда, биз акыркы үч бөлүмгө чекит коюп алалы. Төртүнчү бөлүмдөгү Жазууну эстейли:

> “Ошондуктан, Машайак жөнүндөгү окутуунун алгачкы негиздерине токтоло бербей, жеткилеңдикке умтулалы; түбөлүк сот жөнүндө... алгачкы түшүнүктөргө кайрыла бербейли” (Эврейлерге 6:1,2, кеңейтилген котормо).

Түбөлүк сот жана жазалоо жөнүндө бекем пайдубалдын болбогондугу бизге Машайактагы сергек жашоону курууда тоскоол болот. Муну башталгыч мектепте окуп, жазган жөнөкөй гана билимди албай туруп, жогорку билим алууга умтулуу менен салыштырса болот.

Эмне үчүн мындай? Жакшы Кабарды дыкаттык менен окуганда силер Ыйсанын асманга караганда тозок тууралуу көбүрөөк айтканын баамдайсыңар. Ал муну силерге пайдубалды – Кудайдын коркунучун орнотуу максатында кылган. Бир мисалды келтирип көрөлү:

> “Ошондуктан караңгыда айтканыңар жарыкта угулат. Үйдүн ичинде кулакка шыбырап айтканыңар үйдүн төбөсүндө жарыяланат. Досторум, силерге айтарым: денени өлтүрүп, андан кийин эч нерсе кыла албай тургандардан коркпогула. Бирок силерге кимден коркушуңар керектигин айтайын: өлтүргөндөн кийин оттуу көлгө түшүрө ала турган Кудайдан корккула! Ооба, силерге айтарым, Ошондон корккула” (Лука 12:3-5).

Анын сөздөрү күчтүү жана курч: түбөлүк сот жана жаза тууралуу так түшүнүккө ээ болуу биздин жүрөктөрүбүздө Кудайдын коркунучун тамырлатат.

Түшүндүрүп берүүгө уруксат эткиле. Тозоктогу түбөлүк жазага Кудай гана өкүм чыгара алат. Биз жашыруун айткан нерселереибиздин баары Сотто Анын даңкынын жарыгына чыгат. Биздин сөздөрүбүз эле эмес, ойлорубуз, ниетибиздин баары ачыкка чыгат. Кудайдын коркунучу бизге дайыма Андан эч нерсе жашыруун калбастыгын эскертип турат. Анын сотунан эч ким качып кутула албайт – Анын соту адилеттүү. Эгерде биз ачык түшүнүккө ээ болбосок, анда Кудай байкабайт же мыйзамсыздыктарыбызды көрбөй деле калат деген жалган адашууларга түшүп, болбогон ырайымды ойлоп өзүбүздү сооротуп жүрө беребиз (Алданган, Коркок, Экибеттүү Жашоо менен болгондой). Анда биз акыркы замандын көптөгөн адамдарынын, бекем арналуудан мыйзамсыздык тарапка оңой-олтоң эле кошулуп кеткендердин катарын толуктап калабыз.

Ушундай негизге ээ болбогондор адамдардын алдындагы коркунучка кептелип калат да, анан кимден корксо, ошого кызмат кылып калат. Эгерде биз Кудайдан корко турган болсок, анда бизди басмырлап жатышканда дагы Ага тил алчаак болобуз. Эгерде биз адамдардан корко турган болсок, анда өзгөчө кысым көрсөтүлүп жатканда өз пайдабыз же дененин каалосу үчүн алар менен макулдашып калабыз. Дененин каалоосуна дайыма эле чалына берүү олуттуу натыйжаларга алып келип коёт. Ошентип, түбөлүк сот жана жаза тууралуу терең түшүнүккө ээ болбой туруп, биз Теңирдин толук коркунучуна ээ боло албайбыз. Анткени Машайактын соту чынында эле Кудайдын коркунучунун аспекттеринин бири. Пабыл бул тууралуу мындай дейт:

> “Анткени денеде жашап жүргөндө кылган жаман же жакшы иштерибизге жараша тиешебизди алуу үчүн, баарыбыз Машайактын сот тактысынын алдына келишибиз керек.Ошентип,

> Кудайдан коркуу деген эмне экенин билгендиктен, адамдарды ынандырууга аракеттенип жатабыз...” (2 Коринттиктерге 5:10,11).

Пабыл буга чейинки аятта Ыйса (адамдар тозокко соттоло турган) эскертип кеткен Соттун улуу ак тактысы жөнүндө сөз кылган жок, ал эмки бөлүмдө сөз боло турган ишенгендердин соту жөнүндө айтып жатат. Пабыл Машайактын соттоосун Теңирге болгон коркунуч менен салыштырып атканын байкасаңар болот (бирок мунун улуу ак тактыга да тиешеси бар). Чынында эле бул аятта ал соттолуучу жайды “Теңирге болгон коркунуч” деп тактап жатат. Мунун маанисин Теңирге болгон коркунучту соттон бөлүү мүмкүн эмес жана Теңирге болгон коркунуч сергек жашоонун ачкычы деп түшүнсө болот.

Ышайа пайгамбардын сөзүнө көңүл бурсак: “Ошондо сенин коопсуз күндөрүң келет, куткарылуу, акылмандык жана билим мол болот. Кудайдан коркуу сенин байлыгың болот” (Ышайа 33:6).

Ыйык коркунуч бул, туруктуу пайдубалдын ачкычы. Буга чейинки бөлүмдөн эстесеңер: Ыйса Анын аты менен керемет иштерди жасап, бирок түбөлүк жаза тарта турган көптөгөн адамдар жөнүндө айтып жатат. Ыйса жетинчи бөлүмдөгү Матайдан болгон Жакшы Кабарда алардын кулоосунун себебин дароо эле түшүндүрүп атканы таң калыштуу эмес. Алардын пайдубалы туура эмес болчу. Алар өз жашоосун акылга таянуу жана жүрөккө ишенүү менен курушту жана турмуштук бороондорго туруштук бере алышкан жок.

> “Ким Менин ушул сөздөрүмдү укса жана аткарса, ал үйүн таштын үстүнө курган акылдуу адамга окшош. Шамал согуп, жамгыр төгүп, өзөндөр ташып, ал үйдү каптады. Бирок үй кулаган жок, анткени ал үй таштын үстүнө курулган эле (*Кудайдын бекем пайдубалы... Теңирдин коркунучу*). Ал эми ким Менин ушул сөздөрүмдү укса, бирок аткарбаса, ал үйүн кумдун үстүнө курган акылсыз адамга окшош. Шамал согуп, жамгыр төгүп, өзөндөр ташып, ал үйдү каптады. Ошондо үй кулап, чоң кыйроого учурады (Матай 7:24-27).

Азаптарга карабастан, бороонго туруштук берип аягына чейин жеткендерге, бекем пайдубал себеп болду. Бул пайдубалды Кудайга болгон коркунуч деп атасак болот, ал бизге туруктуулук берет. Теңирдин коркунучу, Анын байлыгы сакталуучу жай, ал жакта Анын куткаруусу, акылмандуулугу жана билими катылган.

## Кудайдын коркунучу

Теңирдин коркунучу деген эмне? Кудайдан коркуу керекпи? Такыр антпеш керек, анда кантип Кудай менен жакын мамиледе (Ал ушунчалык каалагандай) болобуз? Кудай Өзүн Ысрайылга ачып бериш үчүн келди. Алар менен да Муса менен болгон мамиледей мамиледе болгусу келди. Бирок, алар коркуп кетип, Ага жакындоодон баш тартышкан. Муса элге кайрылып: "«*Коркпогула*, Кудай силерди сыноо үчүн, *Андан коркушуңар үчүн*, күнөөгө батпашыңар үчүн келди»,– деди" (Чыгуу 20:20).

Бул сөздөрдө карама-каршылык бар сыяктуу. Ошенткен менен, Муса Теңирдин алдындагы коркунуч менен, Кудайдан коркуунун айырмасын көргөн. Кудайдан корккондор, Андан бир нерсе жашырып жатышат. Адам бакта Кудайдын үнүн укканда эмне кылганын эстеп көрсөңөр: ал Теңирдин көз алдынан жашынып калды. Башка жагынан алып караганда, Теңирдин коркунучуна ээ болгон адамдар Кудайдан бөлүнүп калуудан коркушат. Ал тил албастыктан качат.

Келгиле, Кудайдын коркунучу дегендин маанисин изилдеп көрөлү. Теңирдин коркунучуна ээ болуу деген – бул демек, Аны баарынан көбүрөөк угуу, баалоо, урматтоо жана сүйүү. Бул демек, Ал эмнени сүйсө, ошону сүйүү, Ал эмнени жек көрсө, ошону жек көрүү. Ал үчүн эмне маанилүү болсо, биз үчүн да ошол маанилүү болуп, Ал үчүн эмне маанилүү эмес болсо, биз үчүн да маанилүү эмес болушу керек. Эгерде биз Андан корко турган болсок, анда *Анын сөзүнүн алдында дирилдеп ту-*

*рабыз*. Бул деген, эч нерсени ойлобой эле тил алчаак болуу, ал тургай ал тил алчаактыктын маанисин түшүнбөй турсак деле, жараат алып турсак деле, же өзүбүзгө пайдасыз болуп турса деле тил алабыз. Ошентип, Теңир алдындагы коркунуч деген – Анын Сөзүнө, Анын жолдоруна жана парыздарына *тил алчаактык* болуудан көрүнөт.

Жазуу Кудай алдындагы коркунуч – акылмандуулуктун башталышы дейт, же минтип айтса да болот: ал акылмандуулуктун *пайдубалы* болуп саналат. Биз эмки бөлүмдө талкуулай турган акылмандуулук – бул, туура мезгилде, туура тандоо кылуу дегенди түшүндүрөт. Басым алдында чечим кабыл алган адамга акылмандуулук жетишпейт, ал эми акылмандуулуктун булагы – Теңир алдындагы коркунучта.

Жазуу биздин жашообузду үй курулушу менен салыштырса болот деп айтып жатат: башында пайдубалдан башталат, андан кийин калган курулуш иштери болот. Биз: "Үй акылмандык менен курулат, акыл менен бекемделет" (Накыл сөзд-р 24:3),– деп окуйбуз. Эгерде биз жашшобузду туура тандоонун жолун билип баштасак, анда биз сергек жашоо курабыз, ошондо биз ишенимдүүлүк менен сот алдына бара алабыз. Теңирдин коркунучу – бул акылмандуулуктун эң башаты же пайдубалы.

## Бизди чегинүүдөн коргойт

Эгер Кудайдын коркунучу машайакчылардын жүрөгүндө тамырлашып калган болсо, алар Андан чегинмек эмес. Ыйсага өзүбүздү чын жүрөктөн арнагандан баш тартмак эмеспиз. Биз Анын Сөзүн өзүнөн өзү эле боло турган нерседей же үстүртөдөн кабыл алмак эмеспиз. Жүрөгүбүздү катаалдыкка алып келип жана акыр – аягы кулоого дуушар кылган күнөө менен ойномок эмеспиз (Эвр 3:12,13 карагыла). Жашыруун айтылган жана кылынган иштерибиздин баары Сотто ачык-

ка чыгаарын билмекпиз. Кудай Жеримияга Жаңы Осуяттын адамдары жөнүндө эмне деп айтканын уксак:

> "Алар Менин элим болушат, Мен болсо алардын Кудайы болом. Өздөрүнө жакшы болсун деп жана өздөрүнөн кийинки балдарына жакшы болсун деп, өмүрү өткөнчө Менден коркуп жүрүшсүн деп, аларга бир жүрөк, бир жол берем. Мен алар менен түбөлүк келишим түзөм. Ал түбөлүк келишим боюнча Мен алардан баш тартпайм, аларга ырайым кылам. Алар Менден четтебеши үчүн, алардын жүрөгүнө Менден коркуу сезимин салам" (Жеремия 32:38-40).

Кудайдын айтканын байкагыла: *"Менден чегинбештери үчүн, жүрөктөрүнө Өзүмдүн коркунучумду салам*. Малайзиядагы чогулушта Кудайга болгон коркунучтун Руху, өзүн катуу көрсөткөнүн эстеп жатам. Мен насаат айтып жаткан аудитория чыгыш жарым шарынын бардык жагынан келген библия мектебинин студенттери, пасторлор жана башка адамдар менен толо эле. Жыйын аяктагандан кийин, көпчүлүгү кармана албай, сахнанын алдындагы жерге жатып ыйлап жатышты.

Атмосфера Теңирдин коркунучуна толуп турду. Мен ошондо: "Джон Бивер, бир эле туура эмес сөз же кыймыл боло турган болсо – сен өлдүң!"– деп ойлодум. Мындай нерсе болмокпу же жокпу билбейм, бирок Жаңы Осуяттагы эркек жана аял ушундай атмосферада туура эмес нерсе кылгандыгы үчүн өлүштү деп айта алам. Алардын үстүнөн дароо болгон соттун натыйжасы: "Ошондо бүт Жыйынды жана бул окуяны уккандардын бардыгын коркунуч басты" (Элчилер 5:11).

Кызмат бүткөндөн кийин мага Индиялык түгөй келип: "Джон, биз ичибизде ушундай тазалыкты сезип жатабыз",– дешти.

"Мен дагы",– дедим мен.

Эртеси эртең менен мейманкананын бөлмөсүндө отуруп мен Жазуудан мындай жерин таптым: "Теңирден коркуу – таза нерсе, *ал түбөлүктүү*" (Забур 18:10).

Ыйык Рух дароо жүрөгүмө: “Люцифер асмандагы даңктоочу периштелердин бири эле, ал майланган эле, кереметтүү жана баталуу эле. Бирок, ал Менден корккон эмес, ошондуктан *ал түбөлүк болгон жок*”,– деди.

Бул сөздү ойлонуп жатып мен: “Менин тактымдын айланасында болуп жана Менин даңкымды көргөн периштелердин үчтөн бири Менден корккон эмес, *алар түбөлүк болгон жок”*-деген сөздөрдү уктум. Мен бул аянга таң калдым, жана кайра: “Адам менен Обо да Менин даңкымды көрүп, Мени менен сүйлөшчү, бирок алар да Менден корккон эмес жана алар да *Менин алдымда түбөлүк болгон жок*”,– дегенди уктум.

Теңирдин коркунучу бизге бар болууга күч берет. Ал бизди Кудайдын Сөзүнө тил алчаактыкта сактайт. Ишенгендерге эскертилген: “Анын бейпил жайына кирүү жөнүндөгү убада күчүндө турганда, арабыздан эч ким кечигип калбашы үчүн *сак* бололу” (Эврейлерге 4:1). Ал “сүйүү” дегендин ордуна “коркуу” деп жатканы кызыктуу. Бизди күнөөгө кайтуудан Анын сүйүүсү эмес, Кудайдын коркунучу сактайт.

## Таанымал жакшы кабарчы

Мен өзүнүн беш жыл жазасынын акыркы жылын өткөзүп жаткан, белгилүү жакшы кабарчыга түрмөгө барганымды,эч качан унутпайм. Анын иши элге кеңири белгилүү болуп жана өз убагында Падышачылыктын дарегине көптөгөн айыптоолорду чакырган эле. Бирок, кандай гана болбосун жазасынын биринчи жылында ал Кудай менен чыныгы жолугушууну башынан өткөзгөн. Төрт жыл өткөндөн кийин мен аны көргөнгө келгенде ал мага: “Джон, бул түрмө мен үчүн Кудайдын жазасы эмес, тескеринче, Анын мага болгон ырайымы болду. Эгер мен жашоомду мурдагы жашоомдой эле улантсам, мен түбөлүккө тозокко кабылмакмын”,– деди.

Бул сөздөрү менен ал менин көңүлүмдүн баарын ээлеп алды. Мен өзүн Кудайга арнаган, Машайактын чыныгы кулу

менен сүйлөшүп жатканымды билдим. Бул адам өзүнүн кызматын Ыйсаны сүйүп баштаганын билем. Анын Кудайга болгон умтулуусу анык эле. Өзүнүн кызматынын чокусунда туруп бул Кудайдан мынчалык алыстап кеткени мени таң калтырчу. Мен андан: "Ыйсага болгон сүйүүң качан муздап калды эле?"– деп сурадым. Ал мени карап дароо: "Ал эч качан муздаган эмес!"– деп жооп берди.

Анын жообу мага түшүнбөстүк алып келди жана мен: "Почтаны колдонуп алдамчылык кылганың, акыркы жети жылда кылган ойноштуктарың, бул жакта отурганыңа себеп болгон иштериңдин баары эсептелбейби?"– деп сурадым.

Ал: "Джон, мен Ыйсаны дайыма сүйдүм, бирок ал менин жашоомдогу бийиктик болбой калды",– деп жооп берди. Анын андан кийинки: "Джон, Америкада мага окшогон миллиондогон машайакчылар бар. Алар Ыйсаны өзүнүн Куткаруучусу дешет жана Аны сүйүшөт, бирок Ага өзүлөрүнүн эң бийик Эгеси катары моюн сунушпайт",– деген сөздөрү менин кулактарымды тундурду.

Ушул учурда менин ичимде жарыктык пайда болду. Мен, биз Кудайды сүйөбүз, бирок бул сүйүү өзүнөн өзү бизди кулоодон кармап кала албайт экенин түшүндүм. Биз Кудайдан коркушубуз керек. Мусанын сөздөрүн эстесеңер: "Коркпогула, Кудай силерди сыноо үчүн, *Андан коркушуңар үчүн, күнөөгө батпашыңар үчүн келди*" (Чыгуу 20:20). Люцифер, периштелердин үчтөн бир бөлүгү, Адам жана жыйындагы көптөгөн адамдар, акыркы жылдары Кудайдан алыстаган жыйындарга окшобогонго, туруктуу жана тайманбас болууга Теңирдин коркунучу гана күч берет.

## Өз куткарылуусун ишке ашыруу

Ушул себептен улам Пабыл бизге минтип айтат: "...куткарылууңарды *коркуу жана титирөө* менен (өзүңөргө таянбастан, олуттуу этиеттик менен, сезимтал абийир менен, азы-

гырыктарды эске алып, Машайактын атына шек келтирген жана Кудайды иренжиткен бардык нерселерден баш тартуу менен), (*толуктукта максатка жетүү менен* иргегиле) жүзөгө ашыргыла” (Филлипиликтерге 2:12, кеңейтилген котормо).

Биз өз куткарылуубузду урмат көрсөткөн *коркунуч жана титирөө* менен ишке ашыруубуз керек. Бул нерсе биздин ар бир ой, сөз, иштерибиз Сот күнү ачыкка чыгаарын эстетип турат. Ушуну моюнга алуу бизди момундукка, сергек ой жүгүртүүгө, сезимталдыкка жана тил албастыкка тарткан азгырыктарды жеңүү жөндөмдүүлүгүнө алып келип жана Кудайга жакпаган бардык нерселерден сактайт.

Байкасаңар, Пабыл биз өзүбүздүн куткарылуубузду сүйүү жана урмат менен эле ишке ашырып коёбуз деп айткан жок. Кудайдын коркунучу Анын ырайымынан мыйзамсыздыкка кетип калбоого жардам берет. Башка жагынан алып караганда, Кудайдын сүйүүсү ошондой эле, бизди Кудай менен болгон жакындыкты талкалап коюуга жөндөмдүү болгон мыйзамчылдыктан сактайт. Биздин Кудайга болгон сүйүүбүз ниеттерди так жана кумарлана ишке ашыруу менен сугарыла баштайт. Жакшы мамиледе болуу үчүн бизде сүйүүнүн улуу күчү жана коркунуч керек. Ушул себептен улам Пабыл Кудайды “биздин Асмандагы Атабыз жана Абба” деп айтат (Ал демек “Атаке” дегендик), ошондой эле “биздин Кудай – жалмап кетүүчү от” деп да айтат (Эврейлерге 12:29). Ал сүйүү, бирок ошондой эле, Ал Адилетүү жана Ыйык Соттоочу. Андан коркпой коюу – демек, туруп туруууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу. Ыйса көп жолу минтип айткан: “... аягына чейин чыдаган куткарылат” (Матай 10:22).

## Биздин таасирибиз

Эмне үчүн биздин түбөлүк сот жана жаза тууралуу жөнөкөй гана доктринаны түшүнүүдө бекем пайдубалыбыздын болушунун зарылчылыгынын маанилүү себептеринин

бири, биздин башка адамдарга тийгизген таасирибизге байланыштуу. Эгерде биздин Кудай алдындагы коркунучубуз жетишерлик болбосо, анда биз өз иштерибиз жана сөздөрүбүз менен туура эмес Жакшы Кабарды жеткиребиз, анан ал өз кезегинде биз таасир эткен адамдардын четтеп кетүүсүнө жана ал тургай, кулап калышына алып келиши мүмкүн.

Негизсиз жакшы кабарчылар, окутуучулар, кайтаруучулар Жазуудан өзүңдүн жашооңду кантип батага толгон, жеткилең жана бактылуу кылуу принциптерин гана беришет. Бул принциптер алар ойлогондой эле ден соолук, финасалык ийгилик, тынчтык, өз ара мамилелердин жакшыруусун жана башкаларды алып келип иштейт. Бирок, түбөлүк сот жөнүндө негиз болбосо, биз айкаш жөнүндө жана Ыйсанын артынан эрчүүнүн баасы жөнүндө айтуудан уялабыз. Биз кандай гана баага турса да, өзүбүздүн жашообузду да берүүгө даяр болуу маанилүү пунктунун ордуна, аны алып салып, насаатты досторду табуу максатында айтабыз.

Эгерде түбөлүктүүлүккө умтулбасак, жашоону түбөлүктүүлүк көз караш менен карагандын ордуна, биз бул жашоо үчүн гана жашайбыз. Биз адамдарды "...архитектору жана куруучусу Кудай болгон, пайдубалы бекем шаарды күтүп жүргөн" (Эврейлерге 11:10) патриархтардын жашоосундай жашаганга үйрөтүүнүн ордуна, бир күн менен жашаганды үйрөтөбүз.

Ооба, Кудайдын негиздерине тил алчаактык үчүн бул жашоодо сыйлык бар. Биз ал негиздерди жакшы билебиз, бирок бул жашоодо убактылуу гана конок экенибизди унутпайлы. Биз жашообузда ийгиликтүү болушубуз керек, бирок ал ийгилигибиз биздин маданияттагы эмес, асмандагы стандарттарга ылайык болуш керек. Биздин чыныгы үйүбүз бул жакта эмес. Бул дүйнөнү калтырып кеткен ыйыктар үчүн, Кудайдын артынан ээрчишине эмнелер себеп болгонун окуп көргүлө:

> “Булардын баары ишенип жүрүп өлүшкөн, убадаланганды алышкан эмес, бирок аны алыстан гана көрүп кубанышкан, алар өздөрүн бул дүйнөдө *келгинбиз жана жолоочубуз* деп эсептешкен. Алардын бул айтканы чыныгы мекенин эңсеп жүргөндүктөрүн билдирет. Өздөрүнүн чыккан жерин өз *мекенибиз* деп эсептешсе, анда ал жерге кайтууга убакыт табышмак. Бирок алар андан жакшысына, башкача айтканда, асмандагыга умтулушкан. Ошондуктан, Кудай алардын Кудайымын дегенден уялбайт. Кудай алар үчүн шаар даярдап койгон” (Эврейлерге 11:13-16).

Китептин калган бөлүгүндө биз сүйлөшө турган нерсе, Жаңы Иерусалим, Кудайдын шаарын издеген бул ыйыктар үчүн үй болчу. Бул шаардын жашоочулары *жеңүүчүлөр* деп аталган. Алардын сыйлыгы бул жердеги эң жакшы сыйлыктардан да салыштыргыс кереметүү болот.

## ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

### 3-БӨЛҮК: 6,7 ЧЕЙИНКИ БӨЛҮМДӨР

1. Силердин көз карашыңар боюнча Машайакты ээрчип бара жаткан жолдо Ыйсанын Өзү менен болгон жакындыктан да силерди азгырып кете турган кандай пайдалуу нерселер болушу мүмкүн? Силердин жүрөгүңөрдү сактаганга эмне жардам бериши мүмкүн?

2. Ишенгендер өзүлөрүнүн ишениминен четтөөгө чечим чыгарганы кайгылуубу? Бул силерде нараазылыкты пайда кылбайбы? Ишенүүчү адам болуп туруп, биз жөн гана коркунучта эмес, Кудайдын коркунучунун алдында жүрөбүз дегенге карата жоопту чындыктын жарыгына салып карап туруп, жооп берип көргүлө.

3. Матай (18: 23-25те) жазылган ишенимсиз кул тууралуу ой жүгүртүп көрсөңөр. Эмне үчүн Кудай кечирүү маселесине ошончолук олуттуу карап жатат?

4. Кудайдын ырайымына карата туура эмес (ыйык коркунучтун таасирисиз) болгон көз караш ишенгендерди алданып калууга алып келерин өз сөзүңөр менен айтып көргүлө.

5. Биздин түбөлүктүүлүккө карата болгон көз карашыбыз бир гана өзүбүзгө тийбейт. Биз башка адамдарга да таасир тийгизебиз. Силердин оюңарча Машайактын артынан ээрчүүдөгү жер бетиндеги пайдалар (мисалы, ден соолук, ийгилик, баталар, камсыз жашоо) тууралуу, ошол эле убакта эң негизги нерселерге аралаштырбай туруп эмнелерди айтууга болот?

# 4-БӨЛҮК

8-БӨЛҮМ

# АФФАБЕЛЬ ПАДЫШАЧЫЛЫГЫ: ЭКИНЧИ СОТ КҮНҮ

*...Мен адамдын ички дүйнөсүн жана жүрөгүн (ойлорун, сезимдерин жана ниеттерин) Сыноочумун; жана ар бириңерге (эмгегиңерге жараша сыйлык) иштериңерге жараша тиешеңерди берем.*
— Аян 2:23 (Кеңейтилген котормо)

Келгиле, Өзүмчүл менен Кайрымдуулук эмне болгондугун билүү үчүн Аффабель падышачылыгындагы аллегорияга кайрылып көрөлү. Биз баары бирдей сыйлык ала албаган ишенгендердин үстүнөн боло турган соттун маанилүү аспекттерин изилдеп чыгабыз.

## Ишенгендердин үстүнөн сот

Эрте менен, энделиттер Улуу залга келгенден кийин сот башталды. Өмүр залына беш жүздөй адам чогулду. Бардыгы Джейлин менен боло турган биринчи жолугушууну чыдамсыздык менен күтүп атышат. Кайрымдуулук менен Өзүмчүл дагы чогулгандардын арасынан өзүлөрүнүн жаңы жана эски досторун жолуктурушуп, күзөтчүлөр келгенге чейин кызуу маектешип жатышты. Күзөтчүлөрдүн башчысы чогулгандарга кайрылганда сүйлөшүүлөр дароо токтоп калды.

– Жакынкы көз ирмемдерде силер өз падышаңарды көрөсүңөр. Ал дайыма силерди сүйгөн жана ушул биригер күндү абдан күткөн. Силер эч качан жолукпаганыңар менен, ал

дайыма силерди көрүп турган. Ал силердин жүрөгүңөрдү көргөн жана денеңерди сынаган. Ал силердин жүрөгүңөрдү, ниетиңерди, оюңарды, сезимдериңерди жана иштериңерди билет, жашыруун эч нерсе жок. Анын соту адилет экендигин билгиле. Эч кимиңер этибарга алынып же алданып калбайсыңар.

Күзөтчүлөрдүн башчысы аларды Улуу залга кантип алып баруу жана анын ичинде эмне болоору тууралуу көрсөтмө берди. Көрсөтмөнү айтып бүткөндөн кийин, ал кулактандырды:

– Падыша Джейлинге биринчи болуп Ө зүмчүл чакырылат. Биз сени узатып барабыз, алдыга чык.

## Өзүмчүл жана анын үстүнөн сот

Өзүмчүл аны Энделдин Мэриясында иштегендиги үчүн биринчи чакырышса керек деп ойлогон эле. Ал падышанын сырткы ээликтеринде негизги абалды ээлеп тургандыгы үчүн жоомарттык менен сыйланам дегенге ишенимдүү болуп турду. Ал Энделде ишенимдүү болгондор үчүн Аффабелдин падышачылыгында жогорку абалды ээлеп жана сыйлангандыктары тууралуу мурдагы Ыйык Жазууларда жазылганын эстеди. Эки жылдык өзүнүн мэрлик абалында ал коомдун өнүгүшүндө көптөгөн ийгиликтерди көрдү. Ал падыша менен жолугушууга ишенимдүүлүк менен баратты.

Улуу залдын эшиги ачылып, Өзүмчүлдү падышанын алдына алып келишти. Залдын эбегейсиздигине таң калып, ичи дээрлик толук экендигин баамдады. Бардыгы туруп туруптур. Өзүмчүл эмнеге бош орундар калгандыгы тууралуу ойлоп, анан кайра бат эле жооп тапты, көрсө падышачылыктын атуулдары каалагандай отурушуптур.

Тигиндейрээкте Джейлиндин жогорулаган бийик тактысы турду, ал Өзүмчүл элестеткенден да бир нече эсе кудуреттүү экен. Ал ошондой эле, Джейлиндин жардамчыларына арналган кичирээк тактыларын көрдү. Анын жүрөгү токтоп калган-

дай болду – бир нече тактылар али бош туруптур. Ал алардын бирөөсү өзүнө ыйгарылат деген ишенимде турду.

## Эски дос

Өзүмчүл тактыга жакындаганга чейин анын көңүлү Энделдин кереметтүү кубулган мурдагы жашоочуларына, азыркы Аффабелдин атуулдарына бурулду. Тактыга карай эки кадам таштагандан кийин ал эски досун көрдү, ал аудиториянын арт жагында отуруптур. Аны Компанейский деп аташчу. Ал бир кезде ресторандын ээси болчу, Өзүмчүл ал жакка кирип калчу. Күзөтчүлөрдүн башчысына таанышы менен сүйлөшүүгө болобу дегендей карады, баш ийкөө менен макулдук алды.

Өзүмчүл досуна басып барды да, экөө кучакташып калды.

– Иштериң кандай, Компанейский? – деп сурады Өзүмчүл.

– Менде баары сонун,– деп жооп берди эски дос,– бирок, эми менин атым башкача. Менин атым – Ыраазы. Джейлин Мырза анын тактысына келген бардык кулдарына ат койгондой эле мага да жаңы ат койду. Аффабель биз кыялдангандан да кереметүү экен,– деди Компанейский. – Бул Улуу Зал жаркыраган, кереметтүү, ажайып, улуу шаардын кире бериши гана. Падыша – биз буга чейин билгендердин баарына караганда өзгөчө сүйгөн, ачык жана улуу. Эгер Энделде жүрүп, азыр билген нерселерди билсем, мен жашоомду башкача жашамакмын. Мен падышага жаккан иштерди көбүрөөк кылмакмын. Энделдеги кыска мөөнөттөгү жашоомду мындан да татыктуу болуп жашамакмын. Эгер бул нерсе менин колуман келсе, мен азыр ага көбүрөөк жакын болмокмун.

– Сен эмнени айтайын деп атасың? – деп кызыгуу менен сурады Өзүмчүл. – Сен Энделдин сонун жараны болдуң! Эң мыкты ресторандардын бири сеники болду жана сен көптөгөн коомдук долборлорго демөөрчү болдуң. Акча чогултканда эң көп курмандыктарды такай сен бердиң. Сен бул үчүн көп нерсеңди курмандыкка чалдың!

Компанейский башын чайкап:

– Мен бул нерселерди таанымал болуш үчүн кылгам. Бул нерсе кардарларды тартарын билгем. Менин макстым элдерди баталоо эмес, өзүмдүн ийгиликтеримди бекемдөө болду. Мен Джейлиндин сөзүн угушум керек болчу. Ал бизге: "Кайрымдуулук түшкү тамак бере турган болсоң, өзүңдүн досторуңду, бир туугандарыңды, бай коңшуларыңды кайра сени чакырып же сени макташы үчүн чакырба. Кедейлерди, майыптарды, аксак жана сокурларды чакыр. Ошондо сен баталуу болосуң, анткени алар сага төлөй алышпайт; сенин сыйлыгың болсо тирилүү күнү болот",– дечү. Мен болсо мындай түшкү тамактарды коомго жардам катары эмес, өзүмдүн пайдам үчүн берчүмүн. Мен Энделдин тасирлүү адамдарынын катарында болгум келчү.

Өзүмчүл тереңирээк казганга аракет кылды:

– Бирок, сен Энделдин мектептерине такай курмандык кылчусуң. Бул сага Джейлиндин ырайымдуулугун алып келген жокпу?

– Ооба, Энделдин мектебине курмандыктарды кылдым, бирок пайдама жараша эмес. Чынында мен ишкердигимдин арзыбаган эле бөлүгүн берчүмүн. Банкрот болуп калбайын деп, ресторанымдан түшкөн пайданын көбүнчөсүн сактап койчумун. Мунун баарына "кооз жашоо" кыялым да аралашты. Менин чыныгы ниетим өзүмдү коргоо болду. Мен берген майда – чүйдөлөр менин абийиримди тынчытыш үчүн кызмат кылчу. Мен муну айла жогумдан эле кылчумун, анткени мугалимдер падышалык үчүн жана муктаж болгондорго, бул нерсенин мааниси чоң экендигин такай айтышчу. Акыр аягында мен бергендин баары сүйүү жана боорукердик үчүн эмес, күнөөлүү сезим менен мажбур болгон үчүн бердим. – Компанейский сөзүн улантты: – Мен Джейлиндин Аффабель падышачылыгын сүйгөн жесир жөнүндөгү мисалын унуттум. Эсиңдеби ал: "Силерге чындыкты айтып коёюн, мына бул жарды жесир аял бардыгынан көп салды, анткени башкалардын баары өзүнөн арткан-

ды салышты, ал эми бул аял жардылыгына карабастан, колунда болгонун, тамакка деген акчасынын баарын салды" деген.

Өзүмчүл өзүнүн үйүндө уюштурган тамак берүүлөрүн эсине түшүрдү: бул үйгө эч качан жардылар, жада калса андан ийгилиги азыраактар да чакырылган эмес. Анан ал супермаркет куруу үчүн жердин бөлүгүн өткөзүп алууга каршы болгондорго моралдык зыянды толтуруу үчүн, курмандык кылып берген беш миң долларын эстеди. Ошол убакта ал чоң акча бергендей болгон эле, азыр гана канчалык аз бергенин түшүндү. Джейлиндин алдында бул иштерим үчүн кантип актанам?

Анын эскерүүлөрүн Компанейскийдин сөздөрү бөлдү.

– Эгерде мен чындыгында эле Джейлинге жана анын элине өзүмдү арнасам, мектепте кызмат кылып көбүрөөк убактымды өткөрмөкмүн. Эгер ар бир адам өз жумушун аткарса, жүк жеңил болмок, бирок жүктүн баары бир аз адамга гана жүктөлдү. Өзүнө оор жүктү арткандар жогорку сыйлыка ээ болушту. Жыйынтык мындай: Джейлиндин падышачылыгына өзүмдү арнаганым жатиштүү болбогону үчүн, бир аз гана бергеним абийиримди сооротуш үчүн гана болчу.

Менин жашоомдун баардыгын артка кайтарганда, мен анын даңкы үчүн эмес, өзүмдүн ыңгайым, коопсуздугум, абройум үчүн көбүрөөк жашаганым баарына эле түшүнүктүү болуп турду. Эми мен бул шаардын маанисиз эле жаранындай болуп калдым. Мындай абалыма карабастан, падышамдын мага болгон сүйүүсү, кең пейилдүүлүгү үчүн мен ыраазычылыкка толуп турам. Чынында мен, мага берилген нерселердин бирине да татыктуу эмесмин. Сен Джейлиндин сүүйүсү жана марттыгы бардык түшүнүктөрдөн жогору турганын жакында түшүнөсүң. Мен анын чексиз жакшылыгы үчүн жашоомдун аягына чейин ыраазы болом.

– Эң кичинекей атуул! – деп таң калды Өзүмчүл, эстен тангандай болуп. – Сен эмне бул жерде класстарга бөлүнүү бар деп айткың келип турабы?

Жылмайган Компанейский минтип айтты:

– Ооба, кандайдыр бир деңгээлде. Бул тууралуу Энделде бизди окуткан, бирок биз аны олуттуу нерсе катары кабыл алган эмеспиз. Бирок, тереңибизде биз ушундай экендигин билчүбүз, сен ал тургай залга келе жатып да ушинтип ойлодуң. Мен сенин ойлоруңду уктум. Сен тактыны ээлейм го деп да ойлодуң. Сен бул тууралуу биз мектепте окуган байыркы Жазуудан билгенсиң. Бирок, Энделде жашап жүргөндө сен буга ишенгениңди мойнуңа аларыңан күмөнүм бар.

Биздин Энделде болгон кыска мезгилибизде Джейлинге ишенимдүү болгондор, бул коомдо лидерлер, кызыктуу коомдук абалды ээлегендер. Алар шаардын эң бир кооз бөлүгүндө жашашат жана падыша менен бат-бат көрүшүп тууруу артыкчылыгына ээ. Энделде өзү үчүн жашагандарга болсо, шаардын сырткы бөлүгүнөн орун берилген. Бул аудиториядагы орундардын жайланышынан да көрүнүп турат. Бул залдын арткы катарларында отургандар өрөөндөрдө жашагандар. Аларга эң бир интенсивдүү жумуш берилген. Биз падышачылыкта абдан мааниси аз жумуштарды аткарабыз. Ортоңку сектордо отургандар тоолордо жашагандар, алар көбүнчө чыгармачыл иштерди аткаргандар, ал эми биринчи катарда отургандар жана тактыдагылар падышачылыктын борборунда жашагандар. Ал жакта падыша жашайт жана аларга аны менен жашап, иштөө артыкчылыгы берилген. Бул адамдар падышачылыктагы улуу адамдар. Менин Өзүмчүл досум, Джейлин адилет жана сүйгөн башкаруучу экендигине ишенимдүү бол. Ал сага берген нерселердин баары чыныгы сыйлык болот. Эгерде анын ырайымы болбосо, биздин эч бирибиз падышачылыктын маанисиздей болуп көрүнгөн жеринен да орун ала алмак эмеспиз,– деп сөзүн бүтүрдү Ыраазы.

Ушинтип айткан ал, өз ордуна кайрылып келди. Күзөтчүлөрдүн башчысы ал тактыга карай жолун улантышы үчүн Өзүмчүлгө баш ийкеп койду.

## Белгилүү мугалим

Өзүмчүл бир нече кадам таштагандан кийин капысынан эле дагы бир таанышын байкап калды. Бул ал сыйлаган Шыктандыргыч деген адам эле. Ал мектепте окутуучу болчу, Өзүмчүл аны абдан мыкты адам деп билер эле. Ал дайыма өз оюн ачык жеткире алчу, билими менен бөлүшүп жана Өзүмчүлдү да өз сөздөрү менен шыктандырып турчу. Бул мугалим окуучулар көтөрмөлөөнү жана сергектикти сезгидей кылып окутчу. Башка мугалимдер да окуучуларды көтөрмөлөчү, бирок кээде абдан эле олуттуу болуп кетишчү, алардын сөздөрү болсо оор ашкерелерди сезүүгө мажбурлачу. Шыктандыргычтын сабагында бир да жолу мындай болгон эмес. Ал Өзүмчүлдүн эң бир сүйүктүү мугалими болгон.

Өзүмчүл өзүнүн мурдагы мугалими менен сүйлөшсө болобу дегендей кайра эле күзөтчүлөрдүн башчысына карады. Күзөтчү ага макулдугун билдиргендей кайрадан башын ийкеп койду. Өзүмчүл Шыктандыргычка келип, экөө жылуу учурашты.

Өзүмчүл суроо бербей коё албады:

– Эмне үчүн сен бул жерде, эң акыркы орунда отурасың?

– Бул менин абалым, менин ордум. Мен Аффабелдин эң бир кичинекей атуулумун. Мен өрөөндө жашайм жана мурап болуп эмгектенем.

– Эмне? – деп кыйкырып жиберди Өзүмчүл. – Сен мектептеги эң бир мыкты мугалимдерден элең! Эмнеге сен кичинекей атуул болуп калдың? Сен тактыдагылардын арасында отурушуң керек болчу го.

– Джейлиндин башкармаларынын арасында жана бул улуу чогулушта алдыңкы орундарды ээлей албаганымдын бир нече себептери бар! Узак окуяны айтып берип убакытты коротпош үчүн мен өзүмдүн акмакчылыктарымды кыскараак кылып айтып берейин. Билесиңби, өзүн Джейлинге арнагандардын баары куруучулар менен салыштырылганын. Бизге муну мектептеги бардык жылдарда окутпады беле. Энделдеги

мектептин мугалимдеринин эң бир негизги милдети, окуучуларды өз жашоосун курууга үйрөтүү эле. Биз муну сөзүбүздүн, өз жашоо образыбыздын жана ишибиздин жардамы менен кылчубуз. Мага да көрсөтмө берүүчү катары ушундай улуу артыкчылык жана жопкерчилик берилген. Мен сутуденттерди Джейлиндин принциптерине жана жолдоруна окутчумун. Анткен менен, мен анча жакшы мугалим боло алган эмесмин.

Менин окутуум бир жактуу болчу. Мен Джейлиндин кызматынын позитивдүү аспектерине гана басым жасачумун. Мен көптөгөн студенттерди андан ары узакка созулган издердин калаарына карабастан, бир гана ийгиликке умтулууга эле шыктандырчумун. Мен аларды жашоодогу чыныгы максат Джейлинге жагуу деп окутпаптырмын. Мен аларды жашоодо ийгиликтүү болуу үчүн падышачылыктын принциптерин кантип пайдаланыш керектигин гана окутуптурмун. Андыктан, биздин коомдун тузак, торлору жөнүндө мен аларга такыр эскертпептирмин.

Эски Жазууларда айтылып тургандай, мен Джейлиндин бардык мыйзамдарына окутушум керек эле. Бул демек, “*Джейлиндин алдында жеткилең болушу үчүн,* кемчиликсиз бардык адамдарды акылга келтирип жана ар кандай акылмандуулукка үйрөтүшүм керек болчу”**.** Мен үйрөттүм бирок, акыл-насаат, эскертүү жагынан анча убара болгон жокмун. Мен жакшы мугалим болдум бирок, көпчүлүктүн жашоосун сергек эскертүүлөрсүз эле куруп бергендиктен, Джейлинге көп деле даңк алып келген жокмун. – Ал башын жерге салып,– Алардын көбү эми соттолушту.

Өзүмчүлдүн жүзүндөгү дүрбөлөңдү байкаган мугалим кайра кайталады:

– Ооба, алар азыр азап чегүүдө. Менин бир тараптуу үйрөтүүлөрүм үчүн, алардын көбү азыр четке кагылган Лоун жеринде жашап жатышат. Мен студенттерге аларга керектүүнү эмес, алар каалаганды гана бердим. Популярдуулугумду жо-

готкум келген эмес. Ошондуктан, мен туура эмес үйрөттүм. Студенттердин начар жана бузулган тараптарын түп тамыры менен жоготкондун ордуна, мен алардын өзүмчүлдүк кыялдарын кубаттандырган окутууларды гана бердим.

Байыркы жазууларда берилген устаттын эскертүүсү эсиңдеби: “Тынчтык жок кезде “тынчтык” деп Менин элимди адаштыргандары үчүн жана дубал куруп жатканда, алар аны ылай менен майлап жатышат, ылай менен майлап жаткандарга айтып кой, дубал кулап түшөт. Нөшөрлөгөн жаан жаайт жана силер, таштуу мөндүрлөр, түшөсүңөр жана бороондуу шамал аны талкалайт”. Көптөгөн студенттер өзүлөрүнүн жашоосун убактылуу нерселер менен курушкан жана коргошкон, бирок мен жүрөгүмдүн тереңинде бул туруксуз дубал экенин билсем да, аларды эскерткен эмесмин. Мен туура эмес болсо да туура эле дечүмүн. Алардын тандаган жолдоруна макул болуп, адашканын бекемдеп койчумун.

Азыр Лоундагы окуучуларым деп аза күтүп атам. Алардын кээ бирлери гана Аффабелге түштү. – Арт тарапка кылчайды да шыбыраган үнү менен ал улантты: – Бирок, алардын көбүнчөсү арткы катарларда отурат. Алар жашоосундагы убактыларын бекер коротту, алардын жетишкендиктеринин баары бул Сот тактысынын алдында күйүп кетти.

– Бул тактынын алдында күйүп кеттиби? – деп кайра сурады Өзүмчүл.

– Ооба,– деп жооп берди мугалим. – Байыркы Жазууларда жазылган сөздөр эсиңдеби: “Кимдир бирөөлөр алтын, күмүш, кымбат баалуу таштар, жыгач, чөп, саманды негиз кылышат,– баардык иш ачыкка чыгат; анткени отто баары кандай болсо, ар бири ачылат. Кимдин иши туруштук берсе, ошол сыйлыкка ээ болот. Кимдин иши күйүп кетсе, ал зыян тартат; ал куткарылат, бирок оттон чыккандай куткарылат”.

Байыркы апостол айтып жаткан негиз, бул экөөбүз тең жакшы билгендей, Джейлиндин бийлигине баш ийүү, мына

ушул адам үчүн анын падышачылыгына кирүүдөгү бирден бир жол. Анан да, качан биз чындап эле ага тиешелүү болгонубузда, ошол негизге жашообузду кура баштайбыз.

Өз жашоомду байыркы Жазуунун стандарты менен ченегенде, мен Джейлиндин адилеттүү стандартына туура келбей калдым, окуткандарыма тийгизген таасирим боюнча мен ийгиликсиз болдум. Мен өз кадыр-баркымды студенттерди Аффабелдин падышачылыгына даярдоого колдонбодум, натыйжада мен өз сыйлыгымды жоготуп алдым. Улуу окутуучу Пабылдын кимдерге таасир этүү үчүн чакырылгандыгы тууралуу окуткандыгын эстесең: “Анткени ким биздин үмүтүбүз же кубанычыбыз, же мактоо таажысы? Анын кайра келишине Теңирибиз Ыйса Машайак менен чогуу силер эмессиңерби? Анткени силер биздин даңк жана кубанычыбыз”.

Мен жаңыдан окута баштаганымда Джейлиндин чындыгын жакшы билчүмүн. Бирок, өзүмдүн ишенбестигиме жол бердим, башкалардын кабыл алуусун кааладым, акырында менин текебердигим башкарып кетти. Аз гана убакыт өткөндөн кийин мен курстан алыстап кеттим. Алгач мен сабакты бергенимдей жашачумун. Анан алыстоонун натыйжасында, менин жеке жашоомо карата Джейлиндин эскертүүсүн унуттум. Мен алдандым. Бул падышачылыкта популярдуулуктун жана белгилүүлүктүн белгиси Энделдикинен таптакыр башкача. Ал жакта улуу деп эсептелген көп нерсе, бул жакта эч нерсеге жараксыз.

Өзмчүл олуттуулук менен сурады:

– Менин Шыктандыргыч досум Джейлин ар бирине жаңы ысым берет деди. Сенин атың кандай эми?

Мугалим жылмайып койду:

– Менин атым Момун. Андан кийин ал башын жерге сала ордуна кетти. Өзүмчүл күзөтчүлөрдүн башчысына караганда, ал укканыңдын баары туура дегенсип, баш ийкеди.

Өзүмчүл тактыга карай баратты. Эми ал башындагы ишенимдүүлүктү такыр жоготту. Ал өз жашоосун эстеди. Аны

кандай ниеттер кыймылга келтирген. Ал шаарды башкарганда Джейлиндин даңкы үчүн башкарды беле же өзүмчүлдүк амбициясы болду беле? Ал өз жашоосун кантип жашаган? Ал Джейлиндин сөзүнө ылайык келди беле же ал дагы алданып калганбы? Ал башкаларды акылмандуулукка чакырды беле же аларды өзүнүн жеке ийгилиги үчүн пайдаланды беле?

## Өкүмдар

Өзүмчүл улуу залдын ортоңку бөлүгүнөн өттү жана бул жерде отурган жарандар падышага жакынраактай көрүнүштү. Алардын ар биринин көз карашында сүйүү жана кубаныч турду. Алардын жаркырай караган көздөрүнөн жана жылуу жүздөрүнөн ал бир аз сооронуу алгандай болду. Бул ага бир топ жардам бергенсиди, анткени, ал өзүнө жана алдыда аны эмне күтүп турганына такыр ишене албай турган.

Ал тактыга жакындап баргыча түбөлүктүүлүк өтүп кеткендей болду. Ар бир кадамы сайын Энделде жашаган өткөн күндөрүнүн жаман, жакшы жактары айкын көрүнүп турду. Мэр болуп турган учурда жетишкен ийгилиги үчүн ага жетекчилик позициясын сунуш кылат деп ал дагы да үмүттөнүп жаткан.

Эми Өзүмчүл падышалардын кийимин кийинген башкаруучулардын арасында турду, алардын баштарында таажылар бар эле. Ар бири колуна таякча кармап турду. Чынында алардын баардыгы бул улуу шаардын урматтуу жарандары эле. Бул адамдар мынчалык атак – даңкка толгонуна Өзүмчүл таң калды.

Алардын арасында бир шаардык кеңештин мүчөсүнүн катчысын байкады. “*Эмнеге ал тактыда отурат*?”– деп, таң калды Өзүмчүл. Ал кыйраткан деле эч нерсе кылган жок. Бул кыз мектепти бир жылга эрте бүтүрдү. Ал аны жакшы деле таанычу эмес, анткени ал ар дайым чектелип, карманып турчу.

Кыз бир кадам алдыга шилтеди жана күзөтчүлөрдүн башчысы ага таазим кылды. Ал Өзүмчүлдү кучактап, жылмайып жылуу саламдашты.

– Кош келдиң Өзүмчүл. Менин атым Чыдамкай. Джейлиндин жанына жакындаганыңдан мурун мени сени менен сүйлөшсүн деди. Мен анын Аффабелдеги башкаруучуларынын биримин.

– Башкаруучу? Сен кантип башкаруучу боло аласың? Сен Энделде эч нерсе кылган жоксуң. – Айткан сөздөрү орунсуз жана сылык эмес болгонун түшүнүп, ал бир аз ыңгайсыздана түштү.

Чыдамкай түшүнүү менен башын ийди.

– Ыңгайсызданба. Бул Улуу шаардын залынын дубалдарынын ичинде жалганга орун жок. Сен чынчыл болдуң. Энделде сени абийириң менен абройуң ушунчалык кооптондуруп тургандыктан, адамдар өзүлөрү айла жок жалган сүйлөштү. Бул жакта сөздөр өтө маанилүү, бирок себеп менен ниет андан да баалуу, анткени алар көрүнүктүү. Сен муну өзүң билесиң, анткени ар бир айткан сөзүң үчүн соттолосуң.

– Ар бир сөз үчүн? – деди Өзүмчүл. – Сен ар бир баарлашуудагы, ар бир сөздү айтып жатасыңбы?

– Ооба,– деди Чыдамкай,– ар бир сөз үчүн. Джейлин мырзанын байыркы жазууларда: “Силерге айтып коёюн, ар бир айтылган сөз үчүн, адам айткан сөз үчүн, алар жооп беришет: анткени өз сөздөрүңөн акталасың жана өз сөздөрүң үчүн соттолосуң” деген сөзү бар. Маанисиз, пайдасыз, курулай жана акылсыз сөздөр, булар Джейлиндин жаратылышына карама-каршы.

– Мен дайыма бидин оозубуздан чыккан чоң жалгандар же чындык сөздөр үчүн жана чоң жетишкендиктер менен жакшы иштерибиз үчүн гана жооп беребиз деп ойлогом. – Бир көз ирмем унчукпай туруп, анан ал кайра улантты: – Мени эмне күтүп турат?

Чыдамкай жооп берди:

– Байыркы жазуу түшүнүктүү айтып жатат: “Өзүнүн [оозу] айтканынын түшүмүнөн жакшылыкка кандырылат жана колунан чыккандарына жараша ага берилет”. Ошентип, сен ар бир кылган нерсең үчүн гана эмес, айткан ар бир сөзүң үчүн да соттолосуң. Аларга жакшы жада калса, оозуңдан чыгып кеткен маанисиз сөздөр да тиешелүү. Бирок, сен айткан сөз жана кылган иштериң гана эмес, алардын аркасында турган сенин ниетиң да изилденет. Акылыңдагы ойлор үчүн дагы соттолосуң. Джейлиндин соту адилет, “*жүрөк менен акылды сыноочу*” экенин унутпа, ал өзү минтип айткан: “Мен *Джейлинмин,* ар бир адамга анын ишинин түшүмүнө жана жүргөн жолуна жараша бериш үчүн, *жүрөктөргө кирип* жана *ички ойлорду* да сынайм”. Ар бир иш жана сөз гана эмес, анын артындагы ойлор да сыноого алынат.

Мына ушул үчүн сен мени тактыда көрүп шок болдуң. Сен мени Энделде мааниге ээ болгон жетишкендиктериме жараша соттодуң. Джейлиндин соту башкача, сен аны азыр көрө баштадың жана жакында толук көрөсүң. Менин кымбаттуу бир тууганым, сен Энделде жашаган жашооң үчүн адилеттүү сыйлык аласың.

Өзүмчүл өмүрүндө эч качан мындай катуу чындыкты угуп көрбөптүр. Анан да ал ага ушунчалык жагымдуу сүйүү менен айтылды, ал мындай сүйүү менен мурда такыр тааныш эмес эле. Эми ал Джейлин кайрымдуу жана сүйгөн өкүмдар болуш керектигин билген. Ал азыр гана анын кээ бир бөлүктөрүн анын башкаруучусунан сезди. Бул сүйүү менен болгон түзөтүү болчу. Анан ал капысынан эле сүйүү башкаларга жагынуу болуп эсептелбейт, сүйүү бул – чындык экендигин түшүндү.

Чыдамкай улантып айтты: “Сенин падышаң сени күтүп жатат”. Ошентип коюп, ал артка тактысына жылды, ал эми күзөтчүлөрдүн башчысы болсо ага тактыга жакында деп башын ийкеди. Алар аны ылдыйда, башкаруучулардын тактылары жайгашкан жерде күтүшөт.

## Өзүмчүл Джейлиндин алдында

Өзүмчүл аны үйрөтүшкөндөй, этиеттик менен улуу тактыы турган аянтка тепкич менен көтөрүлдү. Анан ал өйдөнү карап, падышанын өзүн көрдү. Бүткүл залда тургандардан эч кимиси Джейлиндей керемeтүү, улуу жана даңктуу эмес эле. Анын жарыктыгы арбап жана таң калтырып турду. Өзүмчүл жашоосунда эч качан ага окшош адамды кезиктирбеген. Ал ошол замат анын акылына жана күчүнө каршылык көрсөтө албаганын түшүндү.

Өзүмчүл Джейлиндин көзүнө биринчи жолу карап, падышанын ал элестеткенге караганда бир топ назик жана коркунучтуурак экенин түшүндү. Анын көз карашы Өзүмчүлдүн денесин тепчип өткөндөй болду жана ал өзүн жылаңач сезип, андан эч нерсе жашыра албастыгын түшүнүп турду. Өзүмчүл сот чечиминин боорукерлигине болгон бүт ишенимин жоготуп койду, бирок бул нерсе аны башка түйшүктөндүргөн жок. Азыр ал баарынан да чындыкты каалап турду.

– Менин падышачылыгыма, кош келдиң, Өзүмчүл,– деди Джейлин. – Мен бул учурду күткөм. Сен Энделдеги менин элимдин башчысы болдуң. Аффабелдин да тактыларынын бирине отуруп башкарганга татыктуусуңбу?

Адатта эч качан өзүн жоготпогон жана өзүнө ишенген бул адам эми үнсүз турду. Мурда ал кандай гана улуу иш болбосун, колдон келет жана жетекчи боло алам деп эсептечү, бирок акыркы сүйлөшүүлөрүн эстеп, бул ой да жалган болушу мүмкүн деп ойлоду.

Джейлин ага жакыныраак тактыда отурган башкармалардын бирине кайрылып:

– Падышачылыктын пайдасы үчүн Өзүмчүл канча жаранга таасир эте алды?

Болгону бир нече гана адамдын аттары угулду. Мындай ачыктыктан Өзүмчүл эстен тангандай болуп унчуга албай турду.

Падыша ошол эле башкаруучуга дагы суроо берди:

– Чыдамкай канча адамга таасир тийгизди?

– Беш миңден көп, мырзам,– деп жооп берди ал.

– Кантип мындай болушу мүмкүн? – деп күбүрөндү Өзүмчүл. – Ал жөнөкөй гана катчы, мен болсо мэр болчумун. Биздин сандарыбыздын ортосунда кантип ушунчалык айырмачылык болсун?

Джейлин чечкиндүүлүк менен мындай деди:

– Сен канча адамга жөн эле таасир тийгизгениңди сурап жаткан жокмун, падышачылыктын пайдасы үчүн канча адамга таасир тийгизгениңди сурап жатам! – Анын үнү мурдагыдан жумшагыраак чыгып, бирок бекем болуп кала берди. – Сенин мурдакы Шыктандыргыч деген, азыр Момун аты менен белгилүү болгон мугалимиң да сенден көп адамдын жашоосуна таасирин тийгизген. Бирок, алардын азыраагы гана максаттарына жетишти. Ошол себептен ал бул шаардын башкармаларынын арасынан орун алган жок. Айтылып жаткан таасир менин сөздөрүм жана падышачылыгым менен макулдашылган болсо гана Сотто туруштук бере алат. – Бир аз унчукпай туруп, Джейлин сөзүн кайра улантты: – Мен сага Чыдамкай кандайча беш миңден ашык адамга таасир тийгизгенин көргөзгүм келип турат. Ал мектеп үчүн марттык менен акча курмандык кылып жана башка жардамдарды көргөздү. Мектептен жардам алгандардын бардыгы анын эсебине жазылды.

– Бирок мен да мектеп үчүн курмандык кылганмын.

– Сенин курмандыктарың абийириңди тынчытыш үчүн жана өз абройуңду калыбына келтириш үчүн болчу. Алар үчүн сен сыйлыгыңды Энделде толугу менен алдың. Чыдамкай болсо, падышачылыкка жана адамдарга болгон сүйүүсү менен берчү. Чыдамкай кызматка Катаал аттуу адамды алып келди. Азыркы убакта ал Жашоо залында, мени менен жолугуу үчүн кезегин күтүп турат. Аны Жакшы Кабарчы деген жаңы ат күтүп турат, анткени ал менин жолдорумдун улуу

жарчысы болду. Ал жеке өзү миңдеген өмүргө таасирин тийгизди. Ал таасирин тийгизгендин баардыгы Чыдамкайдын эсебине жазылды, анткени ал Катаалды кызматка алып келди жана мектепте ага акыл үйрөтүп көмөк көрсөттү.

Катаал Энделдеги сүйлөшүүдөн кийин Өзүмчүлдүн эсинде калган эле. Ал аны өз ишениминде өтө жалындаган фанат катары эсептечү. Катаал шаардык гезитке такай жарандардын өзүн падышачылыкка арноодогу жетишпестиктери жөнүндө өз ойлорун жазып турчу. Ал мектепти кеңейтүү сураныччы менен энделиттерге чалып жана шаардык кеңештин мүчөлөрүнө каттарды жөнөтүп турчу. Өзүмчүл жер тилкесин мектептин эмес, супермаркеттин курулушу үчүн өз добушун берген кезде, ал абдан нараазычылыгын билдирген. Ошондуктан, Өзүмчүл Катаалды анча жактырчу эмес. Азыр болсо ал, Катаал күрөшкөндөрдүн баары Джейлиндин мыйзамдары менен макулдашылып жана Аффабелдин пайдасы үчүн экенин түшүнүп, уялып турду. Кантип ал ушунчалык сокур болду экен?

Джейлин падышалык үчүн Энделдин элине, Чыдамкайдын кантип таасир тийгизгени жөнүндө айтып берүүсүн улантып жатты. Ал бул кыздын майда, бирок жыйынтыгында чоң пайда алып келген иш-аракеттерин санап өттү. Чынчыл баарына жылуу-жумшак жана чын жүрөктөн мамиле кылчу. Ал муктаж болгондорго март болчу. Ал чындык үчүн аскадай турчу.

Чыдамкай жөнүндө айтып бүтүп Джейлин Өзүмчүлдүн жашоосун майда-чүйдөсүнөн бери карап чыкты. Чыдамкай эскерткендей, эле ар бир сөзгө, ар бир ниетке жана ар бир кылынган ишке баа берилди.

Өзүмчүл падышанын аты үчүн көп эле жакшы иштерди кылганын көрдү, бирок өзүмчүлдүк себеп менен өзүнүн коопсуздугу жана абройун жоготкондон коркуп, жашоосунда көптөгөн туура эмес нерселерди кылгандыгын көрүп кайгыга батты. Анын жашоосу көрсөтүлүп бүткөн маалда, эми баары бүткөндүгүн сезди.

– Мен жашоомдун аягына чейин жазага татыктуу болдум,– деди ал. – Мен Лоунга татыктуу болдум. Мага берилген жоопкерчиликти ишке ашырууда көптү коротуп, азды кайтардым!

Аны жан кыйнагандай толгонуу каптап, жүзүнөн жаштар акты. Бул улуу Залга кирген учурдагы өзүнө болгон ишенимдүүлүгү жоголуп, эми ал эптеп эле бир илинчекке кармалып турду. Анда мээримдүүлүккө гана үмүтү калды. Ал Лоун жергесине сүргүнгө кетери жөнүндөгү падышанын өкүмүн укканга момундук менен даярданып калды.

Оор жымжырттыктан кийин акыры падыша мындай деди:

– Өзүмчүл, сен менин кулумсуң, көптөгөн жоготууларыңа карабастан, мага ишенип жана менин бийлигиме баш ийдиң. Мен сени сүйөм жана менин падышачылыгымда өмүрүңдүн аягына чейин болуугa чакырам.

Өзүмчүл катып калды. Ал көзүн көтөрүп кайрадан көз жашын төктү, бирок кайгырып эмес, айтып бергис кубаныч менен. Ал улуу падышанын ырайымы жана жакшылыгы үчүн ыраазычылыкка толуп турду. Бир көз ирмемдин ичинде ал Джейлиндин кыялы жөнүндө уккандарынын баары ушунчалык түшүнүктүү болуп калды. Бир секунда мурда эле ал буга чейин билип көрбөгөн уялуу жана ызалануууну сезип турган. Ал жаза менен сүргүндөн башка -айыптоого гана татыктуу экендигине жашоосу далил эле. Ал эми азыр, аны падыша өзүнүн улуу шаарына кабыл алуу учурунда мурда укпаган эң жумшак жана боорукер сөздөрдү укту. Кандай ырайымдуулук! Кандай гана таң калаарлык сүйүү!

Өзүмчүл анын иштеринин бардыгы күйүп жатканын көрүп турду бирок анын кулагында: “Мен сени сүйөм жана өз шаарыма сени кабыл алам”,– деген сөздөр дагы эле жаңырып жатты. Ал анын досу Ыраазычылык чындыкты айтканын түшүндү. Падышанын ар бир чечими күткөндөн артык болуп турду.

Падыша кайра сүйлөдү:

– Өзүмчүл, сени башка мындай деп аташпайт. Мына мен сага жаңы ысым берип жатам. Менин падышачылыгымда сен

Жөнөкөй болуп аталасың. Мен сен үчүн өрөөндө үй даярдадым, сен бул жакта жаратылыш дизайны менен алек болосуң. Сен бул шаардын башчысы боло албаганыңа карабастан, мага чектин сырткы тарабын башкарууда жардам бересиң.

– Сени менен чек аранын сырттарын башкаруу? – деп кайра сурады Өзүмчүл.

– Бул шаарда жашагандын баардыгы башкаруучулар,– деп жооп берип жатты Джейлин. – Менин чек арам дүйнөнүн аяк жактарына чейин таралган, менин падышачылыгымда көптөгөн башка шаарлар да бар. Ал шаарлардын жашоочулары Аффабелдин тургундарындай Энделде машыгуудан өтүп жана сотто болгон эмес. Ошондуктан, аларда бул шаардын жашоочуларыныкындай жөндөмдүүлүгү жок. Сен өзүңдүн Аффабелиңде башкаруучу боло албаганыңа карабастан, мага дүйнөлүк башкарууга жардам бересиң. Сага атайын коюлган тапшырма, Бенджилл континентиндеги жыйырма шаардын жаратылыш дизайнерлерин башкарып, аларга кызмат кылып жана окутуу.

Башын ылдый салып, Жөнөкөй боздоп жатты. Падышанын жакшылыгы укмуш эле.

Падыша столдун жанына келип бирдеме алды дагы аны карай басты. Аянтка түшүп ал:

– Эми ал да, бул мөмөнү же,– деди.

Жөнөкөй падышанын колунан мөмөнү алды да, жеди. Бул даам ал эч качан татып көрбөгөн өзгөчө даам эле. Ал жүрөк менен акылга түшүнүк алып келгендей болду. Анын ойлору улуу сүйүү жана кызмат кылганга каалоо менен толо эле. Ал жеп аткан учурда аны мурунку ыза менен жаман ойлор калтырды. Ал өзүн сергек, бактылуу жана үмүт менен ишенимдүү сезип жатты. Бул мөмө, мурда мугалимдер айтып берген жашоо дарагынан экендигин түшүнүш үчүн, көп убакыттын кереги жок эле. Жөнөкөйдүн жылмаюусу жүзүн жарык кылып турду, Джейлин болсо аны карап ырыхаттанды.

Анан Джейлин мындай деди:

– Кылчайып өзүңдүн үй-бүлөңдү карачы.

Жөнөкөй акырын кайрылды. Ал бул жердегилердин ар бири анын бүткүл жашоосундагы нерселерди көрүп, угуп тургандыгынан бир аз ыңгайсызданууну башынан өткөрүп турду. Ал аудиторияга бурулуп караганда алакан чабуулардан трибуналар жарылгандай болуп, кыйкырган кубанычтар угулуп, музыка ойноп, падышачылыктын атуулдары бийлешти. Жөнөкөй ушул татыктуу адамдар ага ушандай сүйүү жана кубаныч менен карашканына араң ишенди. Бул аны Энделдеги жашоосундагы бардык каталардан толугу менен арылтып салды. Эми ал таптакыр таза болуп калды.

Ал бурулуп Джейлиндин жүзүндөгү эң бир даңктуу жылмаюуну көрдү. Анан ал анын көздөрүнө көңүл бурду. Ал көздөр Жөнөкөйгө ушунчалык сүйүү жана жылуулук менен карап турду, ал мындай көздөрдү мурда эч качан көргөн эмес. Азыр ал Чыдамкай жана башкалар сыяктуу эле, Джейлиндин ойлорун угуп калды. Ал ойлор: адамдарды бекем сүйгөн ырахаттануу, кабыл алуу, көптөгөн жылдар бою жакшылык менен адамдарды күтүү эле. Жөнөкөй тизелей чөгөлөп, падышага табынды. Падыша аны ордунан тургузуп, бекем кучактап, жылмайып туруп:

– Кош кел, досум! – деди.

Анан Жөнөкөйдү ага тааныш энделиттердин да сотуна көз салып турсун үчүн, аудиториянын арт жагындагы орундукка узатып коюшту. Эми ар бир көз жаш аарчылган эле. Эч кандай оору, кайгы, азап чегүү калган жок, эскинин баары өтүп кетти.

## Кайрымдуулук жана анын үстүнөн болгон сот

Убакыт өтүп жатты, мына жалгыз гана Кайрымдуулуктан башкасынын баары сотко чакырылды. Ал жалгыз калды. Бирок, ал зериккен жок, анткени күтүү залында даңктуу шаардын авторлору менен жазылган көптөгөн китептерди таап алды. Коопсуздук кызматынын башчысы Кайрымдуулукту

чакырганы келгенде ал “Аффабелдин хроникасы жөнүндөгү экинчи китепти” окуп жаткан. – Кайрымдуулук, сени падышаң күтүп жатат.

Жүрөк кубанычтуу сокту. Азыр ал көптөн бери каалап күткөнүн жана абдан сүйгөнүн көрөт. Ал көптөгөн жылдар бою күткөн убактысы мына эми келди. Күзөтчү жылмайды да, экөө улуу залга кирип кетишти.

Залдын эшиги ачылаар замат, ал көргөндөрүнөн улам оозун ачып калды. Бирок, баарынан да кире бериштен алысыраакта, бийик жерде турган Джейлиндин тактысы өзгөчө көңүлүн бурду. Ушул учурдан баштап ал анын гана келбетин көрүп турду. Кайрымдуулук Аффабельдин падышалыгынын жарандарына көз жүгүрттү. “О, кандай даңктуу адамдар! – деп ойлоду ал. – Мен качандыр бир мезгилде булардын бири болгон күнүм келеби?”

Алардын жанынан өтүп баратып ал баары ага башын ийип жатканын байкады. Эмнеге бул улуу эркектер менен аялдар анын алдында башын ийип жатышты? Ал тактыга жакындаган сайын бул кереметтүү адамдардын кийиминин жарыктыгы, мурдакыдан да даңктуу жаркырап жатты. Алар өзгөчө адамдардай болуп көрүнүп турду. Кантип ушундай адамдар анын алдында баш ийип жатышат?

Алардын арасында Кайрымдуулук Энделдеги бир топ тааныштарын көрдү. Алардын жылмаюсунан кубаныч жана сүйүү нурданып турду. Ал токтоп барып алардын ар бирин кучактагысы келип турду, бирок азыр ылайыктуу учур эмес экенин сезди. Катаалды көрүп, ал өзүн башкара албай кетти. Анын жанына чуркап келип, аны бекем кучактады. Катаал да кубанып турду.

Катаал анын алдында таазим кылып:

– Жаңы үйүңө кош келдиң,– деди.

– Эмнеге сен менин алдымда таазим кылып атасың Катаал? – деп сурады Кайрымдуулук. – Мага таазим кылгандай мен кудай эмесмин да.

– Таазим кылган менен табынгандын айырмасы бар,– деп жооп берди Үлгүлүү жаран. – Мырзабыз гана табынганга татыктуу, бирок бул падышачылыкта бизге Энделде жакшы кызмат кылгандарды ардактайбыз. Андан тышкары, биздин арабызда башкаргандарды да ардактайбыз. Энделде биз ардактоонун маанисин түшүнгөн эмеспиз. Кайрымдуулук, сен Энделде мага кызмат кылдың. Эгерде сенин падышага болгон тил алчаактыгың болбогондо, мен бул жерде болмок эмесмин, четке кагылган Лоун жергесин мекендемекмин. Баарынан мурда, баарынан көп мен падышага карыздармын, бирок мен сага ыраазымын. Мен өмүрүмдүн акыркы күнүнө чейин сага чын жүрөктөн кызмат кылып жана сага баш ием. Кайрымдуулук, мени эми Катаал деп аташпайт. Джейлин мырза мага эми жаңы ат берген, менин атым Момун. Балким, мага падышанын эң бир улуу кайрымдуулугу тийгендир.

– Момун, кандай жагымдуу ат! – деди Кайрымдуулук. – Кымбаттуу досум, сен азыр мага кызмат кылгыдай, мен сага Энделде анча деле кызмат кылган эмесмин. Мен аны сени сүйгөндүгүмдөн, сенин жашооңо кам көргөндүктөн жана андан аркы тагдырың үчүн кылгам.

– Сенин ниеттериң ошол мен баш ийип, мен кызмат кыла тургандай. Сен падышадан жоомарттык менен сыйланасың. Сен Джейлинге болгон сүйүүң менен эмгектенгенсиң, кадыр-барк же сыйлык алыш үчүн эмгектенген эмессиң. Джейлин анын сүйүүсү менен башкаларга кызмат кылгандарды жактырат. Энделде жүргөндө анын аянын түшүнүп гана койбостон, анын жүрөгүнө таасир этиш маанилүү эле. Сен экөөнү тең жакшы аткардың бир тууганым, сенин жүрөгүңдүн ниети мага берилди. Ошондуктан да, мен Энделде болгонумдагы акыркы аптада көптөрүнө бүткүл жүрөгүм менен кызмат кылууга умтулдум. Эми мен ошол эмгегимдин кыска мөөнөттүү болгондугуна карабастан, абдан жоомарттык менен сыйландым.

Кайрымдуулук жылмайып койду.

– Момун, мен сен үчүн ушунчалык ыраазымын. Мен сага өз жашоомдун аягына чейин кызмат кылам.

– Кайрымдуулук, сен Аффабелде көп жылдардан бери жашаган адам сүйлөгөндөй сүйлөп жатасың азыр,– деди Момун. – Биз бул улуу шаарда бири-бирибизге кызмат кылалы деп жашайьыз. Чынында эле бизди жетектеп жаткандар, эң чоң кызматчылар болуп эсептелет. Бизде эң бир кыйын милдеттер бар, биздин ырахатыбыз ошондо. Бул жерде Энделдегиден башкача. Лидерлер аларга кызмат кылууларын каалашпайт, тескерисинче башкаларга кызмат кылуу мүмкүнчүлүгү бар экенине кубанышат. Ар бир эле жаран үчүн эң улуу кубаныч, биринчиден: падышага кызмат кылуу, экинчиден, башка жарандарга, айрыкча Энделде бизге таасири тийгендерге жана сырткы чектегилерге, кызмат кылуу. Алар тууралуу сен жакында билесиң. Менин кымбаттуу бир тууганым,– деди Момун акыркы жолу,– мен сени менен сыймыктанам. Өзүңдүн падышаңа барагой.Ал сени көргүсү келет жана ага кылган кызматың үчүн сыйлагысы келет.

Ошентип, экөө дагы кучакташа коштошушту, анан Кайрымдуулук күзөтчүлөрдүн жанына келип, аларды ээрчип тактыны көздөй жөнөштү.

## Кайрымдуулук Джейлиндин алдында

Тактыга жакындап келген Кайрымдуулук Джейлиндин жүзүн дааналап көрө алды. Ал жанынан өтүп бараткaнда кичирээк башкаруучулар ага кантип баштарын ийип турушканын байкабай да калды, анткени ал падышадан көзүн алган жок. Падышанын ушунчалык улуулук менен жаркырап турушу аны өзүнө чырмап алды.

Тепкичтер менен аянтка келгенде ал өз падышасынын алдына кулады. Джейлин түшүп туруп, аны бутуна тургузду. Ал сүйүү менен минтип айтты:

– Кайрымдуулук, менин кымбаттуу кызым, падышачылыкка кош келдиң. Мен сени жеке көрө турган учурду күтүп жүргөм.

– Кожоюн, ушул учурду мен ушунчалык күткөм,– деп жооп берди Кайрымдуулук. – Сен менин падышам. Эми мен дагы да сага көбүрөөк кызмат кылуу үчүн, өмүр бою сени менен болоруma ишенем.

– Кир да, дүйнө жарала электе эле сен үчүн даярдалып коюлган падышачылыккка ээ бол,– деди падыша. – Мен ачка элем, сен мени тоюндурдуң; суу ичким келгенде, сен мага суу бердиң; мен мусапыр жолоочу элем, сен үйүңө киргизгенсиң; жылаңач элем, сен мени кийиндирдиң; мен ооруганда сен кам көрдүң; сен мага түрмөгө да келдиң.

Кайрымдуулук таңыркоо менен кубанып кетти:

– Качан, Кожоюн, мен качан сенин ачкалыгыңды көрүп, тамактандырдым эле, качан сен суусап, мен сага суу бердим эле? Деги эле, качан мен сени жолоочу катары көрүп, үйүмө киргиздим эле же качан жылаңач көрүп, кийиндирдим эле? Качан мен сенин ооруп атканыңды көрүп жана түрмөдө болгонуңду көрүп, бардым эле?

– Чын айтып жатам,– деди падыша,– менин бир туугандарымдын бирөөсүнө ушуну кылганың, мага кылганың!

Джейлин анын кызмат кылып жүргөндө канчалык ишенимдүү түрдө анын элине кызмат кылып жана мыйзамдарына баш ийгенин айтып берди. Анын бүт жашоосу көрүндү: ар бир сөзү, иши, ойлору жана жүрөгүнүн ниети. Баары ачык көрүнүп турду: кызматы, мектептеги иштери, мекендештерине көргөзгөн сүйүүсү, туура эмес жактардан баш тартуусу. Джейлинди сүйгөндүгү үчүн туш болгон куугунтуктар, ресторан аркылуу башкаларга кылган кызматы, адашып жүргөн жандарга жетиши, жоголуп кеткендер үчүн ыйлаганы жана сыйынгандары, Джейлиндин мыйзамдарына тил алчаак болуудагы бекем позициясы, Джейлинге карата болгон мамилесинин айынан таасирдүү коомдон чыгарылып калгандары, өз

мекендештерине каршы же ушак сүйлөөлөрдөн баш тарткандары... Тизме узун эле.

Кайрымдуулук өз жашоосунун башкаларга кантип таасир эткендигине таң кала кубанды. Анын Джейлиндин даңкы үчүн кылган нерселеринин көпчүлүк бөлүгү алдын ала пландаштырылган эмес эле. Ал жөн гана мурдагы жазуудан үйрөнгөн нерселерин жашоосунда кылдаттык менен аткарууга аракеттенген.

Күйүп кеткен да бир нече иштер болду. Кайрымдуулук кетирген каталыктары жана колдон чыгарган мүмкүнчүлүктөрү үчүн өкүндү. Анткен менен, анын жашоосундагы кылган иштеринин аз гана бөлүгү жоголгон.

## Кайрымдуулук үчүн сыйлык

Анын акыркы ойлоруна, сөздөрүнө жана иштерине карап туруп падыша анын жанында отурган кичирээк башкаруучудан сурады:

– Падышачылыктын даңкы үчүн Кайрымдуулук канча адамга таасир этиптир?

Башкаруучу минтип жооп берди:

– 5183 адамга, менин мырзам, бул коомдогу жалпы адамдардын санынын алтыдан бир бөлүгү.

Кайрымдуулук таң калды:

– Кантип эле ушунча көп?

Джейлин минтти:

– Байыркы жазууну эстесең, мен “силер сепкендерге молчулук берем жана силердин чындыгыңардын түшүмүн көбөйтөм” дебедим беле. Кайрымдуулук, менин падышачылыгым көбөйтүү принциптерин жөнгө салат.

Андан кийин падыша ал коомчулукта лидер болбогондугуна карабай, анын тил алчаак аракеттери массага таасир этүүдө кантип көбөйгөндүгүн майда-чүйдөсүнө чейин көр-

сөтүп берди. Айланага тараган натыйжалар таң каларлыктай болгон. Джейлин минтип кошумчалады:

Жазылып тургандай: “Кайрымдуу адам жоготту, жакырларга таратып берди; анын адилеттигинин, кайрымдуулугунун, кең пейилдигинин жана марттыгынын иштери кылымдарга жетет!” Мага баш ийген жашоо түрдүү чөйрөгө тараган натыйжаны алып келет. Аны менин сотумдун алдында турмайынча, бир да адам биле албайт. Көпчүлүгү майда-барат нерседе тил алчаак болушпайт, бирок көбүнчө маанисиздей болгон нерселер улуу жемиштерди алып келишет. Сенин тил алчаактыгың ар кандай кырдаалдын ачкычы болот.

Анан Джейлин минтип айтты:

– Кайрымдуулук, сенин сол жагыңдагы менин катарымдагы тактыны көрүп атасыңбы?

Ал:

– Ооба, менин кожоюнум, деп жооп берди.

– Сен ошого отурасың да, өмүрүңдүн аягына чейин мени менен башкарасың.

Кайрымдуулук биротоло оозу ачылып калды:

– Менин мырзам, мен башкарууга татыксызмын. Мен болгону ресторандын ээси болчумун. Мага караганда бир топ кыйыныраак адамдар бар. Мен кантип сени менен ушундай улуу падышачылыкты башкармак элем? Өзүмчүл жакшы лидер болчу. Ал кандай болот? Мага сага жана сенин элиңе кызмат кыла турган эле ишти тапшырчы.

– Өзүмчүл улуу залдын арткы катарларында отурат, ал шаардын түздүк деп аталган ландшафттуу райондорунун дизайнери болот. Ал ошондой эле падышачылыктын тышкы чектериндеги башка дизайнерлерге кызмат кылат,– деп жооп берди. Сен болсо башкаруучулардын арасында болосуң. Анткени, мага жана менин элиме сүйүү көргөздүң. Сендеги чыдамкайлык, ишенимдүүлүк жана момундук, сага ушундай кадыр-барк берди. Сен байыркы жазуудагы менин сөздөрүмдү

эстейсиңби: “Ар бир өзүн өзү көтөргөн басынтылат (кадыры үчүн сыйлык алгандардан ылдый коюлган), ал эми өзүн басынткандар (өзү тууралуу карапайым ойду сактагандар жана ошого ылайык жүргөндөр) көтөрүлөт (даражасы көтөрүлөт)”? Сен мени менен кошо башкарып эле калбайсың, мен сага Улуу деңиздин жээгинен, менин сарайымдын жанындагы падышалык борбордон турак жай даярдап койдум. Сен сууну жана толкундун шоокумун абдан сүйгөндүгүңдү билип, сен каалаганыңды аткарып койдум. Менин ишенимдүү кызматчыларымдын жүрөгүндөгү каалоолорунун баарын аткарам.

Кайрымдуулук унчукпай эле калды.

Падыша улантып жатты:

– Сен шаардын он районун башкарасың. Аффабель шаарынын жүз жыйырма районун башкарган дагы башка оноо бар. Сен мени менен жана азыр тактыда отурган башка жетимиш жети шаар башкаруучулары менен иштейсиң. Аларга билим, өнөр жай, көңүл ачуу, искусство жана башка нерселерди жетектегенге бийлик берилген. Жетимиш жети башкаруучу, мен жана Атам Аффабелдеги жашоону көзөмөлдөп, пландаштырабыз. Сен менин ишенимдүү кеңешчилеримдин бири болуп, мени менен шаардын жарандарын байланыштыруучу болосуң.

Сен бул шаарда гана эмес, башка жетимиш жети башкаруучу сыяктуу эле мени менен падышачылыктын сырт жактарын да башкарасың. Мен сага Бенджилл континентинин жыйырма шаарынын үстүнөн бийлик берем. Сен бул континенттин премьер-министри болосуң. Бул шаарлардын жетекчилеринин жана тургундарынын бардыгы сага баш ийишет. Сен болсо менин алдымда гана баш иесиң.

Джейлиндин бул сөздөрүн уккан Жөнөкөй классташы үчүн кубанганынан ордунан ыргып турду. Бирок, падышачылыктын пайдасы үчүн миңдеген жашоолорго таасир этүү мүмкүнчүлүгү бар болуп туруп, аны пайдаланбай койгонун ойлогондо кубанычына өкүнүүнүн көлөкөсү кошулуп кетти. Ал түзмө-

түз Джейлиндин өзү менен иштешүү артыкчылыгына ээ болгон башкаруучу боло алмак. Ал Аффабель падышачылыгында жашаганга мүмкүнчүлүк беришкенине ыраазы эле. Бирок, Энделде жашоосун бекер өткөзгөнү жана ал нерсе анын калган 130 жылдык өмүрүнө таасир эткенин түшүндү.

Падыша күзөтчүлөрдүн башчысына кайрылды:

– Мага жеңүүчүнүн таажысы менен башкаруучунун таягын алып келгиле.

Таажы менен таякты алып, ал Кайрымдуулуктун башына кийгизди.

– Жакшы! – деп кубана үн салды падыша. – Жакшы кул! Сен аз нерсеге ишенимдүү болдуң, алгын да он районду жана жыйырма шаарды башкаргының.

Андан кийин Джейлин ага таякты берип минтип айтты:

– Сен мындан ары Кайрымдуулук деп аталбайсың. Мен сага жаңы ысым берем, сенин атың эми – Сүйүктүү Жеңүүчү. Мен Энделдин жашоочуларын алдын ала эскерткем: Менин иштеримди ким аягына чейин сактаса жана жеңсе, ага областтардын жана элдердин үстүнөн бийлик берем, ал Мен Атамдан алгандай эле (бийликти) алат да, аларды темир таяк менен башкарат.

Джейлин акыркы мөмө калган столго келди. Ал аны алып Сүйүктүү Жеңүүчүгө алып келди да, минтип айтты:

– Менин кымбаттуу досум жана кызматташым, сен өмүр дарагынын жемишинен жесең болот.

Аны даамдап көргөн Сүйүктүү Жеңүүчү дүйнөдөгү эң бир даамдуу ушул мөмөнү кимдер жешкен болсо, ошолор сыяктуу эле ушунчалык сонун тазаланууну сезди. Анын ойлорун дагы да чоң сүйүү толтурду, анан кызмат кылууга болгон каалоосу ушунчалык өстү, ал мурда мынчалыкты сезген эмес. Ал өткөндөгү ар кандай жарааттардан, караңгы ойлордон бошонду. Баары жаңы болуп калды. Ал жаңы күчкө толууну сезди жана ишеним менен бакытка толуп турду. Сүйүктүү Жеңүүчү Джейлинге карап жылмайды. Андан кийин эч кандай себеби жок

эле чогуу кубанып күлүштү. Бул түбөлүккө улана турган достуктун башталышы болчу.

Джейлин аны тактыга алып келип, минтип айтты:

– Сүйүктүү Жеңүүчү, бурулгун да, өз үй-бүлөңдү карагын. Ал бурулуп караганда, ага толтура кол чабуулар шатырады. Кубаныч менен бий залды толтурду. Бул бир дагы майрамга окшобойт эле. Сүйүктүү Жеңүүчүнүн жүзүндө жаркыраган жылмаюу пайда болуп, ушундай сүйүү аны толкундантып жиберди. Падыша аны далысынан кучактап минтип жарыялады:

– Ишенимдүү жана жакшы кул, өз кожоюнуңдун кубанычына ортоктош бол. Ушуну менен биздин даңктуу Аффабель падышачылыгы, падыша жана анын кызматчылары тууралуу таржымалыбыз аягына чыкты.

## Эскертүү жана насааттоочу сөз

Мурдагы бөлүмдөрдөн биз ыйыктардын үстүнөн кандай сот болоору тууралуу кичинекей гана учкунду көрдүк. Мен толугу менен аны айтып бере албаймын, бирок Машайактын Соттоочу жайы бул китепте жазылган ар кандай даңктан жогору болот. Анткен менен, аллегорияда Падышачылыктын көптөгөн чындыктары чагылдырылган.

Таржымалдын бөлүкчөлөрү чындыктын өзү боло албайт, болгону аны күчөтүүчү жана белгилеп көрсөтүүчү гана болот. Ыйса үлгү насаат аңгемелерди айтып берген кезде чындыкка реалдуу тиешеси жок эле бөлүкчөлөргө жармашып албай, Ал ошол аңгемеде бергиси келген маанини көргүлө.

Мен дагы Машайактын түбөлүк Падышачылыгына тиешеси бар маанилүү учурларды баса белгилеп коюуга аракеттендим. Китепти окуп бүткөндөн кийин силер аллегорияны кайра окуп чыгууда өткөн бөлүмдөрдө келтирилген жана кийинки бөлүмдөрдө келтирилген аяттардан Жазуунун окутуудагы тереңдигин баамдайсыңар.

# 9-БӨЛҮМ

# АСМАН

*Ал эми мен адилдигим менен Сенин жүзүңдү карайм.*
*Ойгонгондо, Сенин бейнеңди көрүп, көзүм тоёт.*
— Забур 16:15

Келгиле, эми адилеттүү адамдардын кетиши тууралуу сүйлөшөлү. Ишенбегендер үчүн убактылуу туруп турууучу тозок деген жер болуп, анан акыры оттуу көл болгон сыяктуу эле, өлгөн адилеттүүлөр үчүн да убактылуу кармалып туруучу жай болот. Азыркы үйдү көпчүлүгү асман деп аташат, бирок дагы да тагыраак айта турган болсок, асмандагы Иерусалим деп аталат. Адилеттүүлөрдүн акыркы турагы да жерде боло турган Иерусалим. Бул шаар финалдык сот болгондон кийин жерге түшөт. Анын аты – Жаңы Иерусалим (Аян 21:2).

## Жогорку Иерусалим

> “Силер болсо Сион тоосуна, тирүү Кудайдын асмандагы Иерусалим шаарына, түмөндөгөн периштелерге, салтанаттуу чогулушка, ысымдары асмандагы китепке жазылган тунгучтардын Жыйынына, баарынын соттоочусу болгон Кудайга, жеткилеңдикке жеткен адилеттүүлөрдүн рухтарына, жаңы келишимдин арачысы Ыйсага, Абылдын канынан да жакшы сүйлөгөн чачыратылуучу канга жакындап келдиңер...” (Эврейлерге 12:22-24).

Асмандагы Иерусалим же жогорку Иерусалим (Галаттыктарды карагыла),– бул шаар биздин таржымалда Аффабель деп берилди. Ал Сион тоосунда турат. Ал жерде Атасы жана Уулу миллиарддаган периштелер менен чогуу жашайт. Ал

жерде салтанаттуу собор жана Байыркы Келишимдеги ыйыктар менен кошо алгачкы Жыйын жана Машайакта жүрүп адилеттүү бойдон кеткендер бар.

Анан да бул шаарда "жеткилеңдикке жеткен адилеттүүлүктүн руху" жашайт. Эгерде автор байыркы жана Жаңы Келишимде өз сыйлыгы үчүн кеткендер деп эскерип жаткан болсо, алар кайсы адамдар эле?

Эсиңерде болсун, кайрадан төрөлүү менен биз таптакыр жаңы адамдар болуп калабыз, биздин рухубуз да Машайактын рухуна окшоп жеткилең болуп калат жана биз Анда табылабыз. Жазуунун бул бөлүгүндө автор дене же жан жөнүндө айтып жаткан жок, бир гана рух жөнүндө айтып жатат. Бул ушул жер үстүндө Ыйсага кызмат кылган ыйыктарга тиешелүү экендигине мен ишенем. Эврейлерге жазылган Каттын автору бизди минтип ойготуп жаткандыгын ойлонгула: "Ошол себептен... ырайым тактысына кайраттуулук менен жакындайлы" (Эврейлерге 4:16). Ырайым тактысы Кудайдын шаарынын ортосунда жайгашкан, ал эми чакыруу бизге, жерде жашап жаткандарга тиешелүү. Балким, бул жакта азырынча жашап жаткандардын көпчүлүгү, көбүнчө сыйынууда ошол жакта болушкандыгына байланыштуу, такты турган залда жакшы белгилүү болгон адамдар болуп калуулары мүмкүнбү?

Ар бирибиздин рухубуз бар, анда жан бар, ал интеллектиден, азыркы учурда денебизде жашаган эмоциядан турат. Ыйса Кудайга табынуунун бирден-бир жолу, бул "рухта жана чындыкта" табынуу (Жакан 4:24). Пабыл муну сызып көргөзүп атат: "Уулу жөнүндө Жакшы Кабар таратып, *жан-дилим менен кызмат кылып жүргөнүмө* Кудай Өзү...күбө" (Римдиктерге 1:9-10). Биздин рухубуз Кудайдын Рухуна окшош болуп жаралгандыктан жана биз кайра төрөлгөндүктөн, эми биз Ыйсанын каны аркылуу жана Ыйык Рухтун күчү аркылуу такты турган Кудайдын залына Ага табынгыбыз келгенде жана муктаж болгон ар кандай убакта кире алабыз.

## Асманга баруу

Азыркы мезгилде жогорку Иерусалим үчүнчү асманда турат. Бул апостол Пабыл өлөөр алдында болгон реалдуу жай. Ал минтип жазган:

> "...Теңирдин көрүнүштөрү жана аяндары жөнүндө сөз кылууга өтөйүн. Машайакка таандык бир адамды билем, мындан он төрт жыл мурун ал үчүнчү асманга көтөрүлгөн эле. Ал денеси менен жогору алындыбы же денесиз жогору алындыбы, билбейм, Кудай билет. Мен ушундай адам жөнүндө билем, бирок ал денеси менен жогору алындыбы же денесиз жогору алындыбы, билбейм, муну Кудай билет. Ал адамдын бейишке көтөрүлгөндүгүн билем. Ал жерден ал адам сөз менен айтып жеткиргис, адам айтып бере алгыс сөздөрдү уккан" (2 Корунттуктар 12:1-4).

Библияны талкуулагандар Пабыл өзү тууралуу айтып жатканы менен макул болушат. Айткандай, жаңы тирүү котормодо минтип жазылган: "Мен үчүнчү асманга он төрт жыл мурун алынгам". Байкасаңар, Пабыл өзүнүн денесинде экенин билген эмес. Муну менен асман реалдуу жана физикалуу жер экендигин түшүнө алабыз. Мен асман-көзгө көрүнбөгөн мейкиндик жана ал жакта адамдар учуп жүргөн арбактардай деген көптөгөн адамдардын ойлоруна дуушар болдум. Жок, бул физикалык жер. Ал жакта көчөлөр, дарактар, айбанаттар, имараттар, суу жана башкалар бар.

Мен Пабыл сыяктуу асманда болуп келген адамдар менен жеке таанышмын, бирок эң жакшы көргөн окуямды айтып бергим келип жатат. Менин Грэг деген пастор досум бар. 1979-жылдын октябрь айында, өзүнүн биринчи кызматынан үйгө кайтып келип, ал анын аялы тепкичте жатып алып токтоно албай ыйлап жатканын көрдү. Ал дароо эле олуттуу бир нерсе болгонун түшүндү. Бир аздан кийин ал анын он жаштагы Джастин аттуу баласы, жуунганча футбол мелдешин көрөм деп, жууна турган бөлмөгө сыналгы алып киргенин билди. Кокусунан ал сыналгыны суу толо ваннанын ичине түшүрүп алып, токко тартылат.

Грэг өзүнүн баласынын тамырдагы кагышы жок экенин көрдү, анын денеси көгөрүп жана муздап калыптыр, көздөрү бакырайып ачылып мээсинин иштебей жатканын көрсөтүп турду. Мурда Лос-Аджелестин шерифтик департаментте шериф жардамчысы болуп иштеген Грег, биринчи жардам курсун өткөн жана көп эле өлүмдөргө күбө болгон. Полиция кызматкери болгон учурда ушундай абалга туш болсо, ал өлүм деп эсептеп, тергөөчүнү чакырып коймок.

Бирок, Грэг сыйынуунун күчүн билген, ишенген адам эле. Биринчи жардамды көргөзгөндөн бир нече мүнөт өткөн соң, ал бул аракеттерин медициналык кызматкерлерге калтырды да, өзү сыйынуусун уланты. Алар Джастинди жашоого кайтаруу аракетин кырк беш мүнөт көрүштү, бирок ийгиликсиз. Кардиограмма бир түз сызыкты эле көргөзүп турду. Медиктер аракеттерин токтотушуп, фанат качан тынчтанаар экен деп күтүп калышты.

Акыры Грэг минтип сыйына баштады: "Ата, менин башка ишенимим жок. Менин ишенимим түгөндү, бирок мен, Сенин Сөзүң башка ишеним жөнүндө айтып жатканын билем. (ал 1 Коруттуктарда 12:9-да жазылган, белекке берилген ишеним жөнүндө айтып жатты).

Грэг ошондо анын башына кол коюлгандай сезим болгонун айтты. Ал дароо эле күч менен бийликти сезип, баласына: "Сен Ыйсанын ысымы менен жашайсың жана өлбөйсүң!"– деп кыйкырды.

Күтүүсүздөн ЭКГ аппараты үн чыгарып, экранда сигнал пайда болду. Медицина кызматкерлери кубанганынан ыргып кетишти. Джастинди алып, тепкич менен ылдый жакка түшүрүшкөн учурда, ал бир аз кызарып, көздөрү өз калыбына келип, денеси болсо жылуу болуп калды.

Грэг кубанып турду. Анын баласы кайрадан тирүү жана дени сак болуп калды. Досторунун бардыгы үчүн Кудайдын кылганы жөнүндө кереметтүү күбөлүк пайда болду. Ошол учурда ал баласы үчүн күрөш жаңыдан башталып аткандыгы жөнүндө түшүнө элек болчу.

Доктурлар бала комада экенин билдиришти. Аны изилдегенден кийин, бөйрөк кабыкчасы катетер аркылуу агып чыгып атканы билинди, кесиптик эмес тил менен айтканда – анын денеси эрип баратты. Кийинчерээк врачтар өзүнүн чечимин айтышты: баланын интеллектинин деңгээли үч айлык баланыкы менен тең болуп IQ 0,01 барабар болот.

Атасынын жети ай чегинбестен сыйынууларынан кийин Джастин комадан чыкты. Бул нерсе болгон учурда атасы жанында эле, ошондуктан ошол эле замат суроолорду бере баштады жана аларга дароо жоопторду да ала алды. Джастин мектепти, колледжди, Библия мектебин бешке бүттү. Жада калса, өзүнүн классынын старостасы болду. Бүгүнкү күнү ал үйлөнүп эки балалуу.

## “Ата, мен Ыйса менен болдум”

Ооруканадан чыккандан үч күн өткөндөн кийин Грэг баласынын жүзү нурданып турганын байкады. Ал андан: “Джастин, эмне болуп жатат?”– деп сурады.

Бала:“Ата, мен Ыйса менен болдум. Сыналгы ваннанын ичине түшүп кеткенде мен эч нерсе сезген жокмун. Чоң периште менин оң колумдан кармап, денемден алып чыгып кетти. Биз туннелдин ичи менен таң калаарлык ылдамдык менен учуп кетип бараттык. Биз асман көчөлөрүнө жеткиче жарык ылдамдыгы менен учуп бардык”.

Ал атасына көчөлөрдүн үстү алтын менен капталган эмес эле, таза алтындан жасалганын айтып берди, ал металлдан өтүп көрө алгандыгын айтып берди. Жерде алтынды асмандагыдай деңгээлге чейин тазарта албайсың, бирок жерде алтын өңдөтүш үчүн такай алтын менен капташат (бул биринчи космосчулардын шлемдеринде, жапкычтарында, учак кабинкаларында, имараттарда жана башка жерлерде кылынчу). Ошентип, тазаланган алтын тунук болот.

Джастин аны биринчилерден болуп асман көчөлөрүндө өлгөн туугандары тосуп алганын айтты. Ал ар бирин атынан атап чыкты, ал тургай, өмүрүндө көрбөгөн жана аттарын билбегендерди да атынан атады, ал эми ата-энеси ал адамдардын аттарын билишчү. Ага асманда жолуккан адамдардын арасында Филлис аттуу аял бар эле. Ал бул окуя болордон бир ай мурун Джастиндин энеси менен куткаруу сыйунуусун сыйынган кошуна эле. Өзүнүн Ыйсага болгон кайрылуусунан эки жума өткөндөн кийин ал аял өлүп калган болчу.

Алар аны менен сүйлөшүп жатышкан учурда кокусунан желбиреген бир нерсенин үнү чыкты, чогулуп турган эл экиге бөлүндү. Баланын маңдайында Ыйса турду.

Ал Джастинге асманды көргөзүп алып жүрдү. Ал жакта көптөгөн көчөлөр жана имараттар бар экен, бул чоң шаар эле. Гүлдөр, чөптөр жада калса, гармоналдуу үндөнгөн таштар да тирүү болчу. Алар өзүнүн ыры менен Кудайды даңктагандай көрүнгөнүн айтты. Эгер ал гүл же чөптү басса да алар сынган жок, бирок дароо эле кайра түздөлүп калып жатты. Джастин гүлдөрдүн жердегилерге караганда жарык жана каныккан гүлдөр экендигин байкады. Аларда мурда көрбөгөн да өңдөр бар болчу. Ага ата энесине жана эки бир тууганына даярдалган чоң үйлөрдү көрүү артыкчылыгы берилген эле.

Анан ал эс оогончо таң калды. Ыйса Джастин кайра артка кайтуусу керектигин айтты. Ал асманды калтыргысы келген жок, бирок Ыйса аны көшөгөнүн жанына алып келди, аны жылдырып Джастин атасынын артка чакырып атканын көрдү. Ыйса мындай деди: “Ал сенин атаң жана сени кайра артка чакырып алганга бийлиги бар”.

Ошол учурдан кийин Джастин атасына, мен дагы өлүп кала турган болсом, эч качан артка чакырба деп айтты. Досумду угуп жатып мен бул бөлүк, окуянын эң тамашалуу бөлүгү деп ойлодум. Асман жерден аябай сонун, мен ал жакта болгондордун артка кайтып келүүсүн каалабаганын көрдүм. Пабыл филиппилик жыйынга жазганда да ушул сыяктуу ички күрөштү

жашап өткөн: “Мен тигинисине да, мунусуна да тартылам. Бул дүйнөдөн кетип, Машайак менен бирге болгум келет, анткени бул эң жакшы” (Филипиликтерге 1:23, кеңири котормо). Жөн эле мыкты эмес, салыштыргыс мыкты, салыштыргыс мыкты! Ал шаарды көрүп, ал жакка кайрылып келгиси келди, бирок Падышачылыктын пайдасы үчүн калууну тандады.

Кечирээк Джастин атасына асманда он жаштагы бала эмес,улуу киши болуп жүргөнүн айтып берди. Көпчүлүк жана Джастин да биздин даңкталган денелерибизде отуз үч жашта болобуз деп ишенишет, Ыйсанын жашында, Анын айкаш жыгачка кагылган жашында, анткени Жазуу айтып тургандай: “Сүйүктүүлөрүм, биз эми Кудайдын балдарыбыз. Бирок эмне болорубуз бизге айкын боло элек. Машайак келгенде, Ага окшош болорубузду гана билебиз. Анткени Анын кандай экенин көрөбүз” (1 Жакан 3:2).

Бул мен айтып бере ала турган, реалдуу окуялардын бири гана. Бирок, Жазууларга таянсак, ушул бир окуя деле асмандын реалдуу экенин ырастайт. Ыйсанын ишенимдүү кулдары, бул жерди таштап кеткенде, ушул шаарга киришет.

## Рух, жан жана дененин куткарылышы

Буга чейин айтылгандай, Ыйсаны өзүнүн Кудайым деп кабыл алган учурдан баштап адамдын руху толугу менен жаңы жаралган сыяктуу болот. Көз ирмемде адам Ыйсага окшош болуп калат. Бул апостол Жакан аркылуу ырасталган: “...Анткени Ал кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз” (1 Жакан 4:17). Бул жактан айкын болгондой, Жакан өз сыйлыгын алыш үчүн кеткендер эмес, азыр ушул жердеги ишенгендер жөнүндө айтып жатканы көрүнүп турат. Чынында эле, Кудайдын Рухунан кайрадан төрөлгөн адам бул жакта жана азыр рухта жеткилең.

Биздин рухубуз куткарылгандан кийин, буга чейин айткандай акылдан, эрктен жана сезимдерден турган жаныбызды куткаруу иши башталат. Кудайдын Сөзү жана биздин тил алча-

актыгыбыз аркылуу биздин жаныбыз кайра жаралат же куткарылат. Апостол Жакып муну ырастап турат: “*Сүйүктүү бир туугандарым*... Ошондуктан ар кандай ыпыластыкты жана калган жаман адаттарыңарды таштап, жүрөгүңөргө *себилип жаткан, жаныңарды куткара* ала турган сөздү момундук менен кабыл алгыла. Сөздү угуучулар гана болуп, өзүңөрдү алдабастан, сөздү *аткаруучулар* болгула” (Жакып 1:19,21,22). Жакып бир туугандарына алардын жанын сактоого тийиштүү сөздөр менен кайрылып жатканын байкаганыбыз маанилүү. Ал Кудайдын Сөзүн угууга жана Сөзгө тил алчаак болууга басым жасап атат.

Адамдын куткарылуу деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берген жалгыз гана нерсе – анын жаны. Кудайдын Сөзүнө тил алчаак болуу жана угуу аркылуу биз өз ара кызматташабыз. Ал биздин куткарылуу процессибизди тездетет, же болбосо Кудай Сөзүн баалабаганыбыздын айынан куткарылуубузду кечеңдетет. Жандын жаңырышы ишенген адамдын жакшы финалы үчүн чечүүчү нерсе болуп саналат.

Акыры биздин табиятыбыздын бир гана бөлүгү калат, ал: биздин денебиз. Бул тууралуу Пабыл эмне дегендигин кунт коюп окуп көргүлө:

> “Жердеги үйүбүз, бул чатырыбыз кыйрагандан кийин, Кудай бизге асмандан адамдын колу менен жасалбаган имаратты, түбөлүк үйдү, берерин билебиз. Ошон үчүн асмандагы үйүбүздү кийүүнү каалап, улутунуп жатабыз. Кийимчен туруп, жылаңач деп табылып калбасак эле болду. Бул чатырыбызда турганыбызда кыйналып, үшкүрүнүп жатабыз. Анткени өлө турган нерсенин бардыгынын үстүнөн өмүр жеңишке жетиши үчүн, биз жылаңач болууну эмес, кийимчен болууну каалайбыз. Кудай бизди ошого даярдаган жана бизге Рухту аманат кылып берген. Ошондуктан, ар дайым кайраттуубуз, бул денебизде жашап жатканыбызда, Теңирден алыс экенибизди билебиз. Анткени биз көргөнүбүз боюнча эмес, ишенимибиз менен жашап жатабыз.Ошондуктан, биз кайраттуубуз, денеден чыгып, Теңирдин жанына барууну артык көрөбүз” (2 Корунттуктарга 5:1-8, англ. тилинен которулган).

Бул сөздөр бизге улуу үмүттү берет, ал тургай, биздин жаныбызды тазалайт. Пабыл жөн эле бир айтып кеткен жок, бирок ал бизде жаңы дене болоору тууралуу такай кайталап турат. Башка жеринде болсо, ал минтип айтат: “Анткени чирип калчу бул дене чирибес болот, өлүп калчу бул дене өлбөс болот” (1 Корунттуктарга 15:53). Биздин денебиз Ыйсанын денесинен айырмасы жок болуп калат, ал жөнүндө Ыйса минтип айткан: “Аныкындай өлүм аркылуу Аны менен бириксек, анда Аныкындай тирилүү аркылуу Аны менен биригебиз” (Римдиктерге 6:5) жана “Сүйүктүүлөрүм, биз эми Кудайдын балдарыбыз. Бирок эмне болорубуз бизге айкын боло элек. Машайак келгенде, Ага окшош болорубузду гана билебиз. Анткени Анын кандай экенин көрөбүз” (1 Жакан 3:2).

Келгиле, жакшылап карап көрөлү. Ыйсанын денеси тирилгенден кийин кандай болду эле? Бир кезде биздин денебиз да куткарылууга жеткенде, Ал кандай мүнөзгө – эмнеге ээ болсо, биз да ошого ээ болобуз. Келгиле, Ал тирилген кезде, ошол эрте мененки учурда табыттын ичинде эмне болгонун карап көрөлү. Мүрзөнүн бош калганын көрүп, Теңирди башка бир жакка алып кеткен болуш керек деп Мария ыйлап жаткан.

> “Ушинтип айткандан кийин, ал артына бурулуп, туруп турган Ыйсаны көрдү, бирок Аны тааныган жок. Ыйса андан: «Аял, эмнеге ыйлап жатасың? Кимди издеп жүрөсүң?»– деп сурады. Мария Аны бакчы экен деп ойлоп: «Мырза, эгерде Анын сөөгүн сен алып кеткен болсоң, кайсы жерге койгонуңду айтчы, алып келейин»,– деди” (Жакан 20:14,15).

Ыйса кадимки адамдардан эч нерсеси менен айырмаланган эмес. Ал кинофильмден келген бирөөлөргө окшошуп жаткан жок. Мария Аны тааныбай калды, анткени Ыйса тирүү экендиги анын оюна да келген эмес. Ал Анын мыкаачылык менен өлтүрүлгөндүгүн, айкаштан түшүрүлүп, кантип көргө коюлганын да өз көзү менен көргөн болчу. Ыйса ага атын атап кайрылмайынча, Анын чын эле ошол экендигин Мария билген да жок. Ал

Аны багбан экен деп адашыптыр. Мына ошондуктан биз, Анын денеси биздин денебизге абдан окшош экендигин билебиз.

Ыйсанын денеси кадимки катардагы адамдын денесинен айырмаланган эмес, бирок биз өзүбүздөн сурашыбыз керек: Мария Анын рухунун көрүнүшүн көрдү беле же Ал чынында эле денеде болду беле? Бул суроого тагыраак жоопту биз Ал Өзүнүн шакирттерине көрүнгөн кездеги үзүндүдөн кийинчерээк алабыз. "Бирок Ыйса аларга: «Эмне коркуп кеттиңер? Эмнеге шектенип жатасыңар? Менин колдорумду, буттарымды карагылачы: Бул Мен, Өзүммүн. Мага колуңарды тийгизип көргүлө, элестин денеси да, сөөгү да болбойт, бирок өзүңөр көрүп тургандай, Менде бар»" (Лука 24:38,39) деди.

Анын да булчуңдары жана сөөктөрү бар! Силер менен бизде да сөөктөр жана булчуңдарыбыз бар. Ал кан тууралуу эч нерсе дебейт. Анын себеби Анын каны менен Кудайдын ырайым тагы сыйпалган. Азыр Ыйсанын күрөө тамырларында Кудайдын даңкы жүрүп турат.

Ыйса физикалык тамак-аштарды жей алган. Жазууда жазылып турат: "Алар бир чети кубанып, бир чети таң калып, көргөн көздөрүнө ишене албай турушканда, Ыйса алардан: «Бул жерде силердин жей турган бир нерсеңер барбы?»– деп сурады. Ошондо алар Ага бир кесим куурулган балык беришти. Ыйса аны алып, шакирттеринин көзүнчө жеди" (Лука 24:41-43).

Чогуу тамак жеген бир эле учур болгон эмес. Андай учурлар дагы эки жолу айтылат Жакшы Кабарда. Бир жолу Ага Эммауста жолдон жолуккан кишиникинде, ал эми экинчи жолу болсо – Ал деңиз жээгинде он бир шакиртке тамак даярдаганда. Ошондуктан, биз даңктуу денебизде тамак жей алабыз.

Кадимки адамдардай эле Ыйса даңкталган денесинде да сүйлөп, ырдап, басып, бир нерселерди кармай алган, ж.б., бирок Ал ошондой эле, дубалдар аркылуу өтүп кете алган жана көз ирмемде көздөн кайым болуп да кеткен!

Силер: "Анын булчуңдары жана сөөктөрү бар беле, Ал дубал аркылуу өтүп жана көздөн кайым болуп кете алганбы?"

деп сурарсыңар. Ооба, Жакан эмне деп жазганын карап көргүлө. “Ошол эле күнү кечинде, жуманын биринчи күнү, Ыйсанын шакирттери бир үйгө чогулуп, жүйүттөрдөн корккондуктан, эшиктерин бекитип алып отурушкан эле. Ошол учурда Ыйса келип, алардын ортосуна турду” (Жакан 20:19).

Ошол күнү Ыйса Фомадан манжаларын Анын жараат алган колдоруна жана капталына коюп көрүүнү суранган. Биз ансыз деле Анын сөөктөрү жана булчуңдары – эттери болгондугун билебиз. Эгерде эшиктер жабык болсо, анда кантип Ыйса алардын ортосунда болуп калды? Ал дубал аркылуу өтүп кирип, көзгө көрүндү, анан эле кайра оңой эле көздөн кайым болду, бул тууралуу да жазылып коюлган. Ал Эммауста жолдо жолуккан адамдар менен нанды сындыргандан кийин “... алардын көздөрү ачылып, Аны тааный коюшту. Бирок Ыйса аларга көрүнбөй калды” (Лука 24:31).

Даңктуу денеде биз дагы ар кандай жерлерде көрүнүп жана көздөн кайым боло алабыз. Бул деген, биз жаңы жер менен жаңы асмандын ортосундагы эбегейсиз чоң аралыкты кантип багынта аларыбыз тууралуу айтып жатат. Бизге муну кылууга туура келет, анткени башка галактикаларды айтпаганда да, Кудайдын шаары узунунан да, туурасынан да 1400 км.ден турат. Бизде ошондой эле абага көтөрүлүп кетүү мүмкүнчүлүгү да болот. Ыйсанын Өз шакирттери менен кырк күн чогуу болгондон кийин кантип асманга көтөрүлүп кеткендигин эстеп көргүлө. Джастин өз атасына айтып берген нерселердин бири (менин асманда болуп келген башка тааныштарым да айтат), ал баса алган, уча алган жана көз ачып – жумганча бир жерден экинчи жерге которула алган.

## Машайактын миң жылдык падышачылыгы

Бизге Кудайдын шаарынын жылып жүргөнү тууралуу сүйлөшүү зарыл, бирок келгиле, ага чейин болуп өтө турган окуялар тууралуу сүйлөшөлү. Кылымдын аягында жыйын-

дарга жети жылдык кайгы келет. Антихрист-мыйзамсыздыктын кишиси ачылып, көптөрдү адаштырып кетет. Ал абдан көтөрүлүп, баарынан өзүн жогору коюп, Кудаймын деп аталып, ыйыктарды аңдып жана өлкөлөрдү Кудайга каршы козголоңго алып келип, туңгуюкка кептейт.

Ушул мезгилде Теңир Өзүнүн ыйыктары үчүн келет. Кээ бирлери бул жети жылдык кайгыга чейин болот деп ишенишет, кээ бирөөлөр ошол мезгилдин ортосунда болот дешет, башкалары болсо-аягында болот дешет. Биз ошого даярбызбы, ошол маанилүү.

Пабыл Жаңы Келишимде асманга көтөрүлүү темасын бир нече жолу көтөргөн. Ушундай жерлердин бирөөсүндө минтип айтылган:

> "Анткени буйрук берилгенде, башкы периштенин жана Кудайдын сурнайынын үнү чыкканда, Теңир Өзү асмандан түшүп келет. Адегенде Машайакка ишенип жүрүп көз жумгандар тирилишет. Андан кийин тирүү жүргөн биз алар менен бирге Теңир менен абада жолугушуу үчүн, булут үстүндө асманга көтөрүлөбүз. Ошентип, түбөлүккө Теңир менен болобуз. Ошондуктан бири-бириңерди ушул сөздөр менен соороткула" (1 Тесоланикалыктарга 4:16-18).

Бул Ыйсанын экинчи жолу келиши эмес, анткени Ал жерге түшпөйт, Өзүнүн ыйыктарын булут үстүндө тосуп алат. Экинчи жолу келүү Ыйса ак боз атты минип, курамында миллиондогон ыйыктар болгон асман аскерлерин баштап келгенде жети жылдык кайгынын аягында болот (Жүйүт 14тү карагыла).

Антихрист, жалган пайгамбарлар, дүйнөлүк лидерлер, жана бардык элдин аскерлери чогулат да, Теңир жана Анын аскерлери менен салгылашууга чыгат. Ыйса аларды Өз кылычтары менен зыянга учуратат жана алардын сөөктөрүн асман канаттуулары чокулайт. Бул салгылашты адатта Армагедон деп атап коюшат, анткени, Иерусалимдин түштүк – чыгышындагы Кармил тоосунан уланган Мегиддо өрөөнүндө болот. Көптөгөн теологдор бул адамдар эмки кылымда, Ыйса

миң жылдык падышачылык деп атаган учурда жашаш үчүн, алар тирүү калат деп ойлошот. Алар тирүү калышат да, Машайактын бүткүл дүйнөлүк бийлигине баш ийишет. Алардын кадимкидей эле денеси болот, анан алар кайрадан жер бетин толтура башташат (Аян 16:16;19:11-21 карагыла).

Негизи, жерде адамдардын эки түрү табылат – Армегедондон кийин тирүү калгандар жана Ыйса менен бирге кайтып келген ыйыктар. Ыйыктардын денеси Ыйса Падышага окшош болот. Аны менен бирге алар жерди башкарышат. Адамдардын бул эки түрү да Ыйса Өз тирилүүсүнөн кийин шакирттери менен сүйлөшкөндөй эле сүйлөшөөрүн элестетүү кыйын деле эмес. Даңкталган ыйыктар сйлөшүшөт, басып жүрүшөт, тамактанышат жана кадимки денеде жүргөндөр менен баарлашышат.

Жазууда айтылган боюнча, шайтан жана анын жиндери миң жыл байланып турган кезде жалпы дүйнөлүк тынчтык өкүм сүрөт. Бардык элдердин Кудайга болгон улуу кайрылуусунан улам согуштар, чыккынчылыктар, жек көрүү, уятка калуу, кылмышкердик, оорулар болбойт. Михей пайгамбар мындай дейт:

> “Акыркы күндөрдө мындай болот: Теңир үйү турган тоо тоолордун башына коюлат, ал адырлардан жогору көтөрүлөт, элдер ага агылып келишет. Көп элдер келип: «Келгиле, Теңирдин тоосуна чыгып, Жакыптын Кудайынын үйүнө кирели, Ал бизге Өзүнүн жолдорун үйрөтөт, ошондо биз Анын жолдору менен жүрөбүз. Анткени Сиондон мыйзам чыгат, Иерусалимден Теңирдин сөзү чыгат»,– дешет. Ал көп элдерди соттойт, алыскы өлкөлөрдөгү көптөгөн уруулардын айыбын ашкере кылат. Кылычтарын соко кылып, найзаларын орок кылып кайра согуп иштеп чыгышат. Бир эл бир элге кылыч көтөрбөйт, ошондон кийин согушууга үйрөнүшпөйт, тескерисинче, ар бири өзүнүн жүзүм сабагы менен анжыр дарагынын түбүндө отурат, аларды эч ким коркутпайт, анткени муну Себайот Теңир Өзү айтты” (Михей 4:1-4).

Кудайдын бардык элдери Анын мыйзамы менен жашап калышкан учурда каржы системасында коопсуздук жана жалпы гүлдөө болот. Ал абдан жакшы мезгил болот!

## Соттун улуу, ак тактысы

Кырк жылдык байлоодон кийин шайтан туткундан чыгат. Ага чыгууга жана элди алдоого мүмкүнчүлүк берилет. Бул даңктуу денедеги ыйыктарга тиешелүү эмес, бирок Армагедондон кийин аман калгандарга же ким миң жылдык падышачылык мезгилинде төрөлсө, ошолорго таандык.

Козголоңчулар баары биргеликте Иерусалимди курчап алышат, анан ошондо Кудай аларды жалмап кете турган отту жиберет асмандан. Шайтан "оттуу көлгө" ыргытылат да, күнү – түнү, кылымдардан кылымга кыйналууга берилет жана ал жактан эч качан чыкпайт (Аян 20: 7-10).

Ушундан кийин дароо эле Соттун улуу ак тактысы келет. Тозок Адамдан баштап, акыркы салгылаштагы өлгөн адамдарга чейин баарын кайра берет. Жахаба менен келишимге кирбеген Байыркы Осуят мезгилиндеги бардык адамдар, кийинки мезгилде Теңирге баш ийбегендер, бүт баары падышанын алдында турушат жана таржымалдагы Көзкарандысыз, Алданган, Коркок, Экибеттүү Жашоо сыяктуу болуп отчёт беришет. Ал эми кимдин аты Өмүр Китебинде жазылбаган болсо, алар шайтан жана анын жолдоочулары менен бирге оттуу көлгө ыргытылышат.

## Жаңы асман жана жаңы жер

Мурдагы жер менен асманды от жалмап кетер менен (2 Петр 3:10-13тү карагыла), жаңы асман жана жаңы жер пайда болот. Апостол Жакан минтип жазат: "Анан мен жаңы асманды жана жаңы жерди көрдүм. Анткени мурунку асман менен мурунку жер жок болгон эле, деңиз да жок болгон" (Аян 21:1).

Андан кийин апостол Жакан жаңы жерден орун алып жайгашуу үчүн асмандан чыгып жаткан жаңы Иерусалимди сүрөттөп берет. Бул колукту, Козу тууралуу айтып жатат.

Анткени ал Теңир куткарып алган бардыгы үчүн Адамдан баштап, Анын экинчи келишиндеги кабыл алынгандарга чейинкилер үчүн үй болуп калат. Жакан бул жаңы Иерусалим тууралуу кеңири айтып берет:

> "Анан ал мени Рух аркылуу чоң жана бийик тоого алып чыгып, асмандан, Кудайдан түшкөн улуу, ыйык Иерусалим шаарын көрсөттү. Ал Кудайдын даңкына толуп турган эле. Анын шам чырагы асыл ташка, кристалл сыяктуу тунук яспис ташына окшош экен. Анын чоң жана бийик дубалы, он эки дарбазасы бар эле. Дарбазалардын үстүндө он эки периште, дарбазалардын бетинде Ысрайыл уулдарынын он эки уруусунун аттары жазылыптыр: чыгыш тарапта үч дарбаза, түндүк тарапта үч дарбаза, түштүк тарапта үч дарбаза, батыш тарапта үч дарбаза бар экен. Шаардын дубалынын пайдубалы он эки таштан турат экен, алардын бетине Козунун он эки элчисинин ысымы жазылыптыр. Мени менен сүйлөшкөндүн колунда шаарды, анын дарбазаларын жана дубалын ченей турган алтын таягы бар экен. Шаар төрт бурчтук түрүндө эле, анын узундугу менен туурасы бирдей экен. Ал шаарды таяк менен ченегенде, он эки миң стадий болду: узундугу, туурасы жана бийиктиги бирдей. Ал анын дубалын да ченеди: периште адамдар колдонгон чен менен ченегенде, бир жүз кырк төрт чыканак болду. Анын дубалы яспис ташынан тургузулуптур, шаар болсо тунук айнекке окшош таза алтындан эле. Шаардын дубалынын пайдубалы ар кандай асыл таштардан экен: биринчи негизги таш – яспис, экинчиси – сапфир, үчүнчүсү – халкидон, төртүнчүсү – зымырыт, бешинчиси – сардоникс, алтынчысы – кызыл агат, жетинчиси – хризолит, сегизинчиси – берилл, тогузунчусу – топаз, онунчусу – сары зымырыт, он биринчиси – гиацинт, он экинчиси – аметист. Он эки дарбазасы – он эки бермет. Ар бир дарбазасы өзүнчө берметтен жасалган эле. Шаардын көчөсү – тунук айнек сыяктуу таза алтын" (Аян 21:10-21).

Жөн гана каптап алган шаар! Биз эч качан жерде көрбөгөн керемет. Андан байлык, жаркыраган жарык чыгып турат. Ал жакта эч кандай ыпластык болбойт, анткени ал абдан таза.

Жакан сүрөттөөсүн улантат:

> “Анан ал мага Кудайдын жана Козунун тактысынан агып чыгып жаткан өмүр суусунун кристаллдай тунук дарыясын көрсөттү. Анын көчөсүнүн ортосунда, дарыянын аркы тарабында да, берки тарабында да өмүр дарагы өсүп туруптур. Ал ай сайын, бир жылда он эки жолу жемиш берет экен. Анын жалбырактары элдерди айыктырууга арналыптыр. Ал шаарда каргышка калган эч нерсе болбойт. Ал жерде Кудайдын жана Козунун тактысы болот, Ага Өзүнүн кулдары кызмат кылышат. Алар Анын жүзүн көрүп турушат, алардын чекесинде Анын ысымы жазылуу болот. Ал жерде түн болбойт, алар шам чырактын жарыгына же күндүн жарыгына муктаж болушпайт, анткени Кудай-Теңир Өзү алардын үстүнөн жаркырап турат. Алар түбөлүккө падышачылык кылышат” (Аян 22:1-5).

Биз Анын жүзүн көрөрүбүз тууралуу Жазуу эмне дегенине көңүл бургула. Муса эмнени көрүүнү ушунчалык каалап, бирок сунушу четке кагылган болсо, бизге ошону көрүүгө уруксат берилет. Бул кандай гана керемет!

Анан да Өмүр дарагынын жалбырактары *элдин айыгышы* үчүн жаратылганына көңүл бургула. Бул бир нече кызык суроолорго түртөт. Бул эл кимдер, анткени шаарда жалаң гана ыйыктар жашайт да? Алар кимдин үстүнөн кылымдар бою бийлик кылышат. Ошол мезгилде адамдар кадимки денеде эле жашашабы? Буга Ышайа жооп берет:

> “Анткени мына, Мен жаңы асманды жана жаңы жерди жаратып жатам, мурункулар мындан ары эскерилбейт, ойго да келбейт. Силер болсо Мен жаратканга кылымдар бою кубанып, шаттанасыңар: анткени мына, Мен Иерусалимди шаттык менен жаратып жатам, анын элин кубаныч менен жаратып жатам. Мен Иерусалимге кубанам, Өз элиме сүйүнөм. Эми анын ичинде ыйдын үнү, боздогон үн угулбайт” (Ышайа 65:17-19).

Эми Ышайа жаңы Иерусалимде болбогон элге кайрылат:

> “Ал жерде эми жетер жашына жетпеген ымыркай бала же кары адам болбойт, анткени жүз жаштагы адам жаш бойдон өлөт, бирок жүз жаштагы күнөөкөр каргышка калат. Жаңы

> үйлөрдү куруп, ошол үйлөрдө жашашат, жүзүмзарларды отургузуп, мөмөлөрүн жешет. Алар башка бирөө жашаш үчүн үй курушпайт, башка бирөө жеш үчүн жүзүмзар отургузушпайт, анткени Менин элимдин өмүрү дарактын өмүрүндөй болот. Мен тандап алган адамдар өз эмгегинин үзүрүн көпкө чейин көрүшөт. Алар текке эмгектенбейт, балдарын кайгы үчүн төрөбөйт, анткени алар Теңирдин батасын алган тукум болот, алардын укум-тукуму өздөрү менен бирге болот. Алар чакырардан мурун эле, Мен жооп берем. Алар сүйлөп жатканда эле, Мен угам. Карышкыр менен козу бирге жайылат, арстан өгүздөй болуп саман жейт, ал эми жыландын тамагы топурак болот. Алар Менин ыйык тоомдун эч бир жерине зыян келтирбейт, жамандык кылбайт»,– дейт Теңир” (Ышайа 65:20-25).

Көпчүлүгү Жазуунун ушул пайда боло турган *жаңы асман* жана жаңы жердин качан пайда болору, миң жылдык падышачылык мезгилиндеги Машайактын башкаруусу жөнүндөгү жерине туура эмес карашат. Жакандын жана Ышайанын жазгандарын дыкаттык менен талдоо аркылуу шаардан тыш жашаган да адамдар болорун көрөбүз. Алар жалпы тынчтык жана өнүгүп-өсүү мезгилине түбөлүккө өзүлөрүнүн үйлөрүн куруп алышкан. Бул ыйык шаарда жашаган ыйыктарга тиешелүү эмес, анткени алар Ыйса Өзү даярдаган үйгө ээ болушту (Жакан 14:2-4 карагыла).

Анан да ал жакта ошол адамдардан туулган балдар да болот. Алар да даңкталган ыйыктарга тиешелүү эмес, анткени Ыйса даңкталган денелердегилер никеге турушпастыгын, бала төрөбөстүгүн ачык-айкын эле айткан. Ыйса: “Анткени өлгөндөр тирилгенден кийин, аял алуу, күйөөгө тийүү деген болбойт. Алар асмандагы Кудайдын периштелериндей болуп калышат” (Матай 22:30). Бул дагы Джастин өзүнүн асманда барышында далилденген дагы бир факт. Ал адамдар жаңы жерге жайгашышып, аны өөрчүтүшөт. Эгерде Адам күнөө кетирбегенде, ошол жерди кандай толтурушу керек болсо, алар ошондой кылып толтурушат.

Логикалык жактан мунун баарын кантип түшүндүрсө болот? Талаша турган мүмкүнчүлүктөрдүн бирөөсү, миң жылдык падышачылыктын башталышы менен, кадимки адамдын өмүрү узагыраак болот, анткени душман, өлүм, жок болот (1 Корунттуктарга 15:26ны карагыла). Ыйса өлүмдүн каргышын руханий жактан да, физикалык жактан да жок кылат. Ушул себептен улам адамзат миң жылдык мезгилде потенциалдуу түрдө жашай алат.

Миң жылдык падышачылыктын аягында алар шайтан бошотулган мезгилде Кудайга каршы козголоң кылышпагандыгы үчүн, бул белек аларга кылымдар бою калып калышы мүмкүн. Забурчу минтип жазган: "Элдер Сени кылымдардан кылымдарга даңкташат" (Забур 44:18) деп. Мындай болушу мүмкүн деген түшүнүктүн бир ыкмасы – бул, элдерди Адам менен Обонун күнөөгө чалына электегисиндей караш керек. Адам өлүм үчүн эмес, түбөлүк жашоо үчүн жаралган. Күнөөгө чалынууда түбөлүк өмүр белеги жоголгон болчу, натыйжада адам өзүнө жана укум-тукумуна өлүм каргышын алып келген.

Жаңы Иерусалимди Машайак кун төлөп куткарып алган даңктуу денедегилер гана ээлешет, ошентсе да Жазуудан көрүнүп тургандай, кадимки денедеги адамдар да шаарга кирип, мөмөдөн жеп жана Теңирге табынышса болот. Бул Жакандын сөзүнөн көрүнүп турат:

> "Куткарылган элдер анын жарыгы астында басып жүрүшөт, жер үстүндөгү падышалар өздөрүнүн атак-даңкын шаарга алып келишет. Анын дарбазалары күндүз бекитилбейт, анткени ал шаарда түн болбойт. Ал шаарга элдердин атак-даңкын жана урмат-сыйын алып келишет" (Аян 21:24-26).

Эң башында адам күнөөгө азгырылып кеткен. Анын жазасы түбөлүк өлүмгө алып бара турган руханий өлүм жана физикалык өлүм болуп калды. Анткен менен, бул Кудайды жер бетиндеги адамдар үчүн Өзүнүн *түбөлүк планынан* баш тартууга мажбур кыла албады.

Адамдын тил албастыгынын натыйжасында Кудай өз планынын кыйрашына макул боло алмакпы? Жок. Машайактын кун төлөп куткарып алышы менен күнөөгө баткан адамзаттан *даңкталган асман элин* чогултуп, Ал адамдын жеңилүүсүн батага айландырып койду. Акыр аягында жаңы жерде Машайак адамзаттын үстүнөн падышачылык кылат. Бул ишенимдүү башкармага айткан Ыйсанын сөзүн жакшылап түшүнүүгө бизге жардам берет: "Падыша ага: «Жарайсың, жакшы кул! Аз нерсеге ишенимдүү болгондугуң үчүн, *он шаарга башкаруучу болосуң,*» – дейт" (Лука 19:17). Бул жаңы жерде, түбөлүк эрадагы падышачылыкта болушу мүмкүнбү?

Эгерде күнөөгө батуу болбогондо, анда Кудайда даңкталган класстагы адамдар болмок да, алар Ага жердеги жана бүткүл ааламдагы иштерди кылымдардан кылымдарга башкарууга жардам бере турган адамдар болмок эмес. Ал Өзүнүн түбөлүк акылмандуулугу менен мунун баарын алдын ала билген, ошондуктан да Ал: "...дүйнө жаралганда эле союлган Козу..." (Аян 13:8) деп аталган.

Миң жылдык падышачылыктын башталган учурунан жана жаңы жердеги түбөлүк эрадагы Кудайдын планынын мааниси, адамдар кылымдардан кылымдарга жашасын жана жерди толтурсун дегени аткарылып жаткандыгы. Ыйсанын Сөзү түздөн түз аткарылууда: "Сенин Падышачылыгың келсин; Сенин эркиң асмандагыдай эле, жер үстүндө дагы аткарылсын" (Матай 6:10). Джастин күбөлөндүрүп айткандай, жерде да асманда болгондой эле болот. Таң каларлыктай жаңы өңдөр, Кудайды даңктап ырдаган тирүү таштар менен өсүмдүктөр, жеткилең архитектура, тирүү суу ж.б. Чындыгында эле жеткилең дүнүйө болот!

Ышайа өзүнүн пайгамбарчылык китебин мындай сөздөр менен аяктайт:

> "Анткени Мен жарата турган жаңы асман жана жаңы жер дайыма Менин алдымда тургандай эле,– дейт Теңир,– силердин тукумуңар да, ысымыңар да дайыма Менин алдымда турат. Ошон-

> до ай сайын, ишемби сайын ар бир адам Менин алдыма таазим кылууга келип турат,– дейт Теңир. Сыртка чыгып, Менден баш тарткан адамдардын өлүктөрүн көрүшөт, анткени алардын курту өлбөйт, алардын оту өчпөйт. Алар ар бир адам үчүн жийиркеничтүү болот" (Ышайа 66:22-24).

Бизди силкинте турган бир факт, биз шайтандын, анын жиндеринин жана Теңирге каршы козголоң кылган адамдардын акыры эмне болуп бүткөн, шаардын сыртында жайгашкан жер бизге көрүнүп тургандыгы. Балким, бүткүл жаратылгандар күнөөнүн жана козголоңдун акыры кандай болоорун көрүп турушу үчүн, мында Кудайдын кандайдыр бир акылмандуулугу бардыр. Бул тууралуу ойлонуп көрсөңөр: шайтан азгырыктын жардамысыз эле козголоңго түшкөн. Эгерде Кудай жаза жөнүндө түбөлүк эскертүү калтырган болсо, демек ал Люцифер жана анын жиндери баткан коркунучтуу күнөөдөн сактанууга эскертүү катары кызмат кылат.

Мурда айтылгандай, даңкталган ыйыктар жаңы Иерусалимде, Кудайдын шаарында жашашат. Машайактын соттоочу мезгили, миң жылдык падышачылык келгенге чейин алар өз сыйлыктарын алышып жана Түбөлүк Падышачылыктагы өз кызмат абалдарын ээлеп калышарын биз эмки бөлүмдө майда-чүйдөсүнө чейин талдап карап чыгабыз.

## 10-БӨЛҮМ

# МАШАЙАКТЫН СОТУ

*Эмне үчүн сен өзүңдүн бир тууганыңды соттоп жатасың? А сен эмне үчүн бир тууганыңды басынтып жатасың? Баарыбыз Кудайдын сотуна келебиз... Демек, Кудайдын алдында ар бирибиз өзүбүз үчүн жооп беребиз.*
— Римдиктерге 14:10, 12.

Биз баарыбыз Машайактын сотунун алдына келебиз. Пабыл кимдерге кайрылып жатат, ишенгендергеби же ишенбегендергеби? Бул үзүндүнү контексттери менен окуп чыгуу, бул кайрылуу ишенгендерге экендигинен эч кандай шек калтырбайт. Пабыл бизди машайакчылык чечимдердин олуттуулугуна же бир туугандарга карата урматтабагандык менен мамиле кылуу эмне экендигин айтып, булардын баары үчүн отчёт бере турган күн келерин эскертет.

Ошентип, соттун алдына ишенбегендер эле эмес, бардык машайакчылар да келишет да, өзүлөрүнүн жердеги жашоосундагы ар бир нерсе үчүн жооп беришет. Бул өткөн бөлүмдөрдө биз окуп кеткен Корунттуктарга жазылган Пабылдын катында дагы бир жолу белгиленет:

> “Ошондуктан биз кайраттуубуз, денеден чыгып, Теңирдин жанына барууну артык көрөбүз. Денебизде жашап жатсак да, денебизден чыгып кете турган болсок да, Теңирге жагууга аракеттенип жатабыз. Анткени денеде жашап жүргөндө кылган жаман же жакшы иштерибизге жараша тиешебизди алуу үчүн, баарыбыз Машайактын сот тактысынын алдына келишибиз керек. Ошентип, Кудайдан коркуу деген эмне экенин билгендиктен, адамдарды ынандырууга аракеттенип жатабыз. Кудай алдында

ачыкпыз, силердин абийириңердин алдында да ачыкпыз деп ойлойм” (2 Коринттуктарга 5:8-11).

Пабыл бул жерде күнөөкөрлөрдүн соту тууралуу эмес, машайакчылардын үстүнөн болгон сот тууралуу айтып жаткандыгы ачык эле көрүнүп турат. Анын: “Денеден чыгып Теңирге пааналаганыңарды каалайбыз” деген сөзү кимге тиешеси бар экендигинен шек калтырбайт. Ишенбегендердин эч кимиси өзүнүн денесин таштап чыгып кеткенден кийин Теңир менен болбойт, алардын баары тозокко түшөт, алардын түбөлүктүү жайгаша турган жери-оттуу көл.

Биз буга чейин айтып кеткендей, адилетсиздер улуу ак тактынын Соту деп белгилүү болгон соттун алдында турат, бул сот ишенгендердин сотуна караганда бир аз кечирээк боло турган сот.

Келгиле, буга чейинки бөлүмдө сүйлөшкөнүбүз жөнүндө бир аз кайталайлы. Ыйса жерге асман аскерлери менен кайтып келет, антихристти жеңет, шайтанды түпсүздүккө таштап, жана миң жылга Иерусалимден Өзүнүн жер үстүндөгү башкаруусун орнотот. Ошондон кийин шайтан түпсүздүктөн бошотулуп, анан кыска убакытка жер үстүндөгү бүткүл элдерди адаштырууга ага мүмкүнчүлүк берилет. Асмандагы от козголоңчуларды жутуп, шайтан түбөлүккө оттуу көлгө ташталат. Андан кийин ишенбегендер жана адилетсиздер улуу ак тактынын алдындагы сотто туруш үчүн тозоктон тирилишет. Ыйса бул окуя жөнүндө соттолуу үчүн тирилүү деп айтып жатат (Жакан 5:29 карагыла). Кимдин аты Өмүр Китебине жазылбаган болсо, ал оттуу көлгө ыргытылат.

Башка жагынан ишенгендердин үстүнөн сот, улуу ак тактынын Сотунан бир топ эртерээк башталат. Жазууда так убактысы берилген эмес, бирок биз бул нерсе жыйындын асманга көтөрүлүүсүнөн кийин жана Машайактын миң жылдык падышачылыкта башкаруусуна чейин болот экенин билебиз. Ошентип, болжол менен эки сотту бири-биринен миң жыл

бөлүп турат. (Биздин Аффабель жөнүндөгү аллегорияда бул учур чагылдырылган эмес.)

Корунттуктарга жазылган экинчи Катта (5:10) Римдиктерге жазылган Каттагы сөз жаңырык менен чагылдырылган: "Анткени биздин баарыбыз *Машайактын соттоочу жайына* келишибиз анык". Корунттуктар жана Римдиктерге жазылган Каттагы *соттоочу жай* деген сөз-гректин *бема* деген сөзү. Стронгдун "Симфониясы" бул сөзгө: "*тепкич, платформа, трибунал*"– деген аныктама берет. "USB Commentary"– де мындый аныктама берилет: "*Соттоочу жай Рим империясынын шаардык сотундагы соттун оруну болуп эсептелет. Пабыл бул сөздү Машайактын сотун сүрөттөө үчүн колдонот*". Ушул аныктаманын негизинде, биз ишенгендердин үстүнөн боло турган сотту *Машайактын Соттоочу жайы* деп атайбыз.

Машайактын Соттоочу жайы деген түздөн – түз Кудайдын трибуналы болуп саналат. Атасы соттун баарын Баласына тапшырып бергендигин Жазуу жарыялайт (Жакан 5:22ни карагыла). Ыйса Машайак биздин Куткаруучубуз гана эмес, бирок биздин Сотубуз дагы жана жакында Ал Өзүнүкүлөрдү соттойт. "Сот" деген оригиналдуу сөздүн эң эле жөнөкөй түшүндүрмөсү – бул изилдөө учурунда кабыл алынган *макул* же *каршы* деген чечим.

Жыйында, жер үстүндөгү кыска мөөнөттөгү жашоосунда өзүнүн кылган иштери үчүн отчёт берерин билбеген адамдар көп. Көпчүлүгү боло турган сот куткарылгандан кийин жокко чыгарылды деп адашышат. Мунун чындык бөлүгү да бар: Ыйсанын каны бизди Анын Падышачылыгына киргенге тоскоол болгон күнөөлөрдөн тазалайт, бирок биз ишенген адам болуп туруп жакшы же жаман жашаганыбыздын үстүнөн боло турган соттон бошотпойт.

## Түбөлүктүү чечимдер

Анын Машайактын Соттоочу жайында биз тууралуу кабыл алынган соту же чечими түбөлүктүү болот жана өзгөрүлбөйт да, жокко чыгарылбайт.

Бир көз ирмемге токтоп туруп, биринчи бөлүмдөгү талкуубузда түбөлүк деген түшүнүктү, акылыбыз менен камтууга кылган аракетибизди эстесеңер. Жакып биздин жердеги убактылуу жашообуз буу сыякту жоголот дейт (Жакып4:14 кара). Бул жердеги өмүрдүн сексен жаштан жүз жашка чейинки узундугун түбөлүк менен салыштыруу сыяктуу. Эгер анда бүгүн бизде болгондой математикадан жеткиликтүү билими болсо, ал салыштыруулар да көбүрөөк так болмок. Мен математиканы окуганда, эң башынан эле түбөлүктүүлүккө бөлүнгөн кандай сан болбосун, нөлгө барабар экенин эстеп калгам.

80 жаш: чексиздик (түбөлүктүүлүк) = 0

же

100 жыл: чесиздик (түбөлүктүүлүк) = 0

Чексиздик менен салыштырылган же бөлүнгөн кандайдыр бир чектелген сан нөлгө барабар болот. Силер жер үстүндө канчалык көп жашаганыңардын айырмасы жок. Силер жүз элүү жашка чейин жашай ала турган болсоңор дагы, түбөлүктүүлүк менен салыштырмалуу жердеги жашоо нөлгө барабар. Бул демек, Ыйсага ишенип туруп, бул убакыттын ичинде нөлгө барабар болгон кылгандарыбыздын баары, түбөлүк жашообузду *кандай* болорун аныктайт деп түшүнсөк болот. Эсиңерде болсун: биздин түбөлүктүүлүктө *кайда* болорубуз, Ыйсанын айкашына жана Анын куткаруучу ырайымына *кандай* мамиле кылганыбызга жараша белгилүү болот, бирок Анын түбөлүктүү Падышачылыгында биздин *кантип* жашашыбызды, биздин куткарылгандан кийинки жердеги жашообуз аныктайт.

Эсиңердеби, биздин таржымалдагы Өзүмчүл жана анын тааныштары өзүнүн Энделдеги кыска убактысын кандайча колдонгонуна кейигендиги? Беш жылдык сыноонун көпчүлүк бөлүгүн Джейлиндин эркине толугу менен өзүн арноонун ордуна, өзүнүн жеке ырахаты үчүн өткөрдү. Аларга калган жашоосунун баарын өзүнүн потенциалынан бир топ ылдый жашап өткөрүүгө туура келет, анткени алардын баарында Джейлиндин жанында иштеп жана жашаганга мүмкүнчүлүктөрү бар

болчу, керек болсо анын шаарында ал менен чогуу башкарышууга да. Алар мектепти бүтүргөндөн кийин болгон кыска убактысын ырахат менен өткөрдүбү же жокпу, кандай болсо да, эми алардын келечеги анык эле. Алардын эмки 130 жылы, кыска сыноо убагында жашап өткөн беш жылынын түздөн – түз жыйынтыгы болуп калат. Бул жөнүндө ойлонуп көргүлөчү: 130 жыл 5 жыл менен салыштырылууда! Бул өтө көп. Көбүнчөсү жашоонун эң аз учуруна да жетишпей калат. Эгер Өзүмчүл жана башкалар Энделде жүргөндө бул жөнүндө бир аз ойлонушкан болгондо, балким жылдарын башкача жашашмак.

Аллегориядагы мисалдар канчалык күчтүү болбосун, биз сүйлөшүп атканга салыштырмалуу эчтеке эмес. Келгиле, башка көрүнүшүн карап көрөлү. Эмки нерсени элестетип көргүлө: силерде бир күн бар жана ал күндү кандай өткөзгөнүңөрдөн, силердин миң жылкы жашооңордун тагдыры чечилет. Миң жылды элестетип көргүлө. Бул сан Кошмо Штаттар пайда болгонго чейинки байыркы убакка, Христофор Колумб өзүнүн парусун жаңы дүйнө ачыш үчүн көтөргөнгө чейинки алыс күндөргө кетет. Миң жыл – бул өтө көп убакыт. Сыйлыктар, коомдогу ордуңар, жашаган жериңер жана миң жылдын ичинде боло турган башка нерселердин баары силердин жашаган бир күнүңөр менен аныкталат.

Анан эмне, ал үчүн силер баардык күчүңөр менен аракеттенбейсиңерби? Аны кантип жашап өтөсүңөр? Ал азыркы жашап жаткан күнүңөрдөн айырмаланабы? Биринчи эле орунду Кожоюнга тил алчаактыгыңар ээлеп албайбы? Падышачылыктын пайдасы үчүн адамдардын жашоосуна таасир тийгизүүнүн ар кандай мүмкүнчүлүктөрүн издебейсиңерби? Адамдарга башкача мамиле кылып каласыңарбы? Суроолордун тизмесин чексиз улантса болот. Бирок, биз айтып жаткан нерсе менен салыштырмалуу бул абал эчтеке эмес, анткени 365 күнгө бөлүнгөн бир күн (миң жылда канча күн бар), нөлгө барабар болбойт.

Келгиле, уланталы. Мисалга алсак, силер жашап өткөн бир күнүңөр силердин кийинки миллион жылкы жашооңорду аныктайт! Көз ирмемге муну элестетип көргүлөчү. Адам-

заты жер жүзүндө болгону алты миңге жакын жылдан бери жашайт. Ошентип, миллион жыл адам затынын дүйнөдө жашаганынан 150 эсе көп болот. Бул нерсени элестетиш өтө эле кыйын. Бирок, бул биз талкуулап аткан тема менен салыштырмалууу эчтеке эмес, анткени, 365 миллион күнгө бөлүнгөн бир күн (миллион жылда так ушунча күн), дагы деле нөлгө барабар эмес. Айырмасы жок, миллиард же триллион жыл алсак да, биз белгилүү бир сан алабыз.

Биз жер үстүндө канчалык көп жашаарыбыз маанилүү эмес, биздин бул жактагы убактыбыз түбөлүктүүлүк менен салыштырмалуу нөлгө барабар. Балким ушул себептен да, апостол Пабыл бул жашоону биз мүмкүн болушунча эң көп сыйлык ала тургандай жашашыбыз үчүн үгүттөп жаткандыр? Өзүнүн Корунттуктарга жазган 1Катында ал жарышка түшкөн адам жеңишке умтулат, дейт да андан кийин минтип айтат:

> "...Ошондуктан байге алгыдай болуп чуркагыла. Жарышка катышуучулардын баары өздөрүн бардык жагынан тыйышат: бирөөлөр жок боло турган таажы алуу үчүн ошентишет, ал эми биз соолубас таажы алуу үчүн ошентебиз. Ошондуктан мен максатсыз чуркап бара жаткан жокмун, муштумум менен абаны ургулап жаткан жокмун. Бирок башкаларга насаат айтып жүрүп, өзүм жараксыз болуп калбашым үчүн, денемди зордоп кулга айландырып жатам" (1 Корунттуктарга 9:24-27).

Пабылдын айтуусу боюнча, биздин максатыбыз: эч качан соолубаган түбөлүк сыйлыкты алуу. Бул жашоодо биз жеңишке ээ боло тургандай чуркашыбыз керек. Утуш үчүн бизге тартип, өзүбүздү башкаруу жана максат керек.

Мен көп жылдар бою спорт менен олуттуу машыктым. Мен Кошмо Штаттардын тенис ассоциациасында ойногондо, Девистин өспүрүмдөр арасындагы NCAA кубогуна катышканда көп машыкчумун. Кээ бирде бир эле соккуну толтуруу үчүн машыктыруучум же башка спортчулар менен күнүнө кортто алты сааттан убакыт өткөрчүмүн. Мен корттогу оор интеллектуалдуу ишмердик жөнүндөгү китептерди окучумун. Корттон

башка да машыгуу залдарында машыкчумун, салмак көтөрүп, чуркап, скакалка менен секирип, кол менен көз макулдашуусунун жакшыртуу үчүн топ менен ойноп жана башка көп нерелерди кылчумун. Мага максатым ушунчалык түрткү берчү, жада калса энем керебетиңди биздин райондогу тенис кортунун жанына коюп коём деп коркутчу. Мен муну эмне үчүн кылчумун? Утуш үчүн. Чемпион болоюн деп. Мыктысы болоюн деп жана жеңүүчүгө ылайык сыйлыкты алыш үчүн.

Падышачылыкта бир аз башкача. Биз башка бирөө менен эмес өзүбүз менен атаандашып атабыз жана максатыбыз кылган иштерибиз менен Ыйсага жакшы көрүнүүбүз керек (2 Корунттуктарга 5:9 кара). Биз Жазууну кунт коюу менен окусак анда, биз Ыйсанын адамдарга кайрылып, эмнеге аттанганыбыз, өзүбүздүн саатыбызды эмнеге арнап, түбөлүктүүлүктүн астында элдердин жанына кандай таасир тийгизгенди, башкаларга да Анын Падышачылыгына кантип жол бергенди, айланабыздагыларды кантип кечиргенди билишибизди каaларын билсек болот. Кийинчерээк биз бул жөнүндө тереңирээк сүйлөшөбүз. Жогоруда айтылгандардын жыйынтыгы: жеңиш үчүн жаша!

## Ар кандай сыйлыктар

Жазуу бизге ишенгендер татыктуу болгон сыйлыктар жана ээлеген абал, бири биринен аябай айырмаланат деп ачат. Баары күйүп кеткенден баштап, Теңирдин жанында түбөлүктүүлүктүн бардык учурунда башкаруу мүмкүнчүлүгүнө чейин сыйлыктар ар кандай болот (1 Корунттуктарга 3:15; Аян 3:21 кара).

Көбүнчөлөр *жоготуу* же *күйүү* деген сөз алардын жашоосуна тиешеси бар болсо титиреп кетишет; алар асманда мындай болуп кетиши мүмкүн экендигине ишенгиси да келбейт. Бирок, Жазууда бул жөнүндө ачык-айкын жазылган. Мен Жазуунун ыр саптарын бергиче силерге түшүндүрүп коёюн, Библияда адамдын жашоосу имарат менен көп салыштырылат, кээ бир ыр саптарда болсо имарат же чиркөөнү Жыйынга

салыштырат. Бул метафораларда биз өзүбүздүн жашообузду, башка адамдардын жашоосуна жана жыйынга таасирин тийгизген куруучулар маанисинде сүрөттөгөнбүз. Ошондой эле, бул салыштырууну китептин калган бөлүгүндө бир нече жолу колдоном. Пабыл ачык айтып атат:

> "...Силер... Кудайдын имаратысыңар. Бирок ар бириң өзүңдүн кандай куруп жатканыңа көңүл бур! Себеби эч ким салынган пайдубалдан бөлөк пайдубал сала албайт, ал пайдубал – Ыйса Машайак Өзү. Ал пайдубалдын үстүнө бирөө алтындан, бирөө күмүштөн, бирөө кымбат баалуу таштардан, бирөө чөптөн, бирөө жыгачтан, бирөө самандан курат. Ар бир адамдын кылган иши сот күнү ачыкка чыгат, себеби от аркылуу ачылат, кимдин иши кандай экенин от сынайт. Кимдин кылган иши отко туруштук берсе, ал сыйлыгын алат. Ал эми кимдин иши күйүп кетсе, ал зыян тартат. Өзү куткарылат, бирок оттон чыккандай куткарылат" (1 Корунттуктарга 3:9-15).

Биз кантип курушту, курулууда эки башкы багытты тандоону өзүбүз чечебиз. Багыттын бири-убактылуукa тартылуу, денеге жагынуу (терек, чөп, саман). Башкасы-бул биздин кайра жаралган рухубуз жана Кудайдын Сөзү менен макул болгон жашообуз (алтын, күмүш жана асыл таштар). Биз кандай куруп же жашап атканыбызды биздин жетишкендерибизге карап, Анын катышуусундагы от жумушубузду сынаганда билинет.

Биздин иштерибиз гана сыналбастан ойлорубуз, далилдерибиз жана ниеттерибиз да сыналат. Мына ушу үчүн ишенгендерге Кудайдын Сөзүн кунт коюу менен угуп жана жүрөгүнө сактоо толугу менен зарыл, анткени ал дайым "...жандан рухту ажыратып, муунга чейин, сөөктүн чучугуна чейин жетет, жүрөктөгү ойлорду, ниетти соттойт" (Эврейлерге 4:12, кеңири котормо). Биздин жүрөктөргө Анын Сөзүнөн башка эч нерсе терең кире албайт.

Эгер биз адамдын талкуулаганын, логикалык чечим же акылмандуулугун *уксак*, жүрөгүбүздө жана акылыбызда убактылуукa тартылганыбызды түшүнбөйбүз, бул нерсени сотто-

луу Залында болгонго чейин түшүнбөгөн Өзүмчүлдөй болобуз. Ошондуктан, Ыйса эскертип жатат:

> “Анткени ачыкка чыкпай турган жашыруун нерсе болбойт, билинбей, ачылбай кала турган сыр болбойт. Ошондуктан кандай угуп жатканыңарга көңүл бөлгүлө! Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, ал эми кимде жок болсо, бар деп ойлогону да тартылып алынат” (Лука 8:17,18).

Ыйса айтып атат: биз угуп же эмнеге көңүлдөнсөк, ал биздин жүрөккө түшүп биздин акылыбызды жана максаттарыбызды негиздейт, алар өз кезегинде биз жашообузду кантип кураарыбызды чечет. Биз Кудайдын Сөзүн кунт коюу менен угушубуз керек, анткени ал жашоодогу жарыктык болуп эсептелет. Ансыз биз баарынан мурда караңгыда жолунан адашкан адам сыяктуу адашабыз. Канча бир убакты биз туура багыт менен жүрүшүбүз мүмкүн, бирок акыр-аягы баары бир адаша баштайбыз.

Туура жолдон кайрыларыбыз менен, биздин курулуш башка убактылуу нерсе менен шыктанганы Кудайдын Сөзүнүн жарыгы жарык бергенде гана билинет.Пабыл айтат: “Анткени ашкереленген нерсенин баары жарык аркылуу ашкереленет, ачыкка чыккан нерсенин баары – жарык” (Эфестиктер 5:13).

Биз жолубуздан адашканда, кийинки окуя эки багытта өнүгө баштashы мүмкүн. Биринчиси насаат сөз аркылуу Кудайдын Сөзүн угуп, досуңдун окуусу же айтуусу аркылуу ашкере алсаң бул эң жакшы. Мына ушу үчүн Сөз менен тең салмактуу тамактануу жашоодогу зарыл нерсе. Эгер биз акылман болсок, анда тез эле өкүнүп жана ойлорубуз, каалоо-ниеттерибиз үчүн кечирим сурайбыз. Бирок, биздин абийирибиз кайталанган каталар менен мококтонуп калган болсо, уккан кыйыныраак болот, эгерде абийирибиз катууланган болсо, анда бул мүмкүн болушу оорго турат. Ошондуктан, Жазуу бизге абийирдүүлүктү таза сактагандын маанилүүлүгүн түшүндүрөт (Накыл сөздөр 4:23; Тиметей 1:3 кара). Өзүбүздүн абийирибизди таза сактоо менен, жүрөгүбүздө Кудайдын Сөзүнүн иштеп аткандыгын оңой эле

сезе алабыз. Башкасы биз каалабаган вариант: Сотто биздин ниетибиз да ачык болот. Эгерде ошондой боло турган болсо, анда биз өзүбүздүн потенциалдык сыйлыгыбызды жоготуп коёбуз. Ошентип, силер өзүңөрдөн сурашыңар керек: Кудайдын даңкынын ашкересине каршы чыгууга мүмкүнбү?" Ашкерени кабыл алуудан баш тарткан сайын, жүрөгүңөр катуулана берет, а силер болсо уламдан улам адаша бересиңер. Өзүбүздүн чыныгы абалыбызды билбейбиз, бирок аны биз Сотто Анын даңкынын жарыгында көрө алабыз.

## Түбөлүк келечекке даярдык

Биздин жашообузда эч нерсе соттон кутулуп кетпейт. Бардыгы ачыкка чыгып жана көрүнүп турат. Ошон үчүн да Пабыл Соттун тактысын *"Теңирдин коркунучу"* деп атайт. Сотто биздин ниетибиз, тилегибиз, ойлорубуз, сөздөрүбүз, иштерибиз ж.б. дайын болот. Пабылдын курулушка жана сотко байланыштуу Корунттуктарга жазылган биринчи Катында (3:9, 12-15), Message котормосунда айтканы абдан күчтүү:

> "Биз Кудайдын кызматташтарыбыз, силер болсо Кудайдын эгин талаасы жана Кудайдын имаратысыңар. Ал пайдубалдын үстүнө бирөө алтындан, бирөө күмүштөн, бирөө кымбат баалуу таштардан, бирөө чөптөн, бирөө жыгачтан, бирөө самандан курат. Ар бир адамдын кылган иши сот күнү ачыкка чыгат, себеби от аркылуу ачылат, кимдин иши кандай экенин от сынайт. Кимдин кылган иши отко туруштук берсе, ал сыйлыгын алат. Ал эми кимдин иши күйүп кетсе, ал зыян тартат. Өзү куткарылат, бирок оттон чыккандай куткарылат".

Силер кандайсыңар билбейм, бирок мен Машайактын Сотунан араңдап атып гана кутулган адамдын абалында болгонду каалабайм. Азыр биз өзүбүздүн түбөлүктөгү тагдырыбыз тууралуу айтып жатабыз. Канчалаган ишенгендер шокту башынан өткөрөөрүн элестетсеңер. Биздин таржымалдагы бир гана каармандан башкаларынын баарына болгон нерсенин баары күтүүсүздүк

болду. Алар башынан эле билиштери керек болгон жөнөкөй гана доктриналарды олуттуулук катары кабыл алган жок.

Мен ар дайым өз келечегине даярданып жаткан акылдуу адамдарды көрөмүн. Баардыгы мектептеги жөнөкөй гана окуудан башталып, анан гана ийгиликтүү карьеранын эшигине барат. Карьераны баштагандан кийин алар үйгө ээ болгонго аракеттенишет. Кээ бирөөлөр өзүлөрүнө кызмат кылган мүлкүнүн кайсы бир бөлүгүн сарпташат. Мунун баары келечек үчүн жасалат, анткени адамдар пенсия курагында муктаж болуп жашагылары келишпейт. Эгерде алар өз карылык курагын тосууга бүгүнкү күндө көпчүлүгү түбөлүктүүлүккө даярдангандай даярданыша турган болсо, анда алар келечекте эбегейсиз көйгөйдү эле таап алышпастан, башка ишенгендерден айырмаланып, иштин бул абалынан коркушуп, тынчтыктары кетмек.

Келгиле, гипотетикалык ойлонуп көрөлү. Пенсияга чыгып жаткан картайган адамды элестетип көргүлө. Биринчиден, мамлекеттик пенсиялык фонд банкрот болуп, ал адамга ай сайын пенсия төлөй албайт. Экинчиден, ал киши бардык мүлкүн сактап келген банк жабылып калат да, ал бир тыйын да ала албай калат. Ошол эле түнү ал адам түтүндүн арасында ойгонуп кетет, анын үйүн жалын каптап жатыптыр. Ал эч нерсе алганга жетишпей көчөгө чуркап чыгат. Түндө кийип жатчу бир гана көйнөгү менен калган ал киши ал чогулткан бардык нерсе күйүп жатканын карап гана турат.

Бул адамдын жашоосундагы кайгылуу күн. Пабыл Машайактын Соттоочу жайында кээ бир адамдар менен так ушундай көрүнүш болоору тууралуу айтып жатат. Келгиле, анын сөзүн дагы бир жолу окуп чыгалы: “Ал эми кимдин иши күйүп кетсе, ал зыян тартат. Өзү куткарылат, бирок оттон чыккандай куткарылат” (1Кор. 3:15). Падышачылыктагы акылмандар биз “камсыз болгон карылык үчүн” иштеп жатпаганыбызды түшүнүшөт. Биз түбөлүккө даярданып жатабыз!

Мен өзүнүн түбөлүктөгү келечегин даярдап жаткандарды, алардын келечеги жерде кандай жашагандыктарынан анык-

таларын билген адамдарды акылдуулар деп айтам. Бул аларга жашоосундагы кылган бардык иштери талкаланып жана күйүп кетип, эптеп эле Кудайдын Падышачылыгына түшүп калууну эмес, Ага кирүүнүн улуулугун берет. Бул тууралуу Петр эмне дегенин карап көрсөңөр:

> “Мына ошондуктан, бир туугандар, чакырылганыңарды жана тандалгандыгыңарды уламдан-улам бекемдөөгө аракеттенгиле. Анткени ушундай кылсаңар, эч качан мүдүрүлбөйсүңөр. Ошентип, силерге биздин Теңирибиз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайактын түбөлүк падышачылыгынын эшиги кенен ачылат” (2 Петр 1:10,11).

Эшик кенен ачылган! Бул демек – Кожоюндун бизге: “Жакшы, ишенимдүү жана жакшы кул! Аз нерседен ишенимдүү болдуң эле, эми сени көптүн үстүнөн коём: кожоюнуңдун кубанычына ортоктош бол” (Матай 25:21) дегенин угуу.

Бир кезде Теңир мага аян берген. Мен Кудайдын шаарында басып жүргөн падышачылыктын жеңүүчүлөрүн көрдүм. Алар алтын көчөлөр менен басып жүрүштү, аларга оң жак,сол жактарынан миңдеген эркек, аялдар салам айтып турушту. Ыйса Падыша шаардын бардык жагынан көрүнө турган супага чыкты. Ишенимдүү жоокерлер тепкичтер менен көтөрүлүп, Ыйсага сыйлыктарды алып келип жатышты, ал мезгилде топ адамдар кубанып жыргап жатышты. Аянда Теңир жоокерлерге: “Жакшы” деп айтты.

Андан кийин Теңир менин жүрөгүмө кайрылды. “Сен мага эгиндин түшүмдөрүн алып келген ушул жоокерлердин бири болгуң келеби же четте тургандардын бири болгуң келеби?” Мен өз тандалгандыгымды жана максатымды ишке ашырууну мурда болуп көрбөгөндөй кааладым. Менин жашоомду карап чыгып жатып, потенциалым эмнеге сарпталганын көргөндө, Теңиримдин ыраазы болгон жылмаюусун чынында эле көргүм келет.

Ошондо мен менин муунумдагы ар бир Кудайды сүйгөн адамга, алар да мени менен бирге Анын улуулугуна белектер менен кирип жана Атанын даңктуу жылмаюусун көрүүлөрү үчүн бул тууралуу айтып чыгамын деп чечтим. Биз жердеги кызматы-

быз аркылуу, асман эшиктери бизге кенен ачылабы же жокпу, өзүбүз аныктайбыз. Бул тууралуу эмки бөлүмдө сөз болот.

## Андан ары

Эмки бөлүмдө биз жашообуздун айыптала турган же сыйлана турган областтары тууралуу сөз кылабыз. Баарын кеңири карап чыгууга болбосо да, эң бир маанилүү темалар козголот. Биз жакшы пайдубал курабыз, анан силер андан ары түбөлүктүүлүктө мааниге ээ болгондой кылып өз жашооңорду кургандай болушуңар керек.

Аягында силер Петрдин сөзүн шашпай окуп чыккыла да, анан бул бөлүмдө эмнени окуганыңарга көңүл бөлгүлө. Силер айтылгандардын баарын жандандыра турган сөздөрдү көрөсүңөр. Анын сөздөрү бизди да жакында айтып кала турган нерсеге даярдайт:

> "Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген. Буга биз Аны таанып билүү аркылуу ээ болдук. Ошондуктан силер да бүт аракетиңерди жумшап, ишенимиңерде жакшылык кылуучулукту, жакшылык кылууда эстүүлүктү, эстүүлүктө өзүн өзү токтото билүүнү, өзүн өзү токтото билүүдө чыдамкайлыкты, чыдамкайлыкта такыбаалыкты, такыбаалыкта бир туугандык сүйүүнү, бир туугандык сүйүүдө (бардык адамдарга болгон) сүйүүнү көрсөткүлө. Эгерде бул сапаттар силерде бар болсо жана өсүп жатса, анда силер биздин Теңирибиз Ыйса Машайакты таанып билүү жолунда ийгиликсиз жана жемишсиз калбайсыңар Мына ошондуктан, бир туугандар, чакырылганыңарды жана тандалгандыгыңарды уламдан-улам бекемдөөгө аракеттенгиле. Анткени ушундай кылсаңар, эч качан мүдүрүлбөйсүңөр. Ошентип, силерге биздин Теңирибиз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайактын түбөлүк падышачылыгынын эшиги кенен ачылат. Силер муну билсеңер да, чыныгы чындык менен бекемделсеңер да, бул жөнүндө силердин эсиңерге салып турууну эч качан токтотпойм. Көзүм тирүү турганда, эсиңерге салуу менен силерди ойготуп турууну туура таптым" (2 Петр 1:3, 5-8, 10-13, The Message).

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

## 4-БӨЛҮК: 8-10 ЧЕЙИНКИ БӨЛҮМДӨР

1. Аффабель жарандарын соттоодо алар үчүн эң күчтүү учурлар болуп, аларга жаңы ысым берилген учурлар болгондур. Силер Машайакка келгенге чейин ким болуп, эмне кылып жана Ыйса силердин жашооңорду канчалык өзгөрткөнүн ойлоп көргүлөчү. Силердин оюңар боюнча жаңы ысымыңар кайсы окуяны айтып бере алар эле?

2. Силер кантип ойлойсуңар, эмне үчүн ишенүүчүлөр өз жашоо образдары үчүн чоң жоготууларга учурашканына карабастан, Кудай бардык көз жашты аарчый турган жер асман болуп калышы мүмкүн?

3. Өз сөзүңөр менен айткылачы, Кайрымдуулукту өзүнүн курдаштарынан эмне өзгөчөлөнтүп турган? Анын жашоосунан кандай сабак алсак болот?

4. Асманды Библиялык сүрөттөөдө силерди бир нерсе таң калтырдыбы? Эгер ооба болсо, анда эмне?

5. Онунчу бөлүмдө “Ыйсанын каны Падышачылыкка кирүүбүзгө тоскоол болгон биздин күнөөлөрүбүздү жууйт, бирок ал бизди ишенип калгандан кийинки кылган жаман же жакшы иштерибиздин үстүндөгү соттон бошотпойт” деп айтылганды жолуктурабыз. Бул айтылганга биринчи реакцияңар кандай болду? Бул бөлүмдү окугандан кийин эми эмне деп ойлойсуңар?

# 5-БӨЛҮК

11-БӨЛҮМ

# КУДАЙДЫН ҮЙҮ

*...силер да Рух аркылуу курулуп жатасыңар...*
— Эфестиктерге 2:22

Ишенгендердин үстүнөн болгон сотту биз эки категорияга бөлөбүз. Биринчиси – өз жөндөмдүүлүгүбүзгө жана чакырылганыбызга жараша Кудай Падышачылыгынын курулушуна тартылуубуз. Экинчи – биз өз алдынча жашообузду кантип курдук, жеке жашообуз өз ичине эмнени камтыйт? Башка адамдардын калыптанышына байланыштуу – биздин аларга тийгизген таасирибиз; жеке жашообузга байланыштуу – биз Машайакка окшоп мүнөзүбүздү өзгөртүү менен ырайымды кантип кабыл алдык? Бул аныктама биз ишенген жана биз тил алчаак болгон Кудайдын Сөзүнө карата таасирленишибизден көз каранды. Биздин иш-аракеттерибиз, ойлорубуз, ниетибиз тыкыр иликтенип чыгат.

Алгач биз Анын Падышачылыгындагы курулушта биздин ролубуз кандай экендиги, андан кийин өз жашообузду курулушу тууралуу талкуулайбыз.

### “Сен Мен үчүн эмне кыласың?”

Падышачылыкты куруудагы биздин жөндөмдүүлүгүбүз толугу менен Ыйык Рухка болгон тил алчаактыкка көз каранды, Ыйса Машайактын ырайымысыз түбөлүк баага ээ болгон эч нерсени кыла албайбыз. Бизге: “...Эгерде үйдү Теңир курбаса, анда аны куруп жаткандардын иштегени бекер” (Забур 126:1) деп айтылган. Биз Ыйык Рухтан өзүнчө турганда деле

келечегибизди кура алабыз, бирок анын баары бекер, себеби түбөлүктүүлүктүн жарыгында ал эмгектердин баары күйүп кетет. Аны түшүнүү абдан маанилүү.

Байыркы Осуяттагы Ага кызмат кылуу менен алектенген адамдардын тобуна Кудай кайрылып жатат:

> “Теңир мындай дейт: «Асман Менин тагым, жер болсо – буттарымды коё турган жер. Анан силер Мага кайсы жерге үй курасыңар? Менин эс ала турган жайым кайсы жерде болот? Анткени мунун баарын Менин колум жасады, мунун баары болду,– дейт Теңир. Бирок мен мындай адамга: моюн сунган, руху менен кайгырган, Менин сөзүмдүн алдында титиреп турган адамга көз кырымды салам” (Ышайа 66:1,2).

Жөнөкөйлөтүп айтканда, Кудай минтип айтып атат: “Мен-Кудай. Силер Менин чынында Ким экендигимди жакшы түшүнүп жатасыңарбы? Силердин оюңарча, Мага эмне кылып бере аласыңар?” Биз Кудай үчүн бир нерсе кылаарыбыз жөнүндө ойлоону, кумурсканын адамга карап туруп: “Биз сен үчүн үй куруп беребиз” дегенине салыштырсак болот. Кандай гана акылсыздык! Биздин улуу, теңдешсиз, жана таң каларлыктай болгон Кудайыбызга өз күчүбүз менен эч нерсе кылып бере албайбыз. Ал бизге муктаж эмес.

Башка жагынан алып караганда Кудай кимдер Ага жагып жана кызмат кыла алаары тууралуу айтат: момун, тобо кылган, Кудайдан корккон жана Ага тил алган адамдар гана кызмат кылышат. Так ошолор Анын үйүн кура алат. Алар кантип ушундай улуу Кудайга кызмат кыла алышат? “Аскер кошуууну менен да эмес, күч менен да эмес, бир гана Менин Рухум менен,– дейт Себайот Теңир” (Захария 4:6). Тил алчаактыкта Ыйык Рух менен кызматташкан адам натыйжага жетет. Ушундай учурда гана куруучунун эмгеги текке кетпейт.

## Кызматташтар

Таң каларлык факт мына мында камтылган: ушунчалык улуу жана кудуреттүү Теңир, жеке чечими менен жердеги Өз

аракеттеринде бардык бийликти адамга берүү менен, Өзүн чектеп койгон. Бул Кудайдын чектелишине таасир эткен. Балким, силер абдан таң калып жаткандырсыңар, бирок буга карата мисалдарды бүткүл Жазуудан табууга болот. Ыбрайымдын урпактары “Кудайды кайрадан сынашты, Ысрайылдын Ыйыгына акарат келтиришти.” (Забур 77:41). Анан да Ыйса Өз элинин руханий лидерлерине минтип айткан: “Ошентип, өзүңөр кармаган салтыңар менен Кудайдын сөзүн четке кагып жатасыңар. Ушул сыяктуу көп нерселерди жасап жатасыңар” (Марк 7:13, кеңири котормо). Биз Аны менен менен кызматташууда Анын каалоосун аткарууга жоопкерчиликтүү болобуз. Ал эми Анын каалоосу болсо, алар түбөлүккө жашап калышы үчүн, адамдарды Машайактын бейнесине жана мүнөзүнө окшошууга алып келүү. Ушул себептен улам, биз баарыбыз кызматташтар деп аталабыз.

> “Биз Кудайдын кызматташтарыбыз, силер болсо Кудайдын эгин талаасы жана Кудайдын имаратысыңар” (1 Корунттуктарга 3:9, кеңейтилген котормо).

Жаңы Келишимде ар дайым Падышачылыктын жумушчулары жөнүндө айтылган кезде, алар талаа кызматчылары же куруучуларга салыштырылат. Эмне үчүн талаа? Анткени жер азыркы учурда Кудайдын Падышачылыгы өсүп-өнүгүп жаткан талааны элестетет. Бүткүл асман ыйыктардын жерде Падышачылыкты куруп жатканын көрүп кубанышат. Эмне үчүн имараттар? Анткени Кудай туруктуу турак издейт, а биз болсо, Ал ээлеген жайды түзгөн тирүү таштарбыз.

Петр минтип жазат: “Өзүңөр да тирүү таштар катары өзүңөрдөн рухий үй тургузгула. Ыйса Машайак аркылуу Кудайга жагымдуу рухий курмандыктарды алып келүү үчүн, ыйык кызмат кылуучу болгула” (1 Петр 2:5). Ошентип, биздин жерде болгондугубуздун мааниси адамдардын куткарылышынан, окутуудан жана аларга кызмат кылуудан байкалган, Анын даңктуу ыйбадатканасын же *үйүн* куруу. Биздин ролубуз – тирүү, таза таштар болуу, ошондой эле, Кудайдын

бирдиктүү үйүн курууда тирүү таштар бири-бирине дал келип биригүү үчүн башка ошондой адамдарды да жарата билүү. Биз ар бирибиз өз жашообузду кантип кургандыгыбыз жана Падышачылыкты түзгөндүгүбүз тууралуу отчёт беребиз.

## Үйдүн курулушу

Эгерде мен куруучу болсом, анда курулушту баштабай туруп, үйдүн түзүлүшүнүн планын жана дизайнын ойлонуп алмакмын. Кандай материалдар зарыл, үй кантип курулушу керек экендиги тууралуу майда-чүйдөсүнө чейин пландаштырмакмын. Бирок, муну менен эле баары бүтпөйт. Ар бир үй курган адамдар билгендей эле, алгач иштей турган адамдарды куруучуларды, сантехниктерди, электриктерди, таш кыноочуларды жана башкаларды өз убагында пландаштырып алуу жумуштун эң бир маанилүү бөлүгү болуп саналат. Так ошолор бүт иштерди жасашат. Эгерде жумушту туура пландаштырып албаса, анда башаламандык турган кеп. Мисалы, электр өткөргүчтөрүн өткөрүп жана дубалдарды жылуулагандан мурда, гипсокартонду коюуну пландаштыруу керек.

Эгер жумушчу өз ишин жакшы аткарбаса же убактысында бүтүргөнгө жетишпей жатса, анда кардар бул жумушту аткарыш үчүн башка бирөөнү табат. Жаңы жумушчу тез арада ишине киришип жана ага чейинки жумушчулардын туура эмес жерлерин оңдоп кетиши да мүмкүн. Атайын бөлүнгөн жумушчу өзүнүн жумушунун бөлүгүн аткара албаган кезде да, курулуш башчысы жумуштун аякташы үчүн баардык нерсени кылганга аракет кылат.

Мен мындай да көрүнүштү байкадым: курулуш башчысы өз үйүнүн курулушу менен алек болгонун. Ал аябай кылдаттык менен жумушчуларды, эң жакшы материалдарды тандап жана алар өз жумушун туура аткарышы үчүн бардык шарттарды түзүп берет. Ал курулуштун бардык тартибин кылдаттык менен карайт. Кудай *өз үйүнүн* Куруучусу болуп эсептелет, бирок Анын үйү-бул адамдардан турган бүткүл шаар!

Жер үстүндө өзгөчө үйлөргө такай ат беришет. Мисалы, Англия ханышасынын үйү Букенгем сарайы деп аталат. Кошмо Штаттардагы президенттин үйү Ак үй деп аталат. Башкалары силерге мүмкүн көп тааныш эмес. Филис Келверт аттуу актрисанын үйү дөбөдөгү үй деп аталат. Актёр жана режиссёр Чарльз Иван Венстин үйү Оук Лодж деп аталат, романчы Чарльз Дайердин үйү Олд Моб деп аталат жана башка. Өзүнүн курулуп жаткан түбөлүктүү үйүн Ал Сион деп атайт. Жазууда айтылган:

> “Анткени Теңир Сионду тандап алды, аны Өзүнө турак жай кылууну каалады. Бул Менин бейпил жайым, ушул жерге жайгашам, анткени Мен ушул жерди кааладым” (Забур 131:13,14).

Эгер силер кыялданган үйүңөрдүн курулушун пландоо бакытына кабылган болсоңор, анда кубанычка бөлөнүп жана курулуш аяктаганын чыдамсыздык менен күтмөксүңөр. Силер өз үйүңөрдө эс алганды каалайсыңар, анткени ал жактан кубаныч жана тынчтык табасыңар.

Биз Лиза экөөбүз үй куруу бакытына 1990-жылдардын ортолорунда туш болдук. Биз Орландодо Флорида штатында жашачубуз жана Роберт аттуу жеке үйлөрдүн курулуштарынын мыкты адиси биздин кызматыбызды сүйүп, бизге үй куруп берүү сунушу менен кайрылды. Биз ал убакта өтө кичинекей үйдө жашачубуз жана анын кызматтары чөнтөгүбүзгө чак келбейт деп ойлогонбуз. Биз иштин финансы тарабын сүйлөшө баштаганда ал мындай деди: “Мен силерге үйдү Кудайдын баасы менен куруп берем”. Андан кийин ал курулуш үчүн өзүнө бир да цент албаганы белгилүү болду.

Буга чейин бизде эки үйүбүз бар болчу. Экөө тең кичинекей окшош үйлөр болчу, башкача айтканда, биз ал үйлөрдүн долбооруна эчтеке киргизген эмеспиз. Сүйлөшкөндөн бир нече күн өткөндөн кийин Роберт биздикине келип, чогуу ашкананын столунун жанында отурдук, ал баракчаны чыгарып шыктана, мага мындай деди: “Өзүңөрдүн кыялыңардагы үйдү тартып бергиле!”

Биз таң калдык. Биз бул мүмкүн экенин да ойлонгон эмеспиз. Менин аялым дароо эле ишке киришип, тарта баштады. Ал мындай мүмкүнчүлүк жөнүндө көптөн бери кыялданып жүрчү. Мен да кызыгуу менен ага жардам бере баштадым. Биздин кыялдагы үйдүн кандай болорун элестеткен сайын, биз кайра-кайра кубанып аттык. Биз эчтекеден чектелбедик. Сүрөтүбүздү бүткөн соң биз аны архитектор дизайнелерге бердик. Бир нече күндөн кийин Боб бизге үйдүн чийимдерин көргөздү, биз үйдүн курулушу башталарын чыдамсыздык менен күтүп калдык.

Роберттин жумушчулары ишин баштаганда биз курулушка күн сайын келип жүрдүк, кээ бирде бир күндө эки жолу да келип жүрдүк, курулуш бүткөнгө чейин ошондой болду. Биз үйдүн курулуп бүтүшүн чыдамсыздык менен күтүп жаттык. Ошол бир нече ай бир нече жылдай сезилип жатты, күндөр болсо – бир нече жумаларга айланды, бул биз бир жаңы нерсени жана үйгө көчүп кире турган күндү күткөндүктөн эле. Биздин кагазга тарткан кыялыбыз тирилип атат деген ой бизди аябай кубантып турду.

Бул Кудай Өзүнүн кыялындагы үйдүн курулушу тууралу кандай сезимдерди башынан өткөрүп жаткандыгына окшош, бирок Ал аны бир нече айдан бир топ көп күтөт. Ал Өзүнүн үйүнүн толугу менен бүтүшүн дүйнө негизделгенден бери чыдамсыздык менен күтүп жатат. Жазууда айтылган: “Анткени Теңир Сионду кайрадан курат...” (Забур 101:17) жана “Кудай сулуулуктун туу чокусу болгон Сион тоосунан келет” (Звбур 49:2).

Ал Өз үйүнүн үстүнөн миңдеген жылдар бою эмгектенди. Кудай жер жүзүнө жайгаштырып койгон адамга ал жеңилүүгө дуушар болорун билсе да, ага Өз планын ачып берди, бирок бул Анын планына кирген эмес эле. Алдын ала баарын билип, Ал куткарылган адамзаттан Сионду курууну пландаштырган.

Курулушту пайдубалдан жана бурчка ылайык келген таштан – Куткаруучу Өзүнөн – Ыйсадан башташ керек эле. “Мына, Мен негиз кылып Сионго таш коём, ал таш – сыналган, бурчка коюлуучу, кымбат баалуу, бекем орнотулган таш:

ага ишенген адам уятка калбайт” (Ышайа 28:16). Ата Өз үйүн дүйнө жарала электе эле пландаштыргандыктан, Ыйса Дүйнө жаралганда эле курмандык чалынган” Козу деп аталган (Аян 13:18), ал эми Петр: “Дүйнө жарала электе эле белгиленип коюлган” деп бекемдейт (1 Петр 1:20).

Ыйса бурчка жарактуу таш гана болбостон, Куруучу да болгон. Ыйса Өзү тараптан керек болгондун баарын жеткилеңдикте бүтүргөн. Айкашка кадалар алдында Ал Атасына кайрылганда мындай сөздөрдү айткан: “Сен Мага аткарууга тапшырган ишти Мен аягына чыгардым” (Жакан 17:4).

Кудай Ата Ыйса үчүн белгилүү бир убакытты белгилегенден баштаган (Галаттыктарга 4:4); андан кийин Ал бардык “жумушчулар” үчүн убакытты белгиледи. Ошол жумушчулар – силер жана мен. Ошентсе да, жогоруда айтылгандай, биз кызматчылар гана болуп калбай, Анын үйү үчүн каражаттар да болуп беришибиз керек. Пабыл минтип жазган: “Биз Кудайдын алдында сүйүүдө ыйык жана кемчиликсиз болушубуз үчүн, Ал бизди *дүйнө жарала электен мурун* Машайак аркылуу тандап алды” (Эфестиктерге 1:4). Бул жерде ошондой эле үйдүн курулушу үчүн материал тууралуу: биз тирүү таштар экендигибиз тууралуу да айтылып жатат.

Ошондой эле, Кудай бизди Өзүнүн кызматташтары кылып да тандап алган: “Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала *белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн*, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз” (Эфестиктерге 2:10). Ал биз үчүн алдын ала кандай тапшырманы пландаштырганына көңүл бурсаңар. Жазуунун эч бир жеринде бул мүмкүн болгондугуна карабастан, бизге тапшырма дүйнө башталганга чейин эле берилген деп айтылган эмес. “[Анын] иштери дүйнөнүн башталышында эле жеткилең” (Эврейлерге 4:3) экендигин биз даана билебиз. Кызматчылар катары бизге берилген тапшырмага тиешелүү жалгыз гана нерсе, жазылып тургандай – бул тапшырма биз төрөлгөнгө чейин эле берилгендиги. Дөөт айтып жатат: “Мен жаңыдан түйүлдүк боло баштаганда

эле, Сен мени көргөнсүң. Мен төрөлө электе эле, мага белгиленген күндөрдүн бири да боло электе эле Сенин китебиңде баары жазылып коюлган” (Забур 138:16).

Биздин жашообуздун иштери биз энебиздин жатынында түзүлө элегибизде эле аныкталган. Бул чындык Жеремия айткан Кудайдын Сөзүндө ачылат:“Мен сени *энеңдин ичинде* Өзүм *жаратканга чейин* эле билчүмүн, сен төрөлгөнгө чейин эле, Мен *сени ыйыктагам: сени элдерге пайгамбар кылып койгом*” (Жеремия 1:5). Апостол Пабыл минтип жазат: “Бирок мени энемдин курсагында жатканда эле тандап алып, Өзүнүн ырайымы менен чакырып алган...” (Галаттыктарга 1:15,16). Жеремия жана Пабылдын күбөлүк сөздөрү Дөөттүн сөздөрүн бекемдеп турат, ал болсо биз төрөлгөнгө чейин эле Кудайдын атайын иштери үчүн бөлүнгөнүбүздү айткан болчу.

Бул нерседе укмуштуу бир чындык ачылат: Кудай силер жөнүндө китепти төрөлө элегиңерде эле жазган, анда силердин биринчи күнүңөр башталганга чейин эле, ар бир учуруңар жазылган! Суроо мындай: биз үчүн пландаштырылган нерсени аткара алабызбы? Сулайман муну бекемдейт:

> “Кудай жасагандын бардыгы түбөлүктүү экенин түшүндүм, ага эч нерсе кошууга да, андан эч нерсени алууга да болбойт. Кудай Өзүнөн коркуп турушу үчүн ушундай кылып жараткан. Мурун болгон нерсе азыр да бар, боло турган нерсе мурун да болгон. Кудай өткөндү кайра чакырат” (Насаатчы 3:14,15).

Бул Жазуунун сөздөрүндө ушунча көп нерсе жазылган! Алгач Кудайда план болгон. Андан эчтеке алып коё албайсың жана адам ага эч нерсе кошо да албайт. Бирок, Сулайман улантып атат, азыр болуп жаткан нерсе буга чейин эле Кудайдын оюнда болчу. Келечекте боло турган нерсе да, Анын оюнда болчу. Бирок, кылынган иштерибиз үчүн биз отчёт беребиз! Биз үчүн алдын ала белгиленгенди аткарып атабызбы? Биз кыла турган нерсени Ал башка бирөөгө тапшырыш керекпи?

Эми мен бир маанилүү билдирүүнү жасашым керек. Ар бир адам өз жашоосунда Кудайдын чакырыгына ээ. Биздин ар бири-

биз Кудайдын үйүнүн курулушундагы пландын маанилүү бир бөлүгүбүз. Эгерде ушул чындыкты билип алсак, анда жакшы:

> Силердин чакырылууңарга тиешелүү нерсе, силер бир нерсени жасаганыңар үчүн соттолбойсуңар, жасоо үчүн жаралганыңар үчүн!

Бир мисал келтирейин. Сотто Ыйса мындайга окшош нерсени айтышы мүмкүн:

– Жакшы Кабарчы Андерсон, алдыга чык да Мен сага Мага алып келүүнү табыштаган бардык жандар үчүн жооп бер.

Ал адам калтырап-титирөө менен Ыйсанын алдына келип, мындай деши мүмкүн:

– Теңир, Сен "бухгалтер Андерсон" дегиң келдиби ээ? Мен өз фирмамда бухгалтер болчумун. Бул менин кесибим. Мен жыйынга жардам бергем жана мекемелерге кайрымдуулук кылгам. Жыйындын кызматчылары Сенин Падышачылыгыңа өтө көп адамдарды алып келди. Сен мени кимдир бирөө менен алмаштырып албадыңбы?

Теңир минтип жооп бериши мүмкүн:

– Жок, сен төрөлө электе эле сени Мен үчүн Азиядагы миңдеген жандарды ээлеп алышың үчүн чакырып алгам, алар кайда жооп бер. Эгер Мага тил алчаак болсоң, анда сен Менин Падышачылыгыма алып келген түшүмдөрүң үчүн улуу сыйлыкты алмаксың. Эми сенин иштериң күйөт, анкени алар тил алчаак эместигиң менен жасалган.

Андан ары биз мындай сценарийди көрсөк болот. Ыйса мындай дейт:

– Эсепчи Джонс, сураныч алдыга чыгып, Мен сени эмне кылууга чакырып алгандыгым үчүн отчёт бер.

Ал адам алдыга чыгып титиреп, уялып айтат:

– Теңир Сен "пастор Джонс" дейин дедиң беле ? Мен 900гө жетпеген адамы бар жыйындын пастору болгом. Мен бул жыйынды нөлдөн баштап кургам.

Буга Теңир мындай деп жооп бериши мүмкүн:

– Мен сени каржы ишкердиги менен иштеп жана күчтүү кампания куруп, ал Менин көптөгөн жыйындарыма жана кызматкерлериме аларга берген тапшырмаларды эффективдүү аткарыш үчүн жардам берсин деп чакыргам. Эгер сен Мени чын жүрөктөн издесең, Мен сага муну көргөзмөкмүн. Ошондо кызматкерлер түбөлүк таасирин тийгизген миңдеген адамдар сенин атыңа да жазылмак. Сен ар бир жан үчүн сыйланмаксың. Азыр болсо, сен өзүңдүн кылган иштериң үчүн сыйлыгыңды аласың, анткени сен муну тил албастык менен кылдың. Мен шаардын башка тарабындагы жыйындын башкы уюштуручусу сен болушуңду каалаган элем. Эгер сен тил алчаак болсоң, ошол жыйындагы жети миң жан да сенин атыңа жазылмак, анткени мен сени болушуң үчүн чакырган Денеде сен башкы каарман элең. Сен ал жакта болбогондуктан, алар үчүн деген сыйлыкты ала албайсың.

– Мага мисал келтиргенге уруксат бериңиз. Менде АКШнын түштүк-чыгыш тарабындагы бат өсүп жаткан жыйындын пастору болгон кымбаттуу досум бар. Ал жыйынды 1991-жылы жыйырма эки адам менен гана баштаган, азыр болсо ал төрт миң адамга чейин өстү. Бул жыйын-адамдардын руханий ачарчылыгын себеп кылып жакшы кабар айтуу үчүн эң жеңил жерлердин бири. Бул жыйында миңдеген адамдар куткарылып жана окутулду.

Бул жыйын күчтүү сыйынуулар, күчтүү насаат сөздөр жана аткарылган оор жумуштары менен ылдамдыкта өсүүгө умтулуп бaратат. Алар көбүрөөк адам бата тургандай кереметтүү имарат курушту. Бир нече жыл өткөндөн кийин менин досум кызматта бир ак чаччан кишини көрүп калды. Ал адам ар бир кызмат бүткөн сайын залда калып көзүнө жаш тегеретип отурчу. Пастор бул көз жаштын кубаныч көз жаш эмес экенин сезчү.

Акыр-аягы ошол киши пастордун жардамчыларынын бирине келип, 1981-жылы Теңир ага ушул шаарда жыйын уюштуруусун ачык-айкын айтканын айтты. Бир нече күн өткөндөн кийин ал пастор боло турган жыйындын имаратын

түшүндө көрөт. Бул түш ушунчалык реалдуу болгон үчүн ал чебер архитектор адисин түшүндөгү имаратты тартып берүүнү суранат. Андан кийин ал анча-мынча каршылыктарга туш болуп, жыйын уюштуруу оюн таштап коёт. Канча бир убакыт ал саякаттап башка жыйындарда кызмат кылып жүрдү, бирок кайра бизнес дүйнөсүнө кайтып келди.

Ал киши бүктөлгөн кагазды ачып, пастордун жардамчысына бул 1981-жылы тартылган имараттын сүрөтү деп айтты. Чийимдерди көрүп пастордун жардамчысы таң калды. Бул менин досум бир нече жыл өткөндөн кийин салынган, азыр экөө ичинде сүйлөшүп турган имараттын сүрөтү эле. Менин досум ал кишини сооротуп жатты, бирок ал сооротууну кыйынчылык менен кабыл алды. Кудай аны өзүн күнөлүү сезип жүрсүн деп эмес, эртерээк башка нерсеге үйрөнүп, өсүп өмүрүнүн аягына чейин Теңирге кызмат кылгандын эффективдүү жолун тапсын деп каалады.

Бир нече жыл мурун, мен ушул темада бир чоң конференцияда насаат айттым. Кудайга кызмат кылып бүткөндөн кийин, укканына таң калган жана көп түшүнбөгөн кебетеси менен биздин команданын мүчөсүнүн бирине келип мындай деди: “Ал насаатында болгон нерселерди чындап олуттуу маани берип айткан жок да, туурабы?”

Менин командамдагы адам: “Ал чындыкты айтты окшойт, бирок эмне болду?”– деп сурады.

Элүү жаштан бир аз улуу көрүнгөн пастор ага: Мен жаш кезимде Филипинде жашап, ошол жактагы адамдарга кызмат кылганым жөнүндө даана аян көргөм. Аян ушунчалык реалдуу болгондуктан, мен бир күнү ошол жакка кетип калам деп чын жүрөгүмдөн ишенгем. Бирок, андай болгон жок жана мен отуз жылдан ашык ушул жыйында пастордук кызматта жүрөм”,– деди.

Анда биздин кызматкер ага акырын: “Эми эмне кылайын деп атасыңар?”– деди.

Пастор айтарга сөз таппай, кетип калды.

Бир жыл өткөндөн кийин биздин кызматкер ошол пастор жөнүндө жаңылык укту. Ал жыйынды жардамчысына тапшы-

рып, Филипинага жашаганы кетип жана аларды сүйүп калыптыр. Ал мындай сөздөрдү айтыптыр: "Өмүрүмдө биринчи жолу кандай жумуш үчүн жаралганымды сезип турам".

Бул чындыкты колдоп дагы бир окуя айтып берейин. Жакында эле бир досум ВМСтин атайын күчтөрүндөгү аскер менен тааныштырыш үчүн мени кечки тамакка чакырды. Анын коопсуздугу үчүн, мен ойлоп чыгарган Пабыл деген ат менен айтайын, анткени бул китепти жазып жаткан учурда ал дагы деле кызматта эле. Эки саат бою мен таң калуу менен анын күбөлүк сөзүн угуп отурдум.

Пабыл эки жыл библиялык мектепти окуп, жыйырма жаштан бир аз улуурак кезинде бүтүрдү жана дароо эле жыйындын жаштар бөлүмүндө кызмат кыла баштады. Бир жылдан кийин аны жыйындагы бир кыз менен жыныстык мамиледе болдуң деп күнөөлөштү. Пабыл мага мындай деди: "Джон, мен ал менен жаткан эмесмин. Ал тургай, ал мага жакчу эмес! Бирок, жетекчилер мага ишенмек тургай, баарын ошол нерсеге ишентип коюшту, мен болгон нерсемди жоготтум. Алар менин абийиримди бузушту жана мени (менден сурабай) кетсин дешти".

Анан Пабыл мындай деди: "Мен Кудайды мурда издебегендей издей баштадым. Сыйынууларымдын биринде Кудай мага даана айтты: Мен сени кызматкер болушуң үчүн чакырган эмесмин. Мен сени аскер кызматкери болушуң үчүн чакыргам".

Пабыл АКШнын деңиздик флот жана аба күчтөрүнө кызмат өтөө үчүн кабыл алуу суранычы менен кайрылды, бирок ал жакта ал үчүн жоопкерчилик ала турган эч ким жок болчу. Ал үчүн аскердик-деңиз флоту гана калган. Ага өзүнүн талабын сунуш кыла ала турган милдеттердин тизмесин көргөзгөндө, Пабыл аябай көңүлү калды, анткени алардын бири да анын жүрөгүнө жаккан эмес жана Кудайдын чакырыгына жооп тапкан жок. Бирок, ошол учурда башталгычтарды тандап аткан офицер аны деңиз флотуна аябай алгысы келгендиктен, ага атайын программа сунуш кылды. "Деңиз мышыктары" дегенди угаары менен эле ал аныкы экенин билген жана контрактка кол койду.

Офицер бул жаш жигитти жөн эле койсо экен деп сүйлөшкүсү келди. Анткени бул “ВМС спецназ” программасынын даярдыгынан аз эле адам өткөн эле. Андан башка дагы ал Пабылга бул бөлүмгө тапшырган бир да адам али күнгө чейин бул программанын аягына чыккан эмес деп айтты, анткени ал дүйнө жүзүндөгү эң бир оор даярдык эле! Ошентсе да, Пабыл толук чечкиндүүлүк жана чегине жеткен эйфория менен Кудайдын саякатына биринчи кадамды жасоого даяр эле. Ал энтузиазм менен аны бул программага кабыл алууну талап кылды.

Бирок, анын алдында бир нече олуттуу тоскоолдуктар бар эле. Биринчиден, Пабыл сууда сүзө албайт болчу. Ага бул үчүн сыйынып жана андан кийин сүзүүнү үйрөнүүгө туура келди. Экинчиден, балалык чагында анын кулагында түтүкчө бар эле, ал кулак каналдарын ачуу боюнча бир нече операцияларды башынан өткөргөн эле. Ошондуктан, ал чоңойгондо дагы кулагына бир аз эле суу кирсе дагы, жан чыдагыс ооруну баштан өткөрөөр эле, анан кулагында катуу инфекция башталчу. Бирок, Пабыл эгерде ал максатына өзүнүн жеке күчү менен жеткиси келсе, демек ал Кудайдан эместигине бекем ишенди.

Ал сүзгөндү үйрөнө баштады жана кулагынын айыгышы үчүн тынымсыз сыйына баштады. Күн сайын суудагы машыгуу ага жан чыдагыс ооруну алып келип жатты. Бирок, төрт ай убакыт өткөндөн кийин бир жолу, Пабыл сүзүп эле калбастан суунун терең жерине чейин, эч кандай ооруну сезбей эле, башы менен кирип сүзүп калды! Ал айыгып жана деңиз мышыктарынын командасында саякатка жөнөөгө даяр болуп калды.

Пабыл бул программа боюнча даярдыктан өтүп жатканда, адам чыдагыс кыйынчылыктарды баштан өткөрдү, бирок ал чыдады жана мына ушул согушта такшалгандарга жөнөтүлдү. Ал “ВМС спецназ”да он төрт жыл бою кызмат кылды. Ушул жылдар ичинде анын тапшырмаларында Кудайдын ушунчалык кийлигишүүлөрү болгондугун укканда, денем силкинип кетип жатты.

Ошондогу кечте мен ал кафедранын артында турганга чакырылган эмес болсо да, Кудайдын чыныгы улуу баласы-

нын жанында отурганымды сезип турдум. Ал адамдарга ошол армияда жүрүп таасир этип жана өз мекенине ошол жактна кызмат кылганга тандалган. Бүгүнкү күндө Пабыл жөн эле атайын бөлүмдөгү кызматта эмес, аскердик деңиз флотунун атайын бөлүмүнүн инструктору болуп иштейт. Ал ага даярдалган жакшы иштерди жасаш үчүн, жашоосунун багытын оңдоп-түзөөгө Кудайга жол берди.

Пабылга караганда өз тагдырын өткөзүп жиберген адамдардын окуяларын мен жетишээрлик уктум. Мен өз көзүм менен ушундай мисалдарды көрдүм. Жыйырма жылдан бери дүйнөнүн ар кайсы жыйындарында кызмат кылып жүрүп, мен пастордун жардамчысы болууга чакырылган пасторлорду, толук убактысын кызматка арнай турган ишмерлерди, жада калса ишмерлик менен алек боло турган пасторлорду көрдүм. Ишмердик дүйнөсүндө өзүнүн ордунда эмес болгон адамдарды жолуктурдум, алар өз жумушун баштагандан коркуп, бирөөгө иштеп жүрүштү. Дагы мен ишенимден чыгып калган адамдарды көрдүм, анткени алар өзүлөрүнө өзү башчы болгонду каалашкан.

Мен Кудайдын эркисиз үйлөнгөндөрдү да көрдүм, жыйынтыгы алар өзүнүн дайынын жоготуп коюшту. Башкалар аларды дайындалган нерсесинен кармап аткан досторуна өзүн байлап коюшту. Мен спортко кызыгып, акчаны сүйүп, бийликке же дагы башка нерселерге берилип кеткен адамдарды жолуктургам, уланта берсем тизменин аягы жок,– мунун баары адамды Кудайдын үйүн куруу планынын аткарылуусунан кармап турат.

Бул кайгылуу ойлор, бирок жакшы жаңылык, Кудай бизге даярдап койгон жолдон эч кимибиз качпашыбыз керек. Кудай биздин тарыхыбыздын Автору жана алардын аткарылышына бизди Ал гана алып бара алат. Биз өзүбүзгө суроо беришибиз керек: мен жумушчу катары эмнеге тандалганымды кантип билсем болот? Бул маанилүү суроону эмки бөлүмдө талкулайлык. Ошондой эле, жолуңардан адашып калган болсоңор, кайра кантип туура жолго кайтуу керектиги жөнүндө да бир нече кеңештерди биле аласыңар.

12-БӨЛҮМ

# КУДАЙ МЕНЕН ЧАКЫРЫЛГАНДАР

*“Анткени Кудай берген белектерин кайра алып албайт, чакыруу чечимин өзгөртпөйт”*
— Римдиктерге 11:29

Көпчүлүк адамдарга кандайдыр бир жакшы же бир карағанда туура көрүнгөн неселерге алданып, Кудайдын планынан качуу ою коркунучтуу көрүнөт. Бул түшүнүктүү реакция! Бирок, эсиңерде болсун, биз кулоо жана жазалануу коркунучуна эмес, Кудайдан болгон коркунучка ээ болушубуз керек. Кудайдын коркунучу бизди бул сөздөрдү айткандын акылмандуулугунда кармайт: “Эгерде оңго же солго бурулуп кетсеңер, кулагың артыңдан «Жол мына, ушул жол менен жүргүлө» деген сөздү угат” (Ишаия 30:21). Келгиле, Кудайдын үйүн курууда биз өз ордубузду кантип билебиз деген суроого кайрылалы.

## Биринчиден: силер Кудайды чын жүрөгүңөр менен издедиңерби?

Эгерде силерди өз тагдырыңарды аткарып жатасыңарбы деп сураса, балким силер мындай деп жооп бермексиңер: “Мен аны аткаргым келип турат, бирок эмне үчүн чакырылганымды билбейм!” Буга бир нече нерсе себеп болушу мүмкүн. Биринчиден: силер чын жүрөктөн Кудайды издедиңер беле? Бизге айтылган, Кудай Ага шек келтирип же жөн эле кызык болуп издегендерге эмес, ишеним менен чын жүрөктөн издегендерге сыйлык берилет деп (Эврейлерге 11:16 кара). Эгер адам чын жүрөктөн жооп күтүп Кудайды издесе, анда ага жер жүзүнө эмне үчүн төрөлгөнү ачылат.

Мен Пердью университетинде студенттик бир туугандыкта куткарылуу алаарым менен дароо эле Кудайдын менин жашоом үчүн кандай планы бар экендигин издей баштагам. Инженердикке окуп жатып, мен ар бир шаршемби күнү экинчи семестрде IBMде (ЭВМ өндүрүш компаниясында иштегем). Кудайга тил алчаак болууну каалоодон башка дагы мени Кудай эмне үчүн чакырып алганын билүүгө мажбурлаган бир себеп болду. Куткарылганымдан бир нече ай өткөдөн кийин мен сегиз-он инженерден турган тайпанын арасында болуп калдым, ал жерде бир кызматчынын өндүрүштө иштеген отуз сегиз жылдыгын майрамдоо болуп калды. Биз шашпай сүйлөшүп отурганбыз, анан эле ошол кызматчы минтип билдирип калды: "Бүткүл отуз сегиз жыл бою мен күн сайын ушул жумушту жек көрүп келдим". Ошол жердегилердин менден башкасынын баары же макул болушту же күлүп калышты. Мен болсо шок абалында (эсим оогондой таң калып) калдым.

Бул чеберлердин арасындагы жалгыз жаңы кызматчы мен болгондуктан, эч ким бир башка оюн айтпаганына таң калдым, анан кармана албастан сурап жибердим: "Анан эмнеге ушул иш менен отуз сегиз жыл бою алектендиңиз?"

Ал мага карап туруп: "Бул жөн гана жумуш" деп койду.

Анан капысынан эле мен дагы өз ишимен анчалык деле тамшанган ырахатты албастыгымды моюнга алдым. Менин атам инженер болчу, анан ал бул жумуш жакшы экендигин, туруктуу жана жакшы төлөнгөн жумуш экендигин айтчу. Бирок, бул инженер менен болгон жолугушуу мени баарына башкача көз караш менен кароого түрттү. Мен: "Акча да, туруктуулук да, эч кандай башка нерселердин эч кимиси мен бул жер жүзүнө эмнеге туулганымды билүүдөн кармап кала албайт" деп ойлодум. Анан ошол эле жерден мен өзүмдүн эмнеге жаралганымды издейм деген чечим кабыл алдым. Анан ага карай баруу үчүн кийинки кадамым кандай болот деп издене баштадым.

Эгерде сен Аны менен болгон жашооңдун башынан эле Аны

издей баштасаң, анда Кудай жашоого эмнеге жаралганыңдын жалпы көрүнүшүн көрсөтөт. Башкача айтканда, Ал сага башында эле аяк жагын көргөзүп коёт. Жусупка Кудай улуу лидер болорлугун, ал тургай ата-энеси баш болгон бир туугандарынын баары ага кызмат кылышаарын көргөзгөндө ал жаш бала болчу. Ал ачылыш-аян көп жыл өткөндөн кийин гана ишке ашты. Муса Ысрайылды белгиленген убакытка чейин жок эле дегенде кырк жыл алып жүрөрүн билген болчу. Дөөт койчу болуп жүргөндө эле падыша болору ачылган. Бир нече жылдан кийин гана ал башкаруучу болуп калды. Тизмени уланта берүүгө болот.

Менин планым боюнча, университеттин билимин алып, Гарвардда окуумду улантып, Американын жогорку деңгээлдеги менеджери болуу эле. Мен үйлөнгүм келди, бир жылда бир нече жолу өргүү алып кирешемдин ондон бир бөлүгүн Кудайга берүүгө чечим кылгам.

Канчалык Кудайды көп издеген сайын, ошончолук кызматка тартыла баштадым. Мунун баары мага анча деле жага берген жок, бирок мен Кудайга тил алчаак болсом, жашоодон ырахат алып, кубанычка толо алам дегенди жетишээрлик эле түшүнө алгам. Бир жолу мен Ага эч нерсеге карабастан тил алчаак болом деп убада бердим. Ошондо Ал мага мени эмнеге чакырып алгандыгынын бүткүл көрүнүшүн көргөздү.

80-жылдардын башында Анын Сөзүнө тил алчаак болуу менен көптөгөн элдерге таасир эте алаарым тууралуу Кудай мага көргөздү. Бул менин акылыма сыйбаган нерсе болгондугун жана аны кантип ишке ашыруунун эч кандай жолун көрбөгөндүгүмдү айтып отуруунун да кереги жок. Анткени мен кичинекей шаардан келген жигит болчумун, бир дагы улуттук же эл аралык деңгээлдеги кызматчыны билбейт элем.

Ар бир кадамдын аткарылышын тактабай туруп, кантип Кудай Жусуп, Дөөт, Мусаныкындай такталган кырдаалдарды көрсөтүп бере алсын. Бул бизге ойлонууга эмес, ишенимде болууга мүмкүнчүлүк берет. Анын бизге айткандарына тил ал-

чаак болуу менен изденишибиз керек, ошондо гана максатка карай жыла алабыз. Көбүнчө бизге кийинки кадамыбыз максатка алып барбай эле, тескери алып бараткандай сезилет. Лидер болууга карата кыялданууну кабыл алгандан кийин дароо эле он жыл кулчулукка түшүп калуу, анча деле логикалуу кадам болбосо керек. Ошондуктан да, бизге минтип айтылган: “Бүт жүрөгүң менен Теңирден үмүттөн, өз акылыңа таянба. Бардык жолдоруңда Кудайды таанып бил, ошондо Ал сенин жолдоруңду багыттайт” (Накыл сөздөр 3:5,6).

Колледждеги акыркы жылы бардык студенттер төрт күндүк эс алууга кайрымдуулук Күнүн майрамдоого кетишкенде мен студенттик жатаканда калдым. Ушул күндөрү мен орозо кармап, Кудайдын менин жашоом үчүн эрки кандай экенин сурап сыйындым. Эки айдан кийин менин кийинки кадамым кандай болушу керектиги тууралуу жооп алдым. Ал жооп кызматка алып баруучу багытка толугу менен карама-каршы эле. Мага библиялык мектепке баруу толук логикага жаткандай сезилди, бирок Теңир инженердик кызмат алуу үчүн маектешүүдөн өтүү керектигин көргөздү. Мына ошон үчүн да Теңир бизге өзүбүздүн жеке түшүнүктөрүбүзгө таянбашыбыз керектигин айтат.

Университеттин кампусунда мен көптөгөн компаниялардын өкүлдөрү менен менен жолугуштум, анан дээрлик дароо эле Техас штатынын, Даллас шаарындагы “Роквелл” корпорациясында иштээримди түшүндүм. Мунун эч кандай мааниси жок болчу, анткени мен Далласта бир дагы библиялык мектепти билчү эмесмин. Мага башка шаарларга иштегенге он үч сунуш бар болчу. Алардын кээ бирлеринде ошондой мектеп бар болчу, анан да башка компаниялар “Роквеллге караганда” көбүрөөк маяна сунушташты. Бирок, мен жөн гана тил алчаак болдум.

Далласка барганымдан кийин жыйынга бараар менен, Теңир мага ал жерде тамырлашым керектигин айтты. Так ушул жыйында мен кызматта өстүм, азыр да мен ошол жыйындамын.

## Экинчи: силер бекем тамырладыңар беле?

Эмне үчүн көптөгөн адамдар өз жашоолорунда Кудайдын эркин таба албастыктары тууралуу экинчи себепке келдик. Алар жергиликтүү жыйында тамырлашкан эмес. Кудайдын Сөзү бизге минтип айтат: “Теңирдин үйүндө отургузулгандар *Кудайыбыздын короосунда* гүлдөшөт” (Забур 91:14).

Бүгүнкү күндө жергиликтүү жыйын болуп эсептелген Кудайдын үйүндө бекемделгендер, *Кудайыбыздын короосунда* гүлдөшөт. Кудайдын короосунун аспектилеринин бири Машайактын Соту болуп эсептелет. Эгерде биз жергиликтүү жыйында бекем тамырлап кала турган болсок, анда албетте азыр жана сотто гүл ачабыз. Бул Кудайдын планы.

Жыйынды адамдар эмес, Теңир ойлоп тапкан. Ыйса минтип айтат: “...Мен Өз Жыйынымды ушул таштын үстүнө *курам*, аны өлүм да жеңе албайт” (Матай 16:18). “Курам” деген сөзгө маани берип көргүлө. Ыйса физикалык түрдө болбой туруп, кантип Өз Жыйынын курат? Жооп: Өз Денеси аркылуу, биз аркылуу. Ошол себептен да биз кызматташтар делип аталганбыз. Ырайым, жөндөмдүүлүк жана чеберчиликтер Андан келет, Ал гана кереметтүү түрдө күч берет, бирок жумушту аткаруу үчүн Анын каражаттары тил алчаак болушу керек. Маселе мында: “биз Аны менен бирге Анын Жыйынын көтөрүп атабызбы же кызмат деген жарлыкка жамынып алып, өзүбүздүн жеке максатыбызга баратабызбы?

Ыйсанын бардык Жыйыны жергиликтүү жыйындарга бөлүнгөн. Көптөгөн мисалдардын бирөөсүн Анын Аяндагы жети жыйындын: Эфестеги, Смирнадагы, Пергамдагы, Тиатирадагы, Сардестеги, Филаделфиядагы, Лаодикеядагы жыйындардын ар бирине кайрылуусунан табабыз.

Жыйын ошондой эле Машайактын Денесине салыштырылат. Ааламдагы Машайактын жыйыны жергиликтүү жыйындарга бөлүнгөн сыяктуу эле, Машайактын Денеси дагы жергиликтүү денелерге бөлүнгөн.

Теңир Өзү Өз адамдарын бөлүштүрөт. Пабыл минтип жазат: “Кудай ар бир мүчөнү денеге Өзү каалаганындай кылып жайгаштырган” (1 Корунттуктарга 12:18). Балким, *биз бара турган жыйынды биз тандабайбыз, Ал Өзү тандайт* деген нерсе силерди таң калтыраттыр.

Бул тууралуу көз ирмемге ойлонуп көргүлө. Көптөрү Кудайдан Ал бизди кайсы жерде көргүсү келип жатканын сурагандын ордуна, өзүлөрүнө кийим же ресторан тандагандай болуп, жыйын тандашат. Эгерде Дененин башка жагында жүрсөң, кантип тагдырыңды таба аласың? Адамдын денесинин ар бир бөлүгүн Кудай ойлоп чыккан. Кол тизеге жабыштырылып калса, ага кыйын болмок. Ошондуктан, биз башка жыйынга өтөөрдөн мурда же башка шаарга көчөөрдөн мурда Кудайдын планын издешибиз керек.

> Биздин ар бирибиз жергиликтүү жыйындарда негизги позицияны ээлейбиз. Окуп көрөлү: “Силер – Машайактын денесисиңер, өз-өзүнчө алганда ар бириңер бул дененин мүчөлөрүсүңөр. Кудай Жыйынга, биринчиден...дайындады....” (1 Корунттуктарга 12:27,28).

Андан кийин Пабыл жергиликтүү жыйындардын негизги позициясын санап өтөт. Ал толук тизмени бербегенине карабай, Жаңы Келишимдин башка үзүндүлөрүнөн биз ар бирибиз физикалык башка дене мүчөлөрдөн кем калышпаган негизги ролду ойнойбуз. Эгерде биз ал ролдорду жакшы аткарбасак, анда физикалык органыбыздагы бир же бир нече органыбыз (мисалы, көз же бөйрөк) жакшы иштебеген сыяктуу же өзүнчө иштеген сыяктуу жергиликтүү жыйын да азап чегет.

Эң бир кейиштүү чындык, биздин коомдун көпчүлүгүндө жергиликтүү жыйындардын иштеринде олуттуу каталыктар кеткендигине байланыштуу, Ыйса Машайактын кызматы ишке ашпай жаткандыгы менен камтылгандыгында. Эмне үчүн алар аксап жатат? Адатта мунун себеби натыйжасыз лидерлерде деле эмес, бирок көз каранды эмес болуп жашаган

ишенгендерде. Элестетип көрсөңөр, менин колум, бутум же көзүм же денемдин башка бир бөлүгү өз каалаганын кылып баштады дейли. Таң калыштуусу, биздин жыйындардын абалына карабастан, Кудай Америкада бир нерсе кылгысы келет.

Эмне үчүн алгачкы жыйын ушунчалык алга умтулган өсүүгө жеткен? Келгиле, окуп көрөлү:

> "Алар элчилердин насааттарын угушчу, бири-бири менен баарлашышчу, нан сындырышчу жана сыйынышчу... Ишенгендердин баары чогуу болушчу... Күн сайын ийбадатканада чогуу болушчу, үйлөрдө нан сындырып, кубаныч менен, таза жүрөк менен тамактанышчу, Кудайды даңкташчу. Бүт эл аларга жакшы мамиле кылчу. Теңир болсо Жыйынга куткарылгандарды күн сайын кошуп жатты" (Элчилердин иштери 2:42-47).

Силер көрүп жатасыңарбы ишенгендердин отургузулуп жана жергиликтүү жыйында тамырлаганын? Алар чогуу табышкан, бир насаатты угушкан, бир аян-ачылышка ээ болушкан жана бир өмүрдү бөлүшүшкөн. Бул жыйындын саламаттыкта өсүшүнө таасирин тийгизген. Адамдар өзүлөрүнүн жергиликтүү жыйындары аркылуу Теңирге кызмат кылышкан, алардынүйдөгү жашоосу дагы ошол жакка кирген.

Жергиликтүү жыйында болуу алгачкы машайакчылардын жашоосунун ажырагыс бир бөлүгү болуп калган. Кийинчерээк жесирлерге тамак-аш жетишпей калганда бир топ көйгөйлөр пайда болгон. Апостолдор такмак – аш таратуу үчүн эле кызматтарды калтырууга болбойт дешти. "Ошондуктан бир туугандар, элдин ишенимине ээ болгон, Ыйык Рухка толгон жана акылдуу жети адамды араңардан тандагыла. Бул кызматты ошолорго тапшыралы" (Элчилердин иштери 6:3).

Көңүл бурсаңар, лидерлер: "Бизге ыктыярдуулар керек. Кимдир бирөөлөр ушул аялдарга өз убактысын бөлө албайбы?" деген жок. Жок, бардык ишенгендер кызматка тартылышкан, анткени алар жергиликтүү жыйынга тамырланышкан болчу. Менин оюмча, алардын ар бири кызматка аны

тандайт деп үмүттөнүштү болуш керек. Жети киши тандалып алынган, анан ошондо:

> "Аларды элчилердин алдына алып келишти. Элчилер сыйынып, алардын үстүлөрүнө колдорун коюшту. Кудайдын Сөзү кеңири жайылып, Иерусалимде шакирттердин саны абдан көбөйүп жатты. Ыйык кызмат кылуучулардын ичинен да көптөрү Ыйсага ишенип калышты" (Элчилердин иштери 6:6,7).

Бул жетөө саханадан кызмат кылууга кол коюлуп сыйынылгандар эмес эле, же үй жыйынында кызмат кылуу, даңктоодо жана табынууда кызмат кылууга, миссионердик саякатка чакырылгандар эмес эле, алар жыйындагы жесирлерге кызмат кылуу үчүн бөлүнгөндөр эле. Мына сага!

Көңүл бурсаңар, алар Денедеги маанисиздей эле болгон өз кызматтарына киришер менен, *Кудайдын Сөзү кеңири жайылып,* Иерусалимде шакирттердин саны абдан *көбөйүп* жатты. Бул жерде биз мындай таң калыштуу далилди көрөбүз. Элчилердин иштеринде (1-5) *"тиркелген, кошулган"* деген сөздөр Иерусалимдеги жыйындын өсүшү үчүн көп колдонулат. Мына бир нече мисалдар:

> "...Ошол күнү аларга үч миңге жакын киши кошулду" (Элчилердин иштери 2:41).

> "...Теңир болсо жыйынга күн сайын куткарылгандарды кошуп жатты" (Элчилердин иштери 2:47).

> "Эркектер да, аялдар да Теңирге ишенип, ишенгендердин саны уламдан улам көбөйүп жатты" (Элчилердин иштери 5:14).

Ошол мезгилге чейин жергиликтүү жыйындагы кызматтарды апостолдор аткарган, Петир жөнүндө гана ал насаат айткан деп айтылат. Кантсе да, кандайдыр бир убакта ишенгендер алардын ар бири үчүн негизги эки аспектте жоопкерчилик бар экендигин түшүнүшкөн. Биринчиси – башка адамдарга Жакшы Кабарды айтуу, экинчиси ар кимдин жергиликтүү жыйындагы өз ролу болгон.

Ар бир ишенген адам Ыйсанын тирилиши тууралуу таң каларлык таржымалды айтышы керек болгондугу тууралуу Элчилердин иштеринде жазылган (5:42-6:1): “Ошондон кийин алар күн сайын ийбадатканада жана үйлөрдө адамдарды окутуп, Ыйса Машайак жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратууну токтотушкан жок. Ошол күндөрү, шакирттер көбөйө баштаган...” Ал мезгилде ар бир үйдө радио, телевизор жана интернет жок болгондуктан, Петр ар бир үйдө насаат айта албагандыгы көрүнүп турат. Эми бардык ишенгендер өзүлөрүнүн кошуналарына Жакшы Кабарды айтып бериштери керек болчу. Байкасаңар, жыйынга жөн гана кошулушкан эмес, жыйын көбөйгөн. Элчилердин иштери Китебинен биз биринчи жолу көбөйүп, өсүүнү көрүп жатабыз.

Бирок ушуну менен эле таржымал бүтө койбойт. Ишенгендер жыйында өз ордуларын ээлери менен, биз шакирттердин саны жөн гана көбөйүп калбай, *абдан* көбөйгөндүгүн көрөбүз. Абдан көбөйгөндүк – ушул көрсөткүчтүү өсүүнүн өзү!

Толуктоо менен көбөйүүнүн (көрсөткүчтүү өсүүнүн) айырмасын түшүндүрүп берүүгө мага уруксат бергиле. Ай сайын Теңирге миң кишини алып келген кайтаруучуну элестетип көрөлү. Анын кызматы укмуш натыйжалуу деп аталмак, туурабы? Бардык дүйнөнү камтуу үчүн ага канча убакыт талап кылынат? Жооп таң калтырат: 50 миң жыл. Ушул 50 миң жылдын ичинде эч ким төрөлбөсө жана эч ким өлбөсө гана! Бул адамдар жерде жашап баштаган мезгилден берки убакыттан сегиз эсе көп. Бул мүмкүн эмес!

Эми мен улуу көбөйүүгө мисал келтирип көрөйүн. Элестететип көрөлү, силер жыйында калып калган эки адамды ээрчитип келдиңер. Анан бир нече айлар өткөндөн кийин алардын ар бири дагы эки адамдан алып келишти дейли. Бир нече ай өткөндөн кийин ал төртөө дагы ошентип ээрчитип келишти. Кийин айлар өтүп, тигил сегиз адам дагы экиден кишини Теңирге алып келишип, алар да жыйында калып ка-

лышты дейли. Эгерде ушул көрүнүш улана бере турган болсо, анда жер жүзүндөгү бардык адамдарга Жакшы Кабар жетиши үчүн канча убакыт талап кылынат? Жооп – отуз үч ай! Ооба, ооба, үч жылга жетпеген убакыт! Мына ушул улуу көбөйүү.

Эми силер түшүнүп жатасыңарбы, чындыгында Библиядан эмне жөнүндө окуп жатканыбызды?

> "Бул эки жылга созулду, ошондуктан Асиянын бүт тургундары, жүйүттөр да, эллиндер да Теңир Ыйса жөнүндө угушту" (Элчилердин иштери 19:10).

Бардык жашоочулар. Эгерде Жазуу *бардык* деп айтып жаткан болсо, демек бул *ар бир* адам дегендик. Сөз шаар же бүткүл бир өрөөн жөнүндө да болуп жаткан жок. Аларда спутник байланышы, телевизор, радио, машина, ал тургай велесипеддери да болгон эмес. Бул чыныгы экспоненциалдуу (көрсөткүчтүү) өсүү болгон.

Улуу өсүш болуу үчүн Денеге сергек-саламаттыгы чың ишенүүчүлөрдүн болушу зарыл. Саламаттыгы чың Дене жергиликтүү жыйынга тамырлап орногондор, андагы кызматчылар (мисалы, жесирлерге кызмат кылуучулар, уюштуруучулар, машина токтоочу жердин кароолчулары, түрмөдө кызмат кылгандар, балдар кызматындагылар, баарын санап бүтө албайбыз). Алар адамдарга жумуштарында, же жашаган жерлеринде жетишип, жергиликтүү жыйында тамырлап калууларына жардам беришкен. Эсиңерде барбы, Ыйса бизге ар кайсы элдерди куткарууга гана алып келбестен, алардан шакирт даярдагыла деп айткан. Биз Ыйсага алып келген адамдарыбызга алар Теңир эмнени парыздаган болсо, ошонун баарына үйрөнсүн үчүн, жергиликтүү жыйында тамырлап калууга жардам беришибиз керек (Матай 28:20ны карагыла). Адамдар Машайакта өсүшү үчүн аларга жергиликтүү жыйын жана аларга берилген жөндөмдүүлүк зарыл.

Жергиликтүү жыйындын мүчөсү болуунун мааниси ушунда. Андан биз өнүгүп, гүлдөйбүз. Билесиңерби, Филипп жесир-

лерге тамак тараткан жети кызматчынын бири болгон. Андан кийин Элчилердин иштери Китебинде ал Жакшы Кабар таратуучу деп айтылат. Кызмат көптөгөн шаарларда тарашы анын иши. “Эртеси күнү биз Пабыл менен бирге Жакыпка бардык. Жыйын башчылары да келишти” (Элчилердин иштери 21:18).

Ал эми улуу евангелист болуп, бир шаардан башка шаарга Теңир тарабынан жиберилгендигине карабастан, ал дале баягы жетинин бири болуп айтылат. Адам өз жашоосундагы эмне үчүн чакырылган максатын билүү үчүн жергиликтүү жыйындагы кызмат эң негизги ролду ойногон. Мен адамдарга минтип айтам: “Сен чакырылганыңды билип, жашооңдо кандайдыр бир улуу нерсени жасашың мүмкүн, бирок ал жергиликтүү жыйында тамырламайынча ишке ашпайт”.

Забурчунун сөзүн кайталаганга мага уруксат эткиле: “Теңирдин үйүнө отургузулгандар Кудайыбыздын короосунда гүлдөшөт” (Забур 91:14). *“Отургузулган”* деген сөздү ойлонуп көргүлө. Падышачылыктын принциптерин түшүнүү үчүн, силер себүү жана оруу мыйзамын билишиңер керек. Ыйса Өзүнүн шакирттерине эгерде үрөн, топурак жана түшүм тууралуу принциптерди билбей турган болсоң, анда үлгү насаат аңгемелердин баарын тең түшүнө албайсың (Марк 4:13) деп айткан. Башкача айтканда, Кудай Падышачылыгы бул:

> “...бир адам жерге үрөн себет. Түнкүсүн уктайт, күндүзү турат, үрөндүн кантип өнүп-өскөнүн билбейт. Анткени жер өзү түшүм берет: адегенде сабакты, андан кийин машакты өстүрүп чыгарып, акырында машакты данга толтурат. Эгин бышып, орууну жыйноо маалы келгенде, ал токтоосуз орок салат” (Марк 4:26-29).

Мисалы, менде ар кандай түшүм берүүчү дарактардын үрөндөрүнөн бир ууч бар, аларды мен такыр ажырата албайм. Бул эмне деген үрөндөр экендигин билүү үчүн мен аларды отургузушум керек. Ошентүү менен мен бир нече убакыт өткөндөн кийин ар бир үрөндүн табиятын көрө алам.

Кудай биздин ар бирибизге алдын ала белгилеген максаты бар жана аны ишке ашыруу үчүн жөндөмдүүлүктөрдү бизге кошуп жаратат: “Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз” (Эфестиктерге 2:10). “Анткени Кудай берген белектерин кайра алып албайт, чакыруу чечимин өзгөртпөйт” (Римдиктерге 11:29). Ыйсанын Сөзүнө ылайык, менин эмнеге чакырылганым жана жөндөмдүүлүктөрүм үрөндө. Эгерде мен өзүмдү жыйынга “эксем” анда, Кудай мага берген тагдырды ачкан болом. Эгерде андай кылбай турган болсом, анда мен жашоомдо ар кандай башка максаттарга жетиш үчүн ал жөндөмдүүлүктөрүмдү колдоно алам, бирок мага Жараткан бергендерден башка максаттарга гана. Дүйнөлүк стандарттарга ылайык келген ийгиликтер менен алданып калбагыла. Жөндөмдүүлүктөрүңөрдү колдонуп жашоодо абдан көп ийгиликтерге жетишиңер мүмкүн, бирок силердин жашооңор Жараткандын планына тил алчаак болгонго кирбей калат.

Мен бир нече мисалдарды келтиргим келет. Дүйнөдө уккан адамды ыйлатып жибере тургандай үндүү көп эле адамдар бар. Бул жөндөмдүүлүк аларга Кудайды даңктоо үчүн, адамдарды Анын жүрөгүн жана Анын каалоолорун түшүнүүгө ойготуу үчүн берилген. Бирок, алар эч качан өз чакырыктарынын максатын аткара алышпайт, анткени алар куткарылып жана жыйындын мүчөсү болушкан эмес.

Жүрөгүн Ыйсага берип койгон адамдар бар, бирок жыйынга туруктуулук менен келишпейт. Алар өзүлөрүнүн Падышачылыктагы эң бийик чакырылуу максаттарын аткарышпайт, анткени жыйынга келишкен жок. Балким, алардын чакырылуу максаты жыйындан тыштагы адамдарга таасир этүүдүр, балким, алар кандайдыр бир деңгээлде аны аткарып жатышкандыр, бирок эгерде алар жыйынга отургузулган – эгилген болушканда, алардын тагдыры башкача болмок.

Адам белгилүү бир жөндөмдүүлүктөргө ээ болушу мүмкүн, аларды мүмкүнчүлүгүнө жараша колдонушу мүмкүн, бирок али

эгиле элек дарактын үрөнүн билип болбогондой эле, адам өзүнүн чыныгы, Кудай берген тагдырын жыйында отуруктаашмайынча билип болбойт. Муну адамдар эмес, Кудай ойлоп тапкан.

Дагы башка көйгөй, адамдар алгачкы эле кыйынчылык кезинде жыйынды таштай башташканы. Бүгүнкү күндө адамдар өз жыйындарында туура эмес бир нерсени көрүшкөндө эле, өзгөчө лидерликте, өз жыйындарын оңой эле таштап коюшат. Бул балким, жыйын жеткечилеринин стилидир. Балким, курмандыкты чогултуу же акчаларды сарптоо жагыдыр. Эгерде кайтаруучунун насаат айтып жатканы жакпаса, алар кетип калышат. Мисалы, ал кол жеткис же тескерсинче, абдан эле жакын. Же жыйын мүчөлөрү тарабынан жетишерлик көңүл бөлүнбөйттүр. Тизмени уланта берсе болот. Кыйынчылыкты кабыл алып жана аны үмүт менен баштан өткөрүүнүн ордуна, алар чыр-чатак жоктой болуп көрүнгөн жакка кетип калышат.

Келгиле, чындыктын көзүнө карайлы: жалгыз жеткилең кайтаруучу же жыйын мүчөсү – Ыйса гана. Анан эмне үчүн биз батыш коомчулугунда кыйынчылыктан качабыз, аны кабыл алып, жеңип чыгуунун ордуна? Биз жөн гана таптакыр кемчилдиксиз кайтаруучуну жана жыйын мүчөлөрүн табыш үчүн жыйындан жыйынга барат окшойбуз.

Шайтан бизди таарынтып жана Кудай коюп койгон жерден түртүп салгысы келет. Ал бизди, эркектерди да, аялдарды да тамырыбыз менен жулуп салгысы келет. Эгерде шайтан бизди жулуп салгысы келсе, анда ал ийгиликтерге жетишип жатат. Эгерде чоң чыр-чатак болуп кеткенде да сен ордуңан козголбой койсоң, анда анын планын үзгүлтүккө учуратып, Кудайдын планын аткарган болосуң.

Анан кайра эле: "Теңирдин үйүндө отургузулгандар, биздин Кудайдын короосунда гүлдөшөт". Эгерде өсүмдүктү ар бир үч жумадан кийин эле жер которуштура берсе, анда эмне болот? Тамырлары алсырап калат да, анан ал туура өсүү жөндөмдүүлүгүн жоготуп, гүлдөбөй калат. Кайра эле которуштура берсе, өсүмдүк кургап калат.

Көптөгөн адамдар жыйындан жыйынга которулуп жүрүп, өз чакырылган максаттарын өстүрөбүз деп ойлошот. Эгерде аларды Кудай жайгаштырган жерде кабыл алышпаса, тез эле таарыныч пайда болот. Эгерде алар бирдеме менендир макул болушпаса, таарынып кетишет да, бардыгы үчүн жыйындын жетекчилигин күнөөлөшөт. Өзүлөрүнүн кемчиликтерине көзүн жаап алышып, Кудай аларды ошол сыноо менен тазалап жаткандыгын билишпейт. (Бул бир гана кызматка тиешелүү эмес, жумушка, никеге жана башка өз ара мамилелерге да тиешелүү).

Келгиле Кудай берген дарак жана өсүмдүктөрдү мисалга келтирүү менен сабак алып көрөлү. Жемиши бар дарак жаандын, шамалдын жана аптаптын таасирине дуушар болот. Эгерде көчөт сүйлөй ала турган болсо минтип айтмак: “Сураням, мени бул жактан алып салгылачы! Мени аптап жана шамал жок жакка отургузгулачы!”

Эгерде багбан даракты уга турган болсо, анда ал ага чыныгы зыянды алып келмек. Өз тамырларын жерге терең жайылтуу менен дарак жаандын, шамалдын жана аптаптын таасилерине каршы тура алат. Алар дуушар болгон кыйынчылыктар менен күрөшүү акыр-аягында алардын туруктуулугунун булагы болуп кызмат кылат. Бир кезде дарак ушундай бир абалга жетет, ал тургай катуу добул дагы анын мөмөлөшүнө таасир эте албай калат. Ушуну эстөө менен Кудай бизге баштан өткөрүүгө буюрган нерселерге каршылык кылып кереги да жок. Анткени, ал кырдаалдар чакырылып алынган максатыбызда бизди бекемдөөгө жөндөмдүү.

## Үчүнчү: силер убайым тартып жатасыңарбы?

Адамдар өзүлөрүнүн кай максатта чакырылганын билбегендигинин жана аны аткара албай жүргөндүктөрүнүн акыркы себеби – бул убайым тарткандык. Аларды өз чуркоолорун ийгиликтүү аяктоодон оордук кармап турат.

Пабыл минтип айтат: “...өз өмүрүмдү эч аябаймын, алдымда турган жарышты жана Теңир Ыйса тапшырган кызматты – Кудайдын ырайымы жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратуу ишин кубаныч менен аягына чыгарсам эле болду” (Элчилердин иштери 20:24). Ал жашоодогу өз миссиясын эң бир курч моюнга алган. Анын тапшырмасы бар болчу, анан ал дагы да ишке ашырыла элек болчу. Ал муну кантип билип калды? Ыйса билгенди, Петр билет (2 Петр 1:14) Кудайды издеп жүргөн, жыйында отурукташкан жана чыдаган башкалар да билишет. Акыркы ачкыч мына ушунда катылып жатат – өзүбүздү Кудайдын планынын аткарылышына толук арноо менен, биз чакырылуудагы максатыбызды эле билип калбастан, аны аткара да алабыз.

Буга мисалдарды биз Жакшы Кабарлардан алабыз. Бир жолу Ыйса бир шаардан бир шаарга карай бараткан: “Алар жолдо бара жатышканда, бирөө Ыйсага: «Теңир, Сен кайда барсаң да, мен Сенин артыңдан барам»,– деди” (Лука 9:57).

Бул адам толугу менен умтулууга, чынчылдыкка таң калууга толуп турган. Ал Ыйсанын артынан аягына чейин ээрчип жүргүсү келди. Анткен менен, Ыйсада адамдык энтузиазм менен чыныгы ниетти жана жүрөктүн ниетин көрө билген жөндөмдүүлүк бар да. Ал бул адамдын жашоосунда убайым тартуу бар экенин көрдү, алар тагдырды аткарууга тоскоолдук кылмак да. Ошондуктан, Ал минтип айтты: “Ыйса ага: «Түлкүлөрдүн ийини бар, канаттуулардын уясы бар. Ал эми Адам Уулунун баш калкалар жайы жок»,– деди” (Лука 9:58).

Бул адам балким жердеги жашоосунан ишенимдүү жакшылыктарды көрө албагандыр. Балким, анын жакшы жумушу, жетишерлик чоң үйү, карылыгын камсыздап койгон планы бардыр. Ыйса өзүнө баш калкалоочу жай да жок экендигин айтып, бул дүйнөдөгү туруктуулукту – жайлуулукту жокко чыгарган.

Ошол энтузиаист жана топтогу адамдардын акырындык менен артка кетенчиктеп, акыры барып жок болуп кетишкенин элестетип турам. Балким, ал адам минтип айткандыр: “Ыйса мен Сенин кызматыңдын уюштуруучусу болом, даңк-

тоо тобунда аспап менен ойноп же унаа токтоочу жайда жыйынга келген кары-картаңдарга кызмат кыламын”. Ыйсанын артынан ээрчүү кызыгы ал үчүн өз жаркырагын жоготту, Ага кызмат кылайын деген ниети бат эле учуп кетти. Ал дагы да жыйынды колдоо ниети болсо да, толугу менен өзүн арноону каалаган жок жана көпчүлүк сыяктуу эле алыстап кетти.

Анан Ыйса башка бирөөгө карап:

> “«Менин артымдан ээрчи!»– деди. Ал болсо: «Теңир, адегенде атамды көргө коюп келейин, уруксат бер»,– деди. Ыйса ага: «Өлгөн адамдарын көмүүнү өлүктөрдүн өзүнө кой. Сен болсо барып, Кудайдын Падышачылыгы жөнүндөгү Жакшы Кабарды тарат»,– деди” (Лука 9:59,60).

Мына сага! Бирөөлөргө Ыйса бир аз орой жана сезимтал эмес көрүнөттүр. Бирок, биз ошол күндөрдөгү маданият салттарын түшүнүшүбүз керек. Окумуштуулар мындай дешет, Ыйсанын убагында салт боюнча атасы өлүп калып, тун уулу аны көмүү милдетин аткарса, анда ал калган мурастан эки эсе көп алат, ал эми калган балдары бир бөлүгүн гана алышат. Эгер ал көмүү салтын аткарбаса, анда эки эсе мурас экинчи баласына таандык болот.

Бул адам акчаны ойлогон. Балким, ал жеткилең жашоону сүйгөндүр, акыр – аягы бул нерсе Ыйсанын артынан ээрчүүсүнө тоскол болду. Ал Кудайдын планында эмес, каражаттын негизиндеги чечимди кабыл алды.

Мен ашыгы менен ишенем, Кудайдан мындай тапшырма алаары менен ал качып кетти. Анын жообу мындай сыяктуу болду: “Ыйса мен Сенин жыйындарыңда ансыз деле кызмат кылам. Мен хордо ырдайм же барабанда ойнойм. Мен билем. Мен муну ырахаттануу менен жана бекер кылам”. Башкалар сыяктуу эле анда Ыйсанын артынан эрчүүнүн кубанычы өчүп калды.

Байкасаңар, бул адам Ыйсанын артынан ээрчибейм деп айткан жок. Ал ээрчийт, бирок анын чыныгы жүрөгү “*алгач* уруксат эт” деген сөздө ачылып жатат. Ал каалаган мурасты алуусуна ишенимдүү болгусу келди.

Биз өз жашообузда Кудайдын планынын аткарылуусун кааласак, Кудайдан өйдө эч нерсе орун албаш керек. Өз артыкчылыгынын аткарылышы үчүн, тил алчактыкты таштап койгон ишенгендерди аябай көп көрдүм. Алар эмне үчүн чакырылгандыгын өткөрүп жибергендери абдан өкүнүчтүү; эми ордуна башка бирөө туруп, алардын ролун ойнош керек. Алар кантип Сотто актанышат?

Жакшы Кабар тарыхына кайрылсак. Топ азая берди, бирок дагы бир ыктыярдуу пайда болду.

> "Дагы бирөө мындай деди: «Теңир, мен Сенин артыңдан ээрчийм, бирок адегенде үйдөгүлөрүм менен коштошуп келейин, уруксат бер»,– деди. Ыйса болсо ага: «Сокону кармап алып, артына кылчактаган адам Кудайдын Падышачылыгына жараксыз»,– деди" (Лука 9:61, 62).

Кайрадан *"алагч"* деген сөз. Бул адамдын үй-бүлөсү, достору менен жакын жана жылуу мамиле болгону айкын, же балким үйүндө Галилеялык Адамдын артынан ээрчү чечимин талкуулашуучу сүйлөшкөн кызы калгандыр. Анын Ыйсага кантип кызмат кылышындагы чечүүчү фактор, анын жакындары менен болгон мамилеси болду. Ошондуктан, анын Падышачылыка кызмат кылууга туура келбестигин Теңир түз эле айтты.

Мен ал адамды дагы башкалар сыяктуу эле артка чегингенин элестете алам. Мен анын: "Ыйса мен коомчулук менен байланышуунун адисимин, мен Сенин кызматыңда кеңешчи блуп, Сага жакшы жумушчуларды таба алмакмын. Дагы мен биздин шаарда өтө турган эмки жыйын үчүн конференц-борборун табууга жардам бере алмакмын. Сен келгенде болсо жыйындарыңды тейлөөчү, уюштуруучулар үчүн жооп беремин. Керек болсо, мен өзүм уюштуруучу болуп иштегенге даярмын. Мага ишенсең болот!"– дегенин дээрлик угуп турам.

Балким, бул учурда Ыйса артынан ээрчиген толтура – энтузиасттардын жетимишке чейин азайып калгандыгынын күбөсү болгондур. Балким, алар миңден ашык, бирок Ал

өзүнүн тагдырынын аткарылышына тоскоол болуп аткан элдеги эң маанилүү үч түйшүктү түздөн-түз талдоону баштады, алар: коопсуздук, акча жана мамиле. (Башка дагы чөйрөлөр бар, алар ырахат же болбосо, Кудайдын максатына ылайык келбеген нерселерге ээ болуу жана башкалар. Менин көп жылдык кызмат кылуу тажырыйбамда бул эң негизги суроолор).

Жакшы Кабарды окуп жатып көбүнчө адамдар Луканын кийинки маанилүү айткан сөздөрүн унутуп калышат, анткени текст бөлүмдөргө бөлүнгөн. Силерге эскерте кетүүгө уруксат эткиле, Лука бир узун кат жазган, кийинчерек керектүү үзүндүлөрдү табууга ыңгайлуу болсун деп, жыйын аны бөлүмдөргө жана аяттарга бөлгөн. Лука эмне деп жатканын уксаңар:

> “Ошондон кийин Теңир башка жетимиш шакиртти тандап, аларды ар бир шаарга, Өзү бармакчы болгон ар бир жерге эки-экиден кылып, Өзүнөн мурун жөнөтүп жатып, мындай деди: «Түшүм көп, бирок жумушчулар аз...»” (Лука 10:1,2).

Бул аяттарда өтө көп нерселер айтылган. Эң алгач “ошондон кийин” деген сөздөргө көңүл бурсаңар. Биз өзүбүздөн “Эмнеден кийин?” деп сурашыбыз керек. Жообу: Көп адамдардан турган чоң топ калган кичинекей үймөкчөгө айланып өзүлөрүнө: *“Анын артынан ээрчүү каалоосу мен үчүн эмнеге турары маанилүү эмес. Мен ошону каалайм жана аткарам!”* деп айтышкандан кийин. Ал коопсуздук, акча жана мамилелешүү жөнүндө айткандарын алар угушкан, бирок аларды тагдырын өз тагдырларын Кудайда аткарууларынан эч нерсе кармай албайт деп чечишти.

Ошондон кийин Ыйса тайпанын жетимиш (ошончосу эле калган окшойт) жаңы мүчөлөрүн *тандап алды. Тандалган* жана *коюлган* деген сөздөр Жаңы Келишимде синоним катары пайдаланылат. Коюлган адам, тандалган болуп, тандалган адам коюлган болуп эсептелет. Ыйса муну Матай жазган Жакшы Кабарда эки жолу ырастайт. Эгерде Ал бир ырастоону бир эле Жакшы Кабардын ар кайсы жеринде кайталап жатса, биз буга олуттуу

түрдө көңүл бурушубуз керек. Ал мына: “Анткени чакырылгандар көп, бирок тандалгандар аз” (Матай 20:16, 22:14).

Чакырылгандар көп. Канчалык көп? Тагыраак айтсак, ар бири. Ар бир ишенүүчү жашоосунда бир максатка арналып чакырылат жана аны аткарыш үчүн жөндөмдүүлүктөргө ээ болот. Бирок, ошол арналган нерселерин кээ бирлери гана аткарганы силерди таң калтырышы мүмкүн. Эмне үчүн тандалгандар аз? Анткени, азы гана жашоосунда чакырылган максатын аткарыш үчүн өз каалоолорунан, коопсуздугунан, акча сүйүүчүлүктөн, мамилешүүдөн жана ушул сыяктуу нерселерден баш тартышат.

Байкасаңар, Ыйса айткан: “Түшүм көп, бирок жумушчулар аз” (Матай 9:37). Биздин муун Кудай үчүн жеңилбегенинде Кудайдын күнөөсү жок. Анткени, Ал “бардык адамдардын куткарылышын, чындыкты таанып билишин каалайт” (1 Тиметейге 2:4). Биздин муун жоголгон үчүн биз Кудайдын Сотунун алдында отчёт беребиз. Эгерде биз чакырылган максатыбызды аткарсак, анда соттолбойбуз. Бирок, түйшүккө бизди кармаганга жол берсек, анда бизди эсибизге келтирген нерсе сот болот.

Силер: “Мен көптүн бири ганамын” деп айтышыңар мүмкүн. Эгерде сенин бооруң минтип айтсачы: “Мен өтө маанилүү орган эмесмин, менин жумушумду эч ким көрбөйт жана байкабайт. Ошондуктан, мен атайын аткарсын деп жаратылган нерселеримдин ордуна, өз иштеримди кылсамчы?” Өзүңөр билгендей боордун жоктугу денеге өтө олуттуу коркунуч туудурат. Өпкөбүз, бутубуз же таманыбыз, денебиздин башка бөлүгү ушундай эле нерсени айтса эмне болот? Денедеги ар бир мүчө канчалык маанилүү болсо, жыйындагы ар бир мүчө дагы дал ошончо маанилүү.

Эми болсо, сергектентүүчү жаңылык. Ыйса кээ бирлери гана Кудайдын үйүндөгү курулуштун жумушчусу катары өз тагдырын аткарарын айтат. Куруу чакырыгы ар бир ишенүүчүдө бар, бирок кээ бирлери гана аны аткара алат. Бул, көпчүлүк Сот алдына келген ишенүүчүлөр зыян тартышып, даңкка ээ болгон сыйлыктарын алышпайт дегенди билдирет.

Бул кайгылуу кабар экенин мен билем. Бирок, жакшысы да бар: азыр баштаса болот. Тизеңерди бүгүп, сыйынууда Анын эркине тил алчаак болуудан кармап турчу нерселер үчүн Кудайдан кечирим сурагыла да, андан соң кадам артынан кадам таштап, алдыга жылгыла. Жыйырманчы жүз жылдыктын улуу Жакшы Кабарчысы Смит Вигглсворт өзүнүн кызматын элүү жашка толгондо баштаган. Силерге да баштаганга кеч эмес.

Эсиңерде болсун: сырдын ачкычы биринчиден – ишеним менен Кудайды издөөдө, экинчиден – Кудай силерге көрсөткөн жергиликтүү жыйынга таандык болуп, силердин үстүңөрдө турган ушул жыйындагы жетекчиликке баш ийип жана тил алчаак болууда; үчүнчүдөн, бардык түйшүктөрдү таштоодо. Кудай силердин түйшүктөрүңөрдү көрсөткөндө, Анын кылычы түйшүктөр жараткан силердин жаныңарды же денеңерди байлаган нерселерди бөлүп салсын деп сурангыла. Анын ырайымы бардыгына ашыгы менен жеткиликтүү.

## Толук сыйлык

Кийинки бөлүмгө өтөөрдөн мурун жыйынтыктоочу сөздү айтсак. Көпчүлүк адамдар Кудайдын үйүн куруп баштай элек, башкалары башташты, бирок, бүтүшкөн жок. Алар бир күнү соолуп кала турган атак-даңкка кызыгып кетишти. Алар бул дүйнөнү байлыгына, таасирине, бийлигине, ырахатына жана адамдарга жагууга умтулуп башташты. Мунун бардыгы убактылуу. Өзүңөрдү өзүңөр алдабагыла, жолуңардан адаштырууга жол бербегиле, четтеп кетпегиле. Бир нерсеге көңүлүңөрдү бургула. Силердин Машаякта тапшырмаңар бар. Силердин жумушуңар аягына чыгыш керек.

Бир мезгилдик эмгеги, керек болсо, бүтүндөй жашоосундагы эмгеги туруштук бере албаган адамдар болот. Ал талкаланат, ошондуктан Кудайдын түбөлүктүү үйүнүн бир бөлүгү боло албайт. Силер элестетип жатасыңарбы?

Тагыраак элестетишиңер үчүн биздин үйүбүздүн курулуш тарыхынан бир мисал келтире кетсем. Мен участокко тез-тез

келип турганымдан улам куруучулар мени жакшы таанышчу. Алар мени “насаатчы” деп аташар эле.

Курулуш аянтчасына келген сайын үйдөн оор роктун үнү чыкканы угулчу. Мени көрүп, куруучулардын бири өзүнүн бумбоксун өчүрүш үчүн астына чуркачу. Кудайдын иштерин сыйлашкандарын көрүп, мен ичимен жылмайчумун. Андан кийин биз алар менен биртике сүйлөшчүбүз. Кээде бул балдар менен кызыктуу баарлашуулар өтчү, айрым учурларда аларга кызмат кылганга эң сонун мүмкүнчүлүктөр болчу.

Бир жолу куруучулар мага сонун үйлөрдү курганга катышып калгандарын айтышкандары эсимде. Өз жумушунун үлүшүн айтып берип жатышканда алардын жүзү жаркырап жатты. Ушундай даңктуу ишке катышкандарынан алар ырахаттанып, чоң кубанычка ээ болгондору көрүнүп турган. Эч кандай уялуу жок. Үйдүн ээлери үчүн да, ушул үйлөрдү көргөндөр үчүн да аткарган пайдалуу ишинен ырахаттануу гана бар.

Келгиле, андан ары ой жүгүртүп көрөбүз. Вашингтондогу Ак үйдү курган куруучунун сезимдерин элестетип көрсөңөр. Мектептен үйгө келген анын балдары кубануу менен мектеп окуучуларынын бүт өлкөдөгү эң белгилүү үйлөрдүн бирине бара тургандарын айтып жатышканын элестетсеңер.

Элестетип көрсөңөр, атасы кандай гана тамшануу менен ошол үйдү курууга катышкандыгын баласына айтып берет. Эми ошол баланын атасы ал классы менен чогуу Пенсильвания-авен, 1600 гө экскурсияга барганда кандай сезимдерди баштан кечиргенин элестетип көрсөңөр. Бардык классташтары анын атасынын Америка Кошмо Штаттарынын президентинин жашап жана иштеген үйүн курууга катышкандыгы тууралуу билишкенде өз баласынын жүзүнөн анын кандай гана кубанып жана сыймыктангандыгын көрүү ага кандай гана жагымдуу болорун элестетип көргүлөчү.

Биз менен да болжол менен ушундай эле болот. Бирок, биз бир кезде эскирип, ал бузулгандан кийин башка жаңысын

кура тургандай үй салып аткан жокпуз. Биз кылымдардан кылымдарга бүткүл адамдын көңүл чордонунда боло турган үйдү куруп жатабыз. Так эле ушундай! Михей эмне деп жазгандыгын эстеп көргүлө:

> “Көп элдер келип: «Келгиле, Теңирдин тоосуна чыгып, Жакыптын Кудайынын үйүнө кирели, Ал бизге Өзүнүн жолдорун үйрөтөт, ошондо биз Анын жолдору менен жүрөбүз. Анткени *Сиондон* мыйзам чыгат, Иерусалимден Теңирдин сөзү чыгат»,– дешет” (Михей 4:2).

Бүткүл ааламдын маселеси ошол үйдө чечилет. Акылмандуулук менен мыйзамдар, бардык жаратылгандардын үстүнөн болгон башкаруучулар ушул үйдөн чыгат. Баарынан да таң калыштуусу, бул үй он триллион жылдар өткөндөн кийин да, жаңы курулган күндөгүдөй эле кооз жана жаңы бойдон тура бергендиги.

Жакшы Кабардын бир эң мыкты, аягына чейин ишенимдүү болуп калган кызматчысы алтымыш жылдан ашуун убакыт бою натыйжалуу кызмат кылып жана жаңы миң жылдыктын дээрлик босогосуна келип өз сыйлыгына кирген. Ал кеткенден кийн бир жылдай убакыт өткөндөн кийин мен Жакынкы Чыгыштагы бир жыйынга барып калдым. Ошол жыйындагы табынуу кызматынын лидери Кудай ага кандай аян бергендиги тууралуу айтты. Ошол аянда ал асманда болуп жана тиги улуу кызматчыны жолуктуруптур. Ал абдан кенен жылмайып туруп, даңктоонун лидерине: “Бул жерде мен ойлогондон бир топ жакшы экен” деп айтыптыр.

Алар чындык жана окуялар тууралуу сүйлөшүшүп, андан кийин ошол кызматчы Сиондогу өз жумушунун бир бөлүгүн көргөзүптүр. Анын салымы укмуш болуптур. Ал ишенимдүү кызматчынын таасири ал өзү кыялдангандан да алда канча кеңири кетиптир, эми аны ал жакта көрсө да болот экен. Ал мага өзүлөрү курган үй тууралуу айтып берген куруучулар сыяктуу болуп, өз жумушун көргөзө алган. Кандай гана түбөлүктүү сыйлык!

Элестетип көрсөңөр, силер түбөлүккө өз тукумдарыңар-

га гана эмес, бүткүл элдерге Анын курулушундагы, Сион деп аталган Кудайдын даңктуу үйүндөгү, Анын курулушундагы өз бөлүкчөңөрдү көрсөтө аласыңарбы?

Эми башка жагын алып карайлы. Элестетип көрсөңөр, өз жолуңарды жакшылап аягына чыкпагандыктын натыйжасында, силердин эмгегиңерден эч кандай из да калбай калаганын. Силердин өткөн ата-бабаңар жана келечектеги укум-тукумуңар келгенде, аларга эч нерсе көргөзө албай турган абалыңарды. Бүткүл эл силердин эмне кылганыңарды көргөнүн келишсе, келечекте – түбөлүктүүлүктө эч нерсе көргөзө албаганыңарды элестеткилечи. Анткени, силер курган бөлүк күйүп кеткен же башкага алмаштырылган. Пабыл минтип жазат:

> "Кимдин кылган иши отко туруштук берсе, ал сыйлыгын алат. Ал эми кимдин иши күйүп кетсе, ал зыян тартат.." (1 Корунттуктарга 3:14, 15, Te Message).

Бул чынында эле түбөлүк жоготуу болуп калат. Тилекке каршы, чындык ушундай. Бирок, кымбаттуу досум, мен сенин ошол абалда болушуңду каалабас элем. Кудай да силерге аны каалабайт. Силер да бул силер менен болбосун деп, азыр бекем чечсеңер болот. Кудай силерге Сионду куруу үчүн ырайым берип атат. Апостол Жакан минтип жазат:

> "Эмгегибиз текке кетпей, сыйлыгыбызды *толук алышыбыз* үчүн, өзүңөргө сак болгула" (2 Жакан 8).

Анын ар бир баласы, Анын үйүн курууда катышкандыгы үчүн толук сыйлыкка жетүүлөрүн Теңирдин Өзү дагы каалайт. Силердин эмгегиңер көп жылдык, оор жана алмашпай турган болушу мүмкүн. Эгерде силер Кудайдын ырайымына таянып, жакшы кура турган болсоңор, анда силердин салымыңарга миллиарддаган периштелер жана адамдар кылымдардан кылымдарга тамшанышат.

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

## 5-БӨЛҮК: 11,12 ЧЕЙИНКИ БӨЛҮМДӨР

1. Кудай биздин Ал үчүн бир нерсе кылышыбызга муктаж эмес экендигин биз билебиз, бирок Ал биздин Аны менен чогуу эмгектенишибизди каалайт. Бул Аны кантип мүнөздөйт? Анын Падышачылыгын? Бизди?

2. Забурчу 138:16да айткандай, Кудай биз төрөлгөнгө чейин эле, биздин жашообуздун ар бир секунду сүрөттөлгөн китеп жазып койгон? Кудай биздин таң каларлык тарыхыбызда эмнелерди жазып койгондугун кантип билебиз?

3. Ар кандай иштер менен алектенип атып өз жашообузду оңой эле өткөрүп коюуга болот, бирок ошол эле кезде эмне үчүн чакырылган максатыбызга карата эч нерсе кыла албай калышыбыз да мүмкүн. Силердин жашооңордо көңүл калуудан же коркунучтан улам кылбаган бир нерсе барбы, же Кудайдын жаңылануусун каалаган бир нерсе барбы?

4. Он экинчи бөлүмдө Анын эркин аткарып жашоонун үч сырын талкууладык: Аны чын жүрөктөн издөө, өзүн Анын үйүндө тамырлатуу жана оор жүктөн бошонуу. Алардын кайсынысы силердин жеке мүмкүнчүлүгүңөрдү көргөзөт? Кантип силер анда өсөсүңөр?

5. Түбөлүктүүлүктө биз толук сыйлыкты алабыз же бир бөлүгүн алабыз же таптакыр албайбыз. Силер үчүн толук сыйлык деген эмне?

# 6-БӨЛҮК

13-БӨЛҮМ

# КӨБӨЙҮҮ

*Орокчу азыртадан эле эмгек акысын алып,*
*түбөлүк өмүр үчүн түшүм жыйнап жатат.*
*Ошентип, себүүчү да, орокчу да кубанат.*
*Анткени ушул учурга "Бирөө себет, бирөө орот"*
*деген сөз туура келет.*
— Жакан 4:36-37

*Себүүчү менен сугаруучунун эмгеги бирдей.*
*Бирок ар бири өз эмгегине жараша*
*акысын алат.*
— 1 Корунттуктарга 3:8

Падышачылыкта ишенимдүү кызмат кылган, Кудайдын үйүнүн курулушунда эмгектенген адам эң сонун түбөлүк сыйлыкты алат. Биздин ар бирибиз эмгегибизге жараша жекече сыйланабыз. Биздин ар бирибизге өзүнчө жоопкерчилик берилген, бирок ар кандай чакырык бир гана натыйжа чыгарат: адамдардын жашоосуна түбөлүктүүлүктүн таасири.

Көпчүлүгү асманда сыйлык алуу үчүн биринчи катарда жалаң гана миңдеген адамдардын жашоосуна таасир эткен кызматчылар турушат деп ойлошот. Бирок, чындык андай эмес. Кудай адамдык стандартка карабайт, адилет иштери менен тил алчаактыгына жараша соттойт. Эгерде бул андай болбогондо жетишкендик бүт кызматтын фокусу болуп калмак. Акыркы бөлүмдө биз Кудай биздин чакылырганыбызга жараша соттоп жана сыйлай тургандыгын көрдүк.

## Ырайым аркылуу күч

Машайак туулгандан кийин 56 – жылы, өз умтулууларынын аяктагандан он жылдай убакыт өткөндөн кийин Пабыл "апостолдордун эң кичинекейимин" деген (1 Корунттуктарга 15:9). Жыйындардын тарыхын изилдеген адамдарга бул сөздөр таң каларлыктай көрүнүшү мүмкүн. Пабыл ошол кездеги бардык белгилүү дүйнөгө таасир этип турган жана өз замандаштарына караганда бир топ алгылыктуу иштерди кылган. Ал апостолдордун эң бир улуусу болгондугунда кеп жок. Кантип анан ал тескерисинче айтып жатат? Балким, ал апыртып жибергендир? Мындай болушу мүмкүн эмес, Ыйык жазууну жазып жатып калп айтууга болбойт болчу. Ыйык Рух мындай саптарды бир гана шартта ушундай кылышы мүмкүн болчу – Пабыл чындыгында эле ушундай деп эсептеген учурда.

Жоопту анын катынын төмөнкү сөздөрүнөн табабыз: "*Бирок Кудайдын ырайымы менен азыр ким болсом, ошолмун*. Анын мага кылган ырайымы текке кеткен жок*, мен баарынан көп кызмат кылдым. Дегинкиси, мен эмес, Кудайдын мендеги ырайымы кызмат кылды*" (1 Корунттуктарга 15:10).

Пабыл башка апостолдорго караганда өзүнүн жетишкендиктеринин чоң экендигин моюнга алып туруп, анан ошол эле кезде өзүн баарынан кичинекеймин деп баалаган. Мындай парадокстун чечмелениши анын өз сөзүндө турат: "Кудайдын ырайымы менен гана ушундай болуп турабыз". Кудай ал аркылуу бирдеме кыла алышы үчүн, Пабыл өзүн бардыгынан бөлүп коё алган. Кудайдын чакырыгына ал өзү эч нерсе кошо албастыгын же ага берилген жөндөмдүүлүктөн ашып түшкөн ишти аткара албастыгын толук түшүнгөн, муну бир гана "ырайым" деген сөздүн ичине сыйлыгыштырган. Ишенгендердин чакырылуусу жөнүндө сөз болуп жатканда, бул баарына тиешелүү.

Муну менин жеке кызматымдын тажрыйбасынан улам комментировать этип көрөйүн. Көптөгөн китептер жазылып, дүйнөнүн токсондон ашык тилдерине которулган. Көп милли-

ондогон нускалар чыккан, ал эми андагы күбөлүктөр – бул китеп аркылуу адамдардын жашоо – турмушу өзгөргөндүгү.

Мага көбүнчө менин китеп жазуудагы ийгилигимдин сырын сурап келишет. Менин жашоомдо Кудайдын ырайымы болгучакты кандай жазуучу болгонумду жана англис тил сабагынан кандай окуучу болгонумду эстесем, күлкүм келет. Англис тилинде болгону эки бет бир нерсе жазуу үчүн мага бир нече сааттар керек болчу. Эми болсо жазып жатканымда, сөздөр менден куюлуп гана турат. Мен бул китептерди Ким жазып жатканын ушунчалык сезип турам. Чын-чынына келгенде аларды биринчи окуган адам мен болом.

Бир жолу мени бир белгилүү теле көрсөтүү китептерим тууралуу интервьюга чакырып калды. Биздин маектин жүрүшүндө алып баруучу кепти менин китептеримдеги билдирүүлөргө эмес, менин жетишкендиктериме буруп калды. Мага ушунчалык ыңгайсыз болуп, кептин төркүнүн башка жакка буруугa ичимен Ыйык Рухтан жардам сурай баштадым.

Бир нече секунд пауза болуп, комментарийлеш үчүн мага Ыйык Рух берген эң сонун мүмкүнчүлүк пайда болду. Мен Сулаймандын сөзүн айтып бердим: “Кудай жасагандын бардыгы түбөлүктүү экенин түшүндүм, ага эч нерсе кошуугa да, андан эч нерсени алууга да болбойт. Кудай Өзүнөн коркуп турушу үчүн ушундай кылып жараткан. Мурун болгон нерсе азыр да бар, боло турган нерсе мурун да болгон. Кудай өткөндү кайра чакырат” (Насаатчы 3:14,15).

Андан кийин мен минтип айттым: “Кудай аларды чакырып алгандыгына жараша эмгектенип жаткан канчалаган кайтаруучулар жана кызматчылар бар. Алардын кээ бирөөлөрү айыл жергесиндеги үч жүз адамы бар жыйындарды жетектешет. Кимдир бирөөлөрү өлүп бараткандарга жана өнүгүп бара жаткан өлкөлөргө кызмат кылышып, өз өмүрлөрүн миссионерликке арнап койгон. Кимдир бирөөлөр шаарларда эмгектенишип, күн сайын коом үчүн эч ким эмес болгон адамдарга жардамдашышат. Башкалары өз жумуш орундарында Кудай-

га ишенимдүү кызмат кылышат. Бул тизменин аягы жок. Бул программада ал кызматчыларды көрсөтпөстүр, бирок алардын көпчүлүгү асманга барганда биринчи катарларда турушат. Анткени, алар өзүлөрүнүн эмнеге чакырылгандыгына тил алчаак болушту жана өз иштерин таза ниет менен жасашты".

Мен өз сөзүмдү уланттым: "Ал эми мага келе турган болсок, Кудай мени Ал үчүн белгилүү бир ишти кылууга чакырган. Ошол иштер аркылуу Ал көптөгөн адамдардын жашоосуна таасир эте алышы үчүн. Так ушул үчүн силер мени программага чакырдыңар. Ошентсе да, Ал мени эмнеге чакырып алган болсо, андан артык нерсени кыла албайм мен. Өз күчүм менен мен эч нерсени кеңейте да албайм, алдыга жылдыра да албайм. Менин колуман келген нерсе эле, бузуп салышым мүмкүн, а мен ошондон абдан корком!"

Студиядагы атмосфера кескин өзгөрдү. Эл аралык маанидеги программаны алып баруучу, капысынан эле моюнга алган нерсе, интервьюнун аягына чейин айткан нерсе, адамдарга кызмат кылуу болду.

Бул баарына тиешелүү чындык. Эгерде силер аял, эне, жергиликтүү жыйындын бала бакчасында кызмат кылуучу же жашыруун бөлмөдө арачылык менен сыйынуучу болсоңор жана ошол чакырыгыңарды аягына чейин аткаруучу болсоңор, анда тил алчаактыгыңар үчүн жоомарттык менен сыйланасыңар. Эгерде силер түрмөдөгү кызматка чакырылган болсоңор, бизнес дүйнөсүндөгү адамдарга таасир этишиңер керек болсо, же жумушуңардагы кызматка марттык менен курмандык кылсаңар, анан аны чын жүрөктөн, Теңирге кылгандай кылсаңар, анда Ыйса үчүн миңдеген адамдарды алып келген евангелист алгандай эле сыйлыкты аласыңар.

Чексиз уланта берсек болот. Жеке мен ишенем, асманда биринчи катарлардан биз энелерди, бизнесмендерди, жумушчуларды, Теңирден улуу сыйлыктарды алагандарды биз күткөндөгүдөн да көбүрөөк көрөбүз.

## Кудайдын жердеги аскерлери

Ыйса Машайактын жыйыны – бул, жердеги Кудайдын аскерлери. Биз баарыбыз өзүбүзгө берилген тапшырманы аткаруу үчүн жөндөмдүүлүктөргө жана абалдарга ээбиз. Көп жылдар мурда Теңир менин аялыма Рухта улуу армияны көргөзүптүр. Таңкы саат төрт болчу. Бирок, ал аянда эмнелерди көргөндүгүн айтуу үчүн мени дароо ойготту.

“Джон, бул ар бири өз абалын, чинин жана жоопкерчилигин билген армия болчу. Алар жеткилең тартипте маршираовать этип жатышты, ар бир рангада бош орундар бар эле, аларга адамдар келип туруп жатышты. Мен экөөбүздүн кызматта эки орунда жылып баратканыбызды көрдүм. Эч ким кыймылдын багытын билиш үчүн башкаларга караган жок; бардыгы жеткилең биримдикте алдыга жылып бара жатышты, анткени алардын назары Теңирде болчу”.

Андан кийин ал өзгөчө көңүл бура турган дагы бир нерсени айтты: “Эч ким башкалар ээлеген абалга кызыгып же ич күйдүлүк кылган жок. Ар бири Теңир даярдап койгон жерде кызмат кылганына ыраазы эле”. Силер түшүнүп жатасыңарбы? Бул аскерлердин ичинен эч кимиси башкалардын ордуна ич күйдүлүк кылган жок. Ар бири өз ордуна ыраазы, бактылуу болуп кызмат кылып жатышты.

Ушуну акылыбызга сактап туруу менен, келгиле үйдүн мисалын эстейбиз: “Акылмандуулук менен үйүн курат” (Накыл сөздөр 24:3). Акылмандуулуктун биз кура турган эки түрү бар. Алардын бирөөсү жогорудан, экинчиси жок.

> “Араңарда ким акылдуу жана эстүү? Ал өзүнүн ошондой экендигин жакшы жүрүм-туруму менен, *акылдуу* момундугу менен көрсөтсүн. Эгерде жүрөгүңөрдө ачуу *ичи тарлык* жана *өзүмчүлдүк* бар болсо, анда мактанбагыла жана чындыкты бурмалабагыла. Бул асмандан келген *акылмандык* эмес, жердеги, табигый, шайтандан келген акылмандык. Анткени кайсы жерде ичи тарлык жана менменсинген өзүмчүлдүк бар болсо, ал жерде тартипсиздик жана ар кандай жаман нерселер бар” (Жакып 3:13-16).

Биз эмнени кылып жатсак дагы, ал канчалык жакшы көрүнүп турса дагы, эгерде ал ич күйдүлүк же өзүмчүлдүк амбиция менен кылынган болсо, анда мааниге ээ бобой калат. Анда демек биз денелик, туура эмес ниет менен кылган болобуз, анан албетте эч кандай сыйлык албайбыз.

Вебстердин сөздүгү "ич күйдүлүк" деген сөзгө төмөнкүдөй аныктама берет: "канааттанбагандык сезим же башкалардын ээ болгон жыргалчылыгы менен мүлкүнө, ийгилигине суусоо". Эгерде биз чакырыкка дүйнөлүк көз караш менен карай турган болсок, анда сөзсүз ич күйдүлүк болот. Пабылга болгон чакырыкка ич күйдүлүк кылган насаатчылар да болгон. Ал минтип жазган: "Ырас, кээ бирөөлөрү Машайак жөнүндө таза ниет менен, кээ бирөөлөрү *ичи тардык* жана атаандаштык менен жар салып жатышат. Жакшы Кабарды коргоо мага дайындалганын билишип, кээ бирөөлөрү *сүйүү менен* жар салып жатышат. Дагы бирөөлөрү болсо туткунда жаткан мага азап тарттыруу үчүн, Машайак жөнүндө таза ниет менен эмес, атаандаштык менен жар салып жатышат" (Филиппиликтерге 1:15-17).

Бул кызматчылар алардын жашоосуна Кудай буйруган чакырыкка ыраазы болушкан эмес, бирок Пабылдын ийгилигине суусашкан. Бул *ич күйдүлүк* алардын *өзүмчүлдүк амбициясы* менен сугарылган эле. *Амбиция* – бул, эмненидир ушунчалык, кумардануу менен каалоо. Эгерде амбиция денелик болсо, анда фокус башка адамдардын пайдасына эмес, өзүбүзгө багытталып, өзүбүзгө бурулган болот, мындай ниет болгону башаламандык менен келишпестиктерге алып келет да, ар кандай жамандыкка эшик ачат.

Кудайдан болгон акылмандуулук болсо *өзүмчүлдүк амбициясына сугарылбай, Падышачылыкка умтулат.* Мындай куруулар Кожоюндун каалоолоруна ылайык келет. Мындай акылмандуулук жөнүндө биз буларды окуйбуз: "Ал эми асмандан келген акылмандык баарынан мурун таза, андан кийин тынчтыкты сүйүүчү, момун, тил алчаак, боорукер, жакшы жемиштүү, калыс, эки жүздүү эмес" (Жакып 3:17).

Кудайдын акылмандуулугунун башаты таза. Башкача айтканда, ал эки жүздүү эмес, ичинен ич күйдүлүк кылып же өзүмчүлдүк ниетте болуп, сыртынан такыбаа көрүнүп койбойт. Анын ниети – Кожоюнуна ишенимдүү болуу, Анын тапшырмасын кубаныч менен кабыл алуу. Анын максаты улуу болууда эмес, өзүнө болгон чакырыкка ишенимдүү болууда. Ал Падышачылыктагы жетишкендиктерге өзү аркылуу жетип жатса да, башкалар аркылуу жетишилип жатса да кубанат.

Кудайдан болгон акылмандуулук өз пайдасын эле ойлой бербей, башкалардын жыргалчылыгына көңүл бурат. Ал тынч, токтоо, чыдамдуу, сындабайт. Анын негизги ниети башкалардын жыргалчылыгын көрүү жана өз тагдырын жүзөгө ашыруу. Кызматты жакшы көргөн, бирок адамдарга араң зорго чыдаган адамдар бар, анан да адамдарды сүйгөн, бирок кызматка аларга кызмат кылуу үчүн керек болгон жабдык катары караган адамдар да бар. Акыркылары кудайлык акылмандуулук менен ниеттеш.

Асмандык акылмандуулуктун башка жагы *баш ийүүдө.* Качан биз өзүбүздүн чакырылганыбызга ыраазы болсок, анда Кудайдын жетекчилигине жана бийлигине ыраазы болобуз. Биз Кудайдын үйүнүн курулушунда бир гана көрүнүштү жалгыз Архитекторду, Дизайнерди жана Башкы Куруучуну көрөбүз. Ал Өз Жыйынында адамдарга ар кандай жөндөм жана бийликтерди бөлүштүрүп берет. Сотто ким ага коюлган бийликке тил алчаак бойдон калган болсо, алар марттык менен сыйланышат. Жыйынды бөлүп-жарган кайтаруучунун жардамчылары, аялдары, жеке кызматтарында өсүү үчүн үйдө күйөөсүнүн бийлигине каршы чыккан аялдар, жумуш берүүчүсүнөн акы алып, анан ошол мезгилде өз иштерин кылган жумушчулар, ж.б. – баары, балким алар козголоңдо болуп туруп жеткен улуу натыйжаларга карабастан, Сотто катуу кыйроого учурашат.

Натыйжалар силерди адаштырып кетишине жол бербегиле. Бир эле мезгилде улуу натыйжаларга жетип жана ошол

эле мезгилде козголоңдо жүрүп калуу да мүмкүн. Муса тууралуу ойлонгула. Теңир ага кереметтүү түрдө андан суу агып чыксын үчүн, аскага буйрук берүүнү айткан. Ал укпастан, асканы чаап жиберген. Суу ашыгы менен мол аккан, натыйжада чөлдө үч миллион адам суугa канган. Балким, алар суу ичип жатып бири-бирине минтип айтышкандыр: “Мына сага, Кудай чындап эле Мусаны угат экен. Кандай гана күч!”

Анткен менен, баары суу ичип бүткөндөн кийин Кудай Мусаны четке чакырып, баш ийбегендиги үчүн, убадаланган жерге кирбестигин айткан. Муса чындап эле керемет натыйжаларга жеткен. Бирок, ийгиликтин көрсөткүчтөрү натыйжалар эмес, баш ийүү болуп саналат. Кудайдан болгон акылмандуулук өз башатын Теңирдин коркунучунан алат, ал кимдендир, эмнедендир бийик турат. Кудайдын коркунучуна ээ болгондор, толугу менен Ага баш ийишет.

Келгиле менин аялым көргөнгө кайрылалы. Ошол таңда ал мага: “Джон, бардык жоокерлердин жүзү бирдей экен” деген эле. Башкача айтканда, ал жүзү жок армия эле, ал тууралу Кудайда өзгөчө жылдыздарга орун жок деп айтылган. Ушул түшүнүк бизди жыйында кимдир бирөөнүн ордун ээлөөдөн же дагы өйдөрөөк абалды ээлөө үчүн бийликке карата козголоңдо болуудан сактайт. Бизге жогорудан богон жылыш, эгерде биз жыйында калсак гана келет.

## Ар түрдүү деңгээлдер

Жакшы Кабарларда биз эки окшош накылды жолуктурабыз, алардын ар бири Сотко байланыштуу ар кандай чындыкты чагылдырат. Ал таланттар жана миналар тууралуу накыл сөз. Биринчи – таланттар тууралуу накыл сөз – бардык эле ишенгендерге бир деңгээлдеги чакырыктар жана жөндөмдүүлүктөр берилбегенине басым жасайт. Ыйса мындай дейт:

> “Асман Падышачылыгын бул нерсеге салыштырса болот: бир адам бөтөн жерге кетип жатып, кулдарын чакырып, аларга акча-кара-

жатын тапшырат: ар биpөөнүн алына жараша: бирине беш, бирине эки, бирине бир талант берип, жолго чыгат." (Матай 25:14,15).

Алыс өлкөлөргө кеткен Кожоюн, бул Ыйса, ал эми кызматчылары болсо, биз. Талант – бул акча бирдиги, анткен менен накыл сөздөрдө талант башка нерсени да түшүндүрөт.

Мен ишенген варианттардын бирөөсү, бул биздин чакырылуубуз жана жөндөмдүүлүктөрүбүз. Белгилүү бир адамдарга бүткүл элге кызмат кылуу деңгээли буюрган, башкаларына – шаар даңгээли, үчүнчүлөрүнө – жыйындагы үй топторунда кызмат кылуу деңгээли. Китептин авторлору да мисал боло алат, кээ бирлери миллиондогон адамдарга, кээ бирөөлөрү миң, башкалары – жүз адамга таасир эте алат. Дагы бир мисал, бир адам мега жыйындардын деңгээлиндеги адамдарга таасир эте алса, ошол эле мезгилде башка бирөө орто же кичинекей жыйынды араң эптейт. Кээ бир бизнес менен алектенген адамдардын ишкердүүлүк жөндөмдөрү ушунчалык өнүгүп, өз мекемелерин абдан жогорку деңгээлге көтөрө алгандыктан, алар Кудайдын Падышачылыгына жүз миңдеген адамдарды тарта алышат. Башкалары миллиондорду курмандыкка беришет, бирөөлөр падышачылыктын иштерине миллиарддарды, миллиондорду алып келүүчү бир нече компанияларды өстүрүүчү талантка ээ.

Накыл сөздөргө кайрылалы. Бул накыл сөздөгү эки маанилүү учурга көңүл буралы. Ар бир кызматчыга бир нерседир ишенилип берилген эле. Бул деген – жыйында жашоодо чакырылбаган жана аны ишке ашыруу үчүн жөндөмдүүлүк берилбеген бир да адам жок экендиги. Экинчиден, ар бир кызматчыга алардын ар биринин жөндөмдүүлүгүнө жараша ар кандай деңгээлдеги жоопкерчилик берилген. Ошентсе да, биздин жөндөмдүүлүктөрүбүз Кудайдан экендигин эстен чыгарбашыбыз керек. Бизге берилгенден башка эч кандай баалуулукка ээ эмеспиз, анткени Жазуу айтып жатат: "Ким сени башкалардан жогору эсептеп жатат? Бардыгын Кудайдан алган жок бе-

лең? Эгерде бардыгын Андан алган болсоң, анда эмне үчүн албагансып мактанып жатасың?” (1 Корунттуктарга 4:7).

Бул накыл сөздө беш чакырык жана жөндөмдүүлүк алган адам өз аракетин эки эселенткен. Эки талант алган адам да ошону кылган. Бизге Ал каалаган натыйжага жетүү үчүн берген жөндөмдүүлүктөргө карабастан, биз өзүбүз да ишке киришишибиз керек.

Ал эми, бир гана чакырыгы жана жөндөмдүүлүгү бар адам болсо, алар анчалык деле маанилүү эмес деп сезген көрүнөт. Ал өз кожоюунун адилетсиз, логикалуу эмес жана каардуу деп эсептеген. Ал минтип ойлошу мүмкүн эле: “Эмне үчүн мага баарынан азды ишенди? Эмне үчүн башкаларга шаардык же ал тургай, улуттук деңгээлде таасир берүүгө ишеним берилди? Эмне үчүн насаат айтуу, ырдоо же жазуу мага эмес, аларга берилди? Эмне үчүн башкалардай курмандык кыла тургандай болуп, менин компаниям өсүүгө ээ болбойт?” жана башка. Ал өз талантын жашырып коюп, өзүнүн чакырылган тапшырмасын аткарган жок, жөндөмдүүлүгүн же жеке өзүнө, же Падышачылыкка эч кандай пайда алып келбей турган жакка колдонду.

Көп убакыт өткөндөн кийин кожоюн өз кызматчыларынан отчёт алуу үчүн кайтып келет. Алардын ичинен таланттарын эки эсе көбөйткөндөр мындай сөздөр менен сыйланышты: “Кожоюну ага: «Жарайсың, ишенимдүү, жакшы кул! Кичинекей иште ишенимдүүлүк көрсөттүң, сени чоң ишке коём. Кожоюнуңдун кубанычына ортоктош бол,»,– дейт.” (Матай 25:21). Беш деңгээлди алган экини алгандан чоң эмес болчу, анткени экөө тен ишенимдүү жана тырышчаак болушкан. Бул деген, Кудай биздин бизге Ал ишенип берген нерседе гана ишенимдүү болушубузду каалайт дегендик.

Бир таланты бар адам катуу жазаланган жана андагы болгон талант дагы башкага алынып берилген. Ишенимдүү кызматчылар көп сыйлык алып жатышканда, ал катуу кыйроого туш болгон.

Ушул таржымалды угуп жатып менин эсиме Кудай мага жазууга буйрук берген 1992-жыл түшөт. Мен сыйынуу учурунда жүрөгүм менен уккан нерсеге ишене албай, күлгөнмүн. Мен англис тилин жек көрчүмүн! Эгерде мага кимдир бирөө сен китеп жазасың деп айта турган болсо, анда мен анын бетине карап туруп күлмөкмүн.

Антсе да, он ай өткөндөн кийин мага эки жуманын ичинде эки аял бирдей пайгамбарчылык менен келишкен: "Джон, эгерде сен Кудай сага жаз деп берген нерсени жазбай турган болсоң, Ал аны башкага берет, сен болсо ал үчүн айыпталасың". Мен титирөө менен ишеним кадамын шилтегем, калганы болсо башка таржымал. Эгерде мен макул болбосом, бул китептерди башка бирөөлөр жазмак, мен болсо мага ишенилип берилген талантты жоготуп коймокмун.

## Бизге берилген таланттардын көбөйүшү

Силер өзүңөрдүн чакырылганыңарга жана талантыңарга кошумча эч нерсе кыла албастыгыңарды биз кеңири талдап чыктык. Эми ар бир ишенгенге берилген нерсенин *көбөйүшүнө* карап көрөлү. Бул чындык дагы башка окшош накыл сөздө ачылат:

> "Ошондуктан Ал муну айтып берди: «Бир ак сөөк адам падышачылыкка дайындалып келүү үчүн, алыскы бир өлкөгө жөнөмөкчү болот. Ал өзүнүн он кулун чакырып алып, аларга он мина берип: "Мен кайтып келгенче, бул акчаны айландыргыла",– дейт" (Лука 19:12,13).

Мина деген да талант сыяктуу эле акча бирдиги. Бирок, бул аңгемеде бардык адамдарга бирдей сумма, бирден мина берилген. Ал Кудайдын Сөзүнүн чындыгын түшүндүрөт. Биздин ишенимибиздин негизи биздин жүрөгүбүзгө куюлган Кудайдын сүйүүсү, ар бир ишенгенге берилген келишимдеги бата. Биздин баарыбызга бирдей эле берилген, эч ким өзгөчө көп алган эмес.

Бул накыл сөз Машайакта ар бир ишенген адам эмнеге ээ экендиги тууралуу айтат. Жазуу минтип айтат: “Ошондуктан эч кимиңер адам менен мактанбагыла, анткени баары силердики” (1 Корунттуктарга 3:21) жана “Бизге Машайак аркылуу асмандагы ар кандай рухий баталарды берген Теңирибиз Ыйса Машайактын Кудайы жана Атасы макталсын!” (Эфестиктерге 1:3). Бул Машайактагы бата, бирок биздин ишеним аны ушул жерде, жер бетинде алат. Ал эми биздин тил алчаактыгыбыз, сыйынуубуз жана аракеттерибиз аларды көбөйүүгө мажбурлайт. Мына ошондуктан да, Ыйсаны чагылдырган ошол тектүү адам, өз кызматчыларына, б.а. бизге: “Мен кайра келгенче ишиңерди аткаргыла” деп жатат. Андыктан да өзүбүзгө берилген нерсени алып жана аны Кудайдын даңкы үчүн *көбөйтүшүбүз* керек.

Натыйжаларды карап көрөлү:

> “Бирок ал падышачылыкка дайындалып, кайтып келет. Берип кеткен күмүшү менен ким канча пайда тапканын билүү үчүн, ал кулдарын чакыртат. Ошондо биринчиси келип: “Кожоюн, сенин минаң менен он мина пайда таптым”,– дейт. Падыша ага: “Жарайсың, жакшы кул! Аз нерсеге ишенимдүү болгондугуң үчүн, *он шаарга башкаруучу болосуң*”,– дейт. Экинчиси келип: “Кожоюн, сенин минаң менен беш мина пайда таптым”,– дейт. Падыша ага да: “*Сен да беш шаарга башкаруучу болосуң*”,– дейт. Үчүнчүсү келип: “Кожоюн, сенин минаң мына! Мен аны жоолукка ороп катып жүрдүм” (Лука 19:15-20).

Кожоюн өзүнүн үчүнчү кулун катуу жазалаган, анын минасы алынып, минасын он эсе көбөйткөнгө берилген. Кожоюн минтип айтты: “...Силерге айтып коёюн, кимде бар болсо, ага дагы берилет. Ал эми кимде жок болсо, анын болгон нерсеси да тартылып алынат” (26-аят).

Бул аңгемеде Ыйса он кызматчынын ичинен үчөөнө гана кайрылат. Дагы кайталап айтып кете турган нерсе, бардыгы бирдей сумма менен башташкан болчу, ошентсе да, бирөө өз

суммасын он эсе көбөйткөн, башкасы беш эсе, үчүнчүсү болсо эч нерсе кошкон эмес. Алардын ийгилиги башкарууга алган шаарлардын санын аныктаган.

Бизге ишенилип берилген нерсени кантип көбөйткөнүбүзгө жараша, жаңы миң жылдыктагы жаңы жер жана жаңы асманда бизге бийлик тапшырылат. Ишенимдүүлөр Машайак менен бирге башкарышат, бирок баарынын эле бийлиги бирдей боло бербейт. Биздин бул жердеги аракеттерибиз Аны менен түбөлүктү башкаруубуздун деңгээлин аныктайт. Байкагыла, башында баарыбыз эле бирдей баштаганбыз, баарыбызда бирден гана мина бар болчу. Ошентип, берилген аял жана эне, жыйында аракеттене кызмат кылган кызматчы, жүз миндеген жандарды куткарууга себепкер болгон евангелист сыяктуу эле мүмкүнчүлүккө ээ.

Бул накыл сөз, ар бир адам өз минасын көбөйтө турган потенциалга ээ дегенди билдирет. Ал эми, бизге эмне тиешелүү? Биз Кудай Падышачылыгын көп же аз курганга жөндөмдүүбүз, өз каалаганыбызга жараша: бул биздин тандоо. Чындыгында эле бизде эч кандай чектөө жок. Силер бул айтканыма макул болбой коюшуңар мүмкүн, бирок мен мындай бир мисал келтирейин. Мен көп нерсени бере алам, бирок кээ бирөөлөрү гана бул руханий мыйзамга өз жүрөктөрүн ачышат. Келгиле, алгач апостол Петрдин сөзүн окуп көрөлү:

> "Кудайды жана Теңирибиз Ыйсаны таанып билүү... ырайымын *төгүп*, тынчтыгын бере берсин! Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген..." (2 Петр 1:2,3).

Ырайым биздин жашообузда *көбөйүүгө* жөндөмдүү. Жакып минтип айтат: "Бирок Ал көп ырайым кылат..." (Жакып 4:6). Бир гана ырайым аркылуу биз Падышачылыкта кандайдыр бир баалуу нерселерди кылууга жөндөмдүүбүз. Бул жөндөмдүүлүк Кудайды жакындан таануу аркылуу көбөйөт. Мына ошондуктан да, ар бир ишенген адам Аны менен убакыт өт-

көрүүгө тийиш. Биз сыйынуубуз керек, Жазууну окушубуз керек, Рухка толгон китептерди окушубуз керек жана Ыйык Рухту угушубуз керек. Качан биз ушундай кылганыбызда жашообузда ырайым көбөйөт, бизге жөндөмдүүлүк берген дагы да көптү кыла алат.

Мен бир нерсени билдим, мен Аны канчалык жакын билген сайын, ошончолук натыйжалуу боло баштайм. Балтанын мизи мокок болсо, даракты кыюу үчүн бир күн талап кылынат. Ал эми аны курчуткандан кийин ошол күч-кубатты сарптоо менен мен беш даракты кыя алам. Биздин жашообузда ырайым көбөйгөндө да ушундай эле болот. Биз натыйжалуураак эмгектене баштайбыз.

Мен бир нече жыл мурда Далласта бачабаздардын параады болуп аткандагы көчөдөгү евангелизацияны эстейм. Эки саат бою мен адашып жүргөн жан менен Ыйса тууралуу сүйлөштүм. Алар болсо мага башка дүйнөдөн келген кишидей кылып жөн гана карап турушту. Сөздөр менин оозуман чыгаар менен эле кайра өзүмө кайтып келип жатты, мен дубалга башымды ургулап жаткандай эле сездим. Бул бетондун үстүнө үрөн сээп жаткандай эле.

Анан Теңир мага минтип шыбырады: “Мага кара, Мен сага эмне кылуну көргөзөм”. Калган отуз мүнөт ичинде ал мени адамдарга алып барды жана айта турган сөздөрүмдү да берди. Эми менин сөздөрүм жүрөктөргө түшүп жатты, анан үч адам өз жүрөктөрүн Ыйсага беришти. Ыйык Рухка кароо жана Ал айткан сөзгө көңүл буруу жүрөгүмдө мени күчтөндүрүп жатты.

Мен муну жашоомдун бардык жагынан байкадым. Кудай Сөзүндө өсүү, менде аз убакыт коротуп, көп нерсени кылганга жөндөмдүүлүк берди. Мен мага сааттарды, күндөрдү жана ал тургай, айларды сактап койгон чындыктын жолун таптым. Менин сыйынууларым күчтүүрөөк боло баштады, Кудайдын катышуусу айкыныраак көрүнө баштады, адамдардын жашо-

осуна таасир этүү көбүрөөк көрүнө баштады. Жазуу мындай убада кылат:

> “Акылмандыктын башталышы – Теңирден коркуу, ыйык Кудайды таанып билүү – акыл. Анткени мен аркылуу өмүрүң узарат, өмүрүңө өмүр кошулат” (Накыл сөздөр 9:10,11).

Бул жерде эки нерсе убада кылынган: көп сандаган жылдар, бул демек өмүрдүн узактыгы, күндөрдүн көбөйүшү, демек бир эле убакытта көп нерселерди кылууга жетишүү жөндөмдүүлүгү. Башка жерде болсо, өмүр күндүн көбөйүшү, күндөрдүн узарышы деп айтылат. “Анткени алар сага узун өмүр, узак өмүр жаш, тынчтык берет” (Накыл сөздөр 3:2). Автор Кудайдын Сөзүнө тил алчаактык тууралуу айтып жатат. Байкасаңар, узак өмүр гана берилбестен, күндүн узундугу да берилээри айтылып жатат. Бул биздин убактыбыз узарат дегендик.

## Берүү аркылуу көбөйүү

Ким Кудайды жакындан билсе, ал кубанычтуу жана кең пейил берешен болуп калат. Анткени, Кудай эң бир кең пейил, берешен. Ал баарынан кымбат нерсени – Өзүнүн Жалгыз Уулун берди. Ыйсадан ашкан баалуу нерсе болгон эмес. Теңир эч качан маанисиз, керексиз жөндөмдүүлүктөрдү бербейт. Ыйсаны берүү менен Ал, түшүмдүн көбөйүшүн каалаган, ал Анын үй-бүлөсүнө көптөгөн уул-кыздарынын кириши менен түшүндүрүлгөн.

Ишенимдеги берешендик – бул, Ата Ыйса Машайакты бергендей эле, биздин жашообузга түбөлүк таасир эте тургандай кылып, биз ээ болгон нерсени дагы да көбөйтүү. Ыйса минтип баса белгилеген: “Мен да силерге айтып коёюн, өтүп кете турган байлык менен өзүңөргө досторду күткүлө! Байлык жок болуп кеткенден кийин, силерди түбөлүк турак-жайларга кабыл алышсын” (Лука 16:9). Биздин туура колдонулган акча-

быз, алар сарпталгандан кийин асмандагы жана Жаңы Иерусалимдеги жашоонун сапатына таасир этиши мүмкүн. “Ыйык Жазууда: «Жакырларга марттык менен таратып берди. Анын адилеттиги түбөлүк болот»,– деп жазылган” (2Корунтуктарга 9:9, кеңири котормо).

Акчасы аз киши эле кедей эмес, руханий жактан да жарды кишилер бар. Ал миллиондогон долларларды кармап жүрсө да, руханий жактан жарды болушу мүмкүн. Закхей деген адамды мисал катары алсак болот. Өз миссиясын сүрөттөп жаткан Ыйса минтип айткан: “Теңирдин Руху Менде, анткени Ал Мени жакырларга Жакшы Кабар таратууга дайындады...” (Лука 4:18). Кийинчерээк Ал шаарга кирип, эң бир бай адамды тапты да, ага көптөгөн адамдардын алдында кайрылды: “Мен бүгүн сенин үйүңдө болом” деп. Захкей шаардагы эң бай адам болгондугуна карабастан, ал жарды болгондугу көрүнүп турат. Башкача айтканда, башкаларга караганда да, ал Кудайга абдан муктаж экендигин билген. Ыйса кызмат кылган көптөгөн бай адамдар Кудайдын Сөзүнө муктаж болушкан.

Кызматчылар Ыйсанын иштерин кылуу, жарыялоо жана жакырларга Кудайдын Сөзүн үйрөтүү үчүн жиберилген. Акча каражатыбызды Кудайдын ишине себүү менен, биздин иштер кылымдарга калат. Силерде канча көп же канча аз акча бар экендиги маанисиз. Эгерде силерде Кудай сепкендерге берем деген убадасы бар болгон үрөн болсо, Анда силер Анын Падышачылыгын курууда күч-аракетиңерди көбөйтө аласыңар.

Силердин жөндөмдүүлүгүңөрдүн көбөйүшү кандайча жүрөт? Алманын уругун элестетип көргүлө. Аны отургузуу менен силер алма мөмөлөрүн аласыңар. Эгерде бардык үрөндөрдү отургуза турган болсоңор, алар көп эсе көбөйөт, ушинтип чексиз түрдө улантыла берет. Биздин акчаларыбыз менен да ушундай эле болот. Берешендикке байланыштуу Пабыл Корунттагы жыйындарга эмне дегенин карап көргүлө:

> “...Аз эккен аз жыйнайт, мол эккен мол жыйнайт. Кыйналып же аргасыз болуп эмес, ар кимиң жүрөгүңдөн чыкканды бер. Анткени Кудай чын көңүлү менен берген адамды сүйөт.” (2 Корунттуктарга 9:6,7).

Биздин түшүмдөрүбүздүн көбөйүшү, үрөндөрүбүздүн канчалык себилишине жараша болот. Бул Кудайдын эмес, биздин чечимибиз экендигин байкагыла. Эгерде биз ишеним менен, сүйүү менен кең пейил болууну чечсек, анда биздин бере турган нерселерибиз да көбөйөт: “Үрөн себүүчүгө үрөн, жегенге нан *берген* Кудай сепкен үрөнүңөрдүн түшүмүн да мол кылып, *адилеттигиңердин жемишин арттырат*” (2 Корунттуктарга 9:10).

Теңир себилген нерсени алманын уругуна окшотуп көбөйтөт. Эгерде биз үрөн себе турган болсок, аны бир нече эсе кылып жыйнап алабыз. Биз башкаларды баталаганга жөндөмдүүлүгүбүз көбөйгөнчө биз сепкен үрөндөрдүн берекеси улана берет.

Биздин берешендигибиз аркылуу Кудай биздин адилеттүүлүгүбүздү көбөйтөт. Баарынан да көбүрөөк мына ушул нерсе таң калтырат. Бул жерде биз өз курмандыктарыбыз аркылуу таасир эткен адамдардын эсебинен биздин түбөлүк сыйлыктарыбыз көбөйөт. Биз жогоруда накыл сөздө мисалга келтирген адамдар сыяктуу өз миналарыбызды көбөйтөбүз.

## Өнөктөштүк

Биздин кайра кайтара албай турган адамдарга бергенибиз, бул жашоодо да, Сот күнүндө да бизге сыйлык алып келет. Ал эми, Биз Жакшы Кабар таратуудагы өнөктөштүк аракеттер аркылуу Падышачылыкты курууда күч-аракетибизди көбөйтө алабыз. Карап көрсөңөр, Пабыл анын кызматын каражат жактан колдогон Филиппиядагы ишенгендерге эмне деп айтканын:

> “Бирок менин кайгыма ортоктош болгонуңар жакшы болду. Филипиликтер, өзүңөр билесиңер, Жакшы Кабар таратыла баштаганда, Македониядан кеткенимде, жардам жиберүү жана кабыл алуу ишинде силерден башка эч бир Жыйын мага көмөктөшкөн жок.Тесалоникада жүргөндө муктаж болгонумда, силер мага бир нече ирет жардам жөнөттүңөр” (Филиппиялыктарга 4:14-16, кеңейтилген котормо).

Байкасаңар, Пабыл Филиппилик ишенгендерди өзүнүн кызматынын *өнөктөштөрү* деп жатат. *Өнөктөш-бул инсандардын же топтордун арасындагы мамилелер, булар конкреттүү максатка жетиш үчүн өз ара кызматташуу жана жоопкерчилиги менен мүнөздөлөт.* Кудайдан берилген кубаттуу өнөктөштүк, бул өнөктөштүккө кирген тараптарга жана инсандарга өзү жалгыз кыла ала тургандан да көп кылууга жардам берет.

Мен Ыйсанын бизге дүйнө кыдырып, баардык элдердин ичинде *окуучуларды* даярдообузду буйрук кылганын буга чейин жазгам. Бирок, ишенгендердин бардыгы тапшырманы аткарып миссионердик майданга сапар алса, анда бул жумушту каржыламак? (Бул да Кудай ар кимге берген белектеринин бир себеби.) Теңир керектүү каржылоону кызматкерлер периштелерден алсын же асмандан түшсүн деп эч качан пландаштырган эмес. Ал Өзүнүн Денесине курмандык чалуу артыкчылыгын берген, бул болсо өнөктөштүктү жаратат.

Элдерге жетишүү үчүн Кудай чакырып жана кызматтарды белек кылып дайындады. Мурда айтылгандай, бул максатты ишке ашыруу үчүн Ал атайын белектерди, өзгөчөлүк жана майлангандык берет. Мындай тапшырма баарына эле эмес, кээ бирлерге гана берилет (Эфестиктерге 4:11ди карагыла). Ал Жыйындын башка мүчөлөрүнө башка керек болуучу тапшырмаларды ишенип бөлүп берген. Бул бөлүккө жумуш жана сенин айланаңдагылардын жетишкендиктери кирет. Эер силер толук күн жумушта болсоңор, кантип көпчүлүккө жетише аласыңар? Буга жооп өнөктөштүктө.

Эгер силер жашоону өзгөртө турган буюмга ээ болуп, бирок анын бир айда эки нускасын гана чыгара алсаңар, анда силердин буюмуңарды шаар, мамлекет же дүйнөгө таратыш мүмкүн болмок эмес. Бирок, бир айда миңдеген нуска чыгарып жана таратууга керектүү жабдыктарга ээ болгон мүмкүнчүлүгү бар компания болсо, силер ал компания менен өнөктөш болмоксуңар. Муну жасап, силер эки адамды гана эмес (жеке күбө), миңдеген адамды камсыз кыла аласыңар. Жөнөкөй өнөктөштүк аркылуу силер талантыңарды натыйжалуу көбөйтүп атасыңар.

Атап айтканда, так ушул жөнөкөй принцип, Пабыл Филиппиликтерге айткан комментарияда колдонулган. Аны улантып жатат: "Силерден жардам үмүт этип жаткан жокмун. *Силердин пайдаңар үчүн көбөйүп жаткан жемишти* каалап жатам" (Филипийликтерге 4:17).

"Силердин пайдаңар үчүн көбөйүп жаткан жемиш" деген сөзгө көңүл бургула. Филиппиялык ишенгендер, өзүлөрүнүн иш-аракеттериндеги жана жандарды үйрөтүүдөгү жетишкендиктерин Пабылдын кызматын каржылоо аркылуу көбөйтүшкөн. Убактылуу буюмдарды колдонуу менен, алар аны түбөлүккө айландырып жана көбөйтчү.

Качан биз ушуга окшогон өнөктөштүккө киргенибизде, силердин эсебиңерге түшүп жаткан баталарды көрөсүңөр. Бул силердин асмандагы эсебиңер. Элестетип көрсөңөр, силер Машайактын Сотунун алдына барганыңарда жумушуңардагы, мектептеги, кошуна жашаган адамдардын жашоосуна таасир тийгизип эле сыйлык албастан, кызматчыларды колдоп, таасир эткениңер үчүн да сыйлык аласыңар. Ушул себептен улам Жазуу бизге муну айтат: "Наныңды сууга агыз, аны анткени көп күн өткөндөн кийин кайрадан таап аласың. Жети кишиге, атүгүл сегиз кишиге бөлүп бер, анткени жер үстүндө кандай кырсык болорун билбейсиң" (Насаатчы 11:1,2, англис тилинен которулган).

Кудай белгилеген кызматтарга берүү менен (жергиликтүү жыйыныңарды да кошуп), силер алар аркылуу адамдарга жетесиңер. Алардын аткарган бардык ишинде силердин үлүшүңөр бар. Анткени, силер өнөктөшсүңөр. Кубандыра турган кабар: силер канчалык көп кошсоңор, ошончолук сыйлыгыңар көбөйөт. Билип коё турган нерсе, Кудай силердин берген нерсеңердин суммасынын өсүшүнө карабайт, аны канчалык ишеним менен бергениңерге карайт. Кудай Ата чын жүрөктөн берилген белектерге карайт. Ал сумманы эмес, мына ушуну баталайт. Мисалы, кимдир бирөө өз кирешелеринен ай сайын отуз доллардан туруктуулук менен кызматка берет, ошол эле кезде өзү анча-мынча кыйналууну башынан өткөрөт. Кудай мындай тартууну өйдөрөөк баалайт, анткени, анда курмандык бар. Ал эми, башка бирөө болсо ай сайын миң доллардан алып келет, бирок ал ашып-ташыгандыктан улам. Анда жеке курмандык жок. Эки тартуу тең Кудай алдында жагымдуу, бирок отуз долларды ал чоң деп эсептейт. Бул чындык өзүнүн акыркы эки лептасын салган жесир аялдын таржымалында айтылган (Марк 12:41 – 44).

Кудай биздин тартууларыбызды көбөйтөөрүн эске алышыбыз керек. Бул агым бизге дагы да көбүрөөк берүүгө жөндөмдүүлүк берет. Жазуу минтип далилдеп жатат: “Бирөө мол себет, аныкына дагы кошулат; экинчи бирөө ашкере үнөмчүл, ошого карабастан жакырдана берет” (Накыл 11:24). Ойлоп көргүлө: силердин курмандыгыңар түбөлүктүүлүктө эле өсүп калбастан, жашап жаткан дүйнөңөрдө деле өсүүгө ээ болот, андан улам силерде дагы да көбүрөөк берүүгө мүмкүнчүлүк болот. Бул цикл ар дайым жаңыланып жана көбөйүп турат.

Жыйырма эки жыл мурда тааныш бизнесмендердин тобу мага келип, өзүлөрүнүн кирешелеринин бир бөлүгүнөн Жакшы Кабар таратуу үчүн берип турабыз деп убада беришкен эле. Аз нерседен башталган, бирок жыл сайын сумма көбөйө берди. Аар өзүлөрүнүн тартуусу менен өнөктөштүгүндө ише-

нимдүү болуп калышты. Алардын мүмкүнчүлүгү алгачкы он эки жылда ушунчалык кеңейди, алар Жакшы Кабар үчүн жылына 120 миллион бергенге жетти. Өз миналарын алып жана аны Падышачылыктын максаты үчүн көбөйтүп, алар улуу сыйлыктарга жетишип жатышты.

Жыйында ийгиликтүү бизнестери бар көптөгөн эркек, аялдар жүрүшөт, бирок алар Падышачылык үчүн болор-болбос гана курмандыктарды беришет. Алар коомчулуктун алдында ийгиликтүү болуп көрүнгөнү менен, Кожоюнунун көз алдында өзүлөрүнө кармап калгандары үчүн кантип жооп беришээр экен? Ал тургай, алардын миллиондору болсо да, бир гана минасы бар адамдай болуп соттолушабы? Алар Падышачылык үчүн берилген нерсени көбөйтүшкөн жок да. Ушундай кылгандар *түбөлүктүүлүк менен жетектелишкен* эмес.

Мен жакында эле биздин кызмат үчүн мезгил-мезгили менен курмандык кылып турган бир бизнесмен менен гольф ойноп калдым. Оюндан кийин ал мени мейманканага жеткирип койду. Ал жолдо баратып минтип айтты: "Джон, мен элүүгө келип калдым. Мен бар күчүм менен иштеп, тогуз миллион актив менен компанияны ачкам. Баары жакшы, бизнес өзүнөн өзү иштеп жатат, үй-бүлөм да жакшы жашоодо. Анан мен өз компаниямдын активин дагы отуз-кыркка көтөрөм деп, жашоомдун алдыдагы он жылын дагы жумушка сарптоонун кереги барбы?"

Мен ал өзүн Кудайдын үйүн куруудагы маанилүү бөлүктө көрбөй жаткандыгын түшүндүм. Ал мени Падышачылыктагы маанилүү роль ойногон адам катары көрүп жатты, бирок өзүнүн бизнесмен катары баалуулугун көрбөй жатты.

Мен анын суроосуна дароо эле суроо менен жооп бердим: "Эми мен сага минтип айтканымды элестетип көр: "Мен бүт күчүмдү жумшап, он жети китеп жаздым, жети миллион миль басып өттүм, миңдеген насааттарды айттым. Иштер жакшы, кызмат өзүнөн өзү өнүгүп жатат. Анан эмнеге өзүмдү

өзүм кыйнап, дагы жаңы китептерди жазып, дагы көбүрөөк насааттарды айтышым керек деп убара болом? Сенин оюңча Ыйса буга кандайча жооп бермек?"

Ал күлүп жиберип мындай деди: "Мен Аны менен жолугушуу үчүн сенин ордуңда болууну кааламак эмесмин".

Мен дароо жооп бердим: "Так ошондой, сен айтып жаткандай!"

Мен ага ойлонууга убакыт бердим да, анан минтип уланттым: "Ыйса мага Анын Падышачылыгын куруу жөндөмдүүлүгүн берди – насаат айтуу жана китептерди жазуу менен. Сага болсо, Ыйса Анын Падышачылыгын куруудa – акча иштеп таап жана Падышачылыкты каржылоо жөндөмдүүлүгүн берди. Сен бүт көрүнүштү көрбөй жатасың. Теңир үчүн аткарган өз иштеримде сенин тил алчаактыгың же толук эмес тил алчаактыгың менен байланып калганым, менин оозум чектелип, анан мен адамдарга насаат айта албай калганым, буттарым кыймылдагысы келбей калып, мен насаат айта турган адамдарга бара албай калганым сыяктуу болмок". Менин маектешим таң калды.

Жарым жылдан кийин мен ага чалып, иштери кандай жүрүп жаткандыгын сурадым: "Джон, мага жарым жыл мурда жакшы мааниде айткан сөзүң дайыма ээрчип жүрдү. Ошол мезгилден бери көбүрөөк иштеп, көбүрөөк берүү үчүн болгон күч-аракетим менен иштеп келе жатам". Анын тил алчаактыгы мага жакты.

Дагы бир жагы, биз аялым экөөбүз жергиликтүү жыйында абдан активдүү кызмат кылган бирөө менен таанышпыз. Ал бардык зарыл болгон жерлерде активдүү кызмат кылат. Ал анын чакырылуусу кызматта эмес, бизнесте экендигин билет. Ал өзүнүн кирешесинин он гана бөлүгүнө жашап, токсон бөлүгүн Кудайга берүүнү алдына максат кылып койгон. Биздин таанышыбыз өз максатына жетти. Ал он пайызга макул болуп жашоо менен эң кымбат машина айдап, эң сонун үйдө жашайт.

Өнөктөштүк аны бизнесте гүлдөөгө жеткирди, калган он бөлүгү көрүнөрлүк өсүүгө жетти. Ал Ыйсанын: азга ишенимдүү болсоң, көп нерсе ишенилип берилет деген принцибин тандап алган.

Өнөктөштүктүн дагы бир себеби – биз бизге кызмат кылып жаткан кызматчыларды баталоого мүмкүнчүлүк алабыз. Пабыл минтип бекемдейт: “Биз силерге рухий нерсени септик. Эгерде силерден денеге керектүү нерсени жыйнап алсак, көптүк кылабы? Эгерде силердин араңарда кээ бирөөлөр ушундай укукка ээ болуп жатышса, биздин укугубуз жокпу?” (1 Корунттуктарга 9:11,12).

Бул чындыкка тиешелүү. Силер досуңардан белек алып алып, башка бирөөгө ыраазычылык кат жибербейсиңер да. Силер мамилеңер ого бетер бекемделиши үчүн, силерди баталаган адамга ыраазычылык билдиресиңер. Кудай белгилүү бир максат менен баарын ушундай кылып койгон. Кызматка канчалык көп адам тартылса жана жетишсе, ошончолук каржы муктаждыгы пайда болот. Ошентип, кызматка тартылган бардык адамдар каржы бере турган болсо (ал тургай эки лептадан болсо дагы), кызматты улантуу жана жабдуу үчүн бардык чыгашалар жабылат.

Пабыл филиппиликтерге айткан сөзүн жыйынтыктап минтип жазат:

> “Мен бардыгын алдым, менде бардыгы бар. Эпафродит аркылуу берип жибергендериңерди алдым. Ал тартууларыңар – Кудайга жаккан жыпар жыттуу, жагымдуу курмандыктар. Менин Кудайым силердин бардык кем-карчыңарды Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн даңктуу байлыгы менен толуктайт” (Филипиликтерге 4:18,19).

Ким кызматта өнөктөш болсо, ошолорго Анын байлыгы боюнча бардык муктаждыктарын толтурууга убадасы берилген. Эгер силер ондук бөлүктү берип, кызматтын өнөктөшү болсоңор, анда Кудайдын убадасына бекем ишенсеңер болот. Силерде эч качан жетишсиздик болбойт.

## Сыйынуу аркылуу көбөйүү

Көбөйүүнүн дагы бир жолу-бул сыйынуу. Башка адамдар, үй-бүлөлөр, жыйындар, шаарлар жана элдер үчүн сыйынуу аркылуу берешендик сыяктуу, биз асманда гана жолуга турган адамдардын жашоосуна түбөлүккө кол тийгизе алабыз. Кызматкерлер үчүн сыйынып да, биз адамдардын жашоосуна кол тийгизе алабыз же катыша алабыз. Биздин кызматыбызда каржы сыяктуу эле, сыйынууда да өнөктөштөрүбүз бар. Сыйынуу өнөктөшү өзүн "Эл аралык өкүл"кызматы үчүн күнүмдүк сыйынууга арнайт.

Мага адамдар такай келип: "Мен силер үчүн күндө сыйынам"– дешет. Мен ар дайым так айта алам, булар чын эле сыйынып атышабы же жөн гана сүйлөп атышабы. Чынында эле сыйынгандарга мен: "Бул биздин жыйынга болгон эң улуу жардам!"– деп айтам. Бул чындык! Бирөө сыйынып атканда, көп адамдын жашоосу өзгөрүлүшү мүмкүн. Сыйынуу аркылуу Кудай Анын жумушу үчүн берүүгө жүрөктөрдү ойготот жана түрткү берет, эгер мага сыйынуучу же каржылоочу өнөктөштөрдүн ортосунда тандоо мүмкүнчүлүгүн берсе, мен биринчи эле сыйынуучу өнөктөштү тандамакмын. Бирок, экөө тең керек.

## Жардам берүү кызматы аркылуу көбөйтүү

Өз минасын көбөйтүүнүн дагы башка жолу – бул, жардам берип кызмат кылуу. Лиза экөөбүз биздин уюмдун көптөгөн жардамчыларын жана кызматкерлерин биздин кызмат аркылуу өзгөргөн ар бир жан үчүн чоң белек алчуулар катары эстейбиз.

Дөөт согуш майданынан кайтып келгенден кийинки адамдарга айткан сөзүн билем. Падышалардын биринчи китебинде, 30 – бөлүмдө биз Дөөт анын лагеринен туткундарды жана уурдалган мүлктү артка кайтаруу үчүн амаликтерди ар-

касынан кууганы жөнүндө окуйбуз. Дөөт менен лагерге кайтып келгенден кийин, аны менен салгылашууда болгондордун кээ бири душмандан алынган мүлктү лагерди кайтарып калгандар менен бөлүшкүсү келген эмес. Бирок, Дөөттүн жообун уксаңар:

> “...Согушка баргандардын үлүшү кандай болсо, арабалардын жанында калгандардын үлүшү да ошондой болушу керек, баарына тең бөлүнүшү керек»,– деди. Ошол күндөн баштап, Дөөт муну Ысрайыл элиндеги мыйзам жана милдет катары бекитти, ал ушул күнгө чейин сакталып келе жатат” (1 Падышалар китеби 30:24,25).

Дөөт – Ыйсанын прототиби. Ошондуктан: “Ушул убактан баштап жана мындан кийин да ушундай болчу; муну Израил үчүн бүгүнкү күнгө чейин мыйзам жана эреже катары койгон”– деген сөздөрү бүгүнкү күнү да мага Ыйса жана Анын Жыйыны үчүн ишке ашып турганын айтып турат. Кызмат аркылуу кылынгандын бардыгы лидерге гана эмес, ошондой эле, согуш талаасында болбосо да, чын жүрөктөн кызмат кылгандарга, берешен болуп жана сыйынгандарга да эсептелинет.

## Мамиле манилүү

Биз буга чейин айтып жаткан жыйынга болгон мамиле, биздин ала турган белектерибиздин манилүү бөлүгү болуп саналат. Биздин иштерибиз гана эмес, алар кандай ниет менен жасалып жатканы жана биздин ниеттерге таасир тийгизген мамилелер да эсептелет. Кудай мындай дейт: “Эгерде тилимди алууну каалап, Мени уксаңар, анда жердин ырыскысынан жейсиңер” (Ышайа 1:19).

Кудай менен болгон мамиледе кургакчылыкты башымданг кечирген мезгилди эстейм. Мен жыйындагы кызматтан, өзгөчө кайтаруучумдун насаат сөздөрүнөн эч нерсе албагандай сезилип жүрдүм. Белгилүү деңгээлде мен өнүккөн эмесмин.

Штатта кайтаруучунун жетекчилигинин астында он сегиз миң кишилик жыйында иштеп жүрүп, мен ага болушун-

ча уламдан улам сыноо менен мамиле кыла баштагам. Күндөрдүн биринде эртең мененки сыйынууда Кудай мага: “Көйгөй кайтаруучуда эмес, көйгөй сенде”– деди.

Мен катып калдым: “Менин көйгөйүм эмнеде?”

Теңир менден Ышайа пайгамбардын китебинде эмне деп жазылып турганын сурады (1:19). Мен бул аятты жатка билгеним үчүн, аны кайталадым. Анан Ал: “Сенин көйгөйүң мына ушунда” деди. Сен дайым тамак албайм дейсиң, бул чындык, анткени сен жердеги жакшылыктарды даамын татпайсың”– деди.

Мен ошол эле замат каршы болдум: “Мен тил алчаакмын, кайтаруучу мага эмне десе, ошону кылам!”

Теңир мага мындай деп жооп берди: “Мен сага тил алчак болсоң, жердин жакшылыктарынын даамын татасың деген эмесмин. Мен:“Эгер *кааласаң* жана тил алсаң... – дедим”

Ал “Тил алчаактык сенин кылган иштериң менен, каалоо болсо, сенин мамилең менен байланыштуу, сенин мамилең болсо жагымсыз жыт чыгарып жатат!” деп дагы айтты.

Мамилелер сыналып жана айыпталып жатканда, Теңир момундук болуп көрүнгөнсүгөн менин тил алчаактыгым кандай болгондугун ачканды улантып жатты жана бул менин кызматымдын ниетине таасирин тийгизип жатты.

Мен ошол эле замат тобо кылдым жана эмки кызматта мага асман ачылды, мен кайрадан асмандан ала баштадым. Пастор насаат сөздөрүн айтып жаткан учурда, менин көздөрүмдөн жаш агып, өзүмдүн мамилемдин айынан көп нерселерди өткөзүп салгандыгымды түшүнп жаттым. Бир аздан кийин Пабылдын Ыйык Рухтун жетеги менен айтылган сөздөр мага түшүнүктүү боло баштады: “Мен муну силерге бардык учурда эле тил алар-албасыңарды иш жүзүндө көрүш үчүн жаздым” (2 Корунттуктарга 2:9, кеңири котормо).

Мен Кудай биздин Анын эркине болгон баш ийүү мамилебизди биз үчүн текшерерин түшүнө баштадым. Мен шайтан бизге таңуулагысы келген чыдамкайлык жөнүндө айтып

жаткан жокмун. Мындай мамиледен бизди бошотуш үчүн Ыйса чоң баа төлөгөн. Биз сыйынуу, ишенүү жана Кудайдын Сөзүн айтуу аркылуу шайтанга каршы бек турушубуз керек. Мен Кудай биздин жүрүшүбүздү каалаган жолго карата болгон мамилебиз тууралу айтып жатам. Пабыл: “Анткени силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек”– деп айтат (Филипиликтерге 2:5). Ыйса ага Атасы даярдаган чөйчөктөн жөн гана ичкен эмес, ал муну даярдык менен кылган. Ошондуктан, Пабыл: “акыл-оюңарды жаңыртып турушуңар керек экендигин”– айтып жатат (Эфестиктерге 4:23, кеңири котормо).

Эмнеге? Анткени, мамиле сыйынууга таасирин тийгизет, ал эми сотто болсо биз кылган иштерибиз үчүн гана эмес, анын артында турган ниеттерибиз үчүн да сыйлык алабыз. Келгиле, дагы бир жолу Пабылдын сөздөрүн окуп көрөлү:

> “Анткени денеде жашап жүргөндө кылган жаман же жакшы иштерибизге жараша тиешебизди алуу үчүн, баарыбыз Машайактын сот тактысынын алдына келишибиз керек” (2 Корунттуктарга 5:10, кеңири котормо).

Кудайга кызмат кылып жүрүп адамдар кайгыга толгонун көргөндө мен да кайгырам. Ошол кыйналган абалында кызмат кылуу аркылуу, алар түбөлүктүүлүктү көздөгөндү жоготуп коюшат, алардын кызматынын ниети көрө албастык жана жеке пайдасын көздөө болуп калат. Менин оюмча, бул башкаларага караганда да чоң себеп болуп калат, анткени башында Кудайга чын жүрөктөн ишенип, берилип келген аракеттерин анча деле жакшы бүтүрүшпөйт. Ошондуктан да, бизге мындай эскертүү берилген: “Эч ким Кудайдын ырайымынан ажырап калбашы үчүн, кандайдыр бир ачуу тамыр өсүп чыгып, зыян келтирбеши үчүн жана ал аркылуу *көптөр* булганбашы үчүн сак болгула” (Эврейлерге 12:15).

Көңүл бурсаңар, азыр “көпчүлүгү” булганып калышы мүмкүн. Жыйырма жылдык кызмат ичинде мен ачуу тамырлардын

кантип жайылып жатканын көрүп, жүрөгүм жанчылды. Библиянын кеңири котормосунда жандандыруу бар: “Алдын ала көрө билүүдө машыккыла жана байкагыла (бириңерди – бириңер)”. Биздин сүйүктүүлөрүбүз убагында жулунуп салынбаган ачуу тамырдын айынан кулап же жеңилүүнү баштан өткөрүп, толук сыйлыкка жетпей калып жаткан кездерде бири-бирибизге кырдаалды оңдоп кете турган сөздөрдү айтышыбыз керек.

Аялым экөөбүз өзгөчө балдарыбызды жана кызматчыларыбызды кыраакылык менен карап турабыз. Биз дайыма жолдо карап турганыбызга жараша, балдарыбыздын жашоосунда муну көтөрүп коюу ырайымы бар. Биз аларга шыктандырган сөздөрдү айтабыз, алардын мамилесине көз салабыз жана аларды күчтүү кылып өстүрөбүз.

Мен бир жолу өзүмдүн төрт уулума минтип айтканым эсимде: “Балдар, силер өзүңөр жакшы билгендей, мен ай сайын көп күндөргө кетем, апаңар да бир нече күн болбой калат. Биз кеткендеги себебибиз, бизди Кудай ушуга чакырып алган. Ал Өзүнүн даңкы үчүн жана Өз Падыщачылыгын куруу үчүн так ушинтип адамдардын жашоосуна таасир этүүнү каалаган”.

Андан ары аларга мындай дедим: “Бул чакырыкка ар кандай караса болот. Силер буга ата-энеңерди тартып алып аткандай, үй-бүлөдөгү нормалдуу жашоодон силерди ажыратып жаткандай карасаңар да болот. Же ага силер бул ата-энеңердин гана чакырыгы эмес, жеке өзүңөрдүн да чакырыгыңар катары карасаңар болот. Эгерде силер ата-энеңерди Кудайдын максаты аткарылуу үчүн, миңдеген адамдардын куткарылуусу үчүн жөнөтүп, “сепсеңер”, анда бул силердин да кызматыңар болуп калат. Эгерде силерде ушундай көз караш боло турган болсо, анда биз таасир этип куткарылган ар бир жан үчүн, Сотто силер дагы сыйлык аласыңар. Эгерде силер буга ата-энеңерди алып кетип жаткандай мамиле кыла турган болсоңор, анда ал адамдар үчүн сыйлык албайсыңар. Ошентип балдар, баары бир гана сөзгө байланыштуу: *мамиле*”.

Алар мына ушуга жармашып калышкандыктан, натыйжада эч качан биздин кызматка кетүүбүзгө арызданышпады. Чынында эле кээде бирөөлөрдөн чакырык келгенде, биз Лиза экөөбүз ойлонуп турганда, алар бизди шыктандырышты. Биздин уулдарыбыз менен болгон мамилебиз эң сонун, алар Кудайды сүйүшөт жана биз менен чогуу Ага кызмат кылышат. Анын таң каларлык ырайымы үчүн, Ага даңк. Алар жаш эле курагында өз миналарын көбөйтүп жатышат.

Жумушчуларыма деле ошол эле сөздү айттым: "Силер бул жумушка жөн гана жумуш катары карап койсоңор, акыр-аягы барып чарчайсыңар, ачууланасыңар, натыйжада Сотто сыйлык албай каласыңар. Же болбосо, силер бул жумушка миллиондогон өмүрлөргө таасир этип атам деп карасаңар болот. Силер жиберген ар бир китеп, силер бизге жооп берүүгө жардамдашып жазган ар бир кат, социалдык тармак аркылуу силер таасир эткен ар бир тармак, силер уюштурган ар бир чогулуш Кудай кылып аткан нерсенин маанилүү бир бөлүгү. Силер лагерди кайтарып турган Дөөттүн жоокерлери сыяктуусуңар". Алардын мамилеси эң сонун, анткени алар менин сөздөрүмдү кабыл алышты. Руханий лидер катары менин ишим – туура мамилелерди сактап калууга жардам берүүчү өмүр сөзүн жарыялоо, бирок аны ишке ашыруудагы жоопкерчилик толугу менен алардын өзүлөрүнө жүктөлөт.

Туура мамилелерди сактоо менен, биз өз миналарыбызды көбөйтүү жана эң сонун натыйжаларга ээ болуу мүмкүнчүлүгүнө ээбиз. Кудай Өз үйүн куруп жатат жана бизде Анын кызматчылары болуубузга толук мүмкүнчүлүк бар. Ошондуктан, силердин ишиңер анчаалык маанилүү эместей көрүнгөнүнө карабагыла, ар бир бөлүгү маанилүү экендиги эсиңерде болсун, ал эми иштин натыйжалуу же натыйжасыз болуп калышы силерге байланыштуу. Мен силер тууралуу өз үмүтүмдү апостол Жакандын сөзү менен айткым келет: "Эмгегибиз текке кетпей, сыйлыгыбызды толук алышыбыз үчүн, өзүңөргө сак болгула" (2 Жакан 8).

## 14-БӨЛҮМ

# ЖЕКЕ ТААСИР

*Бирок сен билесиң... менин кантип жашаганымды жана жашоомдогу максатымды билесиң. Сен менин ишенимимди жана толгоолорумду билесиң. Сен менин сүйүүмдү жана чыдамымды билесиң*
— 2 Тиметей 3:10, англис тилинен которулду.

Адамдардын жашоолоруна таасир этүү боюнча түбөлүктүүлүктө же сыйлык алабыз же кыйроого учурайбыз. Бул бир гана кызматчыларга байланыштуу болбойт, бул өзүбүздүн жеке мамилебизге, жашоо образыбызга жана адамдар менен кандайча баарлашканыбызга жараша болот.

Биздин адамдар менен болгон мамилебиз же курат, же талкалайт, биз адамдарды кантип кабыл алып жатабыз. Эгерде биз аларга өйдөдөн карай турган болсок, анда биз алардын муктаждыгына маани бербей, аларды басынткандай болобуз. Эгерде биз инсанды баалай турган болсок, анда чын жүрөгүбүздөн адамдын жашоосун курууга жана бекемдөөгө боло турган мүмкүнчүлүктөрдү издейбиз.

Адамдарды ресурс – каражат катары пайдалана турган болсок, анда өз каалоолорубуз жана муктаждыгыбыз баарынан жогору турган болот. Эгерде биз адамдарды Кудайдын бейнесиндей болуп жаралган инсан, укмуш бир баалуулук, катары карай турган болсок, анда биздин ниетибизде ал тургай, кээде өзүбүзгө зыян болгон күндө да, аларды баталаганга каалоо пайда болот. Мына ушул машайакчынын мүнөзү.

## Өзүмчүлдүктүн катуулуктары

Ыйсаны кабыл алганга чейин, мен абдан өзүнө гана көңүл бурган адам болчумун. 1979 – жылы Ыйык Рухка кайрылгандан кийин мага өзүм көнүп калган өзүмчүлдүккө каршы чабуул жасоого туура келди. Менин Ыйсада болгон алгачкы он жылым абдан бир тирешүү менен өттү деп айтсам болот.

Менин жашоомдогу катуулуктардын бири сексуалдык каалоо эле. Порнографияга азгырылып, бул азгырыкка туруштук берүү өтө кыйын деп эсептечүмүн. 1985-жылы алты жылдык күрөштөн кийин орозонун төртүнчү күнү мен бошотулдум. Бошотулгандан баштап менде акыл-эсимдин жаңылануусу башталды.

Кийинки бир нече жылдардын ичинде мен кумарлануунун тамырын таптым. Жүрөгүмдөгү Кудайдын сүйүүсү өсүүсүн улантып, Кудай жараткан инсандын баалуулугу мага барган сайын ачыгыраак боло баштады. Сексуалдык көз карандылыктын себеби чегине жеткен өзүмчүлдүк экенин түшүндүм. Аялды кумарлануу менен кароо анын баалуулугун эттин бир бөлүгүнө теңөө менен барабар болорлугу менин жүрөгүмө уламдан улам жийиркеничтүү болуп баштады.

Аялдын Кудайдын бейнеси боюнча жаратылып, атак жана даңк менен таажыланган экендиги тууралуу аян менин ичимде бекемделе берди. Бул тууралуу мен мурда эле билгеним менен, бирок билим менин бар болуумдун бир бөлүгү болбой, акыл-эсимдин деңгээлинде гана болгон. Канча бир убакты өткөндөн кийин мен Куайдын трансформациялаган процессинин реалдуулугун көрдүм. Менин алдымда жарнамадагы, журналдын сыртындагы, сыналгынын бетиндеги порнографиялык сүрөт пайда болгондо Ыйса канын төккөн инсан эттин бир бөлүгүндөй эле бааланганы мени капалантып, жийиркентчү. Аялдын маанилүүлүгү тууралуу аян көбөйгөн сайын, менин буга карата мамилем ушундай болду.

Айрым эркектердин, керек болсо жыйында да, аялдарга кылган мамилеси мени таң калтырат. Аларды азыраак ба-

алуу деп, керек болсо, жек көрүндү деп жогорудан төмөн карашат. Бул акылга сыйгыс нерсе. Эркектер менен аялдар экөө тең бирдей Кудайдын Падышачылыгынын мураскерлери. Эркектер бекемирээк идиш (жүрөк мене жан дүйнө эмес, физикалык жактан алганда) катары аялдарды өзүлөрүнөн көбүрөөк урматташ керек. Эркектер ар дайым аялдарды түзгөнгө мүмкүнчүлүк таап, аларды сыйлап, баалап коргоолору керек. Эркектер – силер бирикмелердин башчысысыңар, бирок Падышачылыктагы башчылык өмүрүңөрдү бүлөңөр үчүн арнап, балдарыңар менен аялыңарды башкара бербей, кызмат кылышыңар керектигин билдирет. Эгерде силер башчылыгыңарды өзүңөрдү аялыңардан жогору койгондон көрүп жатсаңар, анда силердин кылган мамилеңер ага жараат алып келип талкалайт. Сотто болсо, силер бул үчүн отчёт бересиңер.

## Кабыл алынуу каалоосу

Кудай мага өзүмчүлдүктүн көбүрөөк калптай көрүнгөн дагы бир чегин көрсөттү. Сексенинчи жылдардын ортолорунда мен төрт жүздөй жумушчуларды камтыган жыйында кызмат кылдым. Биздин жыйында сегиз миңден ашык киши болуп жана биздин ишибиз бүт өлкө боюнча башка миңдеген жыйындарга таасир этер эле.

Ошол убакта мен ар кандай пикир келишпестикетерди жек көрүп, алардан кандай болсо да качып кеткенге аракеттенчүм. Мен адамдарга сылык сыпайы мамиле кылат элем. Мүмкүнчүлүк болсо эле, аларга чын болбосо да жагымдуу сөздөрдү айтчумун. Аброюм офисте иштеген эң жагымдуу адамдардын бири болгонго чейин жетти. Мен жөнүндө мага ырахат алып келген жагымдуу сөздөрдү уга баштадым.

Бир жолу сыйынуу учурунда Кудай менден: “1 Корунттуктарга 13-бөлүмдүн кайсы жеринде Мен “сүйүү жагымдуу” деп айттым эле?” деп сурады.

Мен бушайман боло түштүм да, анан: “эч жеринде” деп жооп бердим.

Андан соң Ал: “Уулум, сен эмне үчүн адамдарга чын болбосо да жагымдуу сөздөрдү айтаарыңдын чыныгы себебин билесиңби?” деп айтты.

Мен: “Эмне үчүн? Мен бул жөнүндө эч качан ойлонгон эмесмин”,– деп жооп бердим.

Ал мага шарт эле жооп берди: “Сен четке кагылгандан коркосуң. Сенин көңүлүң өзүңө багытталганбы же адамдаргабы? Сен аларды чындап сүйсөң, аларга жакса да, жакпаса да чындыкты айтмаксың. Алардын бакубаттуулугу сени четке кагып коюшу мүмкүн деген фактыга караганда көбүрөөк тынчсыздандырмак”.

Мен сылыктыктын беткабынын артындагы өзүмдүн түрү суук өзүмчүлдүгүмдү ачык эле көрүп, бул оор чындыктан күйбөгөн жерим күл болду. Мени кабыл алышсын деген каалоомду канааттандырыш үчүн мен адамдарды пайдаланыптырмын. Мен үчүн адамдарга жардам берүү эмес, менин ишенимсиздигимди жаап кеткен адамдардын алкоосу артыкчылык болот болчу. Мен жөн гана адамдар тарабынан кабыл алынууну каалагам.

Ошондуктан, сансыз насаатчылар Кудай Сөзүндөгү чакырыктардан, оңдоп-түзөөлөрдөн жана ашкерелерден алыстап, анын “позитивдүү” гана жактарын айтышат. Алар адамдарды чындап сүйгөндүн ордуна өз жыйын мүчөлөрүн таарынтып алып, санын азайтпаш үчүн тынчсызданышат.

Сенин сүйүүңдүн борбору болуп ким эсептелет: сенби же адамдарбы? Акылсыздык менен эле жар тарапка бараткан адамды көрүп, өз кыймылынын багытын өзгөртсүн де, силер кыйкырбайсыңарбы? Мен өзүнчө кырдаалда мындай “сүйгөн кызматчылардын” бир нечесин көргөм. Алардын адамдар менен сүйлөшкөнү таң калтырат. Анткени, алар официанттарга, меймнканалардын кызматкерлерине жана башка тейлөөчү персоналдарга төмөнкү катмардагы адамдарга мамиле кылгандай кылышат. Жеке жашоосунда бул ишенүүчүлөр адамдарга кандай таасир калтырат? Алардын өмүр жолунда жолуккан ар бир адамга кандай таасир эткени боюнча отчёт берүү туура келет.

## Сүйкүмдүүдөн каардууга чейин

Бул аян мага ачылганда багытым башка тарапка бурулду. Мен каардуу насаатчы болдум. Менин жүрөгүмдө дагы деле адамдарга болгон Кудайдын сүйүүсү жанган жок. Мен адамдардын түбөлүк бакубаттуулугу үчүн кам көрүүнүн ордуна, чынчыл жана туура болгонго басым жасадым.

Кээде мен чогулуштун бардыгын урушуп өткөзчүмүн. Мен кайра эле өзүмө басым жасап жаттым, болгону, менин өзүмчүлдүгүм башкача чыга баштады. Менин жүрүм-турумум Жазуунун бул жерине мисал боло алат эле: “Силердин жеткилең билимиңер менен бардыгы макул болушу керек деп ойлойсуңарбы. Билим өзүбүздү маанилүү сезгенге мажбурлаган учурда, сүйүү болсо чындап жыйынды жаратат” (англ.тилинен которулган, 1 Корунттуктар 8:1,2).

Биздин кызматтагы алгачкы күндөрдү артка кылчайып караганда, кээ бир кайтаруучулар мен кеткенден кийин жыйынды “тартипке келтиришкенге” аргасыз болушканы мени уялтат. Эгерде ошол мезгилдерде мен кайтаруучу болсом, Джон Биверди өз жыйыныма чакырмак эмес экеним анык. Көп нерседен мага өсүш керек болгонуна карабай, менин Кудайга жана Анын элине чындап кызмат кылгым келгенимди көргөн кайтаруучуларга ыраазымын.

Адамдардын жакшы көрүүсүнө жетүү же алар тараптан четке кагылбоо максатында мен аларга жагынбай калдым. Эми мен Кудай мени тазалап жаткан ошол эле жашыруун өзүмчүлдүктүн түрткүсү менен чындыкты катуу эле айтып жаттым.

Бир нече жылдардан кийин аябай белгилүү кайтаруучу мени үч башка континенттин абдан эле таасирдүү кызматчыларынын алдында сындады жана ал мага эмне жөнүндө айтканын уктум. Башында мен ачууланып, кыйратылгандай болдум, бирок таарыныч мени Кудайдан алыстата турганын билчүмүн. Акыр-аягында бул адамдын чабуулдары мени Кудайга жана Анын сүйүүсүнө мурда болуп көрбөгөндөй кайрылганга мажбур кыл-

ды. Менин жашоомо көбүрөөк кайрымдуу болушун Кудайдан өтүнүп жатып, мен өзүм да Кудай мага анын баалуу адамдарына болгон сүйүүсүн кантип өстүргөнүн байкабай калыптырмын.

Ошол нерселер болуп жаткан учрда Теңир мага кызматымды өзгөрткөн аян берди. Азыр терең жана жашыруун нерсе угабыз деп ойлоп жатасыңарбы? Чынында бардыгы жетишээрлик эле жөнөкөй. Менин сөздөрүмдү терең ойлонбосоңор, бул нерсе бир аз акылсыздык да болуп туюлушу мүмкүн. Аян мына мында болгон: "Бир кашык шекер дарыны бузуп салбайт". Дарылардын таасирдүүлүгү аларды таттуу менен биргеликте берсе азайбашын мен түшүндүм. Болгону аны жуткан жеңилирээк болуп, көпчүлүк учурда болсо, даамы да жагымдуу боло түшөт.

Азыр көпчүлүк кызматчылар мага: "Джон, мен таң калам, биз Кудай Сөзү менен тазаланып жатканыбызда сен бизди кантип күлдүрдүң? Сен олуттуу теманы толугу менен жандуу кылдың" деп айтышат. Кудайдын ырайымы менен мен көбүрөөк жетилгендигимди түшүндүм. Ага ыраазычылыктар болсун!

Өзүнүн сыны менен тиги кайтаруучу мени баталайын дебегенине карабастан, ал нерсе менин жашоомдогу улуу бата болду. Кудай кээде адамдардын силерге кылган жаман иштерин да Өз эрки силердин жашооңордо аткарылыш үчүн колдонот. Ыйса Өзүнүн аткарыш керек болгон нерсесин ишке ашыруусу үчүн – айкаш жыгачка баруу үчүн, Ал Жүйүттүн чыккынчылыгын колдонду. Жусуптун Кудайдан берилген түшүн аткарыш үчүн Ал бир туугандарынын жаман ниеттерин пайдаланды. Дагы башка көп мисалдарды келтирсек болот.

## Максат – Кудайдын сүйүүсү

Бардыгы биздин адамдарга болгон мамилебизден башталат. Эгерде бизде Кудайдын жан тартуусу жана сүйүүсү өссүн дей турган болсок, анда биз эч кимге жогорудан карабайбыз. Адамдарга болгон мындай көз караш бой көтөрүүчүлүккө, айыптаган мамилелерге, орой жүрүм-турумга алып келет. Пабыл Римдеги ишенгендерге эмне деп жазганына көңүл бургула:

> “Эмне үчүн сен өзүңдүн бир тууганыңды соттоп жатасың? А сен эмне үчүн бир тууганыңды басынтып жатасың? Баарыбыз Кудайдын сотуна келебиз. Демек, Кудайдын алдында ар бирибиз өзүбүз үчүн жооп беребиз” (Римдиктерге 14:10,12).

Эгерде биз ишенгендер эң негизги парыздардын бирин-жакыныңды өзүңдөй сүй деген парызды унутуп кала турган болсок, анда Пабыл айткан тузакка түшүп калабыз. Айланабыздагыларга биз бой көтөрүү менен карай баштайбыз. Мындай мамиле өзгөчө библиялык билим бар жерде өөрчүйт, бирок рухий жемиштердин негизи жок.

Жазуу Кудай *сүйүү экендигин* айтып жатат. Сүйүү Кудай эместигин баамдоо маанилүү. Айырма асман менен жердей. Кудайдын мүнөзү, Анын жолдору жана максаты биздин сүйүү деген аныктамабызга дал келбейт. Анткени, мындай сүйүүнү Ыйса менен кездешмейинче эч ким таанып-биле албайт. Сүйүүнүн чыныгы табияты Ыйсада гана.

Библиянын бир да жеринде Кудай *сүйүүгө ээ* деп жазылган жери жок. Анда күч бар, Анда жөндөмдүүлүктөр бар, Анда бийлик бар, ж.б. Бирок Ыйса сүйүүнүн маңызы болуп эсептелет. Эгерде ушундай боло турган болсо, анда биз Ага окшош болушубуз керек, анткени биз кайрадан Анын табиятынан төрөлгөнбүз. Ошондуктан, да, Пабыл минтип айткан:

> “Эгерде мен адамдын жана периштенин тили менен сүйлөй алсам, бирок менде сүйүү жок болсо, анда мен зың эткен жез-мин же шыңгыраган коңгуроомун. Эгерде мен пайгамбарчылык кылсам, бардык сырларды билсем, толук билимге ээ болсом, тоону ордунан жылдыра ала тургандай ишенимим бар болсо, бирок менде сүйүү жок болсо, анда мен эч ким эмесмин. Эгерде мен мал-мүлкүмдүн баарын таратып берсем, денемди отко таштоого даяр болсом, бирок менде сүйүү жок болсо, мунун баары пайдасыз” (1 Корунттуктарга 13:1-3).

Сүйүү сөз менен бааланбайт. Анткени, кимдир бирөөнү сүйөм деп коюп, анан иш жүзүндө тескерисинче болуп калышы мүмкүн. Сүйүү биздин иштерибизден башталат. Пабыл

жогорудагы келтирилиген аяттарында айткандай, улуу сүйүүгө ээ болгон иштерди кылса болот – жакырларга керектүү нерселерди таратып берип, бүт өмүрүн курмандык кылып, бирок мунун баары сүйүү менен кылынбаса, мааниси жок. Чыныгы сүйүү жүрөктөн башталат.

Эгерде биз сүйсөк, анда адамдарга кең пейилдик жана чыдамкайлык менен мамиле кылабыз. Биз башкалардын ийгилигине көз артпайбыз, анткени чын жүрөгүбүз менен башкалардын жеңишин көрүүнү каалайбыз. Биз өзүбүз мактанбайбыз, бирок текебердик менен бой көтөрүүнүн ар кандай көрүнүштөрүнөн арыла баштайбыз. Өз пикирибизди эле таңуулай бербейбиз, кыжырданбайбыз, чыдамсыз болбойбуз. Таарынычыбыз менен эсептеше бербейбиз, кечирүүнү тандап алабыз, адилетсиздикке кубанбайбыз, мээримдүүлүккө жана чындыкка умтулабыз. Адамдар биздин көңүлүбүздү калтыра албайт, биз аларга деген ишеничти жоготпойбуз, анткени дайыма жакшы нерсеге гана ишенебиз. Биз адамдын күнөөсү далилденмейинче, аны күнөөлүү деп эсептебейбиз, ал тургай далилденген кезинде деле тобо кылуусуна жана оңолушуна ишенебиз. Биз үмүткө байбыз жана ар кандай кыйынчылыктарды да Падышачылыктын жана жакыныбыздын кызыкчылыгы үчүн көтөрүп коёбуз. Жыйынтыктай турган болсок: биз Анын эркин аткаруу аркылуу бир гана Машайакта ишке аша турган, адамдардын жыргалчылыкта жашоосун куруу үчүн жашайбыз.

## Башкаларга жеке таасир эте алган Лидердин жашоосу

Бир нече жыл мурда мен Мичиган штатындагы, Детройтто Бүткүл дүйнөлүк Детройт миссиянын негиздөөчүсү Джека Уоллес деген жакын досумду акыркы сапарга узатууга катышып калдым. Он жылдын ичинде анын көп улуттуу жыйыны төрт миң кишиге чейин өскөн. Менин досум Зимбабвеге конферен-

цияда насаат айтканы барган, бирок самолёттон түшөөр менен ал инфарктка кабылган.

Аны узатууга миңдеген адамдар – Кошмо Штатттардын бардык кызматчылары, коомдордун лидерлери, ири корпорациялардын вице президенттери, жумушчу калк, көчөдөгү селсаяктар жана үйдө отурган кожейкелер катышышты. Анын жыйыны ушул адамдардан турган. Бирок узатууга Ыйса менен тааныш болбогон көптөгөн адамдар келишти, мисалы мейманканадагы, рестоарандагы тейлөө кызматчылары – алар менин досум эбегейсиз таасир тийгизген адамдар эле.

Жыйындагы эмес адамдардын аны акыркы сапарга узатууга келүүсү мени эч кандай деле таң калтырган жок, анткени биз Джек экөөбүз жыйындан башка жактарда да көп убакыт өткөрчүбүз. Анан мен өзүм алдынан чыккан адамдарга анын кандай мамиле кылгандыгын көрчүмүн. Аардын ар бирине ал кымбат инсан катары мамиле жасачу. Официанттарга жана мейманканадагы кызматчыларга Джек чайга деп марттык менен бата берчү. Мен мындай кылгандан карманчумун, мен муну керексиз балалык жоруктай эсептечүмүн. Бирок, ал булардын баары Кудай алдында канчалык кымбат баалуу экендиктерин айтканда, менин одоно оюм өзгөргөн. Джектин катарында турган адамды ал дүйнөдөгү эң маанилүү адам катары сездирип гана койгон эмес, бирок ал ар бир адамды чын эле дүйнөдөгү эң кымбат адам катары сезчү.

Акыркы сапарга узатуу төрт жарым саатка созулду. Аны менен жеке тааныш болгон адамдар, сөз айтууну суранышты. Сүйлөгөндөрдүн төрт, бешөөнүн Джек менен ушунчалык жакын экендиктерин, анын баарыбыз үчүн кандай гана баалуу экендигин угуп турган бир абдан белгилүү кызматчы минтип айтты: “Мен болсо анын эң жакын досумун деп жүрүптүрмүн!” деп айтты. Баары күлүп жиберишти.

Джек баарыбыз менен эң жакын досундай мамиледе экендигин билчүбүз. Бул улуу адам элге телевизордон же компа-

ниялардан гана насаат айтып, Жакшы Кабар таратып таасир тийгизбестен, ар бир жолунан жолуккан адамга таасир эте алган. Джек үчүн ал адам ири корпорациянын жетекчиси болобу, же социалдык жөлөк пулга жашаган адам болобу, айырмасы жок болчу, ал ар бир инсанды сүйүүгө, баалоого жол тапчу. Джек өз жөндөмдүүлүктөрүнө жана чакырылган тапшырмасына гана ишенимдүү болуп калбастан, ал өз миналарын ар кайсы жактарда көбөйтүүнү билген.

## Миңдеген адамдарга таасир эте алган кароолчу

Менин жашоомо абдан күчтүү таасир эткен кээ бир адамдар эч качан сахнадан көрүнүшкөн эмес. Алардын бирөөсү «Роквелл Интернэшнл» компаниясынын каржы кызматкери эле. Анын аты Майк. Мен аны менен машайакчы болгонумдан болгону эки жыл өткөндөн кийин таанышкам, анан тыныгуу учурунда биз көбүнчө Кудай тууралуу сүйлөшөөр элек. Андан кийин биз ушунчалык достошуп кеттик, бири-бирибизде конокто болуп жана жыйында көптөгөн убакытта бирге болчубуз. Майктын максаттуулугу, Жазуудан алган акылмандуулугу мага өзгөчө таасир берип турчу эле. Мага анын аялын, балдарын, жолунан чыккан ар бир адамды урматтаганы жакчу.

Кийинчерээк мен «Роквелла»дан кетип калдым да, кызматчы болуп калдым. Ал да фирмадан кетип калып, Кийинчерээк өзүнүн финансылык фирмасын ачты. Анын бизнеси аябай ийгиликтүү болду. Майк салык маселесинде он эки миңден ашыгыраак кардарларга жардам көргөздү, алардын беш миңи анын фирмасынын туруктуу кардарлары болуп калды. Майктын чынчылдыгына жана аброюна жараша алар көп жылдар бою кызматташ болушту.

Мен жакында эле андан канча кардарга Кудайдын Сөзүн айттың деп сурадым. Майк: “Джон, болжол менен алганда токсон пайызды түзөт болуш керек” деп айтты. Бул демек, он минден ашык адамга айткан.

Мен таң калдым. Анан мен андан канча адамды куткарылууга алып келгенин сурадым. Ал: “Жүздөгөн. Өткөн жумада эле мен кубалык бирөөнү Теңирге алып келдим жана анын рактан айыгып кетиши үчүн сыйындым” деди.

Ал ошондой эле көптөгөн кызматчыларга өз эсеп-кысаптарын ордуна келтирүүгө жардам берген. Кызматтын башталышында биздин бухгалтерия дагы ошолордун катарында эле. Майк менин чакырылган максатым эмне экендигин түшүнгөн жана бир нече жылдар бою биздин салык отчетубузга бекер жардамдашкан. Анын жашоосу башка адамдардын жашоосуна ар кандай түрдө таасир эте алган.

Майк экөөбүздүн бир кароолчу тууралуу узакка чейин сүйлөшкөнүбүздөгү, бир кароолчунун Майктын жашоосуна абдан күчтүү таасир эткенин эстеп, мен жакында эле ал тууралуу кайра сурадым. Ал трубкадан ыйлап жиберди.

Ал минтип айтты: “Джон, менин тогуз тайке-тай эжерлеримен алтоосу өмүрлөрүнүн акырын жан-дүйнөсү ооругандардын жайында өткөрүштү. Менин апам да ошол жакта болгон. Менин чоң атам да, тай атам да атылган. Менин үй-бүлөмдө толук башаламандык өкүм сүргөн, ошондой эле тагдыр мени да күтүп турган. Бирок, каржы жетишпегендигине байланыштуу апам мени башка үй-бүлөгө багып алсын деп берген. Алар менен мен жети жыл бирге жашадым. Үй башчысы кичинекей кагаз фабрикасында иштеген. Аны Чарли деп аташчу. Анын тазалыгы, Ыйсага берилгендиги жана адамдарга болгон сүйүүсү, менин жашоомдогу каргышты талкалады. Ар аптада ал мени өзү менен кошо жыйынга алып барып, Кудайдын жолдоруна үйрөтүп жүрдү. Чарлинин таасири мени бүгүнкү даражама жеткирди. Бир жолу менин кызым сүрөт тартып, ага: “Мен эч качан билбеген улуу адамга”, деп жэазып коюптур, бул сөздөр Чарли тууралуу болгон.”

Силер бул жер үстүндө Чарли тууралуу эч нерсе деле укпасаңар керек. Анткен менен, анын таасири Майк кызмат кыл-

ган миндеген адамдардын да баарына тийди. Ал таасир мага да тийди. Ошондуктан, мен таасир эте алган миллиондогон адамдар да кыйыр түрдө болсо да, Чарлинин таасирин сезишти. Бир кароолчу кантип өз минасын көбөйткөнүн, эми ал бир кезде улуу сыйлыкты алаарын көрдүңөрбү?

## Мураска таасир этүү

Макс Джукс деген атеист жана Джонатан Эдвардс деген такыбаа адам тууралуу менин бир кызматчым окуп берген күбөлүк эсиме түшүп атат. Ал таржымал бул:

> Макс Джукс деген атеист туура эмес жашоодо жашап жүрөт. Ал ишенбеген кызга үйлөнөт. Алардын союзунан 310 тукумдары подъезддерде өлүшөт, 150сү кылмышкерлер болушат, 7си киши өлтүргүчтөр болушат, 100 аракеч, аялдардын жарымынан көбү бузуктар болушкан. Анын 540 тукуму мамлекетке жыйырма беш миллион доллар зыян алып келишкен.
>
> Бирок, Кудайга алкыш дагы бир Америкалык Джонатан Эдвардс тууралуу да күбөлүк сөз бар. Ал Макс Джукс менен замандаш болуп жашаган. Ал такыбаа кызга үйлөнгөн. Изилдөөлөрдүн натыйжасы муну көргөзгөн: Джонатан Эдвардстын 1394 тукуму белгилүү болушкан, алардан 13 президент, 65 колледждин профессорлору, 3 АКШнын сенаторлору, 30 сот, 100 адвакат, 60 белгилүу авторлор, 1 АкШнын вице-президенти, 80 коомдук ишмер, 295 колледжди бүтүрүшүп, алардын ичинде чет өлкөлөрдөгү элчилер жана штаттардын губернаторлору да бар. Анын тукумдары Штатка бир тыйын да зыян келтиришкен эмес.

Бул дагы өз минасын көбөйтүүнүн бир жолу. Чарли, Майк жана Джонатан Эдвардс көптөгөн адамдардын жашоосуна таасир этишкен. Алардын таасири улуу мурасты берген, мурас атайын кызмат аркылуу эмес, жеке өмүрлөрүндөгү үлгүлүү жашоодон келген.

Мындай артыкчылыкты Кудай биздин баарыбызга берет. Милиция кызматкерине кантип жооп бересиңер, пасторуңар тууралуу эмне деп сүйлөйсүңөр, каржы иштерин кантип жүр-

гүзөсүңөр, адамдарга кантип сүйлөйсүңөр жана башка көп нерселер айланаңардагы адамдарга таасир этет. Силер куруучулар болосуңарбы же чалынткан таш болосуңарбы?

> "Демек, Кудайдын алдында ар бирибиз өзүбүз үчүн жооп беребиз. Ошондуктан бири-бирибизди соттобойлу, андан көрө бир тууганыбыздын жыгылуусуна же азгырылуусуна түрткү болбоо жөнүндө ойлонолу... Ошондуктан тынчтыкка жана бири-бирибизди бекемдөөгө умтулалы" (Римдиктерге 14:12,13,19).

Пабыл биздин айланадагы адамдарга тийгизген таасирибиздин ар бирин терең изилденген Кудайдын Соту тууралуу түп-түз эле айтат. Мына ошондуктан да, дайыма бул тууралуу эстеп жүрүшүбүз керек. Ошондо биз кечке эле өзүбүз менен алектене бербей, адамдарды Кудайга алып барууга шыктандыра алган болобуз.

Он тогузунчу кылымда жашаган Ребекка Ратер Спринджер, өз сыйлыгын алууга биротоло кеткенге чейин, бир нече жолу асманда болуп келген. Асманга барып келгенден кийин ал өзүнүн "Асман дарбазасынын ары жагында" деп аталган эң сонун классикалык новелласын жазган. Анда ал асманда көп убакыт өткөргөн тууганынын сөзүн жазган. Анын сөзүнө караганда, ал тууганы, анын күйөөсүнүн бир тууганы Теңирге жакын болгон. Ал ага минтип айткан экен:

> "Эгерде биз жерде жашап жүргөндө күн өткөн сайын түбөлүктү куруп жаткандыгыбызды түшүнгөнүбүздө, көптөгөн мамилелерибиз биздин жашообузда бир топ башкачараак болмок! Ар бир жакшы сөз, ар бир кең пейил ой, ар бир арамзалыгы жок иш-аракет, келе жаткан жашоонун түбөлүк коздугу болуп калат".

## Адамдарды Ыйсага алып келүү

Биздин адамдарга тийгизген эң бир чоң таасирибиз, бул аларды Ыйсага алып келүү. Эгерде силерде түбөлүк сот тууралуу туура түшүнүк болсо, анда бизде тааныш адамдарыбыз-

га куткаруу планы тууралуу айтууга каалоо болот. Биз окуп көрөлү: “Адил адамдын жемиши – өмүр дарагы, акылдуу адам адамдарды өзүнө тартат” (Накыл сөздөр 11:30, кеңири котормо).

Жаш машайакчы маалымда мен жолумдан ким жолукса да, ага Ыйса тууралуу айтып берем деп каалачумун. Анткен менен, кийинчерээк мен Ыйык Рухту укканды үйрөндүм, эмнени, качан айтууну билдим. Мен ал тургай Ыйса, Атасы кылганды гана кылаарын түшүндүм. Биз Кудай менен жашаган кезибизде, аларды мажбурлабай, адамдарды оолактатпай, таасир эте турган агым бар экенин билебиз.

Ошентсе да, адамдарды түбөлүк жашоого алып келебиз деген ой бизде үйүбүзгө кеткенге чейин, дайыма болушу керек. Бул каалоону Кудайдын каалоосу дайыма азыктандырып турат. Адамдын Машайакты кабыл алуусу ар дайым бардык periштелерге жана Кудайдын Өзүнө да кубаныч алып келет. Бул белгилүү бир сыйлыктарды алып келет. Ыйса минтип айтат: “Орокчу азыртадан эле эмгек акысын алып, түбөлүк өмүр үчүн түшүм жыйнап жатат. Ошентип, себүүчү да, орокчу да кубанат” (Жакан 4:36).

Мен биздин алгачкы жолугушуубузда эле аялымды Теңирге алып келгем. Мен куткарылганымдан кийин Кудай мага менин аялымды алып келмейинче, кыздар менен жолугушпаганга убада бергем. Мен эгерде Кудай Обону Адамга алып келип берген болсо, анда мен үчүн деле аны кыла алат деп ойлодум.

Мен машайакчы болуп калганга чейин бир нече кыздар менен жолуккам, андан кийин бир нече машайакчы кыздар менен да жолуккам, анан мен бул мамилелер менин Кудай менен болгон мамилеме тоскоол кылаарын түшүндүм. Мамилелер үзүлгөн сайын биздин жүрөгүбүздө тырыктар жана көз жаштар калчу. Мага мунун пайдасыздыгын түшүнгөнгө бир аз убакыт керек болчу. Анан мен бирөө менен жолугушаардан мурун сыйынууга убада бердим.

Ал мезгилде менин аялым башкача кыз болчу. Кампустан бир бала ал эң бир кубанта албаган кыз экендигин айткан.

Анын сөзү канчалык чындык экендигин билген эмесмин, бирок ошондой эле болуш керек деп шектенгем. Ал мезгилде мен бир жарым жылдай кыздар менен жолугушпай калгам, анткени бирөөнү жолугушууга чакырайын десем эле, Теңир андай кылбай турууну эскертчү. Кантсе да, Ыйык Рух мен аны биздин жаратылышка чыгып Библияны талкуулообузга чакырууга түртүп жатты. Ал сунушту кабыл алды.

Пикниктен кийин биз маегибизди кампуста улантып жаттык. Тункү 01,30 да мен аны менен Жакшы Кабар тууралуу сүйлөшүп жаттым. Ал мени токтото коюп, дароо эле куткарылгысы келгендигин айтты. Андан көп өтпөй эле биз экөөбүз тең Кудайдын эрки биздин үйлөнүшүбүз керектиги экендигин билдик. Чынын айтканда мен абдан утушка ээ болдум. Эгерде ал болбогондо, бүгүн мен бүгүнкү мен болбос элем.

Лиза миллиондогон адамдардын жашооосуна таасир тийгизди. Ал китептердин эң мыкты автору, ал адилетсиздиктин курмандыгы болгондордун коргоочусу, ал дүйнө жүзүн кыдырып конференцияларда насаат айтат. Эгерде мен ага Ыйса тууралуу айтып берүү мүмкүнчүлүгүн колдонбосом эмне болмок? Мен ишенем, Кудай ага башка бирөөнү жибермек. А мен болсо Кудайдын мага аял тандап берген эң мыкты мүмкүнчүлүгүн колдон чыгармакмын, анан аялым кызмат кылган адамдардын куткарылуусундагы бөлүгүнө ээ болмок эмесмин. Анын тартуусу үчүн Кудайга даңк!

Эсиңердеби, үрөн көбөйө берет, бирок ал өзүнөн өзү маанилүү көрүнбөйт. Ыйык Рухтун жетекчилигин эч качан өзүнөн өзү берилген нерсе катары кабыл албагыла, Аны эч качан четке какпагыла. Ал мени шыктандырган эң бир маанисиздей болгон нерсе, менин жашоомдогу көбөйүү факторунун эң бир маанилүү жагына айланды. Кудай силердин көбөйүшүңөрдү каалайт. Кудай ошондой эле, силердин көбөйүүңөрдү сыйлагысы келет.

## Акыркы шыктандыруу

Ушунчалык көп нерсе картага коюлган. Биз ушул жер жүзүндө бизге ишенилип берилген убакытка жеңил ойлуулук менен карай албайбыз. Адамдардын түбөлүктүү тагдыры, Кудайдын планына биздин тил алчаак болушубузда. Анын каалоосу болсо, баары куткарылып жана Ыйсанын образына жакындоолору. Ал эч кимдин калып калышын каалабайт.

Мисирден чыккан бүткүл муун чөлдө өлүп кетишкен. Алардын мыкты улуу жол башчылары болушкан, бирок ошого карабастан, алар жеңилүүгө дуушар болушкан. Бизде белгилүү лидерлер болушу мүмкүн, бирок Башкы Куруучунун ойлорун жана пландарын ишке ашыра алабызбы же жокпу биздин өзүбүздөн гана көз каранды. Ал минтип айткан: “Асман Падышачылыгы жөнүндөгү бул Жакшы Кабар бүт ааламга, бардык элдерге күбөлөндүрүү катары таратылат, ошондон кийин дүйнөнүн акыры келет” (Матай 24:14). Келгиле, өз тапшырмабызды өткөрүп жибербейли! Убакыт келип калды, Ал эшик алдында турат! Эгерде биз өз тагдырыбызды жасабай турган болсок, анда Кудай Нундун уулу Жашыя сыяктуу башка муунуду көтөрөт. Анткени Ал Анын үйү толук болорун жарыялаган.

Биз өзүбүзгө ишенилип берилген нерсени көбөйтүү менен, Кудайдын планынын өзүбүзгө тиешелүү бөлүгүн аткарабыз. Көңүлүңөр калбасын. Өз бөлүгүңөрдү маанисиз деп сезбегиле. Өз умтулууңарды жоготпогула. Жаңы Осуятта так сүрөттөлгөн, бул китепте сөз болгон Асмандагы аян – көрүнүш, көз алдыңардан кетпесин. Силерге бир гана өз муунуңардагы адамдар карап турушкан жок, бирок муктаждыкта кейип тургандар да силердин аларга Ыйса тууралуу айтып беришиңерди күтүп жатышат, ошондой эле, алар силер аркылуу Анын шыктандыруусун жана күчүн алгысы келишет. Силердин түбөлүк тагдырыңар силерди күтүп турат! Силер Анын ырайымына таянуу менен, ийгиликке жете аласыңар. Ал ишенимдүү Кудай!

Мен силерге Асмандагы мекендеш атуулдар катары кайрылып жатам. Өз чакырылууңарды аткаргыла, өз тандалууңарды бекемдегиле, ишенимдүүлүк менен чуркооңорду ишке ашыргыла. Он миллион жыл өткөндөн кийин ушул мезгилге кылчайып карап туруп, бүгүнкү күнү кылган нерселериңер үчүн бактылуу болосуңар. Кудайдын эркине абдан эле арналуу мүмкүн эмес. Ошондуктан жеңишке жете тургандай болуп чуркагыла!

Акыркы шыктандырып – багыттоо катарында силерге Пабылдын бардык ыйыктар үчүн сыйынган сыйнуусун калтырам:

> “Биздин силерге болгон сүйүүбүз кандай болсо, Теңир силердин бири-бириңерге жана бардык адамдарга болгон сүйүүңөрдү ошондой арттыра берсин.Теңирибиз Ыйса Машайак Өзүнүн бардык ыйыктары менен келгенде, Кудай Атабыздын алдында, ыйыктык жолунда жүрөгүңөр бекем, кемчиликсиз болсун” (1Тесоланикалыктарга 3:12,13).

*Түбөлүк сыйлык жөнүндө Жазууда көптөгөн аяттар бар, ал бул китепке сыйгандан да бир топ көп. DrivenByEternity/EternalRewards сайтында Жазуудан алынган түбөлүк соттун жана сыйлыктардын тизмеси бар.*

# ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

## 6-БӨЛҮК: 13,14 ЧЕЙИНКИ БӨЛҮМДӨР

1. Силер үчүн анча маанилүү болбогон жана көп деле орчундуу болбогон суроолор барбы? Аларды асмандын перспективасы менен ойлоп көргүлөчү. Силерге маанисиздей туюлган суроолор, балким Кудай үчүн маанилүүдүр?

2. Биздин көпчүлүгүбүз атаандашкан жана өзүбүздү башкалар менен салыштырган инстинктке ээбиз. Биз өзүбүздү башка адамдардын фонунда ченеп-бычканды токтоткон кезде, Кудайдын Падышачылыгына карата көз карашыбызда эмнелер өзгөрөт болду экен?

3. Силердин жашооңор көбөйүүгө байбы? Силер өз убактыңарды, сыйынууңарды, таланттарыңарды жана ресурстарыңарды канткенде жакшылап бөлүштүрмөксүңөр?

4. Ушул китептин эң башталышында биз 1 Жакан 4:17ни талкуулаганбыз, анда биз Машайактын Сот тактысынын алдында ишенимдүү боло алаарыбыз тууралуу айтылган. Эми жаңы билимге ээ болгондон кийин эмне үчүн ушундай экендигин түшүндүрүп көргүлөчү.

5. Силер таасири түбөлүккө кала турган жашоону кантип кура аласыңар?

# ТИРКЕМЕ
# КАНТИП КУТКАРЫЛУУ АЛСА БОЛОТ

*Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың. Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат.*
— Римдиктерге 10:9,10

Кудай силердин жашооңордо түбөлүктүү ийгиликти көргүсү келет. Ал дайыма силерге тартылып турат жана силердин жашооңор үчүн Анын планы бар. Бирок, өз тагдырына жол тандоонун бир гана жолу бар – Кудайдын Уулу Ыйса Машайак аркылуу куткарылуу алуу.

Ыйсанын өлүп жана тирилүүсү аркылуу силер үчүн – Өзүнүн сүйүктүү уулдары жана Өзүнүн сүйүктүү кыздары үчүн Кудай Анын Падышачылыгына жол төшөп койгон. Машайактын айкашкан жыгачта курман болуусу менен силерге түбөлүктүү молчулуктагы жыргал жашоо жеткиликтүү. Куткарылуу – бул силер үчүн Кудайдын белеги, аны эч кандай иштеп тапканга же ага татыктуу болгонго болбойт.

Бул кымбат баалуу белекти алуу үчүн, өз жашооңдогу өз күнөөңдү моюнга алууң зарыл (анткени, бул качандыр бир кезде силер жасаган бардык күнөөлөрдүн тамыры). Куткарылуу алуудагы эң бир маанилүү бөлүк – бул, тобо кылуу. Петр Элчилердин иштеринде бул тууралуу ачык айткан, анда беш миң адамдын куткарылгандыгы тууралуу сүрөттөлөт:

"Ошондуктан күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла" (Элчилердин иштери 3:19). Биздин ар бирибиз күнөөнүн кулу болуп төрөлгөнүбүз жөнүндө Жазууда айтылган. Бул кулчулуктун тамыры өз кезегинде өз башынчалык кылган жана тил албастык кылган Адамга чейин кетет. Тобо кылуу деген – бул, өзүңөргө жана калптын атасы болгон шайтанга баш ийгенди токтотуп, мындан ары өзүңөрдүн жаңы Кожоюнуңарга, Ыйса Машайакка – силер үчүн Өз жашоосун Бергенге баш иериңер тууралуу тандооңор.

Силер өзүңөрдү Машайакка баш ийдирип, Аны өзүңөрдүн Кожоюнуңар кылуу, Ага өз жашооңордун үстүнөн бийлик берүүңөр (Ага өзүңөрдүн рух, жан жана денеңерди баш ийдирүүңөр), өзүңөрдү жана өзүңөрдө болгондун баарын Ага берүүңөр. Силердин жашооңордо Анын бийлиги чексиз болот. Ушуну кылган маалыңарда Кудай силерди караңгылыктан куткарып, Өзүнүн Падышачылыгынын даңкына жана жарыкка алып өтөт. Силер өлүмдөн өмүргө өтөсүңөр жана Анын баласы болуп каласыңар!

Эгерде силер Ыйса аркылуу куткарылууга ээ болгуңар келсе, анда мындай сыйынуу менен сыйынгыла:

*"Асмандагы Кудай, мен күнөөкөр экендигимди мойнума алам жана Сенин адилеттүүлүгүңдүн стандартына ылайык жашай албайм. Өз күнөөлөрүм үчүн мен түбөлүк жазага татыктуумун. Сен мени ушул абалда таштап койбогондугуң үчүн ырахмат. Анткени мен, Сенин Кыз Мариямдан төрөлгөн Өзүңдүн Жалгыз гана Уулуңду, Ыйса Машайакты мен үчүн өлүп жана менин жазамды айкашка алып барышы үчүн жибергениңе ишенем. Ал үч күндөн кийин кайра тирилгенине жана азыр Сенин оң колуңдун жанында экенине ишенем. Ал менин Теңирим жана Куткаруучум. Ушул күнү мен өзүмдүн Сенден көз каранды экендигимди моюндайм жана толугу менен өз жашоомду Теңир Ыйсага берем.*

*Ыйса, мен Сени өзүмдүн Тенирим жана Куткаруучум деп айтам. Менин жашоомо Өзүңдүң Рухуң менен кир жана мени өзгөрт, мени Кудайдын баласы кыл. Мен ушул күнгө чейин болуп*

*келген караңгылыктын бийлигинен баш тартам. Ушул күндөн баштап өзүм үчүн жашабайм, бирок Сенин ырайымың менен Сен үчүн жашайм. Анткени Сен мен үчүн, менин кылымдарга жашашым үчүн Өзүңдү бердиң.*

*Ырахмат, Сага Теңир. Эми менин өмүрүм Сенин колуңда жана Сенин Сөзүңдө айтылгандай, мен уятка калбайм.*

Үй-бүлөгө кош келгиле! Азыр эле силердин жашооңордо болуп өткөн нерсени башкаларга да айтып берүүгө чакырам. Эми Библияга ишенген, силерди ишенгендер менен ишенимде шыктандырып туруш үчүн, кандайдыр бир жергиликтүү жыйынга барып туруу маанилүү.

Силер эң бир укмуштуу саякатты баштадыңар. Ылайым, силерди күн сайын Аны менен достошууда жана ырайымда, таанып-билүүдө Кудай жалгасын!



«Мессенджер Интернэшнл» адамдарга, үй-бүлөлөргө, жыйындарга жана элдерге жардам берүү үчүн жана Кудайдын өзгөртүүчү күчүнүн астында жашоо үчүн.

Бул өзгөрүүлөр адамдардын күчкө толушуна, коомдун өзгөрүшүнө, дүйнөдөгү адилетсиздикке катуу үн менен жооп берүүгө алып келет.

---

**Cloud Library** – бул онлайн-платформа. Ал бүткүл дүйнө боюнча кызматчыларга өзүлөрүнүн эне тилинде санариптик ресурстарга бекер кирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**CloudLibrary.org** сайтынан силер Джон жана Лиза Биверлердин 80ден ашуун тилдердеги ресурстарын таба аласыңар жана аларды оңой эле жүктөп ала аласыңар.


Электрондук китептер, видео жана аудио окутуулар, аудиокитептер, Библия…

CLOUD LIBRARY

**Көбүрөөктү кааласаңар, бул жерден сканировать этkиле:**

# ЖАКШЫЛЫКПЫ *ЖЕ* КУДАЙБЫ?

## ЭМНЕ ҮЧҮН КУДАЙ БОЛБОГОН ЖЕРДЕ ЖАКШЫЛЫК ЖЕТИШЕРЛИК БОЛБОЙТ?




Эгерде бул жакшы болсо, демек – Кудайдан экен да, туурабы?

Азыркы учурда жакшылык жана Кудай деген сөздөр синоним сыяктуу эле болуп калды. Биз эгерде коомчулук бир нерсени жакшы деп эсептесе, анда Кудай да ал нерсеге токтоосуз түрдө ырайым кылуу керек деп ойлойбуз. Жоомарттык, момундук жана адилеттик – бул жакшылык. Өзүмчүлдүк, бой көтөрүү жана мерездик – бул жамандык. Айырмачылыгы ачык-айкын эле көрүнүп тургандай.

Бирок эмне, ушуну менен эле бүттүбү? Эгерде жакшылык ушунчалык эле айырмаланып көрүнүп турса, анда эмне үчүн Библияда кайсы жерде жакшылык жана кайсы жерде жамандык экендигин айырмалап билүүнү үйрөнүү керек деп жазылган?

Бул “Жакшылыкпы же Кудайбы?” – деген жаңы, көмөкчү кат. Бул китеп силердин жүрүм-турумуңарды өзгөртүүдөн да көптү кыла алат. Ал силерге жашооңордогу ар бир аспектти өзгөрткөндөй деңгээлде Кудай менен байланышууга күч берет.

Джон жана Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги ушул жана башка материалдарын төмөндөгү сайттан көчүрүп жүктөп алсаңар болот:

CloudLibrary.org

# Силерди кандай түбөлүктүүлүк күтүп турат?

Эгерде силер мындан кийинки 24 сааттын ичинде жашооңордун калган бөлүгү кандай болот деген экспериментке катышып жатканыңарды билсеңер эмне болот элеңер? Силердин жумушуңардан районуңарга жана силер жашаган үйүңөргө чейинки бардык нерсе, силер ошол күндү кантип жашаганыңарга жараша болот. Ушул 24 саатта силер эмне кылат элеңер?

Болгон күчүңөр менен аракеттенет белеңер, же жакшылыктан үмүт кылып, жөн гана күтө берет белеңер?

Балким, бул идея чындыктан ушунчалык алыстай сезилип аткан чыгар, бирок бул андай эмес. Чындыгында бул, бүгүнкү чечим түбөлүктүүлүктүн тагдырына таасир этерин абдан эле эске салып турат.

*"Түбөлүктүүлүк менен жетектелгендер"* деген китебинде автор укмуштуудай аллегориялык жана библиялык текст менен жер бетиндеги жашообуз, түбөлүгүбүздү кантип түзүп коёрун тирүү сүрөттөп берет. Акыркы дем үчүн жашоо, белгиленген жерге караганда бир топ көбүрөөк. Таптакыр кеч болуп калганга чейин күтө бербегиле. Түбөлүгүңөр жана азыркы күндөр үчүн өз жашооңорду кантип толук кандуу кылса болорун азыр ачкыла.



Джон Бивер жана анын жубайы Лиза - Messenger International кызматынын негиздөөчүлөрү. Кызматчы жана бестселлерлердин автору Джон тайманбастан жана жигерденүү менен өзгөрүлбөгөн чындык тууралуу насааттап келүүдө. Анын жүрөгүндө жергиликтүү жыйындарга жардам берсем экен деген, лидерлердин кайсы жерде турганына, тилине жана каржы тартыштыгына карабастан, аларга материалдарды тартуу кылсам экен деген каалоо толуп-ташып турат. Азыркы күнгө чейин анын китептери жана видео сабактары 90 дон ашык тилге которулган, дүйнө жүзү боюнча кайтаруучулардын жана кызматчылардын арасында миллиондон ашык нускасы таркатылган.

Ушул жана башка ресурстарды төмөнкү сайттан жүктөп алгыла:
**CloudLibrary.org**

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

Бул китеп – автордун белеги.
Сатууга болбойт.

Көбүрөөктү каалап жатасыңарбы?
Сканировать этип алгыла.